«PR TIMES АГЕНТТИГИ»

# МЕКЕН МИЛДЕТИ

## ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН АТУУЛДАРЫ

БИШКЕК 2014

УДК 929
ББК 92
М 46

М 46 «Мекен милдети» - Ысык-Ата районунун атуулдары». Б.: 2014. - 410 б.

ISBN 978-9967-27-529-4

*"Мекен милдети - "Ысык-Ата районунун атуулдары" биографиялык-маалыматтык жыйнак. Китепте Чүй облусуна караштуу Ысык-Ата районунда, райондук бардык аймактарында өтөлгөлүү өмүр сүрүп, эл кызматын аркалап келген инсандар, "Баатыр энелер", мугалим, экономист, дарыгер, айыл чарбасына көп жылдык эмгек сиңиргендер, деңгеле ар тармактагы кызматты аркалаган Ысык-Ата районунун атуулдары тууралуу биографиялык маалыматтар орун алды. "Ар бир кесип ардактуу" дегендей өз кесибинен баар таап, ал аркылуу туулган жерине, жалпы эле кыргыз элине опол тоодой эмгек жасагандар болду. Алардын эмгектери көмүскөдө кала бербей, кимдин эмне иш жасаганы, анын өмүр-таржымалы, үй-бүлөсү тууралуу кеңири маалымат келечек үчүн зарыл экендиги эске алынуу менен кеңири чагылдырылып берилди. Бул китеп мекен алдында атуулдук милдетин өтөгөн инсандардын ысымы тарых барактарынан орун ала турган мааниси чоң жыйнак болуп эсептелинет.*

*Жыйнак окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.*

УДК 929
ББК 92
М 5001000000-14

ISBN 978-9967-27-529-4

© PR TIMES, 2014

## "МЕКЕН МИЛДЕТИ"-"ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН АТУУЛДАРЫ"

Адам баласы өмүрүнүн ар бир сересинде мекенине болгон сүйүүсүн танбайт. Мекен алдында ыйык милдетин өтөө ар бир инсан үчүн жүрөгүнө бекем сакталган ыйык милдет болуп эсептелет. Мекенди сүйүү, ага кызмат кылуу-атанын тилегин, эненин сүтүн актоо менен барабар. Алакандай кыргызды жер-жерге, уруу-урууга бөлүп кароого караманча каршыбыз, бирок ар кимдин киндик каны тамган кичи мекени, ал жерге көп жылдык сиңирген эмгеги болот. Ошол эмгекти элге жеткирүү, алар менен тааныштыруу ашыкча болбосо керек.

Кең Сары Өзөн Чүйдүн так ортосунан орун алган Ысык-Ата району жаратылышы кооз, жери жемишке, өрүшү малга бай, тоодон аккан тунук суусу менен оргуштап чыккан булактары адам баласынын ден соолугуна минден бир пайда алып келген керемети кең касиеттүү жер аталып келет. Элинин пейили, жеринин койнунун кеңдиги менен даңазаланат. Бул ыйык жерден чыккан бийик инсандар да аз эмес. Алардын ар бири мекенине ыйык милдетин өтөп, мамлекеттин ишин ар тармактан алдыга жылдырган атуулдар. Мисалга ала кете турган болсок Ысык-Атанын абасын жутуп, суусун ичкен инсандар айтылуу төкмө акын Ашыралы Айталиев, композитор Сардарбек Жумалиев, кыргыздын кыздарынан алгачкы болуп чыккан хирург, академик Какиш Рыскулова, даңктуу министр Алияскар Токтоналиев, диктор Бактыбек Мамытов, колхозду учурунда миллионерге айланткан башкарма Ысак Кочкорбаев, алардын катарында жаш болсо эл үчүн ак эмгегин баштап, саясат айдыңында кең келечекке багыт алган жолдо өмүрү кыркылган Руслан Шаботоевди атасак болот. Ал эми Ысык-Ата элине эмгеги сиңип, эл арасында кадыры бийик инсандардын дээрлик баардыгы китеп ичинде камтылды.

Бул автобиографиялык китепке эл кызматын аркалап келген инсандар, Баатыр энелер, мугалим, экономист, айыл чарбасына көп жылдык эмгек сиңиргендер, дегеле ар тармактагы кызматты аркалаган Ысык-Ата районунун атуулдары чыгып отурат. "Ар бир кесип ардактуу" дегендей өз кесибинен баар таап, ал аркылуу туулган жерине, жалпы эле кыргыз элине опол тоодой эмгек жасагандар болду. Алардын эмгектери көмүскөдө кала бербей, кимдин эмне иш жасаганы, анын өмүр-таржымалы, үй-бүлөсү тууралуу кеңири маалымат келечек үчүн өтө зарыл экенин моюндап, анын натыйжасында ушул китепти жарыкка чыгарып отурабыз. Улуулар салган чыйыр жол менен артынан ээрчий келген жаш муундар алардын кандай эмгек жаратканын билүүлөрү абзел. Бул китеп жаш муундарга, ар бир чыккан атуулдун балдары, неберелери үчүн көөнөргүс асыл мурас болуп кала берээрине ишенебиз. Бүгүнкү мобилдүү заман доорон сүрүп турганына карабай бул китептин ар бир үйдүн текчсинен орун алганы-улуу муундун баскан жолун тарыхка калтырып, унутулгус эстелик, чексиз байлык катары тутунганы деп билели.



# Абдиев Бекбай

## Эпкин айылы

"Эл агартуунун отличниги", бүткүл өмүрүн агартуу жаатына арнап, көп жылдар бою мектеп директорлук кызматын аркалап келген мыкты мугалим Бекбай Абдиев 1939-жылы 1-майда Эпкин айылында туулган. Атасы Бектелиев Абди 1940-жылы Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, ошол жактан баатырларча курман болгон. Атасынан эрте айрылгандыктан балалык чагы тайлары тарапта, таенесинин колунда Сары-Жон айылында өткөн. Балалык чагы согуш учуруна жана согуштан кийинки кыйын кезеңге туш келгендиктен башкалардын башына түшкөн мүшкүл, оор турмуштун эпкини Бекбай агайды айланып өткөн эмес. Жашынан эмгекке бышып, бар менен жоктун кадырын билген, алдыга умтулуп жашап, билимди туу туткан адам болду. Искра мектеп-интернатынан 10-классты аяктаган.

Мектепти аяктаган соң билимдин артынан түшүп, ошол кездеги Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине окууга тапшырган. 1967-жылы жогорку билимге ээ болуп чыгып, алгачкы эмгек жолун алыскы Ош облусунун Ала-Бука районуна караштуу Жойбелент айылындагы Жданов орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабактарынан мугалим болуу менен баштаган. 1966-жылы теңин таап, курсташы Назгүл менен баш кошуп, экөө чогуу турмуш жолун да, эмгек жолун да бирге улашкан. Андан кийин Чүй бооруна келип эмгек жолун улаган. 1972-жылы Кең-Булуң орто мектебинде эмгектенип, андан кийин 1974-жылы Кочкорбаев айылындагы Октябрь орто мектебине которулуп, он жыл аралыгында мектептин директору болуп иштеген. 1984-жылы өзүнүн киндик каны тамган айылы Эпкин айылына мектеп директору болуп которулуп келип, ошол жерде туруктуу жашап калган.

Бекбай Абдиевич күчтүү тилчи болгондуктан эмгек жамааты арасында кадыр-баркы ар дайым жогору болуп келген. Тамашакөйлүгү да бар, ошону менен бирге иштин жоопкерчилигин сезип, көзүн тапкан мыкты агартуучу болгон. Ал окуткан айылдын улан-кыздары мектепти аяктагандан кийин жогорку окуу жайларга тапшырууда эч кыйналбай, сынаксыз эле тапшырып



кетишкен. Келечек муундардын татыктуу билим алуусуна зор эмгек жумшаган Бекбай Абдиевичтин жасаган эмгектери өз учурунда бааланып бир канча Ардак грамоталардын жана башка сыйлыктардын, "Эл агартуунун отличниги" наамынын ээси болду. Бош учурларында колуна калем алып ыр жаза койгон чыгармачыл инсан. Элге тамашалуу, арноо ырларын, шарждарды көп жазган. Айыл ичинде кадыр-баркы жогору, улуу-кичүүнүн урмат-сыйына арзыган кадырман адам. Мектепте көп жыл эмгек сиңирип, ардактуу эс алууга чыккандан кийин Эпкин айылынын айыл аксакалдар башчысы, айылдык соттун төрагасы болуп иштеп келди.

Жубайы Назгүл Сабыралиева да өмүр бою мугалимдик кесипти аркалап, үй-бүлөлүк жашоодо да, ишинде да тирек болуп келген. Экөө ынтымактуу өмүр сүрүшүп, алты баланын сыймыктуу ата-энеси, 11 неберенин чоң ата-чоң эне, таята-таенеси болушту. Уул-кыздарынын баары билимге ээ болушуп, эл кызматын аркалап келишет. Алардын үй-бүлөсү айылдагы кадыр-барктуу, үлгүлүү үй-бүлөлөрдүн катарын толуктайт. Жаш муундардан азыр да кеп-кеңешин аяшпай, туура жол көрсөтүп келет.



# Абдыбекова Акжолтой

## Нурманбет айылы

1941-жылы 9-мартта Ысык-Ата районуна караштуу Кеңеш айылында төрөлгөн. Ата-энеси дыйкан адамдар болушкан. Учурунда атасы ферма башчысы болуп иштеген.

Акжолтой Абдыбекова Кеңеш айылынан 10-классты аяктагандан кийин Красный-Восток айылынын тургуну Абдыбеков Токонго турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жашоонун узак жолуна аттанат. Жолдошу ошол кездеги "Орток" совхозунда бригадирдин жардамчысы, андан кийин бригадир болуп эмгектенген.

Акжолтой апа 1960-жылдан тартып өмүр бою кызылча талаасында талбай эмгектенип, бул жаатта зор эмгек жумшаган. Таң заардан туруп иш кайнаган кызылча талаасына барып баш көтөрбөй иштеген. Ошол эле мезгилде иш менен үй-бүлөлүк милдетти да кошо аркалап, он баланы жарыкка алып келген "Баатыр эне" болууга жетишти. Балдарын тарбиялоого, аларга кам көрүп, ар бирин колдон жетелеп, бутун бастырып, жаш кезинде турмуштун кыйынчылыгын тартса да моюн сунуп бербей жетишкендиктерди багынта алды. 1974-жылы районго депутат болуп шайланган. Бир нече ирет айылдык кеңештин депутаты да болгон. Эмгектеги зор жетишкендиктери үчүн бир нече жолу Ардак грамота, баалуу белектердин ээси болуп, ак эмгегинин үзүрүн көргөн.

Акжолтой эне менен Токон ата учурда бапестеп баккан он баласынан 29 небере, 5 чөбөрө көрүп керегеси кеңейип, уучу узарып, урмат-сыйга бөлөнүп бактылуу карылыкты баштан кечиришүүдө. Улуу кызы Гульнара Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетин аяктаган, азыркы мезгилде Сов.профто эмгектенет, эки кыздын энеси. Клара 1963-жылы төрөлгөн, медициналык училищаны бүтүрүп, учурда Бишкек шаарындагы №1-поликлиникада иштейт. Эки уулдун энеси. Жаңыл 1964-жылы жарыкка келген, төрт баланын энеси болуп турмуш улап келет. Бурул 1966-жылы төрөлгөн, медициналык институтту аяктаган,



Акжолтой апа үй-бүлөсү менен

учурда тиш дарыгери болуп иштейт. Бир кызы бар. Акжолтой апа уулу Болотту 1968-жылы жарыкка алып келген, ал айыл чарба институтунун ветеринардык бөлүмүн аяктаган. Төрт баланын атасы. Кызы Дамира 1970-жылы төрөлгөн, кооператив техникумун бүтүргөн, 3 баласы бар. Венера 1972-жылы туулган, медициналык окуу жайды аяктаган, алты баланын энеси. Күлүкан 1974-жылы төрөлгөн, ал дагы медициналык билимдин ээси, 2 баласы бар. Толкун 1975-жылы төрөлгөн, кесиби боюнча бухгалтер, 2 баланын энеси болуп турмуш жолун улап келет. Кенже уулу, үйдүн ээси Кайрат 1977-жылы төрөлгөн. Ата-энесинин көкүрөк күчүгү, жеңилин жерден, оорун колдон алган азамат. Дыйкан чарбанын башчысы, айыл жеринде мал багуу, жер иштетүү менен алектенип, ата-энесинин ак батасын алып келет. Уул-кыздары ар кесиптин ээси болуу менен бирге ата-энесинин ак тилегин актап, аларга колунан келген сый-урматын көргөзүп келишүүдө. Балдарынын, неберелеринин амандыгын тилеген Акжолтой эне бактылуу эне атанганы үчүн Жаратканга миң мертебе ыраазы.



# Абдыкулова Зуура

## Жетиген айылы

1932-жылы 2-июлда азыркы Ысык-Ата районуна караштуу Ак-Сай кыштагында Арыков Жумалы менен Арыкова Каркыранын үй-бүлөсүндө Батма, Зуура аттуу эгиз кыздар жарыкка келген. Зуура апа эгиздин түгөйү, алты бир туугандуу болгон. Ал тогуз жашка чыкканда эжеси Зулайка менен жездеси Мухаммед экөө аны Тажикстандын Жерге-Тал районуна алып кетишет. Эже-жездеси экөө тең мугалим болгондуктан Совет өкмөтү аларды эл агартуу үчүн Тажикстанга жиберишкен. Ал мезгилде Тажикстанда Совет өкмөтү кучагын жайып бийлигин орноткону менен басмачылардын жана өкмөткө каршы чыккан адамдардын күрөшү токтой элек болчу. Алардын кысымчылыгына туш болуп ал жактан качып Кыргызстанга өтүп келишкен. Зуура ата-энеси, бир туугандарынын жылуу уясына оролушуп, туулган жеринде бой жеткен.

Зуура апа 16 жашка чыкканында Жетиген айылынын тургуну Абдыкул уулу Алыбек менен кол кармашып турмуш курушкан. Согуштун каардуу күндөрүн кан кечкен майданга барышпаса да Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки Совет өкмөтүнүн өнүгүшүнө жасаган эмгектери менен өтө зор салым кошушкан. Зуура апа колхоздун талаачылык иштерине аралашып, кызылча талаасында эмгектенсе, өмүрлөшү Алыбек ата мал чарбачылыгында иштеген. Улуу алааматтан кийинки кайра калыбына келтирүү мезгилинде бел чечпей, тизе бүкпөй эмгектенишип, колхоздун оор иштерин кажыбаган кайрат, ынтаасын койгон зор күч менен аткарып, аны менен бирге 12 баланын ата-энеси болушкан.

Он эки баланы жарыкка алып келген Зуура апа 1971-жылы 16-февралда СССРдин Жогорку Советинин президиумунун Указынын негизинде "Баатыр эне" ордени менен сыйланган. 1952-жылдан тартып Сын-Таш колхозунун кызылча талаасында эмгектенип, алдыңкы кызылчачылардын катарын толуктап 1983-жылы "Эмгек ардагери" медалына татып, андан тышкары көптөгөн Ардак грамоталарды, сыйлыктарды алып турган.





Зуура апанын тун кызы Замира 1952-жылы төрөлгөн. Сын-Таш орто мектебин аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы медициналык окуу жайынан билимин уланткан. Ардактуу кесиптин ээси болуп, жаштыктын жалын курагын баштан кечирип турган 28 жаш курагында оорунун азабынан көз жумган. Ал-гачкы кубанычы, көз ачып көргөн, ооз ачып өпкөн наристеси болгон кызынын баралына толуп турган учурунда дүйнө салганы ата-эненин кабыргасын кайыштырып, жүрөгүнө жоктоонун азабын салды. Эне канча баланы жарыкка алып келбесин алардын ар бирин тогуз ай толгонуп, он ай омурткасы сыздап көтөрүп, толгоо тартат. Биринен-бирин артык көрбөй, баарына тегиз мээрим чачат. Жаш чынарынын тамырынын кыйылганы алар үчүн айтып бүткүс арман болуп түбөлүк сакталып калды. Кийинки уулу Уланбек 1954-жылы төрөлгөн. Сын-Таш орто мектебин бүткөндөн кийин ошол эле колхоздун мал чарбасында 1978-жылга чейин эмгектенип, андан соң Бишкек шаарындагы профилактикалык медицина борборунун директорунун орун басары болуп иштеген. Үчүнчүсү Дамира 1955-жылы жарыкка келген. Мектептен кийин ошол кездеги Фрунзе шаарындагы №17-кесипчилик окуу жайын аяктап, 1-Май кийим тигүү фабрикасынан эмгек жолун баштаган. Панфилов районунун Капал-Арык айылына турмушка чыгып, Кайынды эт комбинатынан эмгек жолун улаган. Андан кийин Кара-Балтадагы тамак-аш техникумун ийгиликтүү



аяктап, ошол эле чарбада ишин улантткан. Үч кыз, бир уул, алты неберенин сүйүктүү энеси. Андан кийинки кызы Назира 1957-жылы 31-декабрда төрөлгөн. Мектепти аяктагандан кийин №10-кесипчилик окуу жайын кызыл аттестат менен бүтүрүп чыгып, Фрунзе шаарындагы "Гормолзаводдун" балмуздак чыгарган цехте иштей баштаган. Жаш болсо да ишинде ийгилик жарата алгандыгы үчүн он сегиз жашында Свердлов районунун депутаттыгына шайланган. Андан кийин Фрунзе шаардык советинин депутаты болгон. 1978-жылы Панфилов районунун Каптал-Арык айылына турмушка чыгып, 1982-жылы Кара-Балта шаарына үй-бүлөсү менен көчүп барышкан. Кара-Балтадагы "Дан-Азык" комбинатына ишке орношуп, ал жерден ийгиликтүү эмгеги үчүн шаардык советке депутат болуп шайланган. "Дан-Азык" комбинатында 17 жыл эмгек өтөп, кийин заман талабына ылайык бизнес жаатына өтүп кеткен. Эки уул, бир кыздын энеси, учурда алты небереси бар. Бегайымы 1961-жылы 12-апрелде төрөлгөн. Эки кыз бир уулдун бактылуу энеси. 1963-жылы жарыкка келген Таалайбек мектепти аяктап, андан соң Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин 1984-жылдан 1996-жылга чейин Фрунзе машина куруу заводунда иштеген. 1996-жылдан тартып "Киргизгипрозем" проектик институтунда, 2000-2010-жылдары мамкаттоодо, 2010-жылдан бери карай Мамлекеттик каттоо кызматында эмгектенип келет. Эки уул, эки кыздын атасы. Кубандык 1964-жылы туулган. Үй-бүлөлүү, бир уул, төрт кыздын атасы, дыйканчылык менен алектенет. Уул-кыздарынын сегизинчиси Гүлмира 1966-жылы 24-апрелде төрөлгөн. Сын-Таш орто мектебин аяктагандан кийин Кара-Балта шаарындагы медициналык окуу жайдын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. Окуусун аяктагандан кийин Бишкек шаарындагы Президенттик дарылоо башкармалыгында эмгектене баштаган. 2009-жылы Дене тарбия академиясын аяктап, жогоруда аталган ооруканада дарылоонун дене тарбиясы боюнча дарыгери болуп ишин улантып жатат. 1990-жылы Жумгал районундагы Кызарт айылына турмушка чыгып, 3 уул, бир кыздын энеси болгон. Азат айыл

чарба техникасы менен айылдаштарын тейлеп, эл алкышына ээ болуп келет. 2 уул, 1 кыздын атасы. Мирлан 3 кыздын атасы, РЭСте диспетчерлик кесипти аркалайт. Сапар Жайыл РИИБсинде тергөө жетекчисинин орун басары болуп эмгектенет. 3 уулдун атасы. Кенже кызы Жанаркүл 3 уул, 1 кыздын энеси, Чоң-Кеминдин Шабдан айылында жашайт.

Зуура апа кадырлуу карылыкты баштан кечирип, уул-кыздарынын жакшылыгын көрүп, аларга берген тарбия, билиминин акыбетин көрүп отурган мезгили. Алар энени алаканына салып, энеге төрдөн орун берип, ак батасын алып, жакшы тилегине күбө болуп келишет. Апа бактылуу эне, кадырлуу байбиче. 11 баласынан 40 небере көрүп, 16 чөбөрөнүн жытын искеп, энелик бакытты баштан кечирип, жашоонун рахатын көрүүдө. Улуу баласы Уланбек энеси жөнүндө: "Биздин ардактуу, жашоодогу эң кымбат адамыбыз апабыз Абдыкулова Зуура 12 баланы жарыкка алып келген "Баатыр эне", эмгектин ардагери. Учурда 82 жаш кутман куракты баштан кечирип, айылдын кадырлуу байбичеси болуп отурган мезгили. Апам бул куракка келгиче жашоонун ачуу-таттуусун башынан кечирип, бирок тагдырына бир ирет да нааразычылыгын айтпай баарыбызга жакшы тарбия берип, билимдүү болушубузга, турмуштан татыктуу орун ээлөөбүзгө болгон аракетин жумшады. Апабыздын ак эмгегин эч качан эсибизден чыгарбай, болгон сыйыбызды ага арнап, ардактап келебиз. Апам бизден жакшы тилегин аябай, ар бирибиздин амандыгыбызды Жараткандан тиленип, кеп-кеңешин айтып турат. Апабыздын дагы бир баса белгилей кетүүчү касиети-наристелердин жүрөгүн, далысынын жабышканын көтөрүп, киринелеп, көз ооруга кабылгандардын көзүн үйлөп Умай эненин жөрөлгөсүн кылаар эле. Азыр колунун каруусу келбей калганына байланыштуу токтотуп, ал касиети карындашым Гүлмирага өттү. Биз уул-келин, кыз-күйөө балдары апабыздын бир сөзүн эки кылбай аткарууга даярбыз, ар дайым ыйык адамыбызга таазим этебиз. Апама башкысы чың ден соолук каалайм, биздин төрүбүздүн көркү болуп, арабызда бар болсун!" деген жакшы сөзүн арнайт.

Келин, күйөө балдарына өз балдарындай мамиле жасап, куда-сөөгү менен бир туугандай мамиле күткөн Зуура апаны келиндери да өзгөчө сыйлашат. Апа тууралуу келини Текин: "Эне-бул дүйнөдөгү эң ыйык адам. Энелер жөнүндө кандай гана чыгармалар жазылган жок. Бирок анын баары аздык кылат, анткени эне бул түбөлүк бүтпөгөн чыгарма! Ал эми биздин апабыз жөнүндө сөз кыла турган болсок сөздүн гүлүн, бүрүн терсек да теӊ келтире алчудай эмеспис. Апам өз балдарына жакшы эне эле эмес бизге мыкты кайнене, небере-чөбөрөлөрүнө опол тоодой тирек бол-



гон чоң эне, таене. Учурда апамдын алты келин, беш күйөө баласы бар. Баарыбыздын башыбызды бир кишидей бириктирип, бирдей мамиле кылат. Кайсы баласында көйгөй жара-лып калса чебелектеп канатын жайган апабыз ошол үйдө болот. Бизге ал адам абдан керек. Апам келген жерде чечилбеген маселе болбойт, анын сөзүн эч кимибиз эч качан эки кылбайбыз. Менин келин болуп келгениме 40 жылдан ашты, экөөбүз эне-баладай мамиледебиз. Өзү өтө боорукер, жөнөкөй, түшүнүктүү, сезимтал, адамдык касиети жогору адам. Биздин эмне каалап турганыбызды кирпигибиздин ирмелишинен билген асыл касиети бар. Кимибиздин үйүбүзгө келбесин кастарлап кабыл алган кадырлуу коногубуз. Апамдын 11 кудагыйы бар, баары менен курбулардай мамиледе. Жакында эле биздин кызыбыз ооруп, өтө көп акча талап кылган операцияны чет өлкөдөн жасатууга туура келди. Андай акчаны чогултууга бизде кудурет жок болчу. Ошол сумма апамдын бир ооз сөзү менен чогулуп, кызыбыз аман калды. Бул үчүн апабызга алкышыбыз чексиз. Апам бизге гана эмес бүтүндөй айылга үлгү болгон аялзаты. Кайнеси менен кырк жыл бирге жашап, ызаатын көрсөтүп, сыйлап турган. Чогуу жүргөн абысындарынын айтымында абдан жакшы келин болгон экен. Апама чын дилимден кааларым ден соолук, ар дайым ушул бийиктиги, ыйыктыгы, энелик мээрими менен бактылуу карылыкты баштан кечирип, бар болсун"!-дейт.

Зуура апанын керегеси кең, түндүгү бийик. Уул-кыз, небере, чөбөрөлөрү чогулганда бир чоң айыл болуп, бири-бири менен ынтымактары бекем. Бүтүндөй айылга үлгү болгон үй-бүлөнүн башында турган Зуура апаны баары урматтап турушат.



# Абдылдаева Бурулча

## Красная-Речка айылы

1930-жылы 11-октябрда Красный-Восток (ошол кездеги Малтабар) айылында төрөлгөн. Ошол айылдагы кызыл мектептен 4-классты бүтүрүп 13 жашында чоң адамдардын катарына кошулуп иштей баштаган. Кабыргасы ката элек, эне сүтү оозунан кете элек өспүрүм курагына карабай суу сугарып, кызылча талаасында эмгектенди. Ошол мезгилде Чоң Чүй Каналын казуу иштери башталып, кол арага жарагандар жапырт ишке киришкенде, Бурулча апа да канал казып иштеген. Оокатка эрте бышкан тиригарак, чыйрак, эненин мыкты тарбиясында бой жеткен кыз он жети жашында Абдылдаев Дүйшөгулга турмушка чыгып, Карагоо айылына келин болуп түштү. Эки жаш баш кошкондон тартып колхоздун таласында эмгектенип жүрүштү. Удаа-удаа наристелерин жарыкка алып келип, эне бактысына тутунган Бурулча апа бешигин көтөрүп алып кызылчада иштеген. 1955-жылы Красная-Речка айылына көчүп келишип, мал багуу ишин колго алышкан. Октябрдын 40 жылдыгы атындагы колхоздо жолдошу экөө чабан болуп иштеп калышты. Учурунда алардын мал чарбасына кошкон зор салымы үчүн өкмөттөн көптөгөн сыйлыктар менен сыйланышкан. Колхоздун ударнигинен тартып бир нече медаль, ордендердин ээси болууга чейин жетишкен. "Эмгек Кызыл Туу" ордени, Ардак грамоталар, акчалай сыйлыктарды алышкан. "Эне даңкы" медалынын I, II, III даражаларынын ээси болгон.

Бурулча апа учурунда он бир баланы жарыкка алып келген. Тагдырдын башка салган сыноосун көтөрүп, беш кызын жерге берген. Эне үчүн бул абдан чоң кайгы болду. Тогуз ай көтөрүп



толгонуп, он ай көтөрүп омурткасы сыздап жарыкка алып келген наристелеринен ажыроо эне үчүн эбегейсиз чоң өкүт эле. Бирок азыркы учурда жакшылыктарына күбө болуп отурган алты кыз, бир уулунун амандыгына каниет этет. Кыздарынын улуусу Сания Бишкек шаарынан кондитер адистиги боюнча билимге ээ болгон, учурда эс алууда. Эпкин айылында жашайт, 6 баланын энеси. Жолдошу Карыпбай экөө ынтымактуу өмүр сүрүп келе жатышат. Андан кийинки кызы Жакшыгүл медициналык училищаны аяктаган, Таш-Башат айылында жашайт. Жолдошу Токон экөө беш баланын ата-энеси болушту. Жакшыкүл Таш-Башат айылында ФАПтын башчысы, жолдошу мугалим. Уулу Алымбек келинчеги Назира экөө төрт баланын ата-энеси. Алымбек "Ынтымак" дыйкан чарбасынын жетекчиси, Назира Красная -Речка айылынын байланыш түйүнүндө эмгектенет. Кийинки кызы Жыпар үч баланын энеси болуп өмүрлөшү Бектен менен бактылуу өмүр сүрүп келе жатат. Жыпар КРнын





ИИМде бөлүм башчылык кызматты аркалап келе жатат. Алардын кызы Гульзина да энесинин жолун жолдоп ИИМде эмгектенет. Бурулча апанын кийинки кызы Мунара бир кыздын энеси. ИИМдин эс алуудагы подполковниги. Гүлсаранын эки уул, бир кызы бар, жолдошу Ильяз РОВДда эмгектенип жүрүп эс алууга чыккан. Учурда нотариалдык кеңсе ачып, адвокаттык кесипти аркалап келет. Кенже кызы Гүлдана финансы техникумун аяктаган, бир кыз, эки уулдун энеси. "Комфорт" соода жайында кассир болуп эмгектенет, жолдошу Таштан чарба иштери менен алектенет.

Бурулча апанын оюн-күлкүгө тойбой турган жаштыгы, иш десе ишке тойбогон алдуу-күчтүү күлгүн курагы Красная-Речка айылында калды. Кычыраган кырчын курак көзгө илинбей закымдап өтүп кетет тура деп өзү да эскерип калат. Ар дайым майрамдарда Умай энелик милдетти аткарып келген. Айылдаштары Бурулча апаны Умай эне катары кабыл алып, ага өзгөчө урмат-сый көрсөтүп, кадырлап турушат. Бурулча апа жолдошу Дүйшөгул ата экөө уул-кыздарын жогорку билимдүү кылышып, татыктуу тарбия беришти. Азыркы учурда 25 небере, 21 чөбөрөсүнүн кубанычына бөлөнүп барктуу, нарктуу карыя, кадырман байбичелик доорун сүрүп турган кези. Апанын бир арманы эки көзүнүн көрбөй калганы болбосо, акылы тунук эне ага да моюн сунбай жип ийрип, байпак согуп балдарына кол кабыш кылат. Уул-келини энени ардактап багып, колуна кол, көзүнө көз болуп келишет. Ар дайым ийилип турган келинине, кыздарына ыраазы. Эненин батасын алган небере-чөбөрөлөрү да таенесин ардактап сыйлап турушат.

Уулу Алымбектин кызы Бурулча уулдары Илимбек, Жыргалбектер чоң энесинин жанынан карыш чыгышпайт. Энелик мээрими менен ак батасын аябаган эне аларга терең ыраазы. Эң башкысы уул-кыз, небере-чөбөрөсүнүн эл арасында аман болуп, ыймандуу, акыл-эстүү адамдардан болушун тиленет. Умай эне элге, жерге тынчтык, токчулук, молчулукту каалап, Жараткандан жалпы журтчулукка ынтымак, ырыс-кешик, бакубатчылык тилеп келет.



# Аблаева Кабира Асакеевна

## Бирдик айылы

1954-жылы 30-мартта Ысык-Көл облусуна караштуу Түп районундагы Арал айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Асакенин ак эмгегине, энеси Акиштин мээримине бөлөнүп чоңоюп, Арал орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. Ата-энеси 9 баланы тарбиялап, ордуна койгон, эмгекчилдикке үйрөткөн кадырбарктуу адамдар болушкан. Энеси колунан көөрү төгүлгөн уз, иштүү аялзаты, учурда 88 жаш кутман куракка толуп балдарынын маңдайында небере-чөбөрө көрүп, төрдүн ээси болуп алардан ак батасын аябай отурган мезгили.

Тагдырдын буйругу менен каарманыбыз 1973-жылы Кант районуна караштуу Денисовка айылынын эр азамат жигиттеринин бири Аблаев Турсуналы Кулманбетович менен баш кошуп, кол кармаша турмуш жолуна түшүшкөн.

Бала кезинен билим алууну көздөп, алдыга максат кылып койгон Кабира Асакеевна 1973-жылы Кыргыз ССР Маданият министрлигинин алдындагы маданий окуу жайына тапшырган. 1975-жылы аталган окуу жайдын сырттан окуу бөлүмүнүн толук курсун аяктап, орто квалификациялуу китепканачы адистигин алууга жетишкен. 1975-жылы алгачкы эмгек жолун Красно-Милянтан орто мектебинде китепканачы болуп иштөө менен баштаган. 1976-жылдан 1984-жылга чейин №17-Ак-Кудук филиалында китепканачы болуп үзүрлүү эмгектенген. Ошол эмгектенген жылдар аралыгында көргөзмөлөрдү уюштуруп, дубал гезиттерди байма-бай чыгарып турган. Сүйгөн кесибине берилип, ар дайым уй фермасына, талаа стандарга көчмө китепканаларды да уюштурган. Анын жасаган кажыбас эмгеги бааланып, ыраазычылык грамоталары менен бир нече ирет сыйланган.

Жашоосунда ар-намыс менен адилеттүү жашоону, адамдык бийик кадырды, өмүрдүн наркы менен баркын баалай билген Кабира Асакеевна эл кадырына арзыган өмүр шериги Аблаев Турсуналы экөө турмушта бирибирине өбөк-жөлөк болуп жашап үч уулдун ата-энеси болушкан. Жолдошу Турсуналы Кулманбетович Кант районунун салык кызматында көп жылдар бою башкы адиси, ошол эле райондун социалдык коргоо башкармалыгынын



Жолдошу Турсунаалы менен

башчысы болуп өмүрүнүн акырына чейин эмгектенген. Ал кишинин адамгерчиликтүүлүгү, ак ниеттүүлүгү, тууган-урук, үй-бүлөсүнө күйүмдүү, ишине чоң жоопкерчилик менен мамиле жасаган адискөйлүгү азыр да аны тааныгандар арасында айтылып келет. Аз, бирок саз жашаган өмүрүндө артында из калтырган мыкты инсан болду. Аттиң, өлүм кимди өксүтпөйт, капилеттен келген шум ажалдан 1982-жылы жолдошунун көз жумганы анын үй-бүлөсүн түгүл калың элди кайгыга салды. Жалгызынан айрылган карыган кайненеси кайгы тартып, акыры өлүмдүн актыгына баш ийип кайраттанып, неберелеринин өмүрүн тиленип, келинине эриш-аркак болуп неберелерин багышып жүрүп 1984-жылы көз жумган. Жалгыз уулунун калган үч небересин колунан түшүрбөй багып, келинине өз энесиндей мээрим төгүп, билбегенин үйрөтүп, билгенине кубанып өмүр кечирди. Кабира эже азыр да ал кишиге болгон терең таазимин билдирип оозунан түшүрбөй келет. Жан жолдошунан, түгөйүнөн айрылуу Кабира Асакеевна үчүн да жеңилге турган жок. Канаты кайрылып, жүрөгү сыздады. Бирок ага аманат кылып калтырган үч баласы үчүн белди бекем бууп жашоону улаш керектигин баамдап, кайгысын ичине катты.

Кабира Асакеевна 1984-жылдан 1993-жылга чейин Кант районунун Бирдик айылдык кеңешинде салык боюнча инспектор, башкы бухгалтер болуп эмгектенген. 1993-жылдан тартып 2009-жылга чейин Бирдик айыл өкмөтүндө жооптуу катчы болуп иштеген. Ошол учурда Ысык-Ата райондук администрациясынын уюштуруу бөлүмүндө эмгектенген кичүү уулу Бектендин жогору жактагылардын көрсөтмөсү менен Бирдик айыл аймагынын



Уул-келиндери жана неберелери менен



Апасы жана бир туугандары менен

башчысы болуп баргандыгына байланыштуу Кабира Асакеевнанын башка кызматка которулуусуна туура келди. 2009-2011-жылдары Бирдик айыл өкмөтүнүн Хунчи айылынын айыл башчысы (староста) болгон. 2011-2013-жылдары Люксембург айыл округунун башкы адиси болуп эмгек жолун улаган. 2013-жылдын 1-августунан тартып ардактуу эс алууда. Ал кайсы жерде иштебесин ишке тактыгы, жоопкерчиликтүүлүгү, билими жана түшүнүгүнүн кеңирилиги менен айырмаланып турган. 38 жылдык талбаган эмгеги, анын ичинде 30 жыл муниципиалдык кызматта, 16 жыл айыл өкмөтүнүн жооптуу катчылыгында иштеген тажрыйбалуулугу анын эл менен алакада болуусуна, алардын көйгөйүн тереңден билип жана аны чечип берүүнүн жолдорун таап берген чебер адистик чекке жеткирди. Бир нече ирет айылдык Кеңештин депутаты болуп шайланып, көптөгөн сыйлыктарга ээ болгон. Айылдык, райондук, облустук деңгээлдеги грамоталарга татыган. "Кыргыз Республикасынын муниципиалдык кызматынын отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Люксембург айыл өкмөтүндө аз убакыт эмгектенсе да айыл өкмөтүнө кошкон салымы үчүн эки жолу Ардак грамота менен сыйланган, Кыргыз Республикасынын президентинин акчалай сыйлыгынын ээси.

Эмгеги менен ийгиликти багындырган Кабира Асакеевна балдарына мээримдүү эне, неберелерине сүйүктүү чоң эне болгон чагы. Улуу баласы Каныбек 1974-жылы төрөлгөн, айдоочу болуп эмгектенет. Экинчиси Канат 1976-жылы жарыкка келген, учурда Москва шаарында эмгектенет. Кенже уулу Бектен 1978-жылы төрөлгөн, КТУну жана Ж. Баласагын атындагы КУУну аяктаган, азыркы мезгилде "Түндүк электр" АКсында эмгектенет. Уулдарын кичинесинен атасын жоктотпой канатына катып багып, ар биринин адамкерчиликтүү, ак ниет, намысы бийик, бири-бирине күйүмдүү кылып өстүрдү. Балдарынын эне тилегин актап, ал сыймыктанаар уулдардан болгонуна кубанат. Тилегине жараша эненин келиндери-Элнура, Нуркыз өз кызындай күйүмдүү болуп чыгышты. Учурда Махабат, Ислам, Тимур, Эмир, Нурзамир аттуу 5 неберени эркелетип, алардын кең келечегин, балдарынын, жакындарынын амандыгын тиленет.

Баса белгилей кете турган жагдай, Кабира Асакеевна "Энелер-турмуш тиреги" – "Ысык-Ата районунун айымдары", "Мекен милдети – Ысык – Ата районунун атуулдары" китептеринин чыгышына опол тоодой күч жумшап, менеджерлик өңүттө иш алып барды. Бул китептин чыгышы менен кошо эженин ар тараптуулугу, жоопкерчиликтүүлүгү, чынчылдыгы, иш тажрыйбасынын молдугу дагы бир ирет тастыкталды. Жасаган ак эмгеги үчүн жалпы жамаат атынан ыраазычылык билдиребиз.



# Абласов Совет Абласович

## Ысык-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси

1942-жылы 10-октябрда Кемин районундагы Чым-Коргон айылында туулган. 1959-жылы орто мектепти аяктагандан кийин Карл Маркс колхозунда жумушчу, андан соң учетчик, комсомол уюмунун секретары болуп иштеп жүрүп, 1961-жылдан тартып Чым-Коргон селолук советинин секретары болуп эмгектене баштаган. 1964-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтуна окууга тапшырып, 1969-жылы окумуштуу агроном кесибинин ээси болуу менен окуу жайды ийгиликтүү аяктап чыккан.

1969-жылдан баштап Кемин районундагы Карл Маркс атындагы колхоздо гидротехник, агроном, башкы агроном, 1971-жылдан тартып Кемин райондук айыл чарба башкармалыгында башкы агроном, 1972-жылдан 1977-жылга чейин Кемин районундагы XXII партсъезд колхозунун башкармасы болуп үзүрлүү эмгектенген.

1977-жылдан тартып Кемин райондук айыл чарба башкармалыгынын башчысынын орун басары кызматын аркалап, андан соң Ысык-Ата райондук айыл чарба химия бирикмесинин жетекчиси болуп которулган. Эмгек жолун андан ары Кемин райондук партия комитетинин инструкторлугунан улаган.

1982-жылдан баштап Кемин районундагы Чоң-Кемин совхозунда директор, андан кийин Карл Маркс колхозунун башкармасы болуп жооптуу кызматтарды аркалаган. 1990-жылдан баштап Кемин райондук Кенешинин төрагасы, Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп иштеп келген.

1994-жылдан 1999-жылдар аралыгында Кыргыз мамлекеттик машиналарды сыноочу станциясынын (МИС) директору, 1999-жылдан 2005-жылга чейин ошол эле жерде айыл-чарба кооперативинин жетекчиси болуп эмгектенген. Учурунда Кемин, Ысык-Ата райондук, айылдык кеңештеринин депутаты болуп шайланган.

1990-1995-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

Көп жылдык айыл чарбасына эмгек сиңирип, анын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы, өз ишине жоопкерчиликтүү жасаган мамилеси аркасында ийгиликтерди багынткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер наамына ээ болгон. Элге билим берүүнүн отличниги. 2005-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

2006-жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейин Ысык-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалагында башкы адис болуп эмгектенип, көп жылдык эмгек тажрыйбасы, агрардык системаны жакшы билген адискөйлүгү аркасында кийинки муундарга жол көрсөтүп, кеңешин берип талбай иштеп келет.

Совет Абласовичтин кайсы гана жооптуу кызматты аркалабасын уюштуруучулук жөндөмү жана иштин көзүн таба билген мыкты сапаты, жетекчи катары көрөгөчтүгү, эмгек жамаат менен тил табышып иштей билгендиги анын дээринен жетекчилик сапатка ээ экендигин ачык көрсөтө алды. Чарба иштерин алга сүрөгөн, эмгекчилердин маңдай терин төгүп жараткан эмгегин жогору баалай билгендиги менен баардык иштеген жерлеринде жогорку кадыр-баркка ээ болуп, урмат-сыйга арзыды. Депутат болгон учурларында эл мүдөөсүн ишке ашырып, талылуу маселелерди чечкенге аракет жасады. Адамгерчилик сапатты бийик туткандыгы, жөнөкөйлүгү аны шайлоочуларына, жалпы эле карапайым элге жакындатып турчу. Ошол асыл сапаттарга азыр да ээ. Совет Абласовичти баардык жерде сыйлашат, мыкты жетекчи катары ооздон түшүрбөй урмат көрсөтүп келишет.

Үй-бүлөлүү, эки кыздын атасы, беш неберенин сүйүктүү таятасы.



# Абалбекова Райкүл Салмоорбековна

## Люксембург айыл өкмөтүнүн каржы бөлүмүнүн башчысы

1958-жылы 15-сентябрда Чүй областына караштуу Москва районундагы Беловодское айылында төрөлгөн. Атасы Салмоорбек менен энеси Алтын баш кошкон учурунан тартып чабан болуп эмгектенип жүрүшүп ардактуу эс алууга чыгышкан. Он баланы төрөп, багып өстүргөн ардактуу ата-эне, эмгекчил жубайлардан болушкан. Райкүл Салмоорбековна 1965-жылы Москва районундагы Ак-Торпок айылындагы В.И.Ленин атындагы орто мектептин 1-классынын босогосун аттап, 4-класска чейин ошол жерде билим алган. 1968-жылы ошол эле райондогу Чечерина атындагы орто мектептин 5-классына которулуп, 10-классты ошол мектептен аяктаган. Мектептеги жетишкендиктери алдыдагы чоң максатка кадам шилтөөгө жол ачып, борборго барып окусам деген тилеги ишке ашат.

1977-жылы Финансы-экономикалык техникумга окууга тапшырган. 1979-жылы техникумду аяктагандан соң 490-сактоо кассасына ишке кирип, Фрунзе шаарындагы Биринчи Май районунда бухгалтер болуп эмгек жолун баштаган.

1981-жылы Кара-Балтага турмушка чыгып, жолдошунун окуусуна байланыштуу Кант районундагы Киргшёлк айылына көчүп келишкен. Жолдошу Асаналиев Күмүшпек Бектурович 1957-жылы 18-февралда Жайыл районунун Полтавка айылында төрөлгөн. Фрунзе айыл чарба техникумун аяктап, аталган окуу жайда калып эмгектенген.

1993-жылы Люксембург айыл өкмөтүнө бухгалтерлик кызматка кабыл алынып, учурда да ушул эле жерде эмгектенип келет. Иштин көзүн таба билген, дайыма тактыкты жактырган Райкүл Салмоорбековнанын кадыр-баркы кесиптештеринин арасында жогору. Аялзаты катарында назик, мээримдүү мүнөзү кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Адам баласы тагдырдын буйругуна баш ийбеске айласы жок тура, жашоодогу тиреги



болгон жолдошунан жакында гана ажырап калды. Бир жак капталы эңшерилип түшкөндөй болсо да артында калган балдарынын амандыгын тилеп, ошолорду караан тутуп жашап келет.

Экөөнүн ортосунда үч бала бар, алардын баары турмуштан ордуларын таап, ата-энени кубантаар, энесине арка-жөлөк болоор куракка жетип калышты.

Уулу Асаналиев Максат Күмүшпекович 1984-жылы төрөлгөн, үй-бүлөлүү, эки баланын атасы. Жеке ишкерлик менен алектенет.

Кызы Асаналиева Фаризат Күмүшпековна 1982-жылы төрөлгөн, үй-бүлөлүү, бир баласы бар. Кара-Балта шаарында БТА банкта эмгектенет.

Кызы Асаналиева Чолпон Күмүшпековна 1985-жылы төрөлгөн. Турмушка чыккан, эки баланын сүйүктүү энеси, учурда убактылуу балдары менен үйдө.

Райкүл Салмоорбековна бир нече сыйлыктардын ээси болуп, райондук, областык Ардак грамоталар жана Кыргыз Республикасынын Президентинин акчалай сыйлыктары менен сыйланган.

Балдарынын сүйүктүү энеси, неберелеринин мээримдүү чоң эне-таенеси. Иштин көзүн билген кесипкөй адис. Өз ишине так, ар бир адам менен тил табыша билген асыл сапаттардын ээси.



# Абылкасымова Батма

## Юрьевка айылы

1958-жылдын 13-июнунда Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Сары-Булак айылында төрөлгөн. 1965-жылы мектеп босогосун аттап, 1975-жылы аны жетиикендиктер менен аяктаган. Ошол эле жылы Кызыл-Кыя медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүнө окууга тапшырган. Аталган окуу жайды 1979-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыккан.

Атасы Токтоболотов Абылкасым колхоздо ферма башчысы, табельщик болуп эмгектенген. Энеси Тургун колхоздун алдыңкы саанчыларынын бири болгон. Батма эже жети бир туугандын арасында татыктуу тарбия алып чоңойгон. Кыз бала алысты жакындатып, тамырды кеңейтет деген кептин төгүнү жок экен. Ош жергесинде чоңоюп, туз-насип, нике кайып буйруп 1980-жылы Ысык-Көлдүн Ананьево айылына келин болуп түшүп, Кульжигитов Сагынбек менен турмуш жолун баштаган. Жолдошу политехникалык окуу жайды аяктап, өмүр бою геолог болуп эмгектенген. Учурда да түндүк геологияда башкы геолог болуп үзүрлүү эмгек жаратып келүүдө.

Батма Абылкасымова 1979-жылы медицина тармагында алгачкы эмгек жолун баштап, 2009-жылга чейин талбай иштеп келген. 2009-жылдан тартып райондук социалдык коргоо бөлүмүндө социалдык кызматкер болуп эмгек жолун улаган. Медицина тармагында, социалдык бөлүмдө иштеп жүрүп бир нече грамоталардын ээси болгон.

4 кыз, 1 уулдун бактылуу энеси, жолдошунун сүйүктүү жары, кыргыздын алдыңкы аялзаттарынын бири. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, баарын жогорку билимдүү кылууга жан үрөп аракет кылышты. Улуу кызы Чолпон И.Арабаев атындагы университеттин “Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу” факультетин аяктаган. Ысык-Ата районунун Юрьевка айыл өкмөтүндө жооптуу катчы болуп эмгектенет, 3 баланын энеси. Экинчи кызы Чинара КУУнун экономика



факультетин бүтүргөн, 2 баласы бар, Москва шаарында менеджер болуп иштейт. Үчүнчү кызы Үмүт политехникалык жогорку окуу жайдын геология бөлүмүн аяктаган, 1 баланын энеси. Уулу Бекзат да политехникалык окуу жайды аяктап геолог кесибине ээ болуп, эжеси экөө ата жолун жолдогон геологдор. Кенже кызы Айжамал Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук универ-ситеттин психология факультетинин 5-курсунда окуйт. Учурда алты неберенин кызыгын көрүп, бакытка балкып жашоо улап келет.

Жолдошунун кызматына байланыштуу Чүй бооруна которулуп келишип, 1993-жылдан бери Ысык-Ата районунун Юрьевка айылында жашап келишет. Учурда аталган айылдын түпкүлүктүү элине терең сиңип, жашоо улап келишет.





# Адамкулова (Арыкбаева) Нуржамал Джумадиловна

## Юрьевка айылы

1957-жылы 27-ноябрда Чүй облусунун ошол кездеги Кант районуна караштуу Эпкин айылында орто чарбалуу үй-бүлөдө туулган. Атасы Арыкбаев Джумадил колхоздо тракторист болуп эмгектенген, энеси Гүлбүбү колунан көөрү төгүлгөн уз, чебер аялзаты болгон. Нуржамал Джумадиловна 11 бир тууганды улуусу, инилери Орозбек, Өмүрбек, Курманбек, Куттубек, синдилери Гүлжамал (көзү өтүп кетти), Анаркүл, Мөөркан, Айнагүл, Нуркан, Кенжекандар менен бир үйдө ата-энесинин мээримине бөлөнүп өсүп, бой жетишкен.

1975-жылы Эпкин орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. 1976-жылдан 1997-жылга чейин Бишкек шаарындагы комволдук-нооту комбинатына жыйырма жыл үзүрлүү эмгектенип келген. Ал жерде иштеген мезгилдеринде бир нече грамоталар, акчалай сыйлыктар менен сыйланган. 1980-жылы үзүрлүү эмгеги үчүн Фрунзе, азыркы Бишкек шаарынан 3 бөлмөлүү үй ыйгарылган.

Жолдошу Адамкулов Муталиф менен 1975-жылы кол кармашып, улуу турмуш жолун бирге баштакан. Жолдошу 6 бир тууганду. Ал 1975-жылдан 1996-жылга чейин Фрунзе заводунда улук механик болуп эмгектенген. Өмүрлөшү менен бактылуу турмуш кечирип, экөө 4 кыз, 1 уулдун ата-энелери болушту. Нуржамал Джумадиловна жолдошуна мыкты жар, балдарына үлгүлүү эне боло алды. Уул-кыздарынын баарынын жогорку билим алышына шарт түзүп беришти. Кыздарынын улуусу Нуриса Чехия Республикасынын Прага шаарында кыргыз диаспорасынын жетекчиси болуп 10 жыл эмгектенген. КУУнун МЭМ бөлүмүн аяктаган, бир баланын энеси. Гулиса КУУнун химия факультетин бүтүргөн. Лебединовка мектебинде мугалим болуп эмгектенген, эки баланын энеси. Аниса да КГУСТАнын ОДД факультетин аяктаган. Эки баланын энеси. Учурда чет өлкөдө эмгектенүүдө. Уулу Байзак КГУСТАнын ИИМ факультетин аяктаган. ӨКМнын лейтананты, инспектор болуп





Атасы Жумадил, апасы Гүлбүбү

Кант шаарында эмгектенген. Көптөгөн грамоталардын, сыйлыктардын ээси болгон. Ата-энесинин жүрөгүнө кеткис так калтырып, кайгыга салып, он эки гүлүнүн бири ачыла элек күлгүндөй курагында 2011-жылы автокырсыктан көз жумган. Ал абдан ак көңүл, кең пейил, атына заты жарашкан алтындай адам болгон... Кичүүсү Айканыш КУУнун ГМУ бөлүмүнүн 2-курсунун студенти.

Нуржамал Джумадиловнанын үй-бүлөсү 1997-жылы Бишкек шаарынан Ысык-Ата районунун Юрьевка айылына көчүп келишкен. Ошондон бери дыйкан чарбасы менен алектенип келишет. 2007-жылдан 2011-жылга чейин таза суу тармагында эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан.

Жашоолорунун байлыгы болгон неберелери-Арген, Каныкей, Кундуз, Алишер, Аизага сүйүктүү таята-таене болушуп, жакшы тарбия беришип жашоо улап келишүүдө.



Үй-бүлөсү менен



Нуржамал Жумадиловна неберелери менен



# Айдарбеков Станислав Абдыкулович

## Жер - Казар айылы

1952-жылы 9-декабрда Жер-Казар айылында туулган. Атасы Айдарбеков Абдыкул сталиндик репрессиянын толкунуна кабылып, 1955-жылы каза болгон. Энеси Шевченко Анна Денисовна украин улутунун кызы болгон, 2008-жылы дүйнөдөн кайткан. Төрт бир тууган. Атасынан үч жашында калгандыктан энесинин жалгыз жардамчысы болуп чоңойгон.

Станислав Абдыкулович мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин айыл жерине өмүрүн арнаган кесиптин ээси болуу чечимине келип, Фрунзе айыл-чарба техникумуна окууга тапшырып, зоотехник адистигине ээ болуп чыккан. Окууну аяктагандан кийин эмгек жолунда айыл жергесине керектүү кесиптин бардык тепкичтеринин өткөн. Мекен алдында эр азаматтык милдетин аткарып, Куралдуу Күчтөрдүн катарында аскердик кызматын өтөп келген.

1980-жылы "Алга" колхозунун зоотехниги болуу менен эмгек жолун баштап, бир жылдан соң Сүт товар фермасынын (МТФ) башчысы кызматын аркалаган. Айыл жергесиндеги мал чарбачылыгынын сырын жакшы билген Станислав Абдыкулович өз ишиндеги чеберчилигин көрсөтүп, жоопкерчиликтүү мамилеси менен бир топ жооптуу кызматтарды аркалап келген. 1986-жылдан 1994-жылга чейин "Алга" колхозунун башкы зоотехниги болуп эмгектенген. 1994-жылы айылдаштарынын бир добуштан колдоосу менен "Алга" колхозунун башчысы болуп дайындалган. Айылдаш аксакалдар анын ишенимдүү, чыдамкай, эмгекчилдигин жана үч айылды коён жатагына чейин жакшы билгендигине ишеним артышкан. Кайра куруу мезгилинде колхоздун башчысы болуу канчалаган оор түйшүктү талап кылып турса да Станислав Абдыкулович иштин көзүн жакшы билген адис катары ишти алып кете алды. Ошол жылдар аралыгында бут тосууларга, курулай сындарга моюн бербей кулак сыртынан кетирип колхоздун ишин алга жылдыруунун аракетинде болду. Карызга малынып калган чарбанын карызын жоюуга зор эмгек жумшады. Биргелешкен чарбаны акырындап бутунан тургузуп, мол түшүм жыйноо, сүт азыктарын көбөйтүү менен дыйкан чарбасынын мүчөлөрүнө алгачкылардан болуп дивидент төлөп берген. Союз тарагандан кийин чарбаны талап-тоноо, бүлүнтүүнү көздөгөндөргө жол бербей колхоздун мүлкүн сактап калды. Бул айтканга оңой болгону менен иш жүзүндө канчалаган оор түйшүктөрдү жаратканы айтпаса да белгилүү. Негизинен чарбанын материалдык-техникалык каражаттарын,

кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүн сактап калганы анын иштин көзүн жакшы билген мыкты жетекчилигин көрсөттү. Заман талабына ылайык улам изденип, айыл чарбасына керектүү иштерди колго алып, анын арты менен кооперативдик чарбанын иши улам алга жылган.

Станислав Абдыкуловичтин туулуп-өскөн айылына кошкон салымы зор. "Кечээки тарыхты билбей эртеңки келечекке сапар ала албайсың" дегендей эл-жерин коргоодо канын-жанын аябаган эр-азаматтарга-Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузган. Узун-Кыр айылдык кеңешинин төрагасы болуп да көптөгөн алгылыктуу иштерди жасады. Эл үчүн жасаган эмгектери көз жаздымда калбай учурунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүүгө сиңирген эмгеги үчүн 1999-жылы 24-августта Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасына татыган. Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин Ардак грамотасы менен да сыйланган. Станислав Абдыкуловичтин баарынан жогору турган сыйлыгы-эл арасында ак эмгеги аркылуу тапкан кадыр-баркы, ооздон түшүрүлбөй бүгүнкү күнгө чейин айтылып келе жаткан жасаган иштери. Ал жараткан эмгек башка жетекчилерге үлгү болуп келе жатат.

Иштин көзүн жакшы билген жетекчи үй-бүлөдө камкор ата, сүйүктүү жар боло алды. Жубайы Айдарбекова Бактыгүл менен 1986-жылы үй-бүлөлүк жашоонун улуу жолуна бирге аттанышып, турмуштун ачуу-таттуусун бирге баштарынан кечирип, беш баланын бактылуу ата-энеси болушту. Атасынан эрте ажырап, энесинин колуна кол болгон Станислав Абдыкулович бала чагынан кара жумуштан качпай эмгекти сүйүп чоңойгону кийин турмушунда да чоң пайдасын тийгизди. Оор басырыктуу мүнөзгө ээ, эл менен тил табыша билген жетекчи балдарынын да эл кызматын аркалап, адал эмгек менен нан таап жеген уул-кыздардан болушуна аракет жумшады. Балдарынын улуусу Болот Бишкек шаарындагы "Зеленстрой" жашылдандыруу зоонасында директорлук кызматты аркалап келет. Кийинки уулу Арлен "Бай-Түшүм" банкында эмгектенет. Денис айылда мал чарбачылыгы жана жер иштетүү менен алектенет. Кызы Адила француз косметологиялык фирмасында иштейт, учурда Дубай шаарында турат. Жолдошу дипломаттык кызматкер. Кенжеси Асель Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин экономикалык факультетинин 4-курсунун студенти. Неберелери Каныимет, Кайрат, Бексултан, Теңиркут, Санатбектер да келечектен көптү үмүт эттирген азаматтар.

Уул-кыздары, неберелери эл кызматын аркалаган атасы, чоң ата, таятасы менен ар дайым сыймыктанып келишет. Атанын тилегин актоо, анын атын өчүрбөй сактоо биздин милдетибиз деп санаган балдары эл кызматын аркалап келишүүдө.

"Алга" колхозунун алдыңкы жетекчилеринин бири болгон Айдарбеков Станислав Абдыкулович 2004-жылы кырчындай курагында дүйнөдөн кайткан. Бирок анын жасаган эмгектери ар дайым элдин, айылдаштарынын, жакындарынын жүрөгүндө сакталып, унутулбай эскерилип келет.



# Айтиева Сатыгүл

## Боз-Бармак айылы

1940-жылы 25-январда Ысык-Ата районуна караштуу Эпкин айылында төрөлгөн. Атасы Мыктыбеков Бейшеке 1882-жылы жарыкка келген. Айылдагы аттуу-баштуу, кеменгер адам болгон. Айылдагы маселелерди, көйгөйлөрдү жалгыз эле өзү чечип койгон кадыры бийик инсан экендиги, чоң молдо болгону азыркыга чейин айтылып келет. Энеси Түлөкбаева Асель 1992-жылы туулган. Сатыгүл апа түптүү жердин кызы болгон. Агасы Төрөкул өмүр бою кыргыз темир жолунда эмгектенип жүрүп дүйнөдөн кайткан. Синдиси Атыркүл дыйкан чарбасы менен алектенип келген. Иниси Осмонкул ИИМде эмгектенген.

1957-жылы он жети жашында Кант районунун Боз-Бармак айылынын тургуну Айтиев Суранаалы менен кол кармашып турмуш жолун баштаган. 1957-жылдан 1984-жылга чейин 1-Май колхозунун кызылча талаасында үзгүлтүксүз эмгектенген. 1990-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Колхоздо иштеп, кызылчачылык оор түйшүктү аркалоо менен бирге он бир баланы жарыкка алып келген бактылуу эне болуп, "Баатыр эне" сыймыктуу наамдын ээси болду.

Тун уулу Султан 1960-жылы туулган. Жубайы Сейдим экөө 2 уул, эки кыздын ата-энеси аталышып, учурда эки небере көрүп калган убактары. Султан суу чарбасында үзүрлүү эмгектенген. Кызы Нестан 1958-жылы төрөлгөн, 3 уул, 3 небереси бар. Тилекке каршы уул-кыздарынын жакшылыгын көрөөр учурунда дүйнөдөн өтүп кетти. Руслан 1962-жылы туулган, 1 уул, 1 кыз, 3 небереси бар, ал дагы жашоодон эрте кеткен. Нурила 1964-жылы туулган, Аман, Үмүт аттуу бир уул, бир кыздын энеси. Дослан 1967-жылы туулган, ал дагы кырчындай курагында көз жумган. Нурлан 1972-жылы туулган, үч уул, бир кыздын атасы. Солтон-Сары кен жайында коопсуздук кызматында эмгектенет. Жубайы Зарина менен таттуу турмуш кечиришүүдө. Нуркан 1974-жылы туулган, бир кызы бар. "Кум-Шагыл" АКсында айдоочу болуп иштейт. Жубайы Саадан РСК банкында эмгектенет. Шааркүл 1977-жылы төрөлгөн, бир уул, бир кыздын энеси. Бишкек шаарындагы МОдо башкы адис болуп эмгектенет. Күлчоро 1979-

жылы туулган. Кызжибек, Жаңылмырза, Кызсайкал, Кубанычбек, Иса аттуу үч кыз, эки уулдун атасы, "Кум-Шагыл" АКсында гараж башчысы болуп иштейт. Жубайы Кундуз үй тиричилиги менен алектенет. Мээркүл 1982-жылы туулган. Бир уул, эки кызы бар, Дордой базарында эмгектенет. Гулиза 1984-жылы төрөлгөн, турмушка чыга элек. Бишкек шаарында Куралдуу күчтөрдүн башкы штабында башкы адис.

Сатыгүл апанын жолдошу Суранаалы 1967-жылдан 1984-жылга чейин КРнын ИИМнин алдындагы МАИде ага инспектор болуп эмгектенип келген. Учурда ардактуу эс алууда. Тагдыр тартуулаган ачуу-таттуу, кээде күлкү, кээде көз жаш коштогон турмушту баштан кечирип, он гүлүнүн бири ачыла элек уул-кыздарынын дүйнөдөн өтүшү кабыргасын кайыштырса, калган уул-кыздарынын амандыгын тиленип, алардын жакшылыгына күбө болуп Жаратканга тобо келтирет. Эненин жүрөгүндөй кенен, эненин жүрөгүндөй сезимтал жүрөк жашоодо болбосо керек. Канча түйшүк, канча кубанычты баштан кечирсе анын баарына күбө болгон Сатыгүл апа бүгүнкү жашоосуна ыраазы. Уул-кыздары ата-энесине терең урмат көрсөтүп, ынтымактуу, үлгүлүү үй-бүлө катарында айыл ичинде кадыр-баркка ээ болуп келишет. Небере-чөбөрөлөрү менен бир айыл болуп, дайыма төрдүн көркү болуп бактылуу карылыкта доорон сүрүшүүдө.



Өмүрлүк жолдошу Суранаалы менен



Жолдошу Суранаалы, уулу Султан, келини Сейдим менен



Кыздары Нурила, Гулиза, Шааргүл, Мээргүл менен




Үй-бүлөсү менен




Үй-бүлөсү менен



# Айткулова Калира Каракеевна

## Бишкек айыл чарба техникумунун директорунун орун басары

1958-жылы 18-декабрда Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Чорголу айылында колхозчулардын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Калинин районундагы орто мектепти аяктагандан кийин алгачкы эмгек жолун Чалдыбардагы тигүү фабрикасында тигүүчү-мотористка болуу менен баштаган.

1976-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетине тапшырып, 1981-жылы ийгиликтүү аяктаган. Педагогикалык ишин университетти аяктагандан кийин 1981-жылдын август айынан баштап Ысык-Көл совхоз техникумунда окутуучулуктан баштап, кийин экономика жаатындагы сабактардын циклдик комиссиянын төрайымы жана бөлүмдүн башчысы болуп иштеген.

1987-жылы Москвадагы К.А.Тимирязев атындагы айтылуу айыл чарба академиясынын педагогика факультетин артыкчылык менен аяктаган. 1990-жылы К.Д.Глинка атындагы Воронеж айыл чарба институтунда жана кийин дагы башка квалификацияны жогорулатуу боюнча курстардан өткөн. TASIS программасы боюнча республиканын айыл чарба окуу жайларынын жетекчилеринин курамында 1994-жылы Англиянын жана Уэльстин окуу жайларында стажировкадан өткөн.

1989-1992-жылдары Ысык-Көл областтык эл депутаттарынын Түп райондук Кеңешинин депутаты болуп шайланган. Бишкек айыл чарба техникумуна бөлүм башчысы болуп которулгандыктан 1992-жылдын ноябрь айында райондук депутаттык ыйгарым укуктары токтотулган. 1993-жылдын июнь айынан баштап окуу иштери боюнча директордун орун басары болуп эмгектенип келе жатат. Бишкек айыл чарба техникуму 2009-жылдын июнь айында С. Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледж болуп аталышы өзгөртүлгөн. Иштеген жылдары Люксембург айыл өкмөтүнүн Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын К.И. Скрябин



атындагы агрардык университетинин, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба жана мелиорация жана Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрликтеринин Ардак Грамоталары менен сыйланган. 2003-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги" наамы ыйгарылган.

2000-жылдан баштап 2012-жылга чейин Ысык-Ата районунун Люксембург Айылдык Кеңешинин депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин орто кесиптик окуу-методикалык кеңешинин мүчөсү. Жаш окутуучулардын насаатчысы.

Үй-бүлөлүү, жолдошу Таштанбеков Замир Жусупович Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигине караштуу Экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондунда иштейт. 3 баланын ата-энеси. Кызы Таштанбекова Азым Замировна И. Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетин, Эл аралык CAP курсунун экономика факультеттерин артыкчылык менен аяктаган. Уулу Замиров Кубаныч Кыргыз-Россия Славян университетинин экономика факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. Кичүү кызы Замирова Нагима Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин гуманитардык факультетин аяктаган. Замирова Рабия Кубанычевна жана Таранова Эрика Валерьевна аттуу таттуу неберелердин сүйүктүү чоң эне, таенеси.



# Айтпаева Токтокан

## Жетиген айылы

Ардактуу мугалим Айтпаева Токтокан Асанбаевна 1947-жылдын 10-февралында Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районундагы Саруу айылында чабандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Асанбайдын ак эмгегине, энеси Айшанын жылуу мээримине бөлөнүп чоңоюп, Саруу орто мектебине 1954-жылы 1-класска кирген. 1965-жылы 11-классты ийгиликтүү аяктап, ошол эле жылы Пржевальск шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтунун тил адабият факультетине тапшырган. 3-курсту бүткөндө 1968-жылы Ысык-Ата районундагы Жетиген (Киров) айылына туз буюруп келин болуп келет. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Фрунзедеги В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна сырттан окуу бөлүмүнө которулуп, 1972-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Эмгек жолун Ысык-Ата районундагы Жетиген башталгыч мектебинде 1968-жылдан баштап 2007-жылга чейин 40 жыл эмгектенген. Анын ичинен 1968-жылдан 1980-жылга чейин 13 жыл башталгыч классынын мугалими болуп, 1981-жылдан 2007-жылга чейин 27 жыл ошол эле мектепте директор болуп иштеп келген. Ошол иштеген жылдардын аралыгында айылдын жана райондун коомдук иштерине активдүү катышкандыгы жана өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо жетишкен ийгиликтери үчүн райкомдун биринчи секретары А. Кененсариевдин чечиминин негизинде 1984-жылы райондук “Ардак тактадан” да орун алган. Ошондой эле конференцияларды, курултайларда бир нече жолу делегат болуп шайланган. Иштеги жоопкерчиликтүүлүгү, тактыгы эске алынып шайлоо комиссиясынын жооптуу катчысы, андан соң төрайымы болуп бир нече жыл БШКны жетектеген.

Токтокан Асанбаевна эмгектин мээнетинин негизинде айыл өкмөтү тарабынан, райондук билим берүү бөлүмүнөн, профсоюз уюмунан, облустук, билим берүү министрлиги тарабынан Ардак грамоталардын ээси болгон.

Учурунда айылына жаңы мектеп салдырсам деп көп аракеттерди жасады, бирок мезгилге жараша андай өтүнүчтөр колдоого алынган жок. Ошондой болсо да мезгилден артта калбай АРИС программасынын негизинде ШАЗЭТ группасынын колдоосу менен жыйын залын курганга долбоор жазып грант утуп алууга жетишип мектептин жанына заңгыраган жыйын залы Токтокан Асанбаевнанын жетекчилиги менен бүткөрүлдү. Азыр айылда шайлоо компаниясы да, ар кандай жыйындар да ошол залда өткөрүлөт. Кечкисин айылдын жаштары ар кандай спорттук машыгууларды да өткөрө алышат.



Токтокан апа небереси менен

Иштеген иштин көзүн таба билген, тактыкты жана жоопкерчиликти жогору койгон мыкты педагог экендиги бааланып, 1984-жылы министр М. Базаркуловдун колунан “Кыргыз ССРинин Агартуу отличниги” төш белгиси менен сыйланган. Анын жогорку даражага жетишине таалим-тарбия берүүдө улуу муундагы агай-эжелери Иманалиев Мунапыс, Суранчиева Түкөш, Жайлобаева Калдыбүбү, Асанканова Айнажамал, Алиева Сабиралардын насаат сөздөрү зор болгон. Жаш муундарды тарбиялоодо үзүрлүү эмгегинин натыйжасында 1990-жылы 15 күнгө бекер Болгарияга саякаттап эс алууга барып келген.

Мектепти жетектеп иштеп жаткан мезгилде жаш мугалимдерге “адам болом десең, жогорку билимдүү бол”-деп айткан насаат сөздөрү жаштарды кайдыгер калтырган жок. Жүндүбаева Зинагүл Табалдиевна, Жээналиева Салтанат Мырзабековна, Рысалиева Асель, Абдраимова Нуриля, Женалиева Назгүл аттуу мугалимдер ЖОЖду бүтүрүшүп жогорку билимдүү болушту.

Токтокан Асанбаевна өмүрлүк жолдошу Женалиев Мырзабек экөө жашап, 3 уул, 2 кыздын ата-энеси болушкан. Аттиң, өлүм кимди өксүтпөйт, капилеттен келген шум ажалдан 1980-жылы 15-ноябрда жолдошунун көз жумганы анын үй-бүлөсүн, ага-тууганын бүт кайгыга салды. Кайнагасы, жалгыз бир тууганынан айрылган Бусурманкул ага кайгы тартып, акыры өлүмдүн актыгына баш ийип кайраттанып, инисинин балдарынын өмүрүн тилеп, келини Токтокандын оор түлүк жумуштарын жасап жардам берип жүргөн. Ал киши 2002-жылы дүйнөдөн кайтканда караан туткан, өз бир тууганындай болуп калган адамдан айрылып кайрадан Токтокан апанын канаты кайрылып, жүрөгү сыздады. Бирок ага аманат кылып калтырган 3 уул, 2 кызы үчүн белди бекем бууп жашоону улаш керектигин түшүндү...

Учурда эмгек менен ийгиликти багындырган Токтокан Асанбаевна мээрим төгүп өстүргөн уул-кыздарынан көргөн неберелерине сүйүктүү чоң эне болгон чагы. Атасы дүйнөдөн кайтканда 1969-жылы төрөлгөн уулу Замирбек 11 жашта эле. Азыр жогорку билимдүү, Чүй облусунун Батыш Чоң Чүй Каналынын жетекчиси болуп эмгектенет. 4 кыздын атасы. Жубайы Дилбар жогорку билимдүү, Р. Шаботоев атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.



Улуу уулу Замирдин үй-бүлөсү менен



Экинчи уулу Мунарбектин үй-бүлөсү менен

Улуу кызы Айгерим Ж. Баласагын атындагы КУУнун чет тилдер факультетинде окуйт.

1971-жылы жарыкка келген уулу Манарбек атасынан 9 аш курагында калган. Учурда элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп металл ширетүүчүлүк кесипти аркалап келет. 1 уул, 1 кыздын атасы. Улуу кызы Мээрим Ж. Баласагын атындагы КУУнун 3-курсунун студенти. Жубайы Гульнур жогорку билимдүү, Д. Мамашева атындагы орто мектепте мугалим болуп иштейт.

Үчүнчү кызы Салтанат көп кесиптин ээси, медайым, мугалим, чач-тарач. Азыркы учурда китепкана башчысы болуп эмгектенет. Жогорку билимдүү. Өмүрлүк жолдошу Алмаз энергосбытта ага инспекторлуккызматтыаркалайт,алдагыжогоркубилимдинээси.2уул, 2 кыздын ата-энелери.



Кыз-күйөөсү жана колундагы келин-уулу менен

Кенже уулу Эдилбек 1974-жылы төрөлгөн. Жогорку билимдүү, кесиби боюнча ветеринардык врач. Азыркы учурда Түштүк Чоң Чүй Каналында инженер болуп эмгектенет. 1 уул, 2 кыздын атасы. Жубайы Айгүл жогорку билимдүү. Жетиген башталгыч мектебинде мугалимдик кесипти аркалап келет. Эдил менен Айгүл Токтокан апанын колундагы уул-келини. Оорун колдон, жеңилин жерден алып, урмат-сыйга бөлөп, бакубат жашоону тартуулап, ден соолугун тилеп жашап келет.



Кенже кызы Назгуль менен

Беш баланын эң кичүүсү, кенже кызы Назгүл 1976-жылы төрөлгөн. Жогорку билимдүү. Сокулук районунда мугалимдик кесипти аркалап келет. Жолдошу Жеңиш жеке ишкер. 2 уул, 2 кыздын сүйүктүү ата-энеси болушкан чагы.

Токтокан апа колуна калем алып ыр саптарын чиймелеп, көкүрөгү толкуган мезгилде ак баракка сырын төккөн учурлар да болгон. Жаш кездеги жүрөктүн курчтугу, балдарга болгон сүйүүсүнүн күчтүүлүгү Токтокан апанын сезиминен балдары үчүн жаралган саптары:

БАЛДАРЫМА

Далай түн кирпик ирмебей,  
Балдарды бактым кирдебей.  
Өмүрүн тилеп келгенмин,  
Бешөөнө жаным биргедей.

Кастарлап баарың өстүрдүм,
Кубаныч, түйшүк иргебей.
Замирим батпас чолпонум,
Манарбек жүрөк мончогум.

Ат байлаар уулум Эдил деп,
Баарыңа жүрөк толгодум.
Ынтымак берип өмүргө,
Кудайым өзүң колдогун.

Кыздарым гүлдөй жайнашат,
Кыялы черди жаратат.
Кыялкеч кыздар болсо деп,
Кыярып өмүр баратат.
Кыргыздын узу болсо деп,
Кыялым бийлеп таң атат.

Балдарды бакыт жаратат,
Бал сөзү дайым саматат.
Бактылуу балдар болсо деп,
Барктуу кез өтүп баратат.
Турмуштан ордун тапса деп,
Туйлатып жүрөк таң атат.

Алдейлеп баккан балдардын,
Алдына жүрөк төшөдүм.
Адилет адам болсо деп,
Апалык милдет өтөдүм.
Элине керек болсо деп,
Энелик милдет өтөдүм.

Бир мектепте агартуу майданында талыкпай 40 жыл иштеген, ал эми учурда ардактуу эс алууда болсо да Токтокан Асанбековна айылдык ден соолук комитетин АДКны жетектейт. Айыл тургундарынын ден соолугун чыңоо үчүн спонсорлорду таап, бекер бир айда бир жолу медициналык кароодон өткөрүп турганга көмөктөшөт. Айылдаштарынын жана туугандарынын арасында дайыма кадыр-баркка ээ болуп келет.

Токтокан апа мыкты мугалим, жетекчи катары гана эмес кыргыз аялзатына таандык колунан көөрү төгүлгөн уз катары да айылына таанымал. Айылындагы бүткөрүлгөн ала кийиз, шырдактардын оюусун ойбогон үй деле калбаган чыгар. Өз колунан жаралган "Гүлдөй бер, Кыргызстаным!" аттуу сайма туш кийиз далай көргөзмөлөрдө илинип көрүүчүлөрдүн купулуна толуп келди.

Ары түйшүктүү, ары жемиштүү мугалимдик кесипти аркалап убактысы аз болгонуна карабай өз балдарына туура тарбия берип, алардын адамдык асыл сапатка ээ болуусуна жан-дилин берип аракеттенген. Балдары бүгүн ал үчүн энесине миң мертебе ыраазы болуп келишет. Ар дайым энесинин алар үчүн кандай эмгек жаратып, түн уйкудан безип, атанын ордун жоктотпой тарбиялап өстүрүп, тууруна кондуруп, жакшы жашоону тартуулап бергенин эстеринен чыгарбай сый тартуулап, апасынын ден соолугун, өмүрүн тилеп келишет.

Токтокан апа бүгүн дөөлөттүү карылыкты баштан кечирип, ырыс-кешиктүү, бактылуу апа, чоң эне, таене болуп төрдө сый көрүп отурганына ыраазы.





# Айылчиев Шаршен

## Ичке-Суу айылы

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Айылчиев Шаршен 1918-жылы Чүй дубанынын Ысык-Ата айылдык округуна караштуу Жогорку Ичке-Суу айылында жарык дүйнөгө келген. Ал жети жашка келгенде атасы дүйнөдөн кайтып, энеси Алтын аны канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай жалгыз тарбиялап өстүрөт. Шаршен атанын балачагы апааттуу согуштун оор мезгилине туш келип, ошол мезгилдин нечендеген оор түйшүгүн тартып, кыйын күндөрүн баштан кечирген. Башталгыч мектепке кирип билим алып, андан ары жакын жерде мектептин жоктугунан улам окуусун уланта алган эмес. Ошол учурдун ары жооптуу, ары ардактуу болуп эсептелген комсомолдун мүчөлүгүнө 1932-жылы өткөн.

Шаршен Айылчиев “Ичке-Суу” колхозунда эмгектенип, анын экономикасын өстүрүүгө зор салым кошуп жүрүп, 1939-жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылат. Алгач Россиянын Иркутск шаарында кызмат өтөп, кийин аскердик милдетин аткарууну Монгол Эл Республикасынан уланткан. Ошол учурда Монголияга Япония тарабынан коркунуч туулуп турган мезгил болгон. Совет эли шериктеш монгол элине жардам бериш үчүн айтылуу Г.К.Жуков командачылык кылган 1-армияны жөнөткөн. Ошол армиянын жоокерлеринин катарында биздин мекендешибиз Шаршен Айылчиев да болгон. Кийин ал Халхын-Гол дарыясынын жээгинде япон-манчжур бөлүктөрүн талкалоого катышкан.

1943-жылы согуштун оту алоолонуп турган учурда кайрадан Иркутск шаарына келип, ал жерден кан күйгөн майданга аттанган. Генерал К.К.Роккосовский командачылык кылган 1-Белорус майданында салгылашууга катышкан. Белоруссиянын түштүк бөлү-



Жубайы Күлсүн апа менен

гүн немецтик-фашисттик баскынчылардан бошотууда көрсөткөн эрдиги үчүн Ата Мекендик согуш ордени жана “Эрдиги үчүн” медалы менен сыйланган.

Андан соң Польшанын аймагында салгылашууга катышат. Бөлүмчөнүн командири, улук сержант Шаршен Айылчиев оор жаракатка кабылып, Висла дарыясынын жээгиндеги кармашта көзгө атарлардын мээлеп аткан огу бир эле мезгилде анын оң жоон санынын жана оң колунун булчуңдарын жулуп кетип, ошону менен бирге сөөгүнө да ок кадалган. Душмандар менен салгылашууда оор жаракат алган мекендешибизди санитарка кыз ок учкан салгылашуу жүрүп жаткан жерден оор абалда алып чыгып, талаа госпиталына жеткирет. Андан кийин Свердловск шаарындагы госпиталда 6 ай дарыланган. 1944-жылдын аягында госпиталдан чыккандан кийин үйүнө эс алууга жиберилген. Оор жаракат алгандыгына байланыштуу 2-топтун майыбы катары пенсия чегерип бе-



Уулу Сүйөркул жана небереси менен

ребиз, кайра майданга барууга болбойт дегендерине карабай үйүндө эс алгандан кийин кайрадан өз бөлүгүнө аттанганы жатканда кан күйгөн согуш оту өчүп, жоокерлер Улуу Жеңиш, зор кубаныч менен өз мекендерине кайта башташат. Бул Жеңиш биздин мекендешибиздин да кийинки муунга тартуулаган жарык күнү, мекен алдында өтөгөн ыйык милдети болгон.

Шаршен Айылчиев согуштан кийин колхозду чыңдоо ишине жигердүүлүк менен катышып, алгач кой-товар фермасынын башчысы, 1948-жылдан тартып жыйырма жыл бою талаачылык бригадасынын жетекчиси болуп эмгектенген. Ошол жылдар аралыгында бир нече ирет райондук кеңештин депутаттыгына шайланган. 1968-жылдан 1978-жылга чейин башкы чабан Кыялбек Сарбагышевдин жардамчысы болуп иштеген. Ошол мезгилде ал иштеген чабандык бригада төл жана жүн алууда зор ийгиликтерге жетишип, башкы чабан "Эмгек Кызыл Туу" жана "Ардак белгиси" ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

1978-жылы Шаршен Айылчиев ардактуу эс алууга чыккан. Кан майданга душмандардын мизин кайтарууда жан аябай салгылашып, оор жаракат алганына карабай кийин колхоз иштеринин алдыга жылышына опол тоодой эмгек кылып, чарчап-чаалыкканды билбей башкаларга үлгү боло алган анын кадыр-баркы айылдаштарынын арасында абдан жогору болгон. Ар дайым калыстыгынан жазбай, жаштарга акыл-насаатын, кеп-кеңешин айтып келген. Жубайы Күлүсүн менен 50 жылдан ашуун убакыт бирге өмүр сүрүшүп, алты баланын ардактуу ата-энеси болушкан. Бири-бирине



өзгөчө сый-урмат менен мамиле жасаган бул үй-бүлө балдарына да жакшы тарбия беришти. Согуш алааматын башынан кечирген Шаршен ата жана анын үй-бүлөсү үчүн 9-май Жеңиш күнү өзгөчө майрам болуп эсептелип, көзү өткөнгө чейин үй-бүлөсү, жакындары менен ар дайым калтырбай майрамдап келишкен. Балдары, неберелери ал күндү аябай күтүү менен даярданышып, ата-энесин куттукташчу. Балдары, неберелери чогулганда Шаршен ата байбичеси экөө баарын тегерете отургузуп алып: "Балдарым, биз көргөндү силер көрбөгүлө, согушта жүргөндө өз жерибиздин чегине жетип өлсөк арманыбыз жок деп айтаар элек. Кудайга шүгүр, майдандан аман келип, бала-чакалуу болуп, эл үчүн эмгек кылып минтип араңарда отурам. Окугула, билим алгыла, адептүү болгула, бирөөгө кара санабагыла, эмгекти сүйгүлө, колдон келсе бирөөгө ар качан жакшылык кылгыла. Ал эми апаңар экөөбүз силердин окууңар, билим алууңар үчүн шартты түзүп беребиз" деп акыл-насааттуу сөздөрүн айтчу. Бул сөздөр балдарына, неберелерине чоң тарбия болуп азыр да алардын жүрөгүндө, эсинде бек сакталып келет.



# Айылчиев Сүйөркул Шаршенович

## Ысык-Ата айылдык округунун башчысынын орун басары

Кыргыз элине кырк жылдык сиңирген эмгеги бар Айылчиев Сүйөркул Шаршенович 1954-жылы 16-июлда азыркы Ысык-Ата районуна караштуу Жогорку Ичке-Суу айылында төрөлгөн. Балалыгы жаратылышы кооз, абасы таза тоо койнундагы туулган айылында өткөн. Атасы Айылчиев Шаршен Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, андан кийин колхоздун ишин алга жылдырган мыкты активдеринин бири болгон. Энеси Күлүсүн да балдарынан татыктуу тарбиясын аябаган мээримдүү, колунан көп иш келген чебер аялзаты болгон. Ата-энеси ар дайым балдарынын билимдүү болушуна болгон аракетин жумшап, аларды адамгерчиликке, адилеттүүлүккө, чынчылдыкка, калыстыкка тарбиялап жана алардын элге ак кызмат өтөгөн инсандардан болушун тилеп келишкен.

1971-жылы Айылчиев Сүйөркул О.Бөлөбалаев атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1972-1977-жылдары ошол кездеги СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде билимин улап, айыл чарбасынын экономисти адистигине ээ болуп чыккан. 1978-жылдан тартып Ысык-Ата совхозунун эмгек боюнча жогорку экономист кызматын аркалоо менен эмгек жолун баштаган. Иштин көзүн билген жогорку билимдүү адис Сүйөркул Шаршенович тез эле ишке жөндөмдүүлүгү менен көзгө илинип, бир жылдан кийин эле Ысык-Ата совхозунун жумушчулар комитетинин жетекчилигине көрсөтүлгөн. Андан кийин 1981-жылы Ысык-Ата айылдык советинин аткаруу комитетинин башчылыгына көтөрүлгөн. Андан кийин да көп жылдар аталган совхоздун көптөгөн жооптуу кызматтарын аркалап, совхоздун айыл чарбасынын абалынын көтөрүлүшүнө зор салым кошкон. 1987-жылы Новосибирск шаарындагы партиялык мектепке окууга тапшырып, аны ийгиликтүү аяктап чыккан. Ысык-Ата совхозунун каржы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы, өндүрүш директорунун орун басары сыяктуу жооптуу кызматтарды аркалап жүргөндө совхоздун экономикалык аба-



Жубайы Айгүл менен

лынын жакшырышына көптөгөн аракеттерди жасап, жакшы натыйжаларга жетишкен.

1994-жылы Ысык-Ата айылдык советинин башчысы болуп дайындалып, 1998-жылдан тартып бир эле учурда Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарлык милдетин бүгүнкү күнгө чейин аркалап келүүдө. Сүйөркул Шаршенович эмгек жолунда өзүн жакшы жетекчи, ишинин көзүн билген мыкты адис, адамгерчиликтүү сапатты жогору койгон инсан катары көрсөтө алды. Жасаган ишинин дээрлик баарын айыл турмушунун оңолушуна, калкка социалдык жана маданий кызмат көрсөтүү жана дагы Ысык-Ата айылдык округунун өнүгүшүнө социалдык-экономикалык программалардын аткарылышы боюнча уюштуруу иштерине арнап келет.

Сүйөркул Шаршеновичтин эл үчүн, өзгөчө өзү көп жылдан бери эмгек сиңирип келген Ысык-Ата айыл округуна жасаган эмгектерин санап келсек сөз жетпейт. Ошентсе да орчундууларына басым жасай турган болсок, анын түздөн-түз кийлигишүүсү аркылуу ар кандай долбоорлор жана программалар боюнча 30,0 млн.сомдон жогорку суммадагы инвестиция тартылып, алар кыш заводунун курулушуна, Карагай-Булак жана Үч-Эмчек айылдарынын суу түтүктөрүн оңдоого, Норус айылына спорт мектебинин курулушуна, Тогуз-Булак айылындагы А.К.Мурзалиев мектебинин компьютердик классынын курулушуна жумшалган.

Сүйөркул Шаршенович айыл чарбасынын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурат. Айыл чарбасынынын кооперативдеринин түзүлүшүнө активдүү катышып, андан тышкары өзү "Айкамдан" кооперативинин мүчөсү болуп саналат. Анын иштеген учурунда 240тан ашуун фермерлик жана дыйкан чарбалары уюштурулган. Малдын башы 2005-жылга салыштырмалуу 1,8 эсе, уй 2 эсеге өскөнү анын айыл чарбасынын ишин мыкты билгендигин айгинелеп турат.

Айылчиев Сүйөркул Шаршенович чоң коомдук иштерди жүргүзүп келет. 1979-жылдан 2005-жылдары Ысык-Ата айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган. Жеке өзү 25 жаш адистерди тарбиялап чыкты. Жалаң гана айыл чарбасына эмгек жумшабастан улуттук спорт оюндарынын өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бурат. Негизин Ысык-Ата айыл өкмөтүнөн чыккан спортчулар түзгөн Ысык-Ата районунун спорттук командасы республикалык, облустук улуттук оюндар боюнча өткөрүлгөн мелдештерге катышып ар дайым байгелүү орундарды багынтып келишүүдө. Улуттук спортту өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошкон Сүйөркул Шаршеновичтин жасаган эмгеги бааланып Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Жергиликтүү башкарууга көп жылдык ак эмгегин жумшап, албан ийгиликтерди багынткан кынтыксыз иштери жалпы элдин, ошону менен бирге эле жетекчиликтердин ыраазычылыктарына татып, "Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн "Ардактуу атуулу" ардактуу наамы ыйгарылып, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу боюнча Агенттик тарабынан "Муниципалдык кызматтын мыктысы" төш белгиси менен сыйланган. Андан тышкары Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрацияларынын Ардак грамоталарына ээ болгон. Кыргыз Республикасынын Чүй областык "Кеменгер" нарктуу сыйлыгынын, Ысык-Ата районунун ардактуу атуулу наамынын ээси.



Сүйөркул Шаршенович үй-бүлөгө карамдуу мыкты ата. Жубайы Солпиева Айгүл Калыковна менен ынтымактуу өмүр сүрүп бир уулга татыктуу тарбия берип келишет. Айгүл Калыковна Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти, көп жылдар бою экономика жана каржы жаатында жоопту кызматтарды аркалап келет. Экөө тең айылдаштарынын, жакындарынын арасында өзгөчө сый-урматка, кадыр-баркка ээ болгон өз айылынын сыймыктуу адамдары.



Иса Өмүркулов,
Мыктыбек
Абдылдаев менен
О.Бөлөбалаевдин
120 жылдык
маарекесинде



Улу Ата
мекендик
согуштун
жеңишинин
65 жылдык
маарекесинде



# Алиев Бекзада Забидович

## Буденовка айылы

Берекеси төгүлгөн Чүй өрөөнүндө кимдер гана төрөлүп, өсүп, киндик каны тамганына сыймыктанбасын. Ошондой көрүнүктүү инсандардын бири Алиев Бекзада Забидович.

Бекзада Забидович 1964-жылдын 6-сентябрында Ысык–Ата районунун Буденовка айылында дыйкандардын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1971-жылдан 1982--жылга чейин Буденовка орто мектебинен билим алып, аталган мектепти ийгиликтүү аяктаган. 1982- жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, куралдуу күчтөрдүн Г.С.В.Г катарында кызмат кылып, 1984-жылы кайтып келген. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы кооперативдик техникумга окууга тапшырып, аны 1985-жылы аяктаган. 1986-1987- жылдары Ысык-Ата районунда алгачкы эмгек жолун баштаган.

Ысык-Ата райондук ПМК астындагы жаштар комитетинде комсомолдук бригаданын бригадири болуп иштеген. 1989-1990-жылдары Ташкенттеги Жогорку партиялык мектептен билим алган. Союз тараган мезгилден баштап өз үйүндө жеке чарбачылыкты уюштуруп, фермердик чарбаны иштетүүнү колго алган. Алгач баштаган иштин бир топ түйшүгүн тартып, кыйналууну баштан кечирип, бирок эртеңки келечекте бул иштин үзүрү күтүп турганына көрөгөчтүк кылып жатып чыдамдуулук, кайратмандык менен ийгиликти багынта алды. Жергиликтүү өз айылына өзгөчө кызмат көргөзүп, жоопкерчиликтүү иштерди аткаргандыгы үчүн айыл тургундары тарабынан айылдык кеңешке депутаттыкка талапкерлиги сунушталып, депутаттык кызматка келип, учурда эл үчүн эмгектенүүдө. Анын чарбачылык ишиндеги чоң тажрыйбасы айыл чарбасындагы иштерди колго алууда бир топ пайдасын тийгизип келет. Эмгектен качпай, санды эмес сапатты жогору баалагандыгы анын ак эмгегинин акыбетин кайтарууда.

Кочкорбаев айыл өкмөтүндө айылдык кеңештин депутаты. Түрк дияспорасынын төрагасынын орун басары, Аксакалдар кеңешинин мүчөсү жана кеңешчиси. Түрк жана кыргыз элинин, тагыраак айтканда эки



Түрк элчилигинде түрк парламентинин депутаттары менен жолугушуу учуру



Ата Түрк фондунун президенти академик Мүдүр Мусаев алтын медаль тапшырып жаткан учур



КРнын президенти жана Бишкек шаарынын мэри менен жолугушуу учуру

элдин ынтымагы, соода байланышы үчүн көптөгөн эмгектерди жасап иш жүргүзүүдө. Өзүнүн жеке бизнесинен түшкөн кирешелерден жергиликтүү тургундардын аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана бала бакча, мектептерге демөөрчүлүк кылып, жакындан жардам берип келет. Түрк диаспорасына кылган зор эмгеги үчүн алтын медалга татыктуу болгон.

Бекзада Забидович 5 баланын бактылуу атасы. Уул-кыздары:

Уулдарынын улуусу Алиев Рамиз Түркиянын Анкара шаарындагы Полициялык Академияны аяктаган. Учурда Анкарада командировкалык негизде аспирантурада билим алып жатат. Үй-бүлөлүү, эки жаштагы Самира аттуу кыздын атасы. Экинчи уулу Забид Токмок шаарындагы Жусуп Баласагын атындагы лицейде 10-класста окуйт. Кийинки баласы Захид Бишкек шаарындагы «Келечек» жеке лицейинде 6-класста, Саид ошол эле лицейдин 3-классында билим алышууда. Кызы Алиева Кова турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жылуу очоктун ээси. Жасмина, Сумия аттуу эки кыз, Мухамед атту уулдун энеси. Жолдошу Рустамов Рустам жеке ишкер.

Азыркы учурда Бекзада Забидович беш баланын жана төрт неберенин сүйүктүү жана камкор атасы. Айыл ичинде жогорку кадыр-баркка ээ.



Кызы Кова үй-бүлөсү менен.



Уулу Рамиз үй-бүлөсү менен.



Бекзада Забидович үй - бүлөсү менен



# Алыбаева Биян

## Карагай-Булак айылы

Агартуу тармагынын атайын билимин алган алгачкы жол баштоочуларынын бири, он эки баланы жарыкка алып келген “Баатыр эне”, учурудун кадырман карыяларынын бири Алыбаева Биян Бектургановна Чүй облусунун азыркы Ысык-Ата, мурунку Кант районуна караштуу Социалчы айылында 1929-жылы 8-мартта туулган. Атасы Бектурган, энеси Бытыш бир уул, эки кыздын ата-энеси болушкан. Биян апа эжеси Самар, бир тууганы Ташыбек менен бирге ата-энесинин тарбиясын көрүп өсүшкөн.

Биян Алыбаева азыркы Кычан Жакыпов атындагы мектепти аяктагандан кийин 1947-жылы ошол кездеги Фрунзе шаарындагы педучилищага окууга тапшырып, 1950-жылы окуу жайды аяктап мугалимдик кесипке ээ болуп чыккан. Алган билими боюнча агартуучулук жаатындагы эмгек жолун Кант районунун Четинди айылынан мугалим болуп баштаган. Ал айыл, иштеген мектеби анын эмгек жолунун гана башталышы болбостон турмуш жолунун да башаты болууга жол ачкан. Жолдошу Жанадилдин кесиби да мугалим болуп, экөө иштеринде да, турмушта да бир багытты тандаган, бири-бирине жөлөк болгон үй-бүлөлөрдөн болушкан. Өмүрлөшү Жанадил Жапалак аксакал менен Бурул эненин жалгыз уулу болгон. Атасы колхоздо айыл өкмөт, башкарма, энеси Бурул саанчы болуп иштеген. Биян апа менен жолдошу Четинди орто мектеби жоюлгандан кийин Карагай-Булак айылынан мугалимдик кесибин улантышкан. 1950-жылдан 1979-жылга чейин Ысык-Ата аймагында жаш муундарды тарбиялап үзүрлүү эмгектенишип, агартуу тармагына зор салым кошушкан.

Атадан жалгыз жолдошу Жанадил менен Биян апа он эки баланын ата-энеси болушуп, бир кесипти аркалаган бактылуу үй-бүлөнүн ырыскысы арткан. Сегиз кыз, төрт уулуна татыктуу тарбия беришти. Алардын билимдүү, адамгерчиликтүү, ыймандуу адамдардан болуп чыгышына аракеттерин жумшап келишти.



Жанадил ата



Биян апа



Кайнатасы Жапалак,кайненеси Бурул,
жолдошу Жанадил жана балдары менен

Тун кызы Клара 1947-жылы туулган, жогорку билимдүү, кесиби боюнча экономист. Учурда 67 жаш кутман куракта, 2 кыз, 3 уулдун энеси. Андан кийинки кызы Тамара айыл чарба институтунун бухгалтердик бөлүмүн бүтүрүп институтут жер иштери боюнча институтта башкы бухгалтер болуп эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. 2 уул,



Кайнатасы Жапалак, кайненеси Бурул жана тайкеси Бакаш



Улуу кызы Клара, күйөө баласы Чойбек үй-бүлөсү менен



Кызы Гүлмира, күйөө баласы
Мажит үй-бүлөсү менен



Улуу Медет, келини Гүлсүн кызы Чынара менен



Кызы Каныкей, күйөө баласы Суусамыр балдары менен



Уулу Азис, келини Гайнажамал балдары менен



Кызы Жылдыз, күйөө баласы Самар үй-бүлөсү менен



Биян апа кыздары менен



Эжеси Самар, иниси Ташибек, келини Сайра, күйөө баласы Эркин жана неберелери Телегей, Бегимай менен

1 кыздын энеси. Уулу Максат 1953-жылы туулган, жогорку билимдүү. Айыл чарба институтун аяктаган. Учурунда совхоздо мал чарбасы боюнча башкы врач, ферма башчысы болуп иштеп турган. Жубайы Айсалкын менен ынтымактуу турмуш кечирип, эки уул, эки кыздын ата-энеси болушкан. Төрт баласы тең жогорку билимдүү. Андан кийинки кызы Гүлмира 1956-жылы төрөлгөн, Самарканд шаарындагы соода-сатык институтун аяктаган. Жолдошу Мажит экөө ынтымактуу өмүр сүрүп, үч баланын ата-энеси болушкан. Балдарынын баарынын жогорку билимдүү болушуна шарт түзүп беришти. Кийинки уулу Медет 1958-жылы туулган. Айыл чарба техникумун аяктаган, беш баланын-төрт кыз, бир уулдун атасы. Жубайы Гүлсүнкан жогорку билимдүү. Каныкей 1960-жылы төрөлгөн, айыл чарба институтун аяктаган, кесиби боюнча бухгалтер. Жолдошу Сусамыр экөө үч баланын ата-энеси болушкан. Чачыкей 1962-жылы туулган, орто билимдин ээси, жолдошу Жоробек экөө эки уулдун ата-энеси болушкан. Кийинки уулу Азиз орто билимдин ээси, жубайы Гайнажамал экөө үч уул, эки кыздын бактылуу ата-энеси, учурда фермерлик чарба менен алектенет. Жылдыз 1966-жылы төрөлгөн, эки уул, эки кыздын энеси, жолдошу Самар менен бактылуу өмүр кечирип келет. Азим 1969-жылы туулган, орто билимдин ээси, учурда Ысык-Ата айылдык кеңешинин депутаты. Жубайы Эльмира экөө эки баланы тарбиялап



Улуу Азим, келини Элмира менен

өстүрүп келишет. Кийинки кызы Жамила 1971-жылы төрөлгөн, жогорку билимдүү. Жолдошу Эркин экөө ынтымактуу үй-бүлөлөрдүн катарын толуктап келишет, эки баланын бактылуу ата-энелери. Кичүү кызы Кенже 1976-жылы туулган, айыл чарба техникумун аяктаган. Жолдошу Нурлан экөө бир кыздын ата-энеси болушту.

Биян апа кадырлуу карылыкты баштан кечирип, уул-кызынан тараган бир айыл небере-чөбөрөлөрүнүн урмат-сыйына бөлөнүп, ак батасын, жакшы тилегин алардан аянбай жашап келет. 39 небере, 27 чөбөрөсү Биян апаны өзгөчө сыйлашат. Өмүр бою агартуучулук кесипти аркалаган ардактуу мугалим, асыл эне азыр да жакшы сөзү менен уул-келин, кыз-күйөө бала, небере-чөбөрөлөрүнө тирек болуп келет. Айылдын кадырлуу байбичеси, төрдүн көркү, ак бата ээси. Эне өз жакындарына гана эмес айыл ичине үлгү болоор адам. Шагы ийилген мөмөлүү дарак өндөнүп өзүнөн тараган 100гө чукул чүрпөлөрүнө энелик мээримин төгүп, аларга ак батасын арнап, жакшы тилегин айтып, жашоосуна ыраазычылыгын билдирет. Эненин тилегин актап балдарынын жөнөкөй, ак пейил, адамгерчиликтүү болуп өскөнү, келиндеринин оюндагыдай болуп чыкканы Биян эне өзүнүн бактысы деп санайт.



# Алыбаева Чачыкей

## Карагай-Булак айылы

1962-жылы Ысык-Ата районуна караштуу Ысык-Ата совхозунун Карагай-Булак айылында көп балалуу үй-бүлөдө төрөлгөн. Ата-энесинин туура тарбиясын көрүп, мээримине бөлөнүп, бир туугандар бири-бирине күйүмдүү болуп чоңоюшкан. Сегизинчи класска чейин туулган айылындагы мектептен билим алып, андан соң 9-10-классты Бишкек шаарындагы №5-мектептен улантып, ийгиликтүү аяктаган. Мектепти аяктагандан кийин келечек кесибин дүкөнчүлүктөн көрүп, ошол жаатта билим алган.

Чачыкей Жанадиловнанын алгачкы эмгек жолу Бишкек шаарындагы "Айчүрөк" борбордук универсалдык дүкөндөн (ЦУМ) башталган. Тандаган кесибин аркалап жүргөн учурунда Сокулук районунун Ак-Башат айылынын тургуну Ашырбаев Жоробек Сагынович менен турмуш жолун баштаган. Жолдошу Жоробек Сагынович Афган согушунун катышуучусу. 1980-жылдарда Афганистанда кызмат өтөп, ал жактагы кан күйгөн согушка катышып келген. Ал жактан мекенине аман-эсен кайтып келген соң Бишкек шаарындагы заводдордо эмгектенип жүргөн. 1990-жылдагы Ош коогалаңы, андан кийинки Баткен окуясына барып катышып, мекенди коргоого зор салымын кошкон. Мекен алдындагы өтөгөн ыйык милдети, Ата-Журтту коргоодогу эрдиктери үчүн бир нече медаль, сыйлыктар менен сыйланган. Алар курган жылуу уя, куттуу үй-бүлө ынтымактуу жашоо улап, эки баланын мээримдүү ата-энеси болушту. Улуу уулу Тынчтык Бишкек шаарында милиция кызматкери, юридикалык билимин улантууда. Үйлөнүп-жайланып, бир баланын атасы болгон учуру. Кийинки уулу Азамат жол-курулуш окуу жайын аяктаган, ал дагы учурда өз алдынча эмгектенип келет. Уулдарына татыктуу тарбия беришип, алардын эл кызматын аркалаган уулдардан болушуна аракет жумшап, бүгүнкү күндө небересин эркелеткен чоң эне, чоң ата болушту.

Афган согушунун ардагери Жоробек Сагыновичке өкмөт тарабынан Бишкек шаарынан үй берилген. Ал эми эл коргогон азаматтын теңи, өмүрлөшү, анын баардык жагдайдагы оор-жеңилин көтөрүп, турмушунун жолго салынышына чоң салым кошкон жубайларына берилген

"Мээримдүүлүк" ордени менен Чачыкей Жумадиловна да сыйланган.

Бир сырдуу чечкиндүү, үй-бүлө-сүнө бекем, карамдуу, өзүнө өзү бек туруп айтылган сөз, берилген убадага так турган, башкалардан да ошону талап кыла берген эр азаматтай мүнөзү бар Чачыкей эже бүгүнкү күндө заман талабына ылайык жеке ишкерлик менен алектенип, бизнес чөйрөсүнө аралашып келет.







# Алымбекова Фатима

## Эпкин айылы

1940-жылы 1-январда Чүй районунун Маданият айылында төрөлгөн. Атасы Токтоналиев Молдош Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери болгон. Согуштан кайтып келген соң кампачы, дүкөнчү болуп иштеген. Энеси Калипа үй тиричилиги менен алектенген.

Фатима Молдошевна Он-Бир-Жылга айылынан 8-классты аяктаган соң катуу ооруп калгандыгына байланыштуу окуусун уланта албай калган. 1955-жылы Кенес-Анархайдагы ооруканада чарба башчысы болуп иштеп турганында аны өмүрлүк жолдошу Шергазы ата бир көрүп жактырып калып ала качып кетет. Ошол мезгилде өзү он алты, жолдошу 20 жашта гана болушкан. Бир көрбөй келген адамына башында шар эле көнүп кете албай, кайненелеринин кайтаруусу менен жүрүп акырында көнүп кеткенин эне эсине түшүрүп, жылуу жылмайып айтып калат. Фатима Молдошевна жаштыгында эр жигиттей шар жүргөн, өзүнө тың аялзаты болгон. Жолдошу Шергазы Алымбеков 1935-жылы Эпкин айылында төрөлгөн. Кайнатасы Касымаалы совхоздо малчы болуп эмгектенген, кайненеси Анар Молдокулова мыкты аялзаты эле. Бул үй-бүлөгө келин болуп келгенден кийин Фатима апа совхоздо саанчы, андан кийин чабан болуп көп жыл эмгектенген. Иштеп жүргөн убагында көптөгөн сыйлыктардын ээси болушуп, жолдошу экөө бири-бирине эриш-аркак өмүр сүрүшкөн. Ак эмгектери үчүн “Жигули” автомашинасы менен сыйланышкан.

Мал багуунун түйшүгүнө аралашуу менен бирге сегиз баланы жарык дүйнөгө алып келип, аны тарбиялап-өстүргөн бактылуу эне, кадырман ата болушкан. 6 кыз, 2 уулу ата-энени сыйлаган, урматтаган балдардан болуп болуп бой жетип, ата-энесин кубанычка бөлөштү. “Алысты жакын кылган кыз” деп бекер айтылбаптыр, кыздарынын арты менен алыс-жакын аймактардан куда күтүштү. Улуу кызы Урумкан Көлгө турмушка чыккан, эки баланын энеси. Чолпон-Ата шаарында медайымдык кесипти аркалап келет. Кийинки кызы Уулкан Аламүдүн районунун Берлик айылында жашайт. Эки баласы бар, жеке ишкерлик менен алектенет. Алымкан 3 баланын



энеси, Эпкин айылынын келини. Сүйүмкан Кочкорго турмушка чыккан, бир баланын энеси, башкы бухгалтерлик кесипти аркалайт. Суусаркүл Таласка турмушка чыккан, 2 кызы бар, Бишкек шаарында жашап, Кыргыз Республикасынын Билим министрлигинде эмгектенет. Таалайкүл - эки кыздын энеси, Орусияда эмгектенип, бизнес багытында иш алып барат. Уулу Мырзабек менен келини Чынара төрт баланын - Тариэл, Нурбек, Баяман аттуу үч уул, Айгерим аттуу бир кыздын ата-энелери. Балдарынын кенжеси Табылды менен жубайы Эльвира - Кайрат, Аскат, Санжар, Ырыскелди, Каныкей аттуу уул-кыздарды тарбиялап келишүүдө. Учурда Фатима апанын 21 небере, 8 чөбөрөсү бар.

Фатима апа балдарынын бактысына балкып, неберелеринин сыйына арзыган бактылуу эне, "Баатыр эне" төш белгисинин ээси. Улуу-кичүүгө акыл-насаатын айткан, жаштарды туура жолго тарбиялаган кадырман чоң эне. Жакынкы жылдарга чейин эле кайын энеси Анар апа менен өз апасы Калипа апа экөөнү бирдей кадырлап багып, акыркы ичээр суусун оозуна тамызып, алардын ак батасын алган. Жолдошу Шергазы ата көп жылдар бою ооруп төшөктө жатып калган. Ошол учурда оорукчан жолдошун, эки энесин кабагым-кашым дебей кир жугузбай багып турду.

Фатима апа түз жүргөн, туура сүйлөгөн, калыстыган тайбаган инсан. Келиндери Чынара менен Эльвира да кайненесине жылуу мамиле жасап, сыйлап турушат. Табылды менен Эльвира эненин колундагы уул-келиндер, апа-



сын бапестеп багып келишет. 2012-жылы кыздары Алымкан, Таалайкүлдөр Москва шаарын кыдыртып, жер көрсөтүп, сый көрсөтүп келишти.

Учурунда жаштыгына, курчтугуна салып, эмгекти сүйүп, жасаган ишине өтө чоң жоопкерчиликтүү мамиле жасаганынын далили-малдын артында жүрүп суукту, бороонду тоотпой эмгек кылып, катар-катар балдарын жарыкка алып келип, кайра эле ысык-суукка аралашып жүрүп, азыркы мезгилде ден соолугуна байланыштуу буту ооруп таяк кармап калса да өткөн тагдырына, бүгүнкү күнү анын жасаган ак эмгегин баалап ызаат көрсөтүп турган кийинки жаштарга абдан ыраазы болуп келгенин жашырбайт. Качан болсун жылуу сөзүн аябаган Фатима апаны айыл эли да кадырлап, сыйлап турат. Тууганчылдык касиети, абысыны Жийдегүл менен кайда барбасын дайыма ээрчишип басып, ынтымакты бекем сактап, бирин-бири сыйлап эжесиндидей мамиледе болгону көпчүлүккө үлгү болуп келет.



Фатима апанын уул-кыздары, келини, неберелери



# Алымкулов Дүйшөнбек Качкынович

## Ысык-Ата районунун салык кызматкери

1959-жылы 21-декабрда Нарын областына караштуу Ат-Башы районунун Ак-Муз айылында жарыкка келген. Атасы Качкын колхоздо өмүр бою эмгек сиңирген чабан, жылкычы болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан адам болгон. 1995-жылы дүйнөдөн кайткан. Энеси Күлүйман да атасы менен бирге мал чарбасында эмгектенген. Ата-энеси эриш-аркак бактылуу өмүр сүрүшүп, 11 баланы тарбиялап өстүрүшкөн. Атасы "Лениндин 100 жылдык юбилейи" жана башка дагы үч-төрт медалдын, энеси "Баатыр эне" төш белгисинин ээси болушкан. Айыл ичине кадыры сиңген, оозго алынган алдыңкы адамдардан болгондору бүгүнкү күндө уул-кыздары үчүн чоң сыймык.

Дүйшөнбек Качкынович 1966-жылы мектеп босогосун аттап, 1977-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы Фрунзе кооперативдик техникумуна окууга тапшырган. Аталган окуу жайда окуп жүргөн мезгилинде Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1978-жылдан 1981-жылга чейин Беларуссия аскердик аймагында кызмат өтөгөн. Аскерден кайтып келген соң, 1981-жылы Фрунзе кооперативдик техникумун аяктап, ошол жылдан тартып 1990-жылга чейин Военно-Антоновка сельпосунда үзүрлүү эмгектенген. 1983-жылы Москва шаарындагы Советтик соода-сатык институтунун бухгалтердик эсеп жана чарба ишмерлигин тескөө адистиги боюнча сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган. 1988-жылы окуусун аяктап, экономисттик кесипке ээ болуп чыккан. 1990-1991-жылдары китеп жана маданият товарларынын республикалык базасында башкы бухгалтер болуп иштеген. 1991-жылдан 1995-жылга чейин Кант шаардык советинин башкы бухгалтери болуп эмгектенип келген. 1995-жылы Кант шаардык жана Ысык-Ата району боюнча МОНПнын жогорку эксперттик кызматын аркалаган. Ошол эле 1995-жылдын ноябрь айынан тартып азыркы мезгилге чейин мамлекеттик салык кызматынын Ысык-Ата райондук бөлүмүндө башкы инспектор болуп талбай эмгектенип келет.


Атасы Качкын, энеси Кулуйман

Дүйшөнбек Качкынович мамлекеттин салык кызматына жасаган зор эмгектери үчүн Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, областык, республикалык салык кызматынын грамоталары менен бир нече жолу сыйланган. 2009-жылы "Салык кызматынын мыктысы" төш белгисине ээ болгон.

Үй-бүлөлүү, бир уул, бир кыздын атасы. Жубайы Кыргыз мамлекеттик университетин аяктаган, экономисттик кесиптин ээси. Азыркы мезгилде МАУФи Б да башкы бухгалтер болуп эмгектенет.

Кызы Наргиза 1986-жылы төрөлгөн. Юридикалык Академияны аяктаган, учурда Жогорку Кеңеште эл өкүлүнүн кеңешчиси болуп иштейт. Максат аттуу бир уулдун энеси.

Уулу Төрөгелди 1989-жылы туулган. МАУПФиБинин компьютердик бөлүмүн бүтүргөн. Учурда Бишкек шаарында жеке ишкерлик менен алектенет.





# *Алымкулова Нурулкан Асанбаевна*

## Алмалуу айылы

1958-жылы 12-апрелде Кант районунун Интернационал айылында төрөлгөн. Атасы Абдрахманов Асанбай эмгек ардагери, энеси Абдрахманова Сиякан белгилүү балбан Саткынбай атанын кызы болгон, алар сегиз баланын ата-энеси болушкан.

Бурулкан Асанбаевна 1965-жылы мектеп босогосун аттап, 1975-жылы Ак-Тилек орто мектебин аяктаган. 1976-жылы Бишкек шаарындагы кооперативдик окуу жайына тапшырып, 1977-жылы аяктаган. 1977-жылдан тартып Ысык-Ата робкоопунда бухгалтер болуп эмгектене баштаган. Иштеген ишиндеги жетишкендиктери үчүн бир нече ирет Кыргызпотребсоюздун мактоо грамоталары менен сыйланган. 1977-жылы турмуштун улуу жолуна аттанып, Алымкулов Абатбек Сагынович менен кол кармашып үй-бүлө курушкан. Аялзатындагы аруулук, жароокерлик мүнөзгө ээ Нурулкан Асанбаевна алты баланы жарыкка алып келип, алардын мээримдүү энеси аталды. “Баатыр эне” Ал 2002-2003-жылдары АРИС уюмунда башкы бухгалтер болуп эмгектенген. Ошону менен бирге Ысык-Ата районунун Алмалуу айылына көптөгөн долбоорлорду түзүп, алардын ишке ашышына чоң жардам берген. Ошонун ичинен биринчилерден болуп нан жабуучу жай ачып, бир нече айылды ысык нан менен камсыз кылган. Азыркы күндө уулу Самат менен келини Кундуз энесинин баштаган ишин ийгиликтүү улантып, нан жабуучу жайдын ишин ары карай алып кетишти. Жолдошу Абатбек алты баланын атасы, жети неберенин чон ата, таятасы болду. Учурда Бишкек шаарындагы автобазалардын биринде эмгектенет.

Алардын улуу кызы Рахат үй-бүлөлүү, Италия өлкөсүнүн жараны. Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин аяктаган, кесиби боюнча программист. Уулу Темирлан О.Бөлөбалаев орто мектебинин 8-классында окуйт. Жолдошу илимий кызматкер. Бир баланын энеси. Кийинки кызы Нурзат Ж.Баласагын атындагы КУУнун экономика жана финансы бөлүмүн аяктаган. Турмуштан ордун таап, эки баланын энеси



болду. Учурда жолдошу Темирлан экөө Италия өлкөсүндө эмгектенишет. Үчүнчү кызы Гульзат Ж.Баласагын атындагы КУУнын юридика бөлүмүн бүтүргөн. Турмушта күтүп, эки баланын энеси. Учурда КРнын Башкы прокуратурасында эмгектенет. Жолдошу Нурлан жеке ишкерлик менен алектенет. Кийинки кызы Махабат Бишкек шаарындагы финансы техникумун аяктап, бухгалтер адистигине ээ болгон. Жолдошу Бекжан экөө бир баланын ата-энеси болушуп, Боз-Бармак айылында турушат, жеке ишкерлер. Уулу Самат Бишкек шаарындагы И.Раззаков атындагы техникалык университетин аяктоодо, кесиби боюнча МАИ кызматкери. Бир баланын атасы. Жубайы Кундуз Кыргыз-Орус Славян университетин кызыл диплом менен бүтүргөн, судмедэксперт адистигинин ээси. Учурда үй-бүлөсү-атасы Абатбек, уулу Нурхан менен Алмалуу айылында жашашат. Кичүү кызы Эльзат Бишкек шаардык Авияциялык колледжин аяктаган, кесиби боюнча-стюардесса. Турция өлкөсүндө эмгектенет. Татынакай уул-кызды жарыкка алып келип, аларга татыктуу тарбия, билим берүүгө умтулган Нурулкан Асанбаевна алардын жакшылыгын көрөөр учурда ден соолугунан жабыркап, 2004-жылы көз жумган. Айыл-апа, жоро-жолдоштору аны ар дайым жылуу сөздөрү менен эскеришет. Жолдошу жубайын, уул-кыздары, неберелери энесин көз алдында жок болсо да аны жанында деп санашып, жүрөгүндөгү жылуу мээрим менен араларында жүргөндөй кабыл алып келишет.



# Амазбекова Айнагуль Калысовна

## Ысык-Ата районунун борбордук бейтапканасынын акушер-гинекологу

1960-жылдын 10-апрелинде Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Саруу айылында төрөлгөн. Атасы Намазбеков Калыс 1933-жылы туулган. Социалисттик эмгектин баатыры, СССРдин Жогорку Советинин депутаты болгон. Энеси Намазбекова Керимкан-көп баланы жарыкка алып келген Баатыр эне. Ата-энесинин татыктуу тарбиясы, алардын көрсөткөн туура багытынын аркасында балдарынын баары билим алып, ар кесиптин ээси болушкан.

Айнагуль Калысовна мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин 1977-жылы Каракол шаарындагы медициналык училищасына окууга тапшырып, ошол жылдан тартып эле Караколдогу Ысык-Көл областык төрөт үйүндө санитарка болуп иштей баштаган. 1980-жылы Бишкек шаарындагы №3-төрөт үйүнө операциялык медсестра болуп ишке орношуп, жаш болсо да жоопкерчиликтүү ишти мойнуна алган. Сүйүктүү кесибин андан ары өркүндөтүп, жогорку билим алууга умтулган Айнагуль Калысовна 1982-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына тапшырып, 1988-жылы аяктаган. Ошол жылдар аралыгында күндүзү окуп, түнкүсүн №3-төрөт үйүндөгү ишин уланткан. 1988-1989-жылдары аталган төрөт үйүндө интернатурадан өткөн. 1989-жылдан тартып Ысык-Ата районуна караштуу Кант шаарындагы төрөт үйүндө акушер-гинеколог врачтык кесибин уланткан. Учурда да ошол ишин талбай улантып, ак элечек энелердин, ак жоолук кыз-келиндердин алкоосуна татып келет.

2002-жылы Чүй облустук администрациясынын грамотасы менен сыйланган. 2003-жылы райондук администрациянын Ардак грамотасына ээ болгон.

2006-жылы "Саламаттыкты сактоонун отличниги" төш белгиси менен сыйланган.



Айнагуль Калысовна Ысык-Ата районунда өзгөчө орду бар, улуу-кичүүнүн сый урматына арзыган врач. Анын жеңил колу аркылуу нечендеген аялзаты наристесин жарык дүйнөгө алып келип ыраазычылык билдирип келишет. Көп наристенин киндик энеси болгон. Анын жылуу мамилеси, дарыгерлик тажрыйбалуулугу ар бир аялзатынын көйгөйүн чечип берип, сакайтып келди.

Жолдошу Дербишев Малик Бишкек шаардык транспорт башкармачылыгынын башчысы. Экөө эриш-аркак таттуу турмушту баштан кечиришип, 3 баланын ата-энеси болушту. Улуу кызы Алтынай КРСУну аяктап, учурда "Билайн" компаниясында иштейт. Экинчи кызы Акылай да КРСУну аяктап, энесинин жолун улап учурда Канттагы төрөт үйүндө акушер-гинеколог болуп эмгектенүүдө. Уулу Урмат да Б.Н.Ельцин атындагы КРСУну аяктап, учурда Улуттук коопсуздук кызматында эмгектенет. Учурда небереси Аделяны эркелетишип, кубанычка бөлөнүп турган кездери.



# *Аманкулова Гүлүм Барыновна*

## Кант шаарындагы №20-балдар бакчасынын башчысы

1952-жылы 21-ноябрда Чүй райо-нундагы Онбир-Жылга айылында мугалимдердин үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Айтбаев Баарын 18 жашынан эмгек жолун баштап, 45 жыл эл агартуу тармагында эмгектенген. Бул эмгек жылдар аралыгында райОНО башчысы, мектептин директору болуп жооптуу иштерди аркалаган. Негизги кесиби тарыхчы жана географ болгон, атеизмден сабак берген. Энеси Көбөнова Жийдегүл дагы 45 жыл мугалим болуп иштеп, башталгыч класстарга билим берген. Агартуучулук менен бирге улуттук кол өнөрчүлүк менен алектенип, колунан көөрү төгүлгөн уз болгон. Эл аралык көркөм оймо-чийме көргөзмөсүнө катышып турган. 1975-жылы Кыргызстандын 50 жылдыгында катышып 1-орунду алган. 1997-жылы “Манас эпосунун” 1000 жылдыгында да өзү жасаган боз үйү менен сынакка катышып 1-орунду жеңип, боз үйү Президенттик үйдүн жанына тигилген. Азамат Алтай атабыз баштаган залкар адамдарды конокко алып, сый көрсөткөн. “Кыял” бирикмесинин алдында көптөгөн грамота, медалдар менен сыйланган. Кыргызстанда өткөн көптөгөн көргөзмөлөрүнө катышкан.

Гүлүм Барыновна 1969-жылы Онбир-Жылга орто мектебин ийгиликтүү аяктап, андан соң В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун мектепке чейинки балдарды тарбиялоо бөлүмүнө тапшырган. Турмуш-шартка байланыштуу сырттан окуп бүтүргөн. Эмгектин алгачкы чыйыр жолун 1969-жылы “Кыял” эл көркөм бирикмесинин сувенир жасоо цехинен баштаган. “Кыял” бирикмесине көптөгөн эмгек сиңирип, баш-аягы 16 жыл талыкпаган



Жолдошу Жаганша Аманкулович менен

эмгек жасады. 1977-жылы ушул эле бирикменин "Калпак" цехине начальник болуп барып 1985-жылга чейин иштеген. 1979-жылы Эл аралык Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө кыргыз эл чыгармачылыгына "Кыял" бирикмесинин атынан катышып, чоң-чоң шаарларды көрүү мүмкүнчүлүгүн алган. Чехословакиянын борбор шаары Прага, Боно, Братиславада болуп, бир ай бою кыргыз элинен кандай продуктылар чыгарын чет элдиктерге тааныштырып келген. "Кыял" бирикмесинде иштеп жүрүп сувенирлердин, кыргыз калпактарынын автору жана ошондой эле көптөгөн сыйлыкка, Ардак грамоталарга ээ болгон.

Жолдошу Аманкулов Жаганша Аманкулович менен 1972-жылы турмуш куруп, 4 кыз, 1 уулдун сүйүктүү энеси болгон. Уул-кыздары турмуштан ордуларын таап, эненин тилегин актаган, бакытка бөлөгөн балдардан болушту. Жолдошу милициянын полковниги, Чүй облусунун баардык райондорунда милиция бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. Акыркы кызматы Талас облустук УВДсынын началь-



Үй-бүлөсү менен

ниги болгон. 1997-жылы дүйнөдөн кайткан. Жолдошунун көзү өткөн соң кайгыга алдырып отуруп калбай өзүн колго алып, балдарына атасынын жоктугун сездирбей таалим-тарбия берип, жогорку билимдүү кылды. Ар бирин тууруна кондуруп, учурда балдарынын урмат-сыйына татып, дагы эле аларга кеп-кеңешин көрсөтүп, жол көрсөтүп келет.

Эмгек жолуна кайрыла турган болсок:

Өмүрлүк жарынын кызматына байланыштуу Гүлүм Барыновна да көп кызмат которгон.

1985-жылы Аксуу районундагы "Пивоводзаводдун" бала бакчасында директор болуп иштеген.

1990-94-жылдары Кемин районунда жооптуу секретарь, "Жаратылышты коргоо боюнча" начальник болуп эмгектенген.

1994-жылы Кант районундагы райондук ооруканада кадрлар бөлүмүнүн башчысынын кызматын аркалаган.

1999-жылы Ысык-Ата райадминистрациясынын алдында соода боюнча департаментинде менеджер болуп иштеген.

2002-жылдан баштап Ысык-Көл районунда Чолпон-Ата шаарына караштуу "Лазурный берег" пансионатынын директору болгон.



Синдилери Зулайкан, Нуркан, кызы Асел жана небереси Сайкал менен

2005-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Ысык-Ата районундагы Кант шаарынын №20-“Улыбка” мектепке чейинки балдарды тарбиялоо мекемесинде, башкача айтканда балдар бакчасында директор болуп иштеп келе жатат. Көптөгөн грамоталар менен сыйланган. 2007-жылы “Эл агартуунун отличниги” наамын алган. Район аралык кароо-сынактарда дайыма алдыңкы орунду алып турушат. Эмгек жамаатынын ынтымактуулугу, жогорку билимдүү, эмгекти жана тарбиялап жаткан балдардын ар бирине энедей мээрим төккөн дасыккан адистер экендиги менен сыймыктанат. Эмгек жамааты Гүлүм Барыновнаны сыйлашат, Гүлүм Барыновна ар дайым кесиптештерин сыйлап, аларга урмат көрсөтүп турат.



# Андабекова Алмагүл

## Сын-Таш айылы

1953-жылы Ысык-Ата районуна караштуу Карагай-Булак айылында төрөлгөн. Балалык чагы жаратылышы кооз, абасы таза, шар аккан суусу тиш какшаткан керемет айылда өтүп, 1961-жылы мектеп босогосун аттаган. 1971-жылы Сын-Таш орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. 1972-жылы тагдырдын буйругу менен Андабеков Назарбек менен кол кармашып, турмуш жолуна аттанган.

Алмагүл Андабекованын энеси Чабдралова Токтобүбү Карагай-Булак айылындагы алгачкы тракторист айымдардан болгон. Атасы Итибаев Ыбыш мал чарбачылыгы менен алектенген.

Эмгекти сүйүп, айыл жергесиндеги баардык ишке бышып өскөн Алмагүл Андабекова 1973-жылдан тартып Сын-Таш колхозунун кызылча талаасында эмгектенген. Эмгек жолун кызылчачыдан баштап андан кийин учетчица, звеньевой болуп иштеген. Эмгекчилдигинин аркасында эки жолу райондук кеңешке депутат болуп шайланган. Кызылча өстүрүүнүн сырын жакшы өздөштүрүп, чарбанын ишин алга жылдырып, киреше алып келген эмгекчил аялзаттарынын катарын толуктаган. Мээ кайнаткан жайдын ысык аптабында кызылча талаасында иштөөнүн оор түйшүгүн талыкпай көтөрүп, бел чечпей эмгектенди. Бел оорутуп, кол жооруткан кызылчачынын ак эмгеги жерде калбай, бир топ жоопкерчиликтүү милдеттерди да аркалаган.

2000-жылы Сын-Таш колхозунун таразачысы болуп иштеп жүрүп, 2002-жылдан бери өз алдынча чарбага тарагандан кийин өздөрүнө тийиштүү дыйкан чарбанын талаачылык иштерин колго алып, башкарып келүүдө. Жердин сырын, талаачылык иштердин көзүн таба билип, бул жаатта да ийгилик коштогон жетишкендиктерди багынтып келүүдө.

Алмагүл эженин бактысы тоодой адам. Жолдошу Назарбек жашоосунда абдан токтоо мүнөз адам. Айдоочулук кесиптин ээси. Сын-Таш колхозу жоюлганга чейин колхоздо талыкпай айдоочу болуп



үзүрлүү эмгектенип келди. Экөө баштаган турмуш жолдорун ынтымакта улашып, жашоодо бири-бирине жөлөк болуу менен 10 баланын-8 кыз, 2 уулдун бактылуу ата-энеси болушту. Колхоздун жумушу менен бирге үй-бүлөлүк турмушту аксатпай алып кетип, он баланы жарыкка алып келгени Алмагүл Андабекованын жашоодогу эң чоң жетишкендиги катары карап, ыйык эне катары чоң таазимге татыктуу.

Алмагүл Андабекова коомдук иштердин да активдүү катышуучусу. Коомдо болуп жаткан окуяларга кайдыгер карап отура албайт. КСДП партиясынын координаторлук милдетин аркалап, өлкөбүздүн тарыхына кара тамгалар менен жазылып калган 7-апрель окуясына Кыргызстандын эртеңки келечегине кайдыгер карай албаган эне катары катышып, өз салымын кошкон. Өлкөбүз өсүп-өнүп, алдыга жылып, эл турмушу оңолсо, жергебизде тынчтык орносо деген изги тилеги эненин тынчын алып, ал үчүн station аздыр-көптүр өз салымымды кошсом деген аракеттин үстүндө тыным албай келет. Азыркы учурда Сын-Таш айылындагы ден соолук комитетинин жетекчиси болуп иштеп келе жатат. Ар дайым жаштарга жол көрсөтүп, аларга үлгү болуп келет. “Ааламга жол-айылдан башталат” дегендей айылына жетишпеген мекемелер үчүн далбас уруп, жашы

алтымыштан ашып калса да келечек муундардын камын ойлоодо. Айылга балдар бакча ачсак деген демилге менен ушул учурда барбаган жери, какпаган эшиги калбай, баштаган ишин аягына чыгарсам деген аракеттин үстүндө тыным албай жүргөн мезгили. Ар дайым жеке башынан элдин жыргалчылыгын жогору коюп, ар дайым калк арасындагы көйгөйлүү маселелердин тамырын тартып, аны менен күрөшүп келген Алмагүл Андабекованын айылдаштарынын, элдин арасында кадыр-баркы жогору. Кайда болбосун ага урмат-сый көрсөтүп, кадырлап турушат.

Учурда Назарбек ага менен Алмагүл эже 18 небере, бир чөбөрөлүү болушуп бакытка балкып, наристелердин күлкүсүнө маашырланып, алардын кең келечегин тилеген чоң ата-чоң эне, таята-таене болгон учурлары. Активдүү эне азыр да айылдык мектепте ата-энелер комитетинин төрайымы. Кандай маселе болбосун ордунан чечип, туңгуюктан жол тапкан асыл сапаттары ар дайым бааланат.

Он баланы жарыкка алып келген Баатыр эне Алмагүл Андабекованын улуу баласы Мирбек менен келини Нихола ата-энесин кубанткан ынтымактуу үй-бүлөлөрдөн болушту. Кийинки уулу Нурбек да жубайы Батма менен оозго алынган үй-бүлөлөр. Кызы Назгүл Токмокто бала бакчада эмгектенет. Тоника мектепте китепканачы, Асель Ивановкада үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымы, Аида балдарына тарбия берген мыкты эне. Нагима Ысык-Ата курортунда эмгектенет. Бегайым Бишкек шаарында турат, эки баланын энеси. Уул-кыздары бой жетип, баары турмуштан өз ордуларын тапса, өз алдынча турмуштарын улаганына күбө болсо ата-эне үчүн бул өзүнчө бакыт, сыймык, мактаныч болот тура. Ар кимиси ар кесипти аркалап, ата-энесине урматын көрсөтүп турган уул-кыздарынын амандыгын тиленип, жакшылыгына гана күбө болсок экен деп жашап келишет. Адам баласы үчүн кээде турмушта тагдырдын сыноосун баштан кечирүүгө туура келет экен. Ата-эне 1996-жылы оорунун айынан көз жумган Оксана аттуу кызынан айрылып калышкан. Бул эне үчүн чоң күйүт, орду толгус жоготуу. Ошентсе да тирүүчүлүктө ага да моюн сунуп, башкаларынын ден соолугун Жараткандан сурап, кайрат жыйнап, дагыда болсо эл үчүн жасай турган алдыда көп иштери бар экенине ишеним артып жашоо улоодо. Алмагүл эженин калыстыгы, тактыгы, көрөгөчтүгү, уюштургучтугу артынан келе жаткан жаштарга чоң үлгү катары жол көрсөтүп келет.





# *Андашев Турдубек Темиркулович*

## Ысык-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы

Айыл чарбасынын, элдин жашоо деңгээлинин өнүгүшүнө кошкон салымы зор, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын мыктысы, Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын мыктысы Андашев Турдубек Темиркулович 1955-жылы 4-январда Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Нурмамбет айылында төрөлгөн. Балалыгы туулуп өскөн айылынын ажайып табиятынын арасында өтүп, издери чаң баскан айыл жолдорунда калган. Ал мезгил артта калса да, азыр ошол күндөргө болгон сагыныч, айылына болгон сүйүү дагы эле анын жүрөгүндө сакталып келет. Мектеп босогосун аттап, жакшы баалар менен окуп жүрүп, мектепти ийгиликтүү аяктаган. Андан соң студент болсом деген тилегин ишке ашырып, окуусун андан ары улантуу максатында 1972-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтуна тапшырып, 1977-жылы окумуштуу- зоотехник адистигине ээ болуп, окуу жайын ийгиликтүү бүтүрүп чыккан.

Айылда жашап, жердин, малдын сырын билип өскөндүк кылып, ал тандаган кесибинен жаңылган жок. Окууну аяктаган жылы Чүй облусунун Чүй районуна караштуу Ак-Бешим совхозунда улук зоотехник-селекционер болуп эмгек жолун баштаган. Ал жерде 1978-жылга чейин иштеп, андан соң 1984-жылга чейин Ысык-Ата районунун Жданов атындагы колхоздо, Калинин атындагы совхоздо, "Сын-Таш" колхозунда башкы зоотехник болуп эмгектенген. 1984-жылдан 1987-жылга чейин Ысык-Ата райондук аткаруу комитетинин айыл чарба башкармалыгынын башкы зоотехниги болуп иштеп турган. Ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасап, айыл чарбасын, мал чарбасын жакшы билген Турдубек Темиркуловичтин мыкты адис



Темиркул ата



Алтын апа

экендиги дароо эле көзгө илинип, жетекчилик жооптуу кызматтарды ага зор ишеним менен тапшырышкан. 1987-1991-жылдары Партиянын Ысык-Ата райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн инструктору, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, Ысык-Ата райондук агроөнөр жай бирикмесинин төрагасынын биринчи орун басары, Кыргызстан Компартиясынын Ысык-Ата райондук комитетинин экинчи катчысы, биринчи катчысы кызматтарын аркалаган. 1991-жылдан 2009-жылга чейин Нурмамбет айылдык кеңешинин төрагасы, Ысык-Ата райондук Нурмамбет айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенген. Ушул жылдардын ичинде айыл өкмөтүнүн социалдык жактан өсүп-өнүгүшүнө 55 млн. сомго жакын чет элдик инвестиция тартылган. Ал убакта айыл өкмөтүнүн каржы маселеси өтө оор абалда эле.

2009-жылдан бери карай Ысык-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, азыркы мезгилге чейин Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары болуп үзүрлүү иштеп келет. Үрөн чарбасын, мал чарбасын өнүктүрүү үчүн көп иш-аракеттер жасалды. 14 айыл өкмөтүндө бодо малды жасалма жол менен уруктандыруу иштери колго алынып, 3 үрөн чарбасы түзүлдү.

Жетекчилик кызматтарды аркалап, коомдук иштерге жигердүү катыша алган Турдубек Темиркулович Чүй облустук советинин, Ысык-Ата райондук кеңешинин, Нурмамбет айылдык кеңешинин депутаттыгына шайланган. Эл мүдөөсүн ишке ашырып, калк камылгасын көрүп, Турдубек Темиркулович көптөгөн колго алаарлык иштерди жасаганы эл арасында мактоого татып келет. Турдубек Темиркулович менен бирге иштешип, анын жетекчилиги алдында иш алып баргандар учурда мейли эс алууга узашсын, мейли башка жерлерде эмгектенишсин, ар дайым аны мыкты жетекчи, адамгерчилик сапаты бийик инсан катары сыйлап, оозунан түшүрүшпөйт. Түпкүлүгүнөн ыйманы тунук, бой көтөргөн сапаттан алыс экенин айтышат. Бул да болсо кайсы кызматты аркаласаң да баардык жерде адамгерчилик сапат жогору турат дегендин анык далили десек болчудай. Анын жасаган иштери өз учурунда татыктуу бааланып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасы, "Манас" эпосуна1000 жыл" медалы менен сыйланган. Турдубек Темиркулович Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын биринчи класстагы кеңешчиси болуп эсептелет. Кырк жылга жакын убакыттан бери талыкпай эмгектенип, элдин жашоо деңгээлинин көтөрүлүшүнө салмактуу салым кошуп келет.

Турдубек Темиркуловичтин адамгерчиликтүү сапаты, бирге иштешкендери менен тил табыша билгени, ар кандай максаттуу иштерди жасап, жакшы натыйжа жарата алган адистиги мактоого татыйт. Анын калыптанган мүнөзүндөгү жөнөкөйлүгү, ар бир адамга болгон урмат-сыйы, эмгекчилдиги ага ата-эне тарбиясынан өткөн. Атасы Андашев Темиркул Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, советтик, партиялык, чарбалык кызматтарда иштеген. Энеси Абдразак кызы Алтын Чүй районунун Кара-Ой айылында төрөлгөн, балдарына өзгөчө мээрман, карамдуу эне болгон. Ал көп баланы жарыкка алып келген "Баатыр эне" болгон. Алар балдарына туура тарбия берип, эл кызматында ак эмгек жасаган, эң башкысы адамдык сапатты бийик сактап, жаман адаттарды жанына жуутпай, биримдик менен ынтымакты туу тутуп, бой көтөрүүдөн алыс болууга үйрөтүшкөн. Ата-энесинин айткан акылдарын кийин турмушунда пайдаланып, Турдубек Темиркулович аларга миң мертебе ыраазычылыгын билдирип келди.

Жубайы Андашева Жийдегүл Калиясовна менен экөө 40 жылдан бери бирге түтүн булатып, бир уул, үч кыздын ата-энеси болушту. Өз

балдарына да ата-энелери сыяктуу тарбия берип, алардын да жакшы адамдардан болуп өсүшүнө салым кошушту. Жубайы жогорку билимдүү, кесиби боюнча педагог. Учурда ардактуу эс алууда. Уул-кыздарынын билимге ээ болуп, өз алдыларынча иштеп, эмгек менен алга жылуусуна күч жумшашты. Учурда уулу Улан-Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде юриспруденциядан сабак берет. Кыздары Айзаада, Айнура, Анаралар жогорку билим алышып, банк кызматын аркалашууда. Ар бири бой жетип, илим-билимге сугарылып, турмушта өз туурларына конуп, ата-энесине небере тартуулап, кубанычка бөлөп турган учурлары. Азыркы мезгилде Алтынай, Амантур, Акылай, Амина, Элина, Амалья, Руслан, Аймира аттуу таттуу неберелердин чоң ата, чоң энеси, таята-таенеси болушуп, жашоонун жыргалын тартуулаган неберелердин кубанычына бөлөнүп жашап келишет.



Жубайы Жийдегүл жана небереси менен



Кыздары Айзада, Айнура, Анара жана жээндери Амина, Элина



Небереси Руслан жана Азат Токталиевич менен



Уулу Улан үй-бүлөсү менен



Айыл-чарба майрамын өткөрүү күнү



# Аралбаева Алтынкыз Рысбековна

## Ысык-Ата аймактык ооруканасынын директору

1967-жылы Ысык-Ата районундагы Чолпон айылында төрөлгөн. Жарык жашоого өмүр тартуулаган эң ыйык ата-энелери Аралбаев Рысбек жана Аралбаева Бопуйкан. Кызынын дарыгер болуусун каалаган атасынын жарык дүйнөдөн эрте кетиши балдары үчүн орду толгус жоготуу болгон. Энеси Бопуйкан эне балдарынын тиреги болуп бактылуу карылыктын доорун сүрүүдө. Өзү 6 бир тууган. 4 сиңдиси, 1 иниси өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болгон кымбат адамдары. Кызы Асия бал тили менен энесин бакытка бөлөп чоңоюп келет.

Алтынкыз Рысбековна Кыргыз мамлекеттик медициналык институтун жана интернатураны дарыгер-стоматолог адистиги боюнча аяктагандан кийин Токмок шаарындагы стоматологиялык поликлиникасында эки жыл эмгектенген. 1992-жылдан тартып 1993-жылга чейин Ысык-Ата районундагы Гидростроитель айылдык дарыгерлик амбулаториясында адегенде дарыгер-стоматолог болуп иштеп, андан кийин ушул эле мекемеде башкы дарыгерликке которулган. 1993-жылы Ысык-Ата райондук борбордук ооруканасында калкты медициналык тейлөө боюнча башкы дарыгердин орун басарлыгына которулуп, 1997-жылдан баштап Ысык-Ата райондук борбордук ооруканасына башкы дарыгердин милдетин аткаруучу болуп дайындалат.

Административдик-аймактык бирдикке бириктирилгендигине жана Ысык-Ата районуна түзүлгөндүгүнө байланыштуу 1997-жылдан баштап Ысык-Ата номерлик ооруканасына башкы дарыгерликке дайындалып, бул кызматта 2001-жылга чейин иштеген. Ал башкы дарыгерлик кызматта иштеген учурунда ооруканынын материалдык-



Үй-бүлөсү менен

техникалык базасы чыңалып, Нурманбет жана Рот-Фронт айылдарында айыл-аймактык ооруканалары ачылып, жабдылган. Бул шаардан алысыраак жайгашкан айылдардын калкынын сапаттуу медициналык жардам алуусуна жакшы шарт түзүп берген. Ивановка айылдык кеңешине депутаттыкка шайланган. Ал бардык иштеген аймактарда өзүн сабаттуу, демилгечи жана мыкты жетекчи катары көрсөтүп келет.

Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборун чыңдоодо жана жолго коюу мезгилинде райондун дарылоо, алдын алуу мекемелерин реструктуризациялоого активдүү катышып, каржылоонун жаңы механизмине өтүүгө жана ҮБДБ медициналык кызматкерлерине эмгек акы төлөө системасына, медикаменттердин эсебинин бирдей формасын түзүүгө чоң салымын кошкон. Ал ҮБДБ ишине бейтаптарды дарылоонун жана дарт аныктоонун жаңы ыкмаларын активдүү киргизген.

Райондун жашоочуларына сапаттуу медициналык жардам көрсөтүүнү жогорулатууга жана жакшыртууга, социалдык оорулардын алдын алуу жана азайтууга, ҮБДБ, ҮБДТ, ФАПтардын материалдык-техникалык базасын чыңдоого багытталган Улуттук, мамлекеттик программаларды жана мыйзамдары ишке ашыруу боюнча иш чара-

ларды өткөрүп келет. Алтынкыз Рысбековнанын жетекчилигинин алдында ҮБДБ, Ысык-Ата аймактык ооруканасы облустун жана райондун бардык кызматтары менен тыгыз иш жүргүзүп келет.

2003-жылы ҮБДБ биринчилерден болуп аккредитациядан өтүп, жогорку категориядагы аккредитацияланган мекеме статусуна ээ болгон. 2006-жылы "Мыкты ҮБДБ" облустук конкурсунда Ысык-Ата районундагы ҮБДБ жеңүүчү болуп табылган. Алтынкыз Рысбековна 2007-жылы Ысык-Ата аймактык ооруканасына директорлукка дайындалган. Квалификациялуу уюштуруучу жана жетекчи катары ал дайыма областтын жана республиканын дарылоо, алдын алуу мекемелеринин жетекчилерине практикалык жана методикалык жардамын көрсөтүп келет. Ысык-Ата аймактык ооруканасы жогорку категориядагы оорукана болуп саналат. Анын жетекчилиги алдында аймактык оорукананын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча калкка медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн сапаты боюнча иштер жүрүп, Улуттук жана мамлекеттик, КРнын мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча иштер улануувда. Гранттарды жана инвестицияларды тартуу иштери жүргүзүлүүдө.

Дайыма өзүнүн кесиптик деңгээлин жогорулатып турат. 2010-жылы ноябрь айында Евроазия региондору үчүн саламаттык сактоо системасын өнүктүрүү боюнча Флагманиянын Жетинчи курсуна катышып келген (Испания, Барселона шаары). 2012-жылдын ноябрында "Оорукана менеджменти", "Эне-бала-ден соолук" темасындагы курс менен таанышып, катышып келген (Германия, Берлин шаары).

Алтынкыз Рысбековна жогорку категориядагы дарыгер-уюштуруучу, "Саламаттык сактоонун отличниги". 1999-жылы райондук мамлекеттик администрациянын Ардак грамотасына, Чүй облустук саламаттык сактоонун Ардак грамотасына, облустук мамлекеттик администрациясынын баалуу белектерине ээ болгон. Юриспруденция боюнча экинчи жогорку билими бар. Республиканын жана облустун саламаттык сактоо кызматкерлеринин арасында, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын жана райондун калкынын арасында урмат-сыйга, кадыр-баркка ээ.




Ооруканaнын администрациясы менен




Оорукананын бөлүм башчылары менен



# Аргынбаев Керимкул

## Эпкин айылы

Эпкин айылынын тургундары, бак-тылуу түгөйлөр Аргынбаев Шейшеке менен Сырдыбек кызы Кырмызынын үй-бүлөсүндө 1952-жылы 5-декабрда Аргынбаев Керимкул Шейшекеевич жарык-ка келген. Атасы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, 2-топтогу майып болгон.

Мектепти аяктагандан кийин Токмок шаарындагы ДОСААФтын айдоочулук курсун бүтүргөн соң аскерге чакыруу алган. Аскердик кызматын Орусиянын Чита шаарында 1970-1972-жылдары өтөп келген.

1974-жылы Шаршеева Калия Имангазиевнага үйлөнүп, түндүк көтөрүшкөн. Фрунзе шаарындагы финансы техникумунда окуп жүргөн кызды бир көрүп эле жактырып, түбөлүк жар болуп бере турган адамы ушул экенине ынанган. Жубайы Калия 1955-жылы 1-ноябрда Ысык-Көл облусунун Долинка айылында төрөлгөн. Ата-энеси өмүр бою колхоздо ак эмгектен баар таап иштеп, балдарын татыктуу тарбиялап өстүргөн адамдардан болушкан. Керимкул Шейшекеевич жубайы экөө учурунда Фрунзе жана Кант шаарларында иштеп жүрүшүп, кийин Калинин совзозунда механизатор болуп болуп иштеп, алдыңкы механизатор катары көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. 1983-жылы Калинин совхозунда жүгөрү боюнча бригада түзүлүп, аны Шаршеев Шарип жетектеп турган. Бригадада Аргынбаев Керимкул комбайн айдап иштеп, Прибалтика, Москва, Ленинград шаарларына туристтик жолдомо менен сыйланып барып келген. 1985-жылы жүгөрү чабык учурда комбайнда отурган Керимкул ага кырсыкка кабылып эки бутун тең комбайндын бычагына алдырып алган. 1985-жылдын 10-октябрында болгон бул кырсыктуу окуя айыл элинин үрөйүн учуруп, оор абалга алып келген. Ошондон бери ал эки бутуна протез



Кулия апа, уул-келини, неберелери менен



Үй-бүлөсү менен

салдырып, бирок кайраттуулук, өжөрлүк менен тагдырдын сыноосун жеңип, азыркы учурга чейин машина айдап балдарына опол тоодой бел болуп келет. Эпкин айылынын машина, тракторлорунун баары Керимкул аганын колунан өтөт. Үйүнөн айылдагы бузулган машина, трактор, кыскасы техниканын баардык түрүн оңдойт. Жолдошун ар дайым колдоп, кабагым-кашым дебей жайнап турган үйдүн куту, Керимкул аганын жан шериги Калия эже балдарына камкор эне, жолдошуна боорукер жар болуп, элдин урмат-сыйына арзып келет. Экөө 3 эркек, 2 кыздын бактылуу ата-энелери. Улуу баласы Тилек Бишкек шаарында маршруттук такси айдап иштеп үй-бүлөсүн, 3 баласын багып келет. Жубайы Асемкан экөө Эрболот, Элина, Аделя аттуу уул-кыздарды тарбиялашууда. Экинчи уулу Малик айылда жер иштетип, айыл-чарба техникалары менен элге кызмат кылып келет. Келинчеги Нагима менен ынтымакта өмүр сүрүп, Нурболот, Даниель аттуу уулдардын жана ушул китепти даярдоого отурган күнү жарыкка келген сүйкүм кызы Сайкалдын ата-энеси болушту. Марс болсо сүйгөн жары Токтайым экөө Москва шаарында иштеп жүрүшөт. Кызы Кымбат Таластын ке-



Кызы Махабат, күйөө баласы Булат балдары менен

лини, Таалайкүл, Алина аттуу кыздарды күйөө баласы Максат экөө тарбиялап келишүүдө. И. Арабаев атындагы педагогикалык университетти аяктап, учурда Москва шаарында эмгектенет. Экинчи кызы Махабат Кегети айылында күйөө баласы Булат менен турмуш куруп жашап келе жатышат. Амангелди, Марсель, Раян аттуу 3 уулдун, Нурайым аттуу кыздын энеси болгон чагы.

Керимкул Шейшекеевичтин үй-бүлөсү Эпкин айылында жакшы кадыр-баркка ээ. Балдары өз турмушун тың алып кетишти. 2014-жылы Керимкул агага Нурманбет айыл өкмөтүнөн "Мыкты дыйкан", "Айылдын ардактуу атуулу" наамдары берилди.

Калия эже жолдошу Керимкул менен бирге өмүр кечирип келе жаткан тагдырына ыраазы. Экөө кол кармашып турмуш жолун баш-ташкандан бир жашоонун алдыга койгон сыноолорун бирге жеңип өтүшүп, азыр неберелердин жакшылыгына күбө болуп келишет.




Керимкул ата үй-бүлөсү менен



# Асаналиева Ырыскүл

## Кант шаары

Асаналиева Ырыскүл Үсөновна 1953-жылы 15-апрелде Ысык-Көл облусуна караштуу Түп районунун Тепке айылында Асаналиев Үсөн менен Байботоева Урпайдын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Сегиз бир туугандын-эки уул, алты кыздын экинчиси. Мектеп жашына чейинки балалык чагы Тепке айылында өткөн. Кийин турмуш-шартка байланыштуу Ат-Башы районунун Ак-Муз айылына көчүп барышкан. Ошол айылдан окуп, 1970-жылы Кызыл-Аскер орто мектебин аяктаган.

Мектепти аяктаган соң улуу турмуш жолуна аттанып, Кадыров Жалий менен бирге түтүн булатып, кол кармашып үй-бүлөлүк жашоо башташкан. Экөө ынтымактуу өмүр сүрүшүп, эки уул, алты кыздын сүйүктүү ата-энеси болушту. Алардын ичинен кичүү уул, кенже кыздары эгиз. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, колдорунан келишинче билим берүүгө болгон аракеттерин жумшашты.

Кыздарынын улуусу Гүлмира мугалим, уулу Талант дыйканчылык менен алектенет. Замир мал чарбачылыгын башкарат. Айнагүл медицина кызматкери. Кийинки кызы Гүлсайра бухгалтерлик кесиптин ээси. Наргизанын кесиби-эколог. Гүлзат менен Нурзат салык кызматынын адистиги боюнча билим алышкан. Учурда Ырыскүл эже менен Жалий ага он тогуз неберенин сүйүктүү чоң ата-чоң энеси, таята-тенеси болгон чагы. Уул-кыздарынын, келин-күйөө балдарынын жакшылыгын көрүп, неберелеринин күлкүсүн угуп кубанып турган учурлары. Сүйлөгөн сөзү нарктуу, жаштарга акыл-насааты бар Ырыс эжени таанып-билгендер урмат-сый менен мамиле жасап турушат. Жалий ата экөө адамгерчиликтүү, акыл-эстүү, кыргыз элинин нарк-насилин сыйлаган уул-кыздарды тарбиялап, бүгүн алардын сыйына арзып турган мезгилдери.



Бул үй-бүлө 1970-жылдан 1994-жылга чейин мал чарбачылыгында эмгектенишкен. Мал багуунун түмөн түйшүгүн тартышып, ысык-суукту башта-рынан кечиришкен. Үзүрлүү эмгек жараткандыгы үчүн Ырыс эже районго депутат болуп шайланган. Жалий ата 1980-жылы Москва шаарына жолдомо менен барып эс алып келген. Учурда ардактуу эс алууда. Ден соолугуна байланыштуу Чүйгө көчүп келишип, көп жылдардан бери Кант шаарында турушат.



Үй-бүлөсү менен



# Асанбеков Ташмат Кадырович

## Карагай-Булак айылы

1959-жылы 25-декабрда Кант районунун Ысык-Ата совхозуна караштуу Карагай-Булак айылында төрөлгөн. Балалыгында малга жакын өсүп, мектеп кийин мал багуу менен алек болгон. Атасы Асанбеков Кадыр 1981-жылы дүйнөдөн кайткандан кийин өкмөттүн бир короо коюн багууну мойнуна алып, атасынын жолун жолдогон. Ошол мезгилде Ташмат ага 19 гана жашта болгон. Дээрлигинен өзү тың, чыйрак жана өз ишине так берилгендиктен ошол эле 1981-жылы жүзүнө жүз беш баштан козу алып, өкмөттүн сыйлыгына татыктуу болгон. Жаш болсо да мал багууну түйшүк деп эсептебей эмгегинен баар тапкан тубаса мал киндиктүү адам аталды.

1983-жылы 24 жашында партияга өткөн. 1984-1985-жылдары бир нече жолу Ардак грамоталар менен сыйланган. 1992-жылы Союз тарап, Карагай-Булак айылы Ысык-Ата совхозунан өзүнчө бөлүнүп чыгып, Бириккен дыйкан чарба болуп уюшат. Анда дагы Ташмат Асанбеков чарбанын жылкысын алып, жылкынын санын көбөйтүп чарбага жакшы киреше алып келген. Малды өстүрүүнүн сырын жакшы өздөштүрүп билген Ташмат ага азыркы мезгилде өзүнчө фермерлик чарбаны иштетип, малдын асыл тукумдуулугун өстүрүп келет.

Ташмат Асанбеков жубайы Асанова Күлүмкан менен 31 жылдан бери чогуу ынтымакта жашап, 3 уул, 1 кыз, 7 неберени чоңойтуп бактылуу үй-бүлөлөрдүн катарын толуктап келе жатышат. Балдарына камкор, үлгүлүү ата.

Улуу баласы Нияз жогорку окуу жайды аяктап, азыркы мезгилде Ысык-Ата районунун ички иштер бөлүмүнүн Ново-Покровка айы-

лындагы участкалык мили-ционери болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү, төрт баланын атасы.



Ортончу уулу Байыш атасынын жолун улап фермерлик чарба менен алектенет. Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.

Уулдарынын кенжеси Кыдыр Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык инсти-тутунун 5-курсунун студенти.

Кичүү кызы Кундуз мектепти жаңыдан аяктап, Токмок шаарындагы медициналык окуу жайында билим алууда.





# Ашырбекова Жумабубу Насирдиновна

## Нурмамбет айылы

1951-жылы Нарын областына караштуу Ат-Башы районунун Ак-Моюн айылында төрөлгөн. 1958-жылы мектеп босогосун аттап, туулган айылындагы мугалимдерден татыктуу билим алган. 1965-1966-окуу жылында Фрунзе шаарындагы керек-жарак техникумуна окууга тапшырып, 1969-жылы ал окуу жайды ийгиликтүү аяктап, "Бухгалтер-экономист" адистигине ээ болуп чыккан.

1969-жылдан 1992-жылга чейин үзгүлтүксүз соода жаатында, автобазада жана суу чарбасында эмгектенген.

Бишкек шаарындагы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, мугалимдик кесиптин да ээси болгон. 1992-жылдан 2010-жылдын март айына чейин Ысык-Ата районунун Мокиш Койбагаров атындагы орто мектебинде мугалим болуп эмгектенип келди. Азыркы учурда ардактуу эс алууда. Талыкпай үзүрлүү эмгек кылган иш тажрыйбасына кырк жыл болду. Бул Жүмабүбү Насирдиновнанын эмгекти сүйгөндүгүнүн белгиси экени анык. Кырк жыл бою ар тармакта эмгектенүү менен бирге жеке жашоосун унутта калтырбай тогуз баланы жарыкка алып келди, "Баатыр эне" наамынын ээси.

Жолдошу Ашырбаев Ишен да эки кесиптин ээси, жогорку билимдүү. Учурда ардактуу эс алууда. Экөө турмуш курган күндөн тартып бирин-бири түшүнүү менен жашоо улап, билим алууга, эл үчүн эмгек жасоого аны менен бирге үй-бүлөдөгү ынтымак менен берекени арттырып, эриш-аркак алып кетүүгө чоң салым кошуп, анын аркасында чыныгы бактылуу турмушка жетишишти. Биринин артынан бири жарыкка келген тогуз наристе үйдү бакытка бөлөп, берекеге толтурду. Ата-энесине кубаныч тартуулаган ошол уул-кыздардын баары жогорку билимге ээ болушуп, алардын үмүттилегин акташууда. Ар бири ар кесиптин ээси. Балдар ата-энени карап түзөлөт дейт. Бири-бирине жаман айтышпай, билимге терең көңүл буруп, өмүр бою эмгекти сүйүп келген Ишен ага менен Жумабүбү эженин уул-кыздары да бүгүнкү күндө ар тармакта эмгектенип келишет. Улуу баласы Ильич



жол курулуш техникумун аяктаган, 2 баланын атасы. Ританын кесиби экономист, КУУну бүтүргөн, 5 баласы бар. Рима 3 кыздын энеси, кыргыз тил, адабиятынан мугалим. Индира да мугалимдик кесиптин ээси, 3 баласы бар. Венера чет тилинен мугалим, 3 баланын энеси. Замира экономист-программисттик кесипке ээ болгон, 2 баласы бар. Манас КУУнун финансы-кредит бөлүмүн аяктаган, 2 баланын атасы. Ринат КУУнун бажы кызматы бөлүмүн бүтүргөн, 1 кызы бар. Кенже кызы Айгерим КУУнун журналистика факультетинин студенти.

Жумабүбү Насирдиновна бактылуу эне, сүйүктүү жар. Жолдошу Ишен ага экөө бүгүнкү күндө тогуз баланын ата-энеси, жыйырма бир небере, бир чөбөрөнүн чоң-ата, чоң-эне, таята-таенеси болуп, алардын кубанычына бөлөнүп, төрдөгү сыйлуу орунду ээлеп бактылуу турмушту баштарынан кечирип келишет.





# Байсов Таштанбек

## Новопокровка айыл аймагынын башчысынын орун басары

1950-жылы Аламүдүн районундагы Берлик айылында төрөлгөн. 1957-жылы Берлик орто мектебинин босогосун аттаган. 1962-жылы үй-бүлөсү Кант районунун Алмалуу айылына көчүп келишкендигине байланыштуу ошол жылдан тартып Горная-Серафимовка орто мектебинде окуусун улантып, 1965-жылы 8-классты аяктаган. Жайкы каникул учурунда агасы Жапаров Байсал Суусамырга кой кайтарышып кел деп алып кетет. Ошондон тартып Таштанбек Байсовго эмгек китепчеси ачылып, эмгек стажысы жүрө баштаган. Жайкы каникулдан кайтып келген мезгилинде айылдагы өзү теңдүү балдар Токмок шаарындагы №4-СПТУга, мурунку ШМКга тракористтин окуусуна стипендия төлөнүп совхоздун жолдомосу менен кетип жатышыптыр. Аларга кошулуп бир жылдык тракторист-механизатордун окуусуна кирип, 9-классты кечки окуу менен аяктаган. Бир жылдык окууну аяктап, айылына келген мезгилде Горно-Серафимовка мектебинде 10-класс ачылып калган экен. 1968-жылы 10-класска кирип, 1969-жылы мектепти аяктаган. Ошол эле жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетине тапшырып, 1974-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, жогорку билимге ээ болуп чыккан. 1980-жылы Москва шаарында өткөн бүткүл дүйнөлүк олимпиадага комсомол иштериндеги активдүүлүгү үчүн Кант районунан берилген 12 күндүк комсомолдук жолдомо менен мекендештерибиз Каныбек Осмоналиев жана С.Жуманазаровду колдоо иретинде барып келген. Каныбек Осмоналиев менен университетте чогуу окушкан, анын олимпиадада чемпион болушу ошол кездеги жүрөгүндө жалын ойногон активист комсомолдор үчүн өзгөчө жүрөк эргиткен кубаныч, өмүр бою эстен кеткис жакшы окуя болуп калды.

1974-жылдын сентябрь айынан баштап Фрунзе шаарындагы экскурсия жана туризм боюнча бюрого инструктор-экскурсовод болуп ишке орношкон.

1975-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Осмонкул Бөлөбалаев



Апасы Мастура, атасы Султанбай (Байыс)

атындагы орто мектепке мугалим болуп кирген. Ошол эле жылдын сентябрь айынан баштап аталган мектептин сырттан окуу кечки мектебинин директору болуп иштей баштаган. 1979-жылы О.Бөлөбалаев атындагы мектептин уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары болуп которулган.

1979-жылы жакын агасы Манапов Орозбай Жапаровичтин жетеги менен КПССтин мүчөсүнүн катарына өткөн. Анткени ошол учурда партияга мүчө болбосо кийинки жетекчи органдарда иштөөгө мүмкүнчүлүк болгон эмес. Ал ошол учурдун бирден бир талаптарынын бири эле.

1980-1984-жылдары мектепте аскердик офицер жоктугуна байланыштуу Таштанбек Байсовду аскер жетекчиси (военрук.) кылып которушкан. 1984-жылы Ысык-Ата совхозунун администрациясынын чакыруусу менен Ысык-Ата профсоюздар уюмун жетектөөгө шайланып, 1987-жылдын февраль айына чейин иштеген.

1987-жылы Кант райондук аткаруу комитетинин чакыруусу менен Ысык-Ата айылдык советине аткаруу комитетинин башчысы кылып дайындашкан. Ал жерде 1994-жылга чейин эмгектенген.

1995-жылдын февраль айынан баштап Кант райондук аткаруу комитетинде инструктор, сельсоветтер боюнча адистик кызматты аркалаган.

1999-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин Новопокровка айыл аймагынын башчысынын орун басары болуп иштеп келе жатат.



Москва ш. 1972-ж. июнь. Географиялык практика

Таштанбек Байсов беш баланын атасы, ордолуу үйдүн ээси. Жубайы Курманалиева Сейимкан Жолдошевна 1954-жылы 9-июнда Кант районуна караштуу Туз айыл өкмөтүнүн Жайылма айылында төрөлгөн.

1976-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин химия факультетин аяктаган. Окуу жайды аяктагандан тартып О.Бөлөбалаев орто мектебинде мугалим, окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп иштеген. Эл агартуунун отличниги. 2007-жылдан баштап Нооруз орто мектебинде директор болуп эмгектенип келе жатат. Аталган мектепти өз күчү менен кайрадан оңдоо-түздөө, калыпка келтирүү иштери менен алектенип, келечек муундардын терең билим алуусуна жол ачып келет. Бири-бирине эриш-аркак өмүр сүрүшүп, уул-кыздарына татыктуу тарбия берип турмуштан ордуларын табууга, жогорку билимге ээ болуп эл кызматына жараган адамдардан болушуна түрткү беришти.

Улуу кызы Жылдыз 1974-жылы 10-декабрда Бишкек шаарында төрөлгөн. Кыргыз улуттук университетинин финансы-кредит факультетин аяктаган. Учурда Логвиненко айыл аймагында ага салык кызматкери болуп эмгектенет. Эки баланын энеси. Экинчи кызы Кундуз 1977-жылы туулган. Кыргыз улуттук университетинин эл аралык экономикалык мамилелер бөлүмүн кызыл диплом менен бүтүрүп, аталган окуу жайда мугалим болуп калтырылган. Экономикалык мамилелер боюнча илимдин кандидаты, төрт баланын энеси. Уулу Чынгыз 1978-жылы 26-октябрда Алмалуу айылында төрөлгөн. 2000-жылы Бишкек шаарындагы Мили-



1974-жыл, Бакыт үйү



Бир тууганы Асандын үй-бүлөсү менен



Москва шаары. Олимпиада, 1980-жыл

циянын жогорку мектеп Академиясын аяктап, 2007-жылга чейин орган кызматкери болуп иштеген. Азыркы мезгилде Бишкек шаарындагы Октябрь районунун юристи, жер боюнча адистик кызматты аркалайт. Төрт баланын атасы.

Кийинки уулу Кылыч 1981-жылы 31-августта төрөлгөн. 1998-жылы мектепти аяктагандан кийин Ысык-Ата айыл өкмөтүндө аскердик участкалык столдо жетектөөчү адис болуп иштөө менен бирге Кыргыз улуттук университетинин юридика факультетин сырттан окуу бөлүмүндө 2003-жылы аяктаган. Учурда Ысык-Ата райондук сотунда улук сот аткаруучу болуп иштейт.

Кенже уулу Таштанбек уулу Султанмурат 1993-жылы 4-апрелде туулган. 2011-жылы мектепти аяктап, эки окуу жайга тапшырган. Азыркы учурда Эл аралык институтта юриспруденцияда сырттан окуйт, Кыргыз улуттук университеттин чет тилдер факультетинде күндүзгү бөлүмдө 3-курста окуп жатат. Окуу менен ишти айкалыштырып, ишемби, жекшемби күндөрү "Корпус мира" уюмунда котормочу болуп иштеп келет, чет элдик туристтер келген учурда фирма өзү чакыртып алат. Кыргыз, англис, түрк, орус тилдеринде эркин сүйлөп, которо алат.

Кайрымдуулук, боорукерлик иштерди жасоо Таштанбек Байсович үчүн жогорку орунду ээлеп, аны милдети катары да көргөн жайы бар. Учурунда кароосуз калган жети жаштагы Данияр өзү боорукерлик жүзүндө ойноп турган адамдан кеткиси келбей алардын үй-бүлөсү менен аралашып жашап калган. Өз атасын билбеген баланы жашы өтүп бараткандыгына байланыштуу жубайы экөө


Жубайы Сейимкан устаты Гулкан менен

мектепке киргизип оку-тушуп, жуунтуп-тазалантып, мээрим берип багышкан. Данияр кийин таяталарынын колуна кеткен. Андан кийин да орус-кыргыз деп улутка бөлбөй көп адамдарга кайрымдуулук жардамдарын берип келген.

Таштанбек Байсовичтин атасы Жүндүбаев Султанбайдын чакырык аты Байыс болгондуктан баары өз атына эмес, чакырык атына жазылып калышкан. Ал киши 1910-жылы Кант райо-нунун Алмалуу айылында туулган. 1939-жылы аскерге чакырылып, фин согушуна катышкан. Аскерден кайтып жатканда Улуу Ата Мекендик согуш башталып калып кайра согушка катышып калат. 1939-жылы кеткен бойдон 1947-жылы согуштан аман-эсен кайтып келип, үй-бүлө күтүп үч балалуу болот.


Жубайы Сейимкан курбулары менен

Кызы Кермекаш 1948-жылы, Таштанбек 1950-жылы, кичүүсү Асан 1956-жылы туулган. Атасы кара жумуштарда иштеп жүрүп 1972-жылы 63 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. "Өзүм окуп билим ала албадым" деп уул-кыздарынын баарын жогорку окуу жайларынан окуткан.



2012-ж. Кытай, Атуш ша.

Таштанбек Байсович 2011-жылы Кыргыз Республикасына караштуу "Санжыра" изилдөө уюму тарабынан Кытай Эл Республикасына 15 күндүк командировкагабарыпкелген. Натыйжада Уйгур Автономиялуу Республикасынын Кызыл-Суу ооданында Санжыра экспедициясына катышып, Кашкар, Улуу-Чат, Артуш, манасчы Жусуп Мамай жашаган Ак-Чий ооданында болуп, ал киши менен жолугушкан. Кытай аймагында жашаган кытайлык кыргыздардын үрп-адаты, салты менен таанышып, көптөгөн санжыралуу материалдарды ала келип Кыргыз Улуттук Академиясынын Санжыра бөлүмүнө кол жазмасын тапшырып берген.

2011-жылы Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан Бишкек шаарында алты күндүк окууга катышкан. Ошол жерден беш айыл өкмөтүнө "Өзгөчө кырдаалдар учурунда калкты эвакуациялоо" (жер титирөөдө, согуш башталганда, сел жүргөндө) темасында тапшырма берилген. Аталган тема боюнча Таштанбек Байсов жеңүүчү болуп табылып, КМШ өлкөлөрүнүн Москва шаарында өтүүчү 10 күндүк семинарга чакыруу алган. 2012-жылдын 19-ноябрынан 29-ноябрына чейин семинарга катышып, 5 минуталык доклад менен сөз сүйлөгөн. Жалпы Кыргызстандын өзгөчө кырдаалдары жана Новопокровка айыл өкмөтүнүн ал-акыбалы жана Новопокровка айыл өкмөтүнүн калкын өзгөчө кырдаалдар учурунда эвакуациялоо мисалындагы докладды Россия Федерациясынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ай сайын чыгуучу журналына жарык көргөн.

Санжыра багытын таштап койбой келечекте Алтайлык кыргыздарга жана Тажикстандын тоолуу Бадахшан кыргыздарынын санжырасын жазып келүүнү максат кылууда. Таштанбек Байсович 2012-жылы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун отличниги" төш белгиси менен сыйланган. 2013-жылы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу наамын алган.



Иса Өмүркулов жана анын жубайы ТОлкун Жантаевна менен



Уул-кыздары күйөө балдары менен



# *Бакеев Зарлык (Картаңбай)*

## Карагай-Булак айылы

Бакеев Зарлык (Картаңбай) Ибраимович 1948-жылдын 25-сентябрында Кант районунун Арашан сельсоветине (азыркы Ысык-Ата району) караштуу Четинди айылында туулган. 1956-жылы Карагай-Булак айылындагы 8 жылдык мектептин босогосун аттап, 7-класска чейин аталган мектептен билим алып, окуусун 1963-жылдан тартып Фрунзе шаарындагы №1-мектеп-интернатында уланткан. Ал 10-класста окуп жүргөндө атасы каза болуп, 11-классты №6-жаштардын кечки мектебинен улантып, №5-аскерлештирилген өрттөн сактоо бөлүктө катардагы жоокер болуп кызмат өтөй баштаган. Зарлык Ибраимович өрттөн колдонмо спорту (ППС) боюнча машыктыруучулук кылып, райондук, шаардык жана республикалык мелдештерге катышып, Кыргыз ССРинин курама командасына мүчө болуп СССРдин биринчилигине катыша баштап, 1970-жылдан 1978-жылга чейин СССРдин көптөгөн шаарларында болгон. 1971-жылы Свердловск шаарындагы СССРдин ИИМнин өрттөн сактоо техникалык аскерлештирилген окуу жайына тапшырып, 1974-жылы ийгиликтүү аяктап, лейтанант наамына ээ болгон. Андан соң кайрадан Фрунзедеги аскерлештирилген өрттөн сактоо гарнизонунда кызматын уланткан. Спортту Свердловск шаарында окуп жүргөндө, кийин аскердик гарнизондо кызмат өтөп жүргөндө да таштабай көптөгөн мелдештерге катышып жүрүп, баалуу белектер менен сыйланган. Өрт колдонмо спорту (ППС) боюнча спорт чеберинин талапкери (КМС) наамын толтуруп, анын ээси болууга да жетишкен.

1981-1986-жылдары Ташкенттеги ССРдин ИИМнин жогорку мектебин аяктап жогорку билимге ээ болгон. 1976-жылы 2-мартта Токмок шаарындагы жүндү кайра иштетүү заводунда (ПОШ) катуу өрт чыгып, өрттү өчүрүүгө кошкон салымы, эрдиги үчүн Кыргыз ССРинин Президиумунун Указынын негизинде “Өрттөгү каармандыгы үчүн” медалы менен сыйланган. Андан кийин



Жубайы Рабшан менен

"Кынтыксыз кызматы үчүн" III, II жана I даражадагы медалдар жана башка кызматтык төш белгилердин ээси болгон. Аркалаган кызматы аркасында бөлүм башчы, подполковник наамына чейин көтөрүлгөн.

СССР тарагандан кийин биздин республикада Куралдуу күчтөрдүн курамында кыргыз улутундагы офицерлер аз санда болгону жашыруун эмес эле. 1993-жылы 5-январда КРнын Коргоо министрлигинин башкы штабынын Ыкчам башкармалыгына кызмат өтөөгө буйрук чыгып, Зарлык Ибраимович улук офицер, бөлүмчөнүн жана бөлүмдүн жетекчилик кызматын аркалаган. 1994-жылы 6 айлык АКШнын Джордж Маршалл атындагы аскер колледжин аяктаган. Ал жакта 23 өлкөдөн 72 киши окуган, алардын 70%ы аскер кызматкерлери, 30%ы дипломаттар болгон. Алардын арасында КРнын Жогорку Кеңешинен Токтогул Какчекеев, ТИМ Мамкулов Эркин, Курумбаев Азиз жана Коргоо министрлигинен Зарлык Ибраимович да бар эле. Аларды практикалык сабак деп АКШнын Вашингтон шаарында Пентагондо, Конгресстин улуу китепканасында сенатор, конгрессмендер менен лекция-семинар түрүндө жолугушуу, Нью-Йоркто БУУнун (ООН), Бельгияда Брюсель шаарында НАТОнун штаб-квартирасында, Бонн шаарында Бундестаг, Бундесвер мекемелеринде, Мюнхен шаарынын жанындагы Гармиш шаарындагы АКШнын аскердик колледжинде окуп, АКШнын экс-мамкатчысы М. Олбрайт, Россиядагы АКШ жана Канада институтунун директору доктор А. Арбатов менен жолугушуп лекцияларын угушкан.



Үй-бүлөсү менен

1995-жылдын 29-майында КРнын Куралдуу күчтөрүнүн күнүнө карата кызматтагы жана окуудагы жетишкендиктери үчүн КРнын Коргоо министринин буйругу менен полковник наамына ээ болгон.

Ошол эле жылдын август-сентябрь айларында биздин Куралдуу күчтөрдүн бөлүгүн БУУ жана НАТОнун биргелешип өткөргөн "Кооператив нагет" аскердик машыктыруусуна чакырык келип, Коргоо министринин буйругу менен биздин аскердик бөлүктүн (38 солдат, 13 офицер) жетекчиси болуп дайындалып, АКШнын Луизиана штатындагы Форт-Полк палигонунда 17 өлкө катышкан аскердик машыктырууга катышып келишкен. БУУнун жана НАТОнун "Тынчтык үчүн күрөшкө катышуу" укугуна ээ деген сертификатка ээ болгон.

1996-жылы календерлык 28 жыл 10 ай кызмат өтөдү деп полковник наамында запаска чыгып, Коргоо министринин көрсөтмөсү менен "Кыргызалтын" концернинде күзөт жана коопсуздук башкармалыгын жетектеп, белгилүү коомдук ишмер Дастан Сарыгуловдун жетекчилигинин астында 1996-1999-жылдары иштеген. 2000-жылы концерн ААКна айланып, жетекчилик алмашкандыгына байланыштуу 2005-жылдарга чейин Бишкек шаарындагы өнөр жай ишканаларында күзөт жана коопсуздук кызматтарында эмгектенген.

2005-жылдын 24-апрелинен кийин КРнын мамлекеттик катчысы Д. Сарыгуловдун көрсөтмөсү менен "Кыргызалтын"АККнын күзөт жана коопсуздук башкармалыгынын жетекчилигине август айында кызматка койгон. 2007-жылы январь айынан тартып ден соолугуна жана жашынын жогорулап калганына байланыштуу башкармалык жетекчилик орунду жаш кадрларга бошотуп берип, башка ишке өз ыктыяры менен которулуп кеткен. Учурда да күзөт жана коопсуздук башкармалыгынын кадрларды үйрөтүү, окутуу, текшерүү жана керектүү иш кагаздарды даярдоо кызматын аркалап, жаш кадрларды даярдап келет.

"Кыргызалтын" жана "Кумтөр" ишканаларынын күзөт жана коопсуздук кызматтарына Ысык-Ата районунда, Чүй боорунда жашаган көптөгөн жаштарды ишке орноштуруп, тарбиялап, акылнасаатын айтып, ишке, тартипке үйрөтүп турмуш жолуна салган. Көп жылдардан бери туулуп-өскөн Карагай-Булак айылынын жакшылыкжамандыктагы ынтымактарынан калбай катышып, айыл жаштарына да акыл-насаатын айтып, жол көрсөтүп келет. 2014-жылы Улуу Жеңиштин 69 жылдыгына карата айылда көзү тирүү эки согуш ардагерине белек берип, айыл жаштары өткөргөн спорттук оюндарга байге сайып, өз салымын кошту.

Жубайы Бакеева (Молдокулова) Рабшан менен 1967-жылы баш кошуп, бирге түтүн булатышып, төрт кыз, эки уулдун ата-энеси болушту. Уулу Нурдин 1971-жылы 5 айлык кезинде чарчап калган, экинчи уулу Тилек 1983-жылы төрөлүп, 1987-жылы жол кырсыгынан каза болгон. Балдарына жакшы тарбия беришип, адамгерчиликке үйрөтүп тарбиялап, жогорку окуу жайларынан билим алышына шарт түзүп беришти. Улуу кызы Зарема финансы техникумун аяктап эмгек жолун Улуттук Банктан эмгектенип, кийин Ак-Сай айылынын кулуну Солдатбекке турмушка чыккан. Учурда эки кыз, бир уулдун жана эки неберенин ата-энеси болгон чактары. Назира КРнын ИИМнин академиясын аяктап тергөөчү болуп кызмат өтөп, турмушка чыккандан кийин адвокаттык кызматты аркалап келет. Жолдошу Бакыт Самратов милициянын полковниги, ИИМдин борбордук аппаратында кызматын аркалоодо. Бермет Ж. Баласагын атындагы КУУнун тарых факультетин бүтүргөн, тарых илимдеринин кандидаты, доцент, И. Арабаев атындагы КМУда кафедра башчысы. Кичүү кызы Айгерим Ж. Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультетинин 5-курсунда окуйт. Учурда Зарлык Бакеев менен жубайы Рабшан 7 небере, 2 чөбөрөнүн сыймыктуу чоң ата-чоң энеси, таята-таенеси болуп бактылуу турмушту баштарынан кечирип келишет.



# *Бакирова Жумабүбү Муслимовна*

## Люксембург айылы

Балалык учуру согуш мезгилиндеги каардуу күндөргө туш келип, атасын бир жаш сегиз айында кан майданга узатып калган Жумабүбү Бакирова 1939-жылы туулган. Атасы өз өтүнүчү менен мекенин коргоо үчүн Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, кайра кайтып келген эмес. Анын элеси колунда калган сүрөт менен гана элестебесе, эки жашка толо элек наристенин эсинде кантип калсын. Ошол сүрөт энеси экөөнө чоң караан болгону азыр да эсинде турат. Атасынын жердиги Кочкор районунун Кызыл-Дөбө айылы болгон экен. Турмуштун оош-кыйышы менен чоң-ата, чоң-энеси Кемин районунун Боролдой айылына келип байыр алып калышкан. Көп өтпөй ата-энесинин ажыраган атасы кан жутуп томолой жетим калат. Балтыр эти ката элек баланын жетим калганын уккан Садык аттуу тууганы Кочкордон келип атасын Фрунзе шаарындагы жетим балдар интернатына орноштурган. Интернаттаң соң бухгалтерлик курсту бүтүрүп, Чоң-Кемин айылындагы Тар-Суу айылына барып иштеп, ошол жерден Жумабүбү апанын энесине үйлөнгөн. Жооптуу кызматтарды аркалап, даярдоо курстарынан өтүп жүрүп Алай райондук аткаруу комитетинин 2-секретары болуп барып, ошол учурда согуш башталып, мекенди коргоо үчүн кан майданга аттанган. Атасынын айтып кеткен сөзүн жерге таштабай Кеминге кайтып келишип, энеси жесирликтин, өзү жетимдиктин оор күндөрүн баштан кечиришти. Чоң-Кеминдеги Калмак-Ашуу мектебин 1953-54-жылдары алгачкы бүтүрүүчүлөрүнөн болуп аяктады. Кооперативдик техникумдун бухгалтерлик бөлүмүнө окууга тапшырып, 2-курста окуп жүргөнүндө турмушка чыгып, шартка байланыштуу окуусун уланта албай калган. 1957-жылы 17-ноябрда азыркы Люксембург айылынын тургуну Абдраев Ибраим менен турмуш жолун баштаган. Жыл айланып уулдуу болушкан. Ошол учурда он алты союздук республикалардын съезди болуп жаткандыктан тун уулун Союзбек деп аташкан. Беш баланын ата-энеси болушту. Жолдошу Ибраим ата өзү эмгекчил, таза иштеген мээнеткеч ак пейил адам болгон. 3 жашында жетим калып, 4 гана класстык билим алгандыктан билим адамдын жолун ачаарына ишеним артып уул-кыздарынын билимдүү болушун тилек



кылып, бар эмгегин балдарынын окуусу үчүн жумшаган. Улуу баласы Союзбек айыл чарба институтун аяктаган, зоотехник адистигинин ээси. Тогжан КУУнун экономика-бухгалтерлик факультетин бүтүргөн. Жылдызбек аары өстүрүү боюнча билим алып, колхоздо тегирменчи болуп иштеген. Сапарбек университеттин биология факультетин аяктаган. Рахат юридикалык билимдин ээси, учурда Кыргыз Өкмөтүндө эмгектенет.

Жумабүбү апа жолдошу менен бирге"Труд" колхозунда иштешип, чабандык милдетти аркалашкан. Козу кезинде алып, ирик кылып этке төгүп, ар бир койдон жети кг дан жүн, 75 кг дан эт алышкан. Алдыңкы чабан аталып Ибраим ата "Эмгек Кызыл Туу" ордени, көптөгөн медалдар менен сыйланган. Чабандыктан жылкычылыкка өтүп, жүз бээден жүз кулун алып, "Жигули" автомашинасы менен сыйланышан. Андан тышкары баалуу сыйлыктар болгон килем, палас жана акчалай сыйлыктарды алып турушкан. Эч качан элдин, мамлекеттин малына кол салган эмес. Дайыма таза, так, ак жүрөктүүлүк менен кызмат кылышкан. Жумабүбү апа ар качан жолдошуна таяныч болуп, үйдө балдарына татыктуу тарбия берип келген. Ибраим ата 80 жашка чыгып, билим алып тилегин актаган уул-кыздарынын сый-урматын көрүп дүйнөдөн кайтты. Азыркы күндө Жумабүбү 13 небере, 5 чөбөрө көрүп бактылуу карылыкты башынан кечирип келет.



# Бектурганов Бектурсун

## Нурмамбет айылы

1937-жылы 28-мартта Кант районуна караштуу Кызыл-Желек колхозунда колхоз-чунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Садабаев Бектурган ошол мезгилдеги жаңы заман агымындагы коллективдештирүүгө катышып, Ак-Бото сельсоветинин төрагасы болгон. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, Курск дугасында курман болуп, мекенине кайтпай калган. Энеси Садабаева Салый тылдын ардагери эле, ал1992-жылы дүйнөдөн кайткан.

Бектурсун Бектурганович 1-класстан 7-класска чейин Орток орто мектебинен билим алып, 1952-1955-жылдары Фрунзе шаарындагы №5-мектептен окуусун улантткан. Андан соң Токмок шаарындагы “Механизация электрофикация” техникумуна кирип, 1959-жылы аны аяктагандан кийин Фрунзедеги автомобиль ремонттоочу заводдо жардамчы мастер болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1957-1958-жылдары техникумда окуп жүргөн учурунда комсомолдук жолдомо менен Казахстандын Караганды областынын Оскаровка районунда дың жерди көтөрүүгө катышкан. 1961-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин химия факультетинде окуп, аны 1966-жылы аяктаган. Жолдомо менен Каджы-Сайдагы электротехника заводунда лаборатория жетекчиси болуп эмгектенген. 1968-жылы үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Нурмамбет айылына көчүп келип, Орток орто мектебинде химия сабагынан мугалим болуу менен эмгек жолун улаган. 1978-1982-жылдары аталган мектептин директору болгон. 1982-жылы азыркы Нурмамбет айыл өкмөтүнүн жетекчиси болуп которулуп, ал жерде иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Мектептеги окуу тарбия иштерин жакшы жолго койгондугу үчүн “Эмгек Кызыл Туу” ордени менен сыйланып, “Эл агартуунун отличниги” деген наамга ээ болгон.

Бектурсун Бектурганович мыкты жетекчи, көрөгөч агартуучу гана болбостон үй-бүлөдө камкор ата, жакшы түгөй боло алды. Жубайы Аилчиева Жүрсүнхан “Орток” орто мектебинде химия сабагынан мугалим



болуп иштеп жүрүп эс алууга чыккан. Ал дагы "Эл агартуунун отличниги". Эки уул, эки кызды тарбиялап өстүрүшүп, аларга татыктуу тарбия, билим бери алуусуна шарт түзүп беришти. Улуу кызы менен кичүү уулу медицина кызматкерлери. Уулу Улан жогорку билимдүү, учурда мыкты фермер. Экинчи кызы 29 жашында мезгилсиз дүйнөдөн кайткан. Учурда сегиз небеper небеpенин бактылуу чоң атасы. Айыл ичинде кадыр-барктуу, улуу-кичүүнүн урмат-сыйына арзыган кадырман адам.





# *Бектурова Сонунбүбү Абдыкалыковна*

## Карагай-Булак айылы

1948-жылы 15-августта Кант районуна караштуу Карагай-Булак айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Кубатбеков Абдыкалык менен энеси Бейше Чоң Чүй Каналын казууга катышкан, согуш мезгилинде араба айдап, орок оруп тылда эмгектенген адамдар болушкан. Кийин эс алуу курагына чейин Карагай-Булак айылынын алдыңкы чабандарынан болуп эмгектенип келишкен.

Бектурова Сонунбүбү 1956-жылы Карагай-Булак мектебинин босогосун аттап, 1963-жылы 7-классты аяктаган. Андан кийин ошол кездеги Фрунзе шаарындагы А.С.Пушкин атындагы №5-мектептен окуусун улантып, 1966-жылы 10-классты аяктаган. 1967-жылы Медицина институтуна тапшырып, бирок тилекке каршы ал окуу жайда окуй албай калган. 1972-жылы Карагай-Булак айылындагы айылдык китепканада эмгектене баштаган. 1976-жылы Токмок шаарындагы культпроссовет училищасынын китепканачы бөлүмүнө окууга өтүп, 1979-жылы "китепкана кызматкери" деген дипломго ээ болуп чыккан. Ошол бойдон тандаган кесибин аркалап китепкана тармагында 40 жыл тынымсыз эмгек жараткан. Ошол айтканга оңой, баштан кечирүүгө кыйын болгон кырк жылдык эмгектенүүсүндө ишинде жараткан ийгиликтери көз жаздымда калбай көптөгөн диплом жана грамоталарга татыган. Алардын көзгө басымдуусу жана эсте калаарлыгы 1996-жылы ошол кездеги Мадинfamiliar министри, белгилүү балет бийчиси Чолпонбек Базарбаевдин дипломун алган.

2000-жылы "Жылдын китепканачысы" наамына татыктуу болуп, акчалай сыйлык менен сыйланган.

2002-жылы Чүй облусунун китепканачыларынын конференциясында китепкананын иши боюнча доклад жасап, Москва шаарынан жарык көргөн "Библиотекарь" журналына макталып чыккан.

1967-жылы Карагай-Булак айылынын тургуну Бектуров



Курманга турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жашоонун кутун сактап, очок ээси атанган. Жолдошу да алдыңкы механизатор болуп иштеп, көп сыйлыктардын ээси болгон. 1982-жылдан баштап Алмалуу айылындагы №48-кесипчилик окуу жайында ага мастер жана трактор боюнча сабак берип 1989-жылга чейин эмгектенген. Окуу жай жабылгандан тартып 1990-1992-жылдары совхоздо чеберкана башчысы болуп иштеген. Совхоз жоюлуп өз алдынча чарбага тараган учурда чарбанын бригадири болуп иштеп эс алууга чыккан.

Сонунбүбү Абдыкалыковна үй-бүлөлүк турмушта бактылуу аялзаты атанып, жолдошу Курман экөө беш баланын ата-энеси болушту. Кыздары Эркайым, Бегайым, Жылдыз жана Чолпон, уулу Алиаскар ата-энесинин татыктуу тарбиясы артында турмуштан жолун тапкан татыктуу адамдардан болуп чыгышты. Кыздарынын баары окууларын ийгиликтүү аяктап, иштеп келишет. Уулу Алиаскар ата-энесинин колунда, төрт баланын атасы. Келини Марина кайненесинин жолун жолдоп айылдык китепканада эмгектенип келет.

2012-жылы Ысык-Ата айыл өкмөтү Сонунбүбү Абдыкалыковнаны ардактуу эс алууга Ардак грамота менен сыйлап узатышкан.

Учурда жолдошу экөө 13 неберенин чоң ата-чоң энеси, таята-таенеси болушуп, уул-кыздарынын урмат-сыйына бөлөнүп бактылуу турмушту баштарынан кечирип келишет.



# Бикбулатов Риф Галемович

## Чоң-Далы айылы

Кыргыз элинен кайын-журт күтүп, кыргыз тилинде суудай сүйлөгөн Бикбулатов Риф Галемович 1945-жылдын 17-майында Россия Федерациясынын Чита шаарында туулган. Энеси Татарстандын кызы, ошол кезде комсомолдук жолдомо менен Читага барып ошол жерден турмушка чыгып бир уул, бир кыздуу болгон соң турмуш жолдору бирге уланбай ата-энелери ажырашып кетишкен. Учурда бир тууган карындашы Рая Сокулук районуна караштуу Күнтуу айылында турат. Энеси Гүлүсүн тагдырдын буйругу менен кыргыз жигити Байсабаев Сааданга турмушка чыгып, Бурятияга көчүп барып, ошол жерде мал чарбачылыгы менен алектенип калышат. 1955-жылы бир тууган иниси Байсабаев Туратбек төрөлүп, ошол жылы күзүндө алардын үй-бүлөсү Кант районуна караштуу Чоң-Далы айылына көчүп келишкен. Жетинчи классты аяктагандан кийин механизация училищасына окууга тапшырып, бир эле учурда күрөш менен машыгып, Кыргызстандын биринчилигин багынтып, Краснодар шаарында өткөн СССРдин биринчилигине катышкан. Окуу жайды аяктагандан кийин эмгек жолун “Заветы Ленина” колхозунан механизатор болуп иштеп баштаган. Механизатор болуп иштөө менен бирге айыл-чарба техникумунун агрономдук бөлүмүн сырттан окуп бүтүргөн. Учетчик, механик, талаа бригадасынын бригадири болуп эмгектенип, “За доблестный труд” жана “Эмгектеги өзгөчөлүгү үчүн” медалдарынын ээси болгон. Эмгек талаа майданында 35 жыл эмгектенип, анын 15 жылында колхоз башкармачылыгынын мүчөсү болгон. бир жолу райондук кеңештин, 3-4 жолу айылдык кеңештин депутаты болуп шайланган.

Жубайы Көчөрова Тепен менен айылдык клубдагы жаштардын

кечки өздүк чыгармачылык кечесинен таанышып, табышып, 1968-жылы үйлөнүү тоюн өткөрүшкөн. 3 кыз, 1 уулдун камкор, мээримдүү ата-энеси болушту. Уул-кыздарынын баары жогорку билимге ээ болушкан. Улуу кызы Аниса тарых илимдеринин кандидаты, доцент. КУУнун этнология кафедрасынын башчысы. Экинчи кызы Нуриса Таш-Башат айылында жашап, эмгектенип, айылдаштарынын ден соолугуна кам көрүп келет. Уулу Салават укук коргоо тармагында кызмат аркалайт, милициянын майору. Келини Сабира соода тармагында эмгектенет. Камила, Ринат, Амир аттуу неберелерин чогуу тарбиялап келишет. Кичүү кызы Сафина Кант шаарындагы медициналык университетте мугалим болуп иштейт. Риф Галемович учурда 13 небере, 3 чөбөрөнүн сүйүктүү чоң ата, таятасы. Аларга "эмне жакшы, эмне жаман" экенин айырмалай билүүгө тарбиялап келет. Бош учурунда Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын, Омар Хаямдын санаттуу ыр саптарын, Крыловдун тамсилдерин окуп, турмуштук көп суроолорго жоопторду табат. Ынтымагы бек үй-бүлөсү менен сыймыктанып, келечек муундардан көптү күтөт.



Үй-бүлөсү менен



# Бөрүбаева Дилбар Мырзабаевна

## Эпкин айылы

1956-жылы 21-январда Бишкек шаарында төрөлгөн. Атасы Бөрүбаев Мырзабай Бишкекте СМУда бетонщик болуп иштеген, апасы Иманова Ракиля №3-музыкалык мектеп-интернатта ашпозчу болуп иштеп эмгек эс алуусуна чыккан. Атасы 49 жашында катуу оорудан каза болгон.

Дилбар Мырзабаевна №63-мектептен билим алып, 1971-жылы Фрунзе медициналык окуу жайына тапшырган. 1974-жылы окуу жайды аяктап, азыркы Бишкек шаарындагы №3-ооруканасында эмгек жолун баштаган. 1973-жылы Ысык-Ата районунун Эпкин айылына турмушка чыккан. Өмүрлүк жолдошу Сулайманов Абланбек 1951-жылы төрөлгөн. Калинин совхозунда айдоочу болуп эмгектенип келген. Кайнатасы Сулайманов Самак Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, 2-топтогу майып. Өмүр бою Эпкин айылындагы кызыл үйүндө китепканачы болуп иштеп, 1992-жылы дүйнөдөн кайткан. Дилбар Мырзабаевна турмушка чыккандан тартып Юрьевка аймактык ооруканасында медсестра болуп иштеди. 1977-2000-жылдары иштеген мезгилдеринде көптөгөн мактоо баракчалары менен сыйланган. 2008-жылдан баштап Эпкин фельдшердик пунктунда фельдшер болуп иштеп келе жатат. 2010-жылы Ысык-Ата районунун акимчилигинин атынан ФАПка муздаткычты сыйлыкка алган. “Мыкты фелдьшердик-акушердик пункт” наамын алган. 2011-2012-2013-жылдары райондук, айыл өкмөтүнүн мактоо, Ардак грамоталары менен сыйланган.

Бөрүбаева Дилбар Мырзабаевнанын эл арасында кадыр-баркы жогору, өзгөчө урмат-сыйга ээ. Жүрөгү да үстүндөгү ак халатындай таза, жумшак, эч кимдин көңүлүн оорутпай, орулуу адамдарга абдан камкордук менен мамиле жасайт. Түн ортосунда да кыйналып келген оорулууларды кабагым-кашым дебей кабыл алып, жардамын аябайт. 2011-жылы Шведо-Щвейцариялык долбоор “SEIKO” тарабынан



Үй-бүлөсү менен

жаңы ФАП салынган. Бул долбоордун ишке ашышына Дилбар Мырзабаевнанын да зор салымы бар, элди мобилизациялоого жакшы жардам берген. 2008-жылы Эпкин айылынын ФАПына жумушка киргенде эски ФАПтын жанына жаңысын куруп иштесек деген тилеги 2011-жылы айылдык ден соолук комитетинин жазган долбоорунун негизинде 1 млн. 800 сомго жаңы типтеги ФАП салынып, ою ишке ашты.

Жүрөгү да, колу да жумшак мээрман айым 3 баланын бактылуу энеси. 2 кыз, бир уул, тогуз небереси бар. Жолдошу Сулайманов Абланбек экөө өмүр бою ынтымактуу жашашып, учурда балдарынын, неберелеринин жакшылыгын көрүп, кадырман куракты урматсыйын көрүшүүдө. Дилбар Мырзабаевна 2014-жылдын январь айында ардактуу эс алууга чыгып, ордуна жаш кадр Нурбек кызы Мираны даярдап, тажрыйбасын үйрөтүп келүүдө. Бул анын өз ишин сүйгөндүгү, ага жоопкерчилик мамиле жасоосу жана жаштарга болгон камкордугу деп билсек болот.



# Бубанова Бурулкан Исмановна

## ОО СООПВ "Тунгуч-Суунун" директору

1958-жылы 25-июнда Кант районунун Боз-Бармак айылында төрөлгөн. Атасы Бубанов Исман 1911-жылы жарыкка келген. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, Панфиловчулар дивизиясында кызмат өтөп эл-жерди коргоп келген. Энеси Бубанова Мария 1911 –жылы төрөлгөн, 6 баланы жарыкка алып келген эмгек ардагери болгон.

Бурулкан Исмановна 1965-жылы "Ак-Тилек" мектебинин босогосун аттап, 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган. 1976-жылы Прижевальсктагы кооперативдик соода училищасынын сатуучу бөлүмүнө окууга тапшырып, 1977-жылы бүтүргөн. Ошол эле жылы Канттагы "Гүлдесте" универмагынын аялдардын сырт кийими бөлүмүнүн башчысы болуп ишке орношкон. 1980-жылы Фрунзе жеңил өнөр жай техникумунда экспедитор болуп иштеп баштап, 1983-жылы кассирлик кызматка которулган. 1984-жылы финансы-экономикалык институтунун "бюджеттик учет" бөлүмүнө сырттан окууга тапшырып 1986-жылы аяктаган. Ошол жылы Фрунзе жеңил өнөр жай кечки техникумуна "материалдык бухгалтер" кызматына которулат. 1993-жылы Кант районунун Интернационал айылына көчүп келишип, ошол жылдан тартып 1-Май колхозунун Автогаражына диспетчер-бухгалтер болуп ишке орношкон. 1997-жылы аталган колхоздун бухгалтерлигине которулуп, 2000-жылдан тартып башкы бухгалтерликти аркалай баштаган. 2003-жылы 1-Май колхозу банкротко учурагандан кийин ошол жылдын сентябрь айынан тартып ОсОО "Жан" жеке менчик фирмасына башкы бухгалтер болуп ишке кирген. 2007-жылы аталган фирманын башкы директору болуп которулуп, учурда Аламүдүн районунда ОО СООПВ "Тунгуч-Суунун" жетекчилик кызматын аркалап келет.



Үй-бүлөсү менен

Бурулкан Исмановна ишкер айым гана эмес, иши менен кошо үй-бүлөлүк жылуу очоктун ээси, беш баланын-бир уул, төрт кыздын энеси, жолдошунун жөлөгү. Балдарынын баары чоңоюп, алды үй-бүлө күтүп калышты. Уул-кыздарынын жогорку билим алуусуна, алардын жакшы адамдардан болуп өсүшүнө эне катары болгон аракетин жумшады. Уулу үйлөнгөн, төрт неберенин чоң эне, таенеси. Жолдошу Бекишев Шерикул Иманкулович 1954-жылы Сын-Таш колхозунун Ак-Сай айылында төрөлгөн. Бишкек шаарында Автобазалардын биринде токарлык кесипти аркалап келет. Улуу кызы Назира Агрардык Академияны аяктаган, Аламүдүн РЭСте эмгектенет, учурда наристе күтүү кубанычын баштан кечирүүдө. Уулу Нурлан КАСИни аяктаган, жеке ишкерлик менен алектенет, 2 баланын атасы. Наргиза Агрардык Академияны аяктап, учурда Бишкек шаарындагы мамлекеттик каттоо тармагында эмгектенет, бир баласы бар. Жанат КМУнун студенти, бир баланын энеси. Кызы Гүлзат-жеке ишкер. Келини Гүлзат КУУнун юридикалык факультетин аяктаган, Башкы прокуратурада эмгектенет. Кайын журтуна кыздай кабыл алынып, Бурулкан Исмановнага өз энесиндей мамиле жасап келет. Бурулкан Исмановна уул-кыздарынын, келининин, неберелеринин амандыгын, элге, жерге тынчтык тилеп жашап келет.



# Дандыбаева Сатина

## Сын-Таш айылы

1933-жылы Сокулук районуна караштуу Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Атасы Ниязов Дандыбай менен энеси Бүбүкандын таалим-тарбиясын алып өскөн. Айылдык мектепти бүткөндөн кийин Фрунзедеги кыз-келиндер педагогикалык училищасына окууга тапшырган. 1951-жылдын август айында үй-бүлөлүк жашоого багыт алып Жумалиев Калидин менен баш кошуп, турмуш жолун бирге башташкан. Окуусун ийгиликтүү аяктап Эл агартуу министрлигинин буйругу менен Ош областынын Чоң-Алай районунун Кызыл Майрам мектебине мугалим болуп барып, эмгек жолун аталган мектептен баштаган.

1951-жылдан 1965-жылга чейин иштеп, 1965-жылы Министрликтин буйругу менен Чүй районунун Сын-Таш орто мектебинде мугалим болуп иштей баштаган. Эл агартуу тармагына эмгек сиңирип, көптөгөн келечек ээлерин билим менен сугарып, таалим-тарбиясын берип, 1995-жылы эс алууга чыккан.

Жолдошу Жумалиев Калидин 1933-жылы Чүй областынын Сын-Таш айылында төрөлгөн, өмүр бою экөөнүн турмуш жолу да, эмгек жолу да бирге уланган. Жолдошу дагы Фрунзедеги педагогикалык окуу жайын аяктагандан кийин Чоң-Алай районунун Кызыл Майрам мектебине мугалим жана директор болуп барып иштеген. 1965-жылы министрликтин буйругу менен Сын-Таш орто мектебине которулуп келип, экөөнүн эмгек жолу бирге уланган. Бирге иштеп, бирге өмүр сүргөн агартуучулар он баланын ата-энеси болушкан. Сатина апа иштеп да, он баланы төрөп, аларга тарбия берип өстүрүүгө жетишкен бактылуу "Баатыр эне" болгон. "Баатыр эне" ордени жана талбаган ак эмгегинин артынан ""Учитель союз ССР" төш белгиси менен сыйланган. Жолдошу "Эл агартуунун отличниги", "Эмгектин ардагери" орденинин ээси, эки жолу министрликтин Ардак грамотасы менен сыйланган.



Жолдошу Калидин ата менен

КРнын эмгек сиңирген мугалими, Ысык-Ата районунун эң алдыңкы мугалими" медалынын ээси болгон. Учурда персоналдык ардагер. Калидин атанын кызматындагы жетишкендиктерине Сатина апанын колдоосу, иштөөгө болгон шартын түзүп бергени да чоң өбөлгө болгон десек жаңылышпайбыз.

Кудайдын кулагы сүйүнсүн, балдары ата-энесинин үмүт тилегин актаган, элге кызмат кылган мыкты адамдардан болуп чыгышты. Баары жогорку билимге ээ болушкан. Улуу кызы Гүлнур учурда Чүй райондук салык инспекциясында эмгектенет. Гүлсүн Кант шаарында башкы ашпозчу болуп иштейт. Бурул Ысык-Ата курортунда склад башчысы. Уулу Зайнидин экономика министрлигинде эмгектенет. Кызы Эркин Чүй районунун салык инспекциясында инспектор, Анар Аламүдүн райондук акимчилигинде иштейт. Чынар Токмок шаарында дүкөн башчысы, Жаңыл Жогорку Кеңеште жооптуу кызматты аркаласа, кенже уулу Айни Ысык-Ата курортунда директордун орун басары болуп иштеп келет.

Балдарына мээрим төгүп, алардын илим-билимдүү, эң башкысы адамгерчиликтен тайбаган, адептүү, улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөткөнгө тарбиялаган Сатина апа өзү да абдан жакшы эне, мыкты жубай, күчтүү муга-



Эмгек жамааты менен



Уул-келиндери, кыз-күйөө балдары менен



Жолдошу Калидин ата жана окуучулары менен

лим болгон. "Атаны сыйлаган айылга жагат, энени сыйлаган абийир табат" дегендей ата-энени ардактоого, өзгөчө атанын орду төрдө экенин уул-кыздарына дайыма айтып, өзү да жолдошуна артыкча сый урмат менен мамиле кылып келген. Сатина апа кыргыз аялдарына таандык колунан берекеси төгүлгөн, ашыкча сөзү жок, көтөрүмдүү, кең пейил, алкоосу оозунан түшпөгөн касиеттүү адам эле. Балдары эрезеге жетип, жаңыдан алардын жакшылыгын көрө баштаган учурда Жаратkандын башка салганына айла жок экен, Сатина апа балдарынын төрүндө отуруп, урмат-сыйын көрүп, ак батасын берээр убагында 1995-жылы 2-июнда 62 жашында дүйнөдөн кайткан. Энесинин асыл сапаттарын, анын бийиктигин баалаган уул-кыздары азыр да энесинин жаркын элесин эстеринен чыгарбай, ал берген тарбиянын аркасында турмуштан өз ордуларын таап, атасына өзгөчө сый көрсөтүп келишет.



## Дарыгулова Бадыл Жусуп кызы

### Чоң-Далы айылы

1940-жылы 23-октябрда Кант районуна караштуу Хунчи айылында төрөлгөн. Атасы Курманбек Улуу Ата Мекендик согушка аттанып, 1944-жылы Сталинград үчүн болгон согушта дайынсыз жок болгон. Энеси Жыпаркүл атасынан эрте ажыраган балдарын жалгыз багып, өмүрүнүн аягына чейин колхоздо эмгектенип келген. Сиңдиси Тамара үй-бүлөлүү, учурда Ысык-Ата районунун Социалчы айылында жашайт.

Бадыл эже 1948-жылы Красный Мелянтан мектебинин босогосун аттап, мектепти ийгиликтүү аяктап чыккан. 1959-жылдын 1-июлунда өмүрлүк жары Дарыгулов Сабыркулга турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жашоонун астанасын аттайт. Жолдошу Сабыркул Кант районуна караштуу Чоң-Далы айылында 1935-жылдын 15-августунда жарыкка келген. Атасы Карабаев Дарыгул 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согуштан курман болуп, туулган жерине кайтпай калган. Апасы Карабаева Багдагүл жолдошунан калган балдарын медер тутуп, аларды багып өстүрдү. Сабыркул ата эки бир тууган. Агасы Ашыркул УОЗдо башкы инженер болуп эмгектенип келген. Сабыркул Дарыгулович алгачкы эмгек жолун 1950-жылы "Завета Ленина" колхозунан баштап, өмүрүнүн аягына чейин чабан болуп эмгектенген. Колхоздун мал чарбасына кошкон чоң салымы үчүн бир нече Ардак грамоталар жана "Ардак белгиси" ордени менен сыйланган.

Бадыл апа турмуш босогосун аттагандан кийин 1960-жылдан тартып жолдошу менен бирге мал түйшүгүнө аралашып жардамчы чабандык милдетти аркалаган. Алардын үй-бүлөсүнүн ынтымагын курчутуп, бактысын арттырган биринин артынан бири жарыкка келген төрт баласы болду. Уулу Буланбек, Кайыпбек, кыздары Сара, Асемалар турмуштан ордун табышып, ар бири өз алдынча жашоолорун



Өмүрлүк жолдошу Сабыркул ата менен

улап келишет. Эненин кубанычы уул-келиндеринин, кыз-күйөө, 14 небере, 6 чөбөрөсүнүн энекелеп сыйлап, ийилип таазим көрсөткөнү. Азыркы учурда ардактуу эс алууда.



Келини Бурул жана неберелери менен



# Дөлөталиева Кулайым

## Жетиген айылы

1942-жылы 1-октябрда Кант районунун Туз айылында жарыкка келген. Кушчу уруусунун кызы. Атасы Курмушуев Аманкул Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Майдандан кайтпай калганда Украинадан бир аял атасын өз колу менен жерге бергенин, келсеңер коюлган жерин көрсөтүп берем деп гезит аркылуу алардын үй-бүлөсүнө кайрылуу жолдогон. Атасы согуштан кайтпай калгандан кийин энеси Мейманкожоева Бүбүкүл балдарын канатына калкалап жалгыз өзү тарбиялап, багып өстүргөн. 1942-жылы согуштун оту кайнап, эл кыйналган турмушту баштан кечирип жаткан учурда жарыкка келген Күлай апаны жашоонун оор абалынан аны таекеси Жээнчороев Сейдакмат багып алган. Ошондуктан балалык чагы Тогуз-Булактын Сары-Жыгач айылында өткөн. Он жашка чыкканда кайра бир туугандарынын арасына, энесинин колуна келген. Күлайым апа баккан атасы Сейдакмат жөнүндө эстегенде көп жакшы учурларды эсине түшүрөт. Ал киши башкарма болуп иштеп, кызы Күлайды абдан эркелетип, ат мингизип эркек баладай кылып чоңойткон экен.

Дөлөталиева Күлайым апа жети класстык билим алган. Өзү теңдүү балдар сыяктуу эле ал дагы согуштан кийинки кайра калыпка келтирүү мезгилиндеги эмгекчил элдин эмгегин, жасаган мээнеттүү иштерин көрүп, кол кабыш кылып өстү.

Бой жеткен мезгилинде Чүй районунун Киров, азыркы Жетиген айылынын тургуну Дөлөталиев Эрмекке турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жылуу очоктун ээси болгон. Жолдошу Эрмек 1929-жылы 15-майда туулган, жети бир тууганду болгон. Анын энеси Рапия абдан акылдуу, таза, баарына тегиз жана калыс караган байбиче болгон. Атасы Адамкул да жакшы киши болгон экен. Бир туугандары Токомбай, Жүкүн, Мамат, Болот, Асылбек, Канаттар менен бир үйдө ынтымактуу, бири-бирине күйүмдүү болуп өсүшкөн. Эс тарткан мезгили согуш учуруна туш келгендиктен коомдук иштерге эрте аралашып, 17 жашында кампачы, учетчик


Өмүрлүк жолдошу Эрмек ата менен

болуп иштеген. Эрмек ата Күлай апага баш кошкон мезгилинде Кенес-Анархайда бухгалтердин жардамчысы, кассир болуп иштеп турган учуру экен. Алардын баш кошуп, бир үйдөн түтүн булатып жашап калышына Эрмек атанын иниси, Күлай апанын кайниси Мамат себепкер болот. Ал Күлай апа жашаган айылга командировкага барып калып көрүп, жеңе болууга ылайыктуу адам экенин байкап байкесине алып берип койгон экен. Ошол мезгилде Эрмек ата болочок жубайына атыр, самын белекке берип, ортого Мария жеңеси түшүп жүрүп качырып жибергенин кийин эстеп күлүп калышчу. Алардын үй-бүлөлүк турмушу ынтымакта уланып, экөө 12 баланын ата-энеси болушуп, анын экөө тилекке каршы жарык дүйнө менен кош айтышкан.

Эриш-аркак өмүр сүргөн жубайлар 1967-жылдан 1990-жылга чейин Сын-Таш колхозунда бири уйчу, экинчиси саанчы болуп талыкпай эмгектенишкен. Күлай апа жашоосундагы эң жетишкендиги жана байлыгы деп балдарын эсептейт. Аларды өмүр бою адамгерчилик деген улуу сапатка тарбиялап келди. “Адам” деген улук асыл наамды сатып да, мансап, даража менен да ала албайсыңар деген таамай сөзүн уул-кыздарынын жүрөгүнө жеткирди. Кыздарынын колдорунан көөрү төгүлгөн узчулугу, аялзатына таандык сарамжалдуулук менен тазалыгы да эненин тарбиясынан деп билсек болот. Эненин улуу кызы Жылдыз Нурмамбет айыл өкмөтүндө 25 жылдан бери эмгектенип келет, төрт баланын энеси. Кийинки кызы Кундуз Россиянын Екатеринбург шаарында эмгектенет, эки баланын энеси. Нуркыз Ысык-Көлдүн



Уулу Жолдоштун үй-бүлөсү менен

Дархан айылына турмушка чыккан, төрт баланын энеси. Гүлзат Бурана айылында турат, төрт баланын энеси. Рахат жети баланын энеси, "Баатыр эне". Айнура үч кыздын энеси, ал дагы Екатеринбург шаарында эмгектенүүдө. Аида үч баланын энеси, Кемин районунда жашайт. Айгүл алты баланын энеси, кичүү кызы Бурулсун 3 баланын энеси. Эң кенжеси Нурлан бир баланын атасы, жубайы Рахат экөө ынтымактуу жашап келишет. Келини Рахат Күлайым апаны бапестеп багып, тогуз эжеси келсе кабагым-кашым дебей жаркылдап тосуп алат. Кайнежелеринин сүйүктүү келини, уулу Алимдин мээримдүү энеси, жолдошу Нурландын жаркылдаган жары. Күйөө балдары Нурдин, Сагынбек, Замир, Асан, Нурбек, Чолпонбек, Нурлан, Руслан эненин өз балдарындай, алар дагы кайненесин абдан сыйлап, урмат көрсөтүп турушат. Учурда эненин канаты кенен жайылган, өзүнчө бир айыл болгон он баласынан 42 небере, 17 чөбөрө көрүп, бактылуу карылыкты башынан кечирип, төрдөн орун алып отурган мезгили.

Күлайым апа бала кезинен эле келечекте саанчы болуп жетишкендиктерди багынтып, орден, медаль алам, көп баланын энеси, эл ичинде эмгегим менен кадыр тапкан адам болсом деп тилек кылган экен. Жаштын тилегин берет дегендей ошол кездеги кыялынын баары ишке ашты. Учурунда саанчылык



Уулу Нурландын үй-бүлөсү менен



Кыздары, күйөө балдары

кесипти аркалап жүрүп эмгеги бааланып медаль, орден, Ардак грамоталарга ээ болуп, колхоз жетекчилери тарабынан үй менен сыйланган. Отуз жылдык үзүрлүү саанчылык эмгеги бааланып 1973-жылы "За трудовые доблести" медалы; 1975-жылы "Ардак белгиси" ордени; 1977, 1979, 2001-жылдары Ардак грамоталар менен сыйланган. 1979-жылы "Баатыр эне" наамын алган. Көп жылдык эмгеги бааланып 1984-жылы "Эмгек ардагери" медалы, 1988-жылы "Элдердин достугу" ордени менен сыйланган. 1980-жылы "Улуттук чарбачылыктагы жетишкендиги" коло медалына ээ болгон. 2000-жылы Сын-Таш айыл өкмөтү тарабынан "Айылдын ардактуу атуулу" наамына арзыган.

Айыл ичинде Күлайым апа кадыр-барктуу, улуу-кичүүнүн урмат-сыйына арзыган, оозунан ак батасы түшпөгөн кадырман байбиче, айылдын Умай энеси. Улуу кыргыз элинин нарк-насилин, каада-салтын бек тутуп, аны өзүнүн гана уул-кыздарына, же айыл жаштарына гана эмес, чет өлкөдөн келген волонтерлорго да үйрөтүп келет. Андыктан эненин чет өлкөдө да таалим-тарбиясын алып, тынбай кабарлашып турган уул-кыздары да бар. Колунда эми бар, чыргоолонуп калган кичинекей наристеден оорунун азабына кабылган адамдарга жардам көрсөтүп, эми конуп оору-сыркоодон арылткан ыйык касиетке ээ адам. Сын-Таш айыл округунун Аксакалдар сотунун мүчөсү. Адамга жаман айтпаган, кепти орду менен сүйлөгөн энени журттун баары сыйлайт.





Неберелери менен



# Дурсунов Атамша Латифович

## Кеңеш айылы

1961-жылы 19-сентябрда Ысык-Ата районуна караштуу Октябрь айылында жарыкка келген. 1968-жылы мектеп босогосун аттап, 1979-жылы Буденовка орто мектебинен 10-классты ийгиликтүү аяктаган. 1980-жылы аскерге чакырылып, Львов областына караштуу Каменка-Бугская шаарынан аскердик милдетин өтөп, 1982-жылы кызматын аяктап туулган жерине кайтып келген.

1986-жылыайыл-чарбатехникумунаокуугатапшырып,1989-жылы техникумду ийгиликтүү аяктаган. 1983-жылдан 1993-жылга чейин Ивановка айылындагы Ысык-Ата турмуш тиричилик комбинатында эмгектенген. Эмгектен качпаган, дайыма изденүүчүлүк менен аракетте жүргөн Атамша Латифович 1984-жылдан азыркы мезгилге чейин жеке ишкерлик менен алектенип келет. Эмгекчил, боорукер, колунан келген жардамын эч кимден аябайт. Жараткан ийгиликтерине көкүрөк какпай ар дайым бир калыпта жүрөт. Башкаларга да ийгилик сырынан бөлүшүп, элибиз биримдикте жашаса экен деген ак тилекте болуп келет. Жакындарына күйүмдүү адам.

1984-жылы үй-бүлө күтүп, жубайы Алимова Гульнара Алисултановна менен баш кошуп бирге түтүн булатып башташкан. Атамша Латифович үй-бүлөгө карамдуу, жубайын сыйлай билген, балдарына мээрим төккөн камкор адам. Жубайы экөө үч баланын-эки кызы-Альвида жана Сабина, уулу-Илимдардын бактылуу ата-энеси болушту. Улуу кызы Альвида 1985-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарындагы политехникалык университетинен тикмечи-чеберчилик багытында жогорку билимге ээ болгон. Учурда уулдары тогуз жаштагы Мурат жана алты жаштагы Мухамедге татыктуу тарбиясын берип келет. Кийинки кызы Савина

Кыргыз-Орус Славян университетинин юридикалык факультетин аяктаган, Юнус, Элифнастардын бактылуу энеси. Уулу Илимдар Кыргыз-Орус Славян университетин аяктаган. "Афтолопластик" фирмасынын директорлук кызматын 2012-жылдан тартып аркалап келет. Учурда ынтымагы бек үй-бүлөгө ыймандуу келин киргизип, үйлөнсөм деген жакшы тилекте алдыга максат коюп турган мезгили. Атамша Латифович уул-кыздарынын татыктуу, эң негизгиси адамгерчилик бийик сапатты өздөрүнө бек сактаган адамдардан болуп тарбияланууусуна аракетин жумшап келет. Ата-энесинин жакшы тарбиясын алып, акыл-насаатын угуп өскөн балдары бүгүн ата-энесине карай элдин жакшы сөзүн, алкышын алып келишүүдө.



Үй-бүлөсү менен



# Жапаров Байсал

## Алмалуу айылы

1938-жылы Кант районундагы Алмалуу айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Манапов Жапар мурдагы Алмалуу колхозунда жигердүү эмгектенген. Энеси Бурул Ысык-Ата районундагы Бирдик айылынын кызы болгон.

Байсал Жапаров 1955-жылы Норус мектебинен 7-классты аяктап, андан кийин колхоздо эмгектенип калган. Жубайы Жапарова Күлжан Ысык-Ата районунун Кеңеш айылынын кызы. 1961-жылы сүйлөшүп жүрүп баш кошушуп, он балалуу болушкан. Алты уул, төрт кызды жарыкка алып келген Күлжан апа "Баатыр эне" ардактуу наамынын ээси болуп, төшүнө орден тагынган.

Байсал Жапаров 1955-жылдан тартып совхоздун ар кандай жумуштарында жана чабандык кесипти аркалап иштеп келген. Көп жылдар бою кой багып, Кенес-Анархай, Суусамыр жайлоо-кыштоолорунда жайы-кышы ысык-суукту башынан кечирип, зор эмгектерди жараткан. Совхоздун малын баккан мезгилинде эт, жүндүн планын толтурбай калган учуру болгон эмес. Дайыма сыйлыктарга ээ болуп, кошумча төлөмдөрдү алып турган. Жубайы Күлжан апа да совхоздо жумушчу, көп жылдар бою чабандын жардамчысы болуп иштеген.

Байсал ата менен Күлжан апанын баш кошуп, бирге түтүн булатканына жарым кылымдан ооду. Ушул аралыкта ынтымактарынын бекемдиги, балдарына берген тарбиясы менен жашоонун жыргалын көрүп, дөөлөттүү карылардан болуп өмүр кечирип келишет. Алардын уул-кыздары - Камил, Айна, Шамил, Нурдин, Айгүл, Актана, Жазгүл, Уран, Айдин Кубандар турмуштан ордун табышып, чогулганда өздөрүнчө бир айыл болуп турган учурлары. Атанын тарбиясын, эненин таалимин алган алар адамгерчилик сапатты баарынан жогору коюшат. Жетишкен тарбиянын артында курган турмуш, тандаган жолдорунда



Жубайы Гүлжан жана уул-кыздары

камчы салдырбай кетишти. Уулу Камил Кант шаарында айдоочу болуп эмгектенет. Айнанын кесиби эсепчи, Жазгүл, Айгүл, Актаналар дыйкан чарбасы менен алектенип келишет. Шамил, Нурдин, Кубан, Айдиндер фермердик чарбанын ишин алга жылдырып талбай эмгек жаратышууда. Ата-эненин жүрөгүнөн чыкпас кайгы болуп калганы - уулу Уран аймончоктой 13 жаш курагында жол кырсыгынан каза тапкан. Баланы жоготуу ата-эне үчүн оор кайгы, жүрөктүн бүтпөс жарасы болуп кала берет тура. Кол менен жасап алгыс тагдыр болгондуктан ата-эне бул кайгыны көтөрүп, башка балдарынын амандыгын тиленишти. Байсал ата менен Күлжан апа учурда кенже уулу Кубан менен келини Бактыгүлдүн колунан ысык чайын ичишип, алардын бапестеп баккан сыйын көрүп жашап келишет. Келини жакшы чыгып, улгайган кайнене-кайнатасына өзгөчө урмат көрсөтүп, алардын ак батасына арзып, уулу Бекбосунду чоңойтуп жаткан убактары. Он баланын ата-энеси болгон кадырман адамдар учурда 15 небере, 11 жээн-жалпысынан уул-кыздарынан көргөн 26 неберенин сүйүктүү чоң ата-чоң энеси, таята таенеси болуп, алардын кең келечегин, ден соолугун, эл-журтка амандык менен тынчтыкты тилеп өмүр сүрүшүүдө.



# Жумабеков Турдубек

## Бирдик айылы

Кыргыз ССРинин Кант районуна караштуу Берлик айылында 1937-жылы 25-сентябрда туулган. 1944-жылы мектеп босогосун аттап, 4-классты кыргыз мектептен аяктаган. Андан соң жети жылдык Красно-Мелянтан мектебинен билимин улап, 1955-жылы 7-классты бүтүргөн. 1955-1956-жылдары Кант РТСнан үч айлык механизаторлук курсунан окуган. 1956-жылдын февраль айынан тартып "Дружба" колхозунда механизатор болуп иштеп эмгек жолун баштаган. Аталган колхоздо көп жылдар талбай эмгектенген соң 1965-жылы айдоочулук курсту окууга аттанган. Ал курсту аяктагандан кийин кайрадан "Дружба" колхозуна келип айдоочу болуп иштей баштаган. 42 жыл айдоочулук кесипти аркалап жашына ылайык ардактуу эс алууга чыккан. Айдоочулук кесиптин аркасында колхоздун ишин алга жылдырууга зор салым кошкондугу, ишине болгон жоопкерчилигинин аркасында республиканын, райондун, совхоздун Ардак грамоталары менен сыйланып турган.

Турдубек Жумабеков 1963-жылы Молдошева Нуржамал менен кол кармашып үй-бүлөлүк жашоого аттанган. Жубайы Нуржамал түшүнүктүү, кеңпейил, ичинде кири жок, баарына тегиз караган калыстыгы бар, кабагым-кашым дебеген жаркылдаган жан болгон. Берекеси төгүлүп, дасторкону кенен аялзаты эле. Жумабек ага менен турмуштун ысык-суугун бирге көрүп, ачуу-таттуусун татып, төрт баланын ата-энеси болуп, аларга татыктуу тарбия беришкен. Бирок балдары бой жетип, турмуштун жыргалын эми көрүп, төрдө отуруп чай ичип балпайган байбиче болоор курагында жубайы күтүлбөстөн көз жумуп, ордус толгус жоготууга учурашкан. Айылдын алдыңкы аялзаты аталып, баарына тегиз жаккан Нуржамал эженин капыстан дүйнөдөн өтүшүнө калдайган калың калк, айылдаштары, алыс-жакындан аны билгендердин баары кайгырышып, бүгүнкү күндө да анын жакшы сапаттарын, көтөрүмдүүлүгүн, түшүнүктүүлүгүн, эмгекчилдигин, боорукерлигин ооздорунан түшүрбөй айтып келишет. Небере сүйүп, жетелешип басып уул-кыздарынын төрүндө сый көрөөр мезгилинде өмүр бою бирге жашаган балдарынын энеси, өзүнүн сүйгөн жарынан ажыроо Турдубек агага да оңойго турган жок. Бирок



тагдырдын башка салган кайгысын тирүү адам айласы жок көтөрөт тура. Өмүр бою жүрөгүндө өксүк, жоктоо гана жашап калат экен...

Учурда уул-кыздарынын баары турмуштан орун-очок алышып, уул үйлөп, кыз узатып калган мезгилдери. Улуу баласы Мелис 1964-жылы 20-октябрда туулган. Учурда Кант НПЗда эмгектенет. Жубайы Гульнара менен беш баланы багып өстүрүп, бактылуу турмушту баштарынан кечирип келишет. Кызы Гульназ 1967-жылы 29-ноябрда төрөлгөн. Учурда кафелердин биринде шев-поварлык кесипти аркалап келет. Кийинки уулу Ильяс 1970-жылы 12-сентябрда жарыкка келген, жеке ишкерлик менен алектенет. Жубайы Жумабекова Амина экөө ынтымактуу өмүр сүрүп, үч баланы тарбиялашууда. Кенже кызы Гульзина 1971-жылы 11-декабрда төрөлгөн. Жолдошу Алымбеков Абалкан менен турмуш улап, үч баланын бактылуу ата-энеси болуп аларга татыктуу тарбия берип келет. Турдубек ага балдарынын амандыгын, неберелеринин эсендигин тилеп, аларга колунан келген жардамын аябай, кеңешин берип, акылын айтып кадырман карылыкты башынан кечирип келет.





# Жумабекова Атыркүл

## Эпкин айылы

1951-жылы 9-мартта Ысык-Ата районунун Эпкин айылында төрөлгөн. Мектепти Тельман орто мектебинен аяктаган. Билим алган мектеби бүгүн да көзүнө жакшы көрүнүп, мектептин айланасындагы алма бактарды биз отурганбыз деп эскерип калат. 1968-жылы мектепти аяктагандан кийин Токмок шаарындагы соода-сатык училищасынан окуусун улантып, аны аяктагандан кийин Юрьевка айылындагы Сельподо 2 жыл кассир болуп иштеп жүрүп, 1971-жылы Эпкин айылынын тургуну Караев Үзөнкулга турмушка чыккан. Жолдошу Үзөнкул 1948-жылы 25-майда Эпкин айылында туулган. Анын атасы Караев Азамат койчу болуп эмгектенип, энеси Азаркүл балдарын багып, аларга тарбиясын берген үй кожойкеси болгон.

Атыркүл Жумабекова улуу турмуш жолун аттагандан кийин 1973-жылдан баштап 1996-жылга чейин Калинин совхозунда саанчы болуп талыкпай иштеп келген. Саанчылык кесипти аркалап, анын ысык-суугуна чыдап иштеп жүргөн убагында өмөт тарабынан көптөгөн Ардак грамоталар, дипломдор менен сыйланган. Калинин жергиликтүү кеңешине депутат болуп жүрдү. Жасаган ишине жоопкерчилик менен мамиле жасап, тагылган милдеттерди так аткаргандыгы менен көптөгөн сыйлыктарга ээ болуп, Аялдар советинин мүчөсү болгон. Үзүрлүү эмгегинен баар таап, кадыр-барк күттү, башкаларга үлгү боло алды. Айылдын мыкты келиндеринин да катарын толуктап турган. Анын оор басырыктуу мүнөзү, эч кимден колунан келген жардамын, жакшы-




Жолдошу Үзөнкул, уулу Мунарбек жана неберелери менен

лыгын аябаган жакшы сапаты оозго алынаарлык. Азыр да ошол мыкты сапаттары сакталуу. Саанчы болуп иштөө менен бирге үй-бүлөлүк жылуу очоктун отун өчүрбөй, жолдошу Үзөнкул экөө ынтымактуу өмүр сүрүшүп, бир кыз, беш уулдун сүйүктүү ата-энеси болушту. Кубанычтарына кубаныч улап уул-кыздары ата-эненини сыйлаган, алардын тилектерин актаган жакшы адамдар болуп бой жетишти.

Кызы Айжаркын турмушка чыгып, алты баланын-беш кыз, бир уулдун энеси болду. Жолдошу Арапбай экөө Кант шаарындагы МИСте эмгектенишет. Уулу Уранбек айылда мал чарбачылыгы менен алектенет. Кийинки уулдары Марс, Замир, Мунарбектер да заман талабына ылайык мал чарбачылыгын, жерди иштетип, жасаган ак эмгектеринин үзүрүн көрүп, үй-бүлөлөрүн эч нерседен кем кылбай багып жакшы жашоону баштарынан кечирип келишүүдө.



Эрик болсо Кант шаарында эмгектенет. Атыркүл эженин келиндери Чынара, Наида, Эльвира кайын журтунан ак кызматын аябаган, ийкемдүү, ыймандуу келиндерден болуп чыгып, эненин колун узартып, кубанычка бөлөштү. Алар да кайын энесинин жолун жолдоп айыл ичинде оозго алынган мыкты келиндерден болушту.

Адам баласы башынан тагдырдын нечендеген сыноолорун кечирет экен. Атыркүл эжеге өмүр бою бирге жашаган, бири-бирине арка-жөлөк, таяныч болгон жолдошунан ажыроо оор жоготуу болду. 2010-жылы жолдошу оорудан каза болуп, анын орду жоктолуп кала берди. Үзөнкул ага өмүр бою фермада малчы болуп иштеп келген. Абдан тамашакөй, ачуусу чукул, ичинде кири жок жакшы адам эле. Атыркүл эже жолдошу тууралуу эскергенде: “Кыргыз элинде илгертеден “Бакырчаак төөнүн бары жакшы”деп бекер айтылбаган экен. Атабыздын жаныбызда тирек болуп турган карааны зор экен. Турмуштун көп кыйынчылыгын артка таштап, турмуш жолубуздагы кыйын аска-белдерден ашып эми балдарыбыздын төрүнөн орун алып жашоонун жыргалын көрөөрдө бизди таштап кете бербедиби. Бешенебизге жазылган тагдыр ушул экен да,”- дейт.

Учурда Атыркүл Жумабекова 16 неберенин чоң эне, таенеси. Уул-кыздарына атасынын оордун жоктотпой, аларга аска-тоодой бел болуп турган чагы. Эненин тилегени балдарынын ынтымагы, алардын ден соолугу. Атасынын атын өчүрбөй, адамгерчиликтүү, жакшы адамдардан болуп өмүр сүрүшсө деп тилейт. Неберелеринин чоң эне, таенелеп мойнуна асылып, эркелеп тургандары жашоодогу бардык кайгыны унуттуруп, жакшы күнгө гана жетелейт. Эне ошолор менен бактылуу.



# Жумалиев Асантай

## Чоң-Далы айылы

1930-жылы 20-октябрда Ысык-Ата районундагы Чоң-Далы айылында жарыкка келген, Чылпак уруусунун кулуну. Жети класстык орто билим алгандан кийин Токмоктогу механизация техникумун бүтүрүп, механизатор кесибине ээ болот. Эмгек жолун "Завет Ленина" чарбасында тракторист болуу менен баштаган. 1951-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Владивосток шаарындагы Тынч океан флотунда аскердик милдетин өтөп, 1955-жылы кайтып келген. Ошол жылдан тартып "Завет Ленина" чарбасынын мал чарбасына аралашып малчылык милдетти аркалай баштайт.

1957-жылы өмүрлүк жары Жумалиева Шаимкүл Сагыновна менен баш кошуп, үй-бүлөлүк турмуш жолуна аттанышкан. Жубайы Шаимкүл Сагыновна 1938-жылы Аламүдүн районундагы Кой-Таш айылында төрөлгөн. Мектептен он жылдык билимди алган соң, алыскы Ленинград шаарындагы жеңил өнөр жай окуу жайына өтүп, Россиядан билим алып келүүгө аттанып жолго чыккан учурунда Асантай ата алыска кетирбей вокзалдан алып качып кетет. Алардын турмуш жолу бириккен күндөн тартып бул эки адам ынтымактуу өмүр сүрүп бактылуу турмуштун кучагында жашоо улап келишет. Асантай ата жогоруда аталган чарбада өмүр бою талбай үзүрлүү эмгектенип жүрүп "Эмгек Кызыл Туу" орденине ээ болгон. Дагы көптөгөн орден, медалдардын, Ардак грамоталар менен сыйланып келсе да эч бир байлыкка да, сыйлыкка да алмашкыс эң зор жетишкендиги алардын бактылуу үй-бүлөсүндө жарыкка келген алты баласы болду. Төрт уул, эки кызды татыктуу тарбиялашып, билим берип, ар бирин өз каалаган кесиптерине ээ кылышты. Ата-энелик милдеттин эң негизгисинин бири болгон уул үйлөнтүп, кызды турмушка узатуу милдетин аткарып, алардын өз алдынча жашоо куруп, ынтымакта өмүр сүрүп жаткандарына күбө болуу бактысына ээ болушту. Жакшы үй-бүлөдө тарбия алган балдар кийинки өз алдынча курган турмуштарында алар үйрөткөн жол менен

сапарын улап, ата-энесин кубанычка бөлөсө баш-ка-ларга үлгү болот тура. Асантай атанын уул-кыз-дары мына ушундай сапат-тарга ээ болушту. Учурда Асантай ата менен Шаимкүл апа 20 небере, 4 чөбөрөнүн чоң-ата, чоң-эне-си болуп, Чоң-Далы айылында кадыр-луу карылыкты баштан кечирип, кичүү муунга акыл-на-саатын айтып, ак батасын узаты-шып татыктуу жашоо улап кели-шет. Айыл ичинде кадыр-барк күткөн адамдар.







# Жумалиев Калыбек Жумалиевич

## Сын-Таш айылы

1935-жылы 10-майда Чүй районуна караштуу Сын-Таш айылында туулган. Балалыгы өзү туулуп-өскөн айылында өткөн. Мектепти аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Жоокердик милдетин аткарып келгенден кийин эмгек жолун Сын-Таш колхозунда жөнөкөй колхозчу болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин ишине жоопкерчиликтүү, дээринде идиректиги бар жигитке колхоздун башкармалыгы тарабынан чоң ишеним менен кассирлик милдет жүктөлгөн. Бул кызматта он жылдай тактык, жоопкерчилик менен көрсөтүлгөн ишенимди актап жакшы иштеди. Андан соң Сын-Таш колхозунун тегирменинде өмүрүнүн акырына чейин элди ун менен камсыздап, карапайым калктын курсагына кам көрүп, элдин батасына арзып кызмат кылды. Жумалиев Калыбек өзүнүн ак ниеттиги, эмгекчилдиги, чынчылдыгы менен кесиптештеринин, айылдаштарынын арасында кадыр-баркка ээ адам болгон. Калыбек атанын кылган эмгектерин айылдаштары, замандаштары ушул кезге чейин көп эскерип, аңыз кеп кылып келишет.

Ал үй-бүлөгө камкор, карамдуу, балдарына, өмүрлүк жарына күйүмдүү адам болгон. Жубайы Бүбүажар менен бактылуу өмүр сүрүшүп, үлгүлүү үй-бүлөлөрдөн болушту. Экөө беш эркек, төрт кыздын ата-энеси болушуп, алардын баарына татыктуу тарбия беришти. Бул бактылуу үй-бүлөнүн төбөсүндө кара булут айланып, тилекке каршы 1983-жылы болгону кырк эки жаш күлгүндөй курагында жубайы Бүбүажар катуу оорудан каза болду. Артында чиедей тогуз бала, өмүрлүк жары кайгыга батып, балдары үйдүн кут-берекеси болгон энесин, Калыбек ата жубайын жоктоп өксүп, кабыргалары кайышып кала беришти...



Өмүрлүк жубайы Бүбүажар менен

Бирок Калыбек ата балдарын жетимсиретип, энеси жок балдардай томсорткон жок. Аталык мээримин төгүп чоңойтту. Азыркы мезгилде энесинен эрте ажыраган ошол уул-кыздарынын баары өздөрү тандап алган кесиптердин ээлери болушуп, эмгектенип келе жатышат. Атанын тарбиясынын күчтүүлүгүнөн жана жүрөгүндөгү ыймандарынын улам бир туугандар өз ара ынтымактуу. Баардыгы турмуштан орун-очок алышып, өз үй-бүлөлөрү менен бактылуу өмүр сүрүп келишет. Улуу кызы Гүлбарчын СССРдин 50 жылдыгы атындагы мамлекеттик университетти ийгиликтүү аяктагандан кийин, тандап алган мугалимдик кесибинде отуз үч жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Уулу Канат Бишкек шаарындагы искусство институтун аяктаган, учурда өз кесиби менен ишин улантууда. Кийинки кызы Гулипа Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында жыйырма беш жылдан бери талбай эмгектенип келет. Эмгектин алдыңкысы. Андан кийинки уул-кыздары - Намаз, Назира, Намарбек, Занипа, Анарбек, Самарбектер жогорку жана орто окуу жайларын аякташып, ар кесиптердин ээси болушкан. Бүгүнкү күндө алардын баары республикабыздын аймактарында ар тармакта үзүрлүү эмгектенип келе жатышат.



Үй-бүлөсү менен

1994-жылдын 14-декабрында Калыбек ата 59 жаш курагында дүйнөдөн кайтты. Бул курак эр адам үчүн күлгүндөй мезгил болсо да, Калыбек ата бул жашка чыккыча балдарына мыкты тарбия берип, өз ишинен баар тапкан мыкты адам, айыл ичиндеги кадыры бийик инсандардын катарын толуктап калган. Жубайлар бул бир келген өмүрдө аз жашашса да, алардын басып өткөн өрнөктүү өмүр жолдору балдары үчүн чоң сыймык. Ар дайым ата-энелери тууралуу жакшы кептерди угуп, али да болсо эл арасында алар тууралуу жакшы сөздөр менен эскерилип келе жатканы, ар баласынын жүрөгүн кубантат. Тогуз бир тууганды бири-бирине күйүмдүү, кайрымдуу кылып тарбия берген аларга өмүр бою ыраазы болуп келишет. Ата-энесинин бул жалганда аз жашап, алардын жыргалын көрөөрдө дүйнө менен кош айтышып кете бергендери, ар бири үчүн айтып бүткүс арман, жүрөктөрүндө калган чоң күйүт. “Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” дегендей Калыбек атанын аз өмүрүндө жасаган көп иштери, эл үчүн кылган ак кызматы туугандарынын, айылдаштарынын эсинде сакталып келет. Ал кишини ар дайым жакшы сөздөр менен гана эскерип келишет.





# Жумашова Айжаркын Бакировна

## №49-кесиптик лицейдин директорунун орун басары

1961-жылы Космоско биринчи жолу адам баласынын учуусуна үч гана күн калганда 9-апрелде Жумашова Айжаркын Бакировна Кант районунун Туз айылында жарыкка келген. Атасы Жумашов Бакир өмүр бою "Искра" колхозунда механизатор болуп эмгектенип, жасаган зор эмгеги үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси жана эмгектин алдыңкысы болуп, учурунда СССРдин Баатырлар шаарына жолдомо алган. Энеси Жумашова Айтбүбү бала бакчада эмгектенип, кийин колхоздо кызылчачы болуп иштеген. Өзү кең пейил, жароокер, балдарына мээримдүү, үй-бүлөлүк очоктун жылуулугун сактаган, кутман аялзаты болгон. Айжаркын Бакировна үчүн 1993-1994-жылдар оор жылдардан болду. Анткени ушул жылдары тагдырдын оор мүшкүлүн баштан кечирип, ыйык адамдары болгон ата-энесин катары менен жоготуп алды. Ал ата-энесинин өзүнүн жашоодогу жана иштеги жетишкендиктерин көрбөй кеткенине өкүнөт, анткен менен жарык жашоо тартуулап, татыктуу тарбиялаган алардын ак эмгеги аркасында билимге ээ болуп, иштеп, үй-бүлө күтүп отурганына ыраазы.

Айжаркын Бакировна 1968-жылдан 1978-жылга чейин Нижний-Серафимовка орто мектебинде билим алып, 10-классты жетишкендик менен аяктап, СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин химия факультетине тапшырган. 1983-жылы окууну аяктагандан кийин Ысык-Ата районунун Эпкин айылынын СПТУсуна химия мугалими болуп кабыл алынып, азыркы мезгилде аталган окуу жайда окуу бөлүмүндө директордун орун басарлык кызматын аркалап келүүдө. Агартуучулук багыттагы эмгек жолунда



Үй-бүлөсү менен

грамоталарга, дипломдорго, медалдарга жана "Профтехбилим берүү отличниги" наамынын ээси болду. "Дарак бир жерден көгөрөт" дегендей мугалимдик кесиптин түйшүгүн тартып, рахатын көрүп, көптөгөн кесип ээлерин тарбиялоого чоң салым кошуп келет.

1984-жылы ошол кездеги Калинин совхозунун прорабы болуп иштеген Асанакунов Бактыбек менен тумуш жолун бирге баштаган. Жолдошу учурда "Турайкан" СООПВнын башчысы. Бактылуу турмуш улаган ынтымактуу үй-бүлөнүн ырыскысын арттырган үч наристе катарлаш жарыкка келишкен. Улуу кызы Назира Жусуп Баласагын атындагы КУУну аяктаган. Уулу Тилек И.Раззаков атындагы КТУну бүтүргөн, кенже кызы Насипа тогузунчу класстын окуучусу. Уул-кыздарынын татыктуу тарбия, жогорку билим алышына шарт түзүп, болгон аракетин жумшап келишүүдө. Учурда Нурел аттуу 2-класста окуган сүйүктүү небереси бар. Айжаркын Бакировна өзүн абдан бактылуу аялзаты деп санайт, анткени жанында тиреги, жашоодогу арка-жөлөгү болгон жолдошу, акылдуу уул-кыздары, эч нерсеге теңегис небереси бар.



# *Иманкулов Эмилбек*

## Кант шаары

1933-жылы Чүй областынын Калинин районуна караштуу Суусамыр айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Баев Иманкул менен энеси Баева Сурмабүбү балдарына татыктуу тарбия беришкен. Атасы колхоздо көп жылдар бою башкарма болуп иштеген. Алты баланын ортончусу болгон Эмилбек Иманкуловичтин агасы Сапарбек Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктаган. Карындашы Нуржан да аталган окуу жайдын тарых факультетин бүтүргөн. Иниси Эсенбек география бөлүмүн аяктаган, учурда баары ардактуу эс алууда. Эмилбек Иманкулов мектепке барганга чейин ата-энесинин тарбиясында өскөн. 1941-жылы биринчи класстын босогосун аттап, 1951-жылы 10-классты ийгиликтүү аяктап чыккан. Мектепти бүтүргөндөн кийин эл кызматын аркалоого керектүү кесип тандоо учуру келип, Эмилбек Иманкулович Фрунзе шаарындагы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл-чарба институтунун агрономдук факультетине окууга тапшырган. 1956-жылы аталган окуу жайды аяктап, окумуштуу агрономдук кесиптин ээси болуп чыккан.

Айыл чарба институтун аяктагандан кийин алгачкы эмгек жолун Кеңеш, азыркы Ы. Кочкорбаев атындагы колхоздун башкы агроному болуу менен баштап, 1956-жылдан 1960-жылга чейин иштеген. 1960-1961-жылдары Жумгал райондук айыл чарба инспекциясында улук агроном болуп эмгектенген. Өз кесибинин чебери, иштин көзүн таба билген жаш адис тирайондук айыл чарба инспекциясынын реорганизациялоосуна байланыштуу Жумгал районунун тажрыйба көрсөтүүчү чарбасына башкы агроном, андан соң тажрыйбалуу чарбаны реорганизациялоого байланыштуу Жумгал совхозунун жетекчиси болуп которулуп, ал жерде 1962-1964-жылдары иштеп, мыкты көрсөткүчтөргө жетишкен. 1964-жылы Кыргыз ССРинин айыл чарба министрлигинин буйругу менен Суусамыр машина сыноочу станциясынын башкы агрономдук кызматына которулган. Ал жерде 1966-жылдын октябрь айына чейин үзүрлүү эмгектенип, андан соң кайрадан Кыргыз ССРинин айыл чарба министрлигинин буйругу менен Тогуз-Торо районунун айыл чарба өндүрүш башкармалыгынын башчылыгына которулуп, эмгек жолун ошол жерден улаган. 1968-жылдын ноябрь айында Кыргыз ССРинин жайыт башкы башкармалыгын башчылыгына которулган. Кайсы жерге барбасын айыл чарбасынын алга жылуусуна көп эмгек сиңирип, ишти алдыга жылдырган мыкты жетекчи катары бааланып келди. 1969-жылдын 5-январында алыскы Кенес-Анархай машина сыноочу станциясынын директору болуп дайындалган. Ал жерде да ишти алдыга жылдыра билген мыкты жетекчи катары өзүн көрсөтө алды. 1976-жылга чейин аталган жерде эмгектенип, андан соң Кант районунун



райондук айыл чарба башкармалыгынын башчылыгына которулуп, 1994-жылга чейин талыкпай, райондун ишин алга сүрөп, зор жетишкендиктер менен үзүрлүү эмгек жараткан. Андан соң Кыргыз Республикасынын алдында өмүр бою өзгөчө ак кызмат кылып ардактуу эс алууга чыккан.

Эмилбек Иманкуловичтин айыл чарбасынын өнүгүшүнө кошкон зор салымдары мамлекет тарабынан учурунда бааланып турган. "Эл эмгегин жер жебейт" дегендей жасаган иштери үчүн эки жолу "Эмгек Кызыл Туу" жана "Ардак белгиси" ордендери, В.И.Лениндин 100 жылдыгынын медалы менен сыйланган. Кыргыз ССРинин "Эмгек сиңирген агроном" наамынын ээси. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына татыган. "Эмгек ардагери" медалы жана бир нече ирет Кыргыз ССРинин айыл чарба министрлигинин Ардак грамоталары жана башка көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. 1966-жылдан 1993-жылга чейин тынымсыз райондук советтин депутаты болуп шайланып келген. Кыргызстан компартиясынын XV съездине делегат болуп тандалып, СССР ВДНХсынын чоң күмүш медалы менен сыйланган. Эмилбек Иманкулович өмүр баянына токтолуп жатып баскан жолундагы бир орчундуу окуяны эсине түшүрүп баяндап берди: "Кеңеш колхозунун башкы агроному болуп иштеп турганымда Кыргызстан Компартиясынын 1-секретары Раззаков Исхак Раззакович оруу-жыюу мезгилинде чарбаны көрөм деп келип калды. Аталган колхоздо 30 жыл бою Иса Кочкорбаев башкарма болуп иштеген. Ал учурда колхоз дүркүрөп өсүп, Кыргызстандагы эң алдыңкы миллионер колхоз болчу. Башкарма, мен, Исхак Раззакович болуп талааны кыдырып оруу-жыюу, кызылча талаасын көрүп жүрсөк ал киши



эң жакшы экен деп ыраазы болуп калды. Ошол учурда менин ким экенимди Иса Кочкорбаевичтен сурап калды. "Бул биздин жаш агроном, өткөн жылы айыл чарба институтун аяктап келип, биздин колхоздо башкы агроном болуп иштеп жатат. Азырынча бул жаш агрономго нааразычылыгым жок, жакшы иштөөдө. Колхоздогу комсомолдук уюмдун да 1-секретары. Жакшы иштерди уюштуруп, алга жылдырганы үчүн райондук Комсомолдук уюмдун Ардак грамотасы менен сыйланды. Партияга мүчө болуп кабыл алынды. Колхоз тарабынан алдыңкы адис катарында Москвага Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнө делегация менен жибердик, барып көрүп келди"- деп калды. Ошондо Исхак Раззаков мага карап: "Жаш экенсиң, элге, жерге ак ниет күчүңдү жумшап, таза иште. Мына, Кочкорбаев аксакал билими жок эле таза иштеп, таза жүрүп колхозду миллионерликке жеткирди. Республикадагы эң алдыңкы колхоз. Туурбы, Иса аксакал?"-деди эле башкарма анын сөзүн кубаттап: "Туура, туура, таза иштесе өз эмгегинен адам баар табат. Эмгекти эч ким жебейт" деди. Исхак Раззаков мага карап: "Сен иштесең таза, мен иштесем таза, Кочкорбаев иштесе таза, мамлекет байыйт. Келе колуңду, атың ким?" деди. Эмилбек десем колумду кысып жылуу коштошту. Иса Кочкорбаевдин, Исхак Раззаковичтин айтымы боюнча өмүр бою эч кимге пара бербей, эч кимден пара албай таза иштедим. Бул менин өмүрүмдөгү эсте калган, жүрөгүмөн орун алган көз ирмем"-дейт.

Райондук агропромдун алгачкы түзүлгөн күнүнөн тартып жетекчилик кылган Эмилбек Иманкуловичте мыкты жетекчилик сапат жогору болгонун замандаштары жакшы билишет. Ал жасаган иштер кийинки муундарга үлгү болуп, азыр да ооздон түшпөй айтылып келе жатат. Учурунда жакшы кызматкер катары ошол кездеги жогорку бийликтегилердин жана партиянын ишенимин актаган. Жердин сырын мыкты өздөштүрүп, алдыңкы уюштуруучу катары кайсы райондун, же мекеменин башында турбасын ар дайым айыл чарба өндүрүшүнүн санын да,

сапатын да жогорулаткан. Жаңычылдыкты, жаратмандыкты алдыга максат кылып коюп, аны ишке ашыра билген көрөгөч жетекчи боло алды. Колхоз, совхоздордо жана башка агрардык мекемелерде айыл чарба маданиятын көтөрүп, мал чарбачылыгын өстүрүп, иштин экономикалык натыйжалуулугун жана сапатын жогорулаткан. Эмилбек Иманкуловичти айыл чарбасында иштеген эмгекчилер өзгөчө урмат көрсөтүү менен сыйлап келишти. Ал талабы күч, демилгечи жетекчи, жоопкерчиликтүү жана ак ниет кызматкер катары Кыргызстандын алдыңкы айыл чарба кызматкерлеринин алдыңкы сабынан орун алып келди. "Кант шаарынын ардактуу ардагери" наамынын ээси.

Эмилбек Иманкулович уюткулуу үй-бүлөнүн ээси. Жубайы Иманкулова Асыл эже менен 1956-жылы апрель айында турмуш курушуп, үч уул, үч кыздын үлгүлүү ата-энелери болушту. Жубайы Асыл эже дайыма жолдошунун жашоодогу арка-жөлөгү, тиреги болуп кайсы кызматка барса да колдоп турду. Экөө турмуштун ысык-суугун бирге татып, алты баласына жогорку жана атайын орто адистик наамга жеткирип, окутуп, тарбиялап, үйлүү-жайлуу кылып өстүрүштү. Тун уулу Кеңешбек айыл чарба институтунун экономика факультетин аяктаган. Атасынын жолун жолдоп 35 жылдан ашуун убакыт чарба тармагында эмгектенип, учурда "Түндүкэлектро" ААКсынын текшерүү комиссиясында иш эмгектенет. 3 баланын атасы, 8 небереси бар. Жубайы эки жеке менчик бала бакча ачып, аларды жетектеп келет. Кийинки уулу Сыргабек Бишкек айыл чарба техникумунун ветеринардык бөлүмүн бүтүрүп, колхоздо иштеп турган. Учурда жеке ишкерлик менен алектенет. Эки баланын атасы, жубайы Майрам тигүүчүлүк кесиптин ээси. Кызы Нурида Эмилбековна Кыргыз Улуттук университетинин экономика факультетин ийгиликтүү аяктаган. Ата жолун жолдогон кызы 30 жылдан бери айыл чарба тармагында жооптуу кызматтарды аркалап келет. Жолдошу Союзбек Абдраев Кант шаардык мэриясында эмгектенет. Бир уул, бир кыз, эки неберенин чоң энеси. Кыздарынын экинчиси Алина айыл чарба институтунун экономика факультетин бүтүргөн. Киров колхозунда бухгалтер болуп иштеп жүрүп, учурда Ысык-Ата аймактык ооруканасында эмгектенет. Бир уулдун энеси. Андан кийинки уулу Дуулатбек дагы Бишкек айыл чарба техникумунун агрофакультетин аяктаган, учурда жеке ишкерлик менен алектенет. 3 баланын, бир неберенин атасы. Кенже кызы Рысжан Россиянын Свердлов шаарынан кадрларды даярдоо окуу жайын аяктаган, учурда жеке ишкерлик менен иш алып барат. Эмилбек Иманкулович 12 небере, 11 чөбөрөнүн чоң ата, бабасы. 12 неберенин үчөө жогорку билимдин ээси-эки небереси Кыргыз-Орус Славян университетинин юридика факультетин, бир небереси Кыргыз улуттук университетинин финанс-бухгалтерлик бөлүмүн аякташса, экөө жогорку окуу жайларында билим алып жатышат. "Үй-бүлө - бул мамлекеттин пайдубалы, үй-бүлө билимдүүлөрдөн түзүлсө мамлекет бекем, күчтүү болот" дейт Эмилбек Иманкулович. Үлгүлүү чоң ата, чоң эне аталган Эмилбек Иманкулович менен Асыл эженин чогуу түтүн булатып келе жаткандарына 58 жылдын жүзү болду. Учурда уул-кыздары, небере-чөбөрөлөрү чоң атасынын баскан жолу, жасаган иштерине чоң сыймык артып келишет.



# *Иманкулова Кулушкан*

## Нурмамбет айылы

1947-жылы 11-мартта Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районуна караштуу Кытай айылында төрөлгөн. Балалык чагы туулган айылынын топурагына жуурулуп, унутулбаган элестер менен ошол айылда калды. Орто билимдин ээси.

1966-жылы Ысык-Ата районунун мурунку Кызыл-Желек, азыркы Нурманбет айылынын тургуну Иманкулов Зарылкан менен турмуш жолун улап, тагдыр ташы аталган айылга туш кылган.

1967-жылы совхоздун мал чарбасына жаш үй-бүлө бирге аралашып, эриш-аркак өмүр сүрүү менен бирге кой багып, чогуу отуз жыл чабандык кесипте эмгектеништи. Жаңыдан турмуш курушса да бул үй-бүлө мал багуунун түйшүгүнөн качышкан жок, чоң милдетти моюндарына алышып, жоопкерчилик менен мал багууга бел байлашты. Отор-отор кой багып, аба-ырайынын ысык-суугун тоотпой алыскы Кенес-Анархайдан тартып Суусамырга чейин барып жайлап, кыштап мал артынан жүрүштү. Кулушкан апа менен Зарылкан ата 11 баланын бактылуу ата-энеси болушту. Аялзатынын чыдамдуулугун, анын көтөрүмдүүлүгүн, мээримдүүлүгүн дүйнөдө эч нерсеге алмаштыра албасак керек. Кулушкан апа ысык-суукта мал түйшүгү менен аралашып жүрүп да он бир баланы жарыкка алып келип, аларды багып өстүрүү, тамак-ашын белендеп берип, андан тышкары жолдошуна таяныч болуп мал багууга жардамдашкан эрдигин бүгүнкү күндө мактаныч менен эскерүүгө татыктуу. Он бир баланын экөө каза болуп калышкан. Бул ата-эне үчүн оор жоготуу, антсе да алар белин бекем бууп, кайгы менен алпурушуп калбай төрт кыз, беш уулунун амандыгын тилеп, уул-кыздарына татыктуу тарбия берип өстүрүшүп турмуштан орун алдырышты. Улуу уулу Айкынбек эки баланын атасы, "Дордой" базарында эмгектенет. Алтынбектин эки баласы бар, Уланбек да эки баланын атасы, учурда экөө тең дыйкан чарбасы ме-



нен алектенишет. Кызы Рахат үч балалуу. Танзиля үч баланын энеси, Москва шаарында жашап, иштеп келет. Жосунбек эки баланын атасы, Москва шаарында эмгектенет. Уулу Ринаттын да эки баласы бар, ал дагы Россияда иштеп жүрөт. Асель үч баланын, Жанаркүл эки баланын энеси. Кулушкан апа уул-кыздарынан 25 небере көргөн бактылуу эне. "Баатыр эне" орденинин ээси. Чабан болуп эмгектенип жүргөн мезгилинде көптөгөн Ардак грамоталар, баалуу сыйлыктар менен сыйланып, көпчүлүктүн алкышына арзыган. Уул-кыздарын кандай мээрим менен багып-өстүрүп ордуна койсо бүгүн алардан ошондой сый көрүп, төрдөн орун алып отурган мезгили. Жолдошу Зарылкан ата 2004-жылы дүйнө салган. Өмүр бою эриш-аркак өмүр сүргөн түгөйүнүн бүгүнкү күндө ар бири өз алдынча жакшы турмушка ээ болгон балдарынын жакшылыктарына толук күбө боло албай кеткенин өкүнүч кылат. Жүрөгү таза, мээрими артык, мүнөзү жумшак Кулушкан эне азыр да уул-кыздарына жол көрсөтүп, акылын айтып, аларга таяныч болуп келет.



# *Иманкулова Нурида Эмилбековна*

**Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясынын агрардык өнүктүрүү башкармалыгын башкы бухгалтери, Ысык-Ата районунун райондук профсоюз үкмунун төрайымы**

1962-жылы 19-январда Нарын облусунун Жумгал районунун Жаңы-Арык айылында төрөлгөн. Атасынын кызматына байланыштуу орун которуштуруп мектептин босогосун алыскы Кенес-Анархайдан аттап, Кант шаарындагы №1- орто мектебинен аяктаган. 1980-жылы Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономикалык факультетине окууга кирип, 1985-жылы экономист адистигин алып чыккан. Алгачкы эмгек жолун 1979-жылы Канттагы М.В.Фрунзе атындагы кант заводундагы лимонад цехинин тескөөчүлүгүнөн баштаган. 1982-жылдан тартып Кант райондук аткаруу комитетинин айыл чарба башкармалыгында экономист кызматын аркалап, андан кийин 1987-жылдан 2003-жылга чейин "Бирдик" совхозунда башкы экономист болуп эмгектенген. 2003-жылы Ысык-Ата мамлекеттик администрациясынын агрардык башкармалыгына башкы бухгалтер болуп которулуп, азыркы учурга чейин үзүрлүү иштеп келе жатат. 2013-жылдан тартып профсоюздун төрайымынын жоопту милдети тагылган. Атасы-КРнын айыл чарбасына көп жылдык эмгеги сиңген чыгаан инсан Эмилбек Иманкуловичтин жолун улап келгени атасы, үй-бүлөсү үчүн чоң сыймык. Ишине жоопкерчиликтүү караган, так, калыс мүнөзү бар Нурида Эмилбековнага чогуу иштеген кесиптештери зор урмат менен карашып, эмгегин баалап келишет. "Айыл чарбасынын отличниги", "Кадрдык кызматтын отличниги" төш белгилеринин ээси болуу менен бирге мамлекеттик бир нече ардак грамоталар, министрликтин, башкармалыктын грамоталары менен сыйланган.



Үй-бүлөсү менен

Үй-бүлөлүү. 1982-жылы Люксембург айылынын тургуну Абдраев Союзбек Ибраимович менен кол кармашып турмуш жолун баштаткан. Жолдошу Союзбек Ибраимович 1958-жылы туулган, Кыргыз айыл чарба институтунун зоотехник адистиги бөлүмүн аяктаган. Эмгек жолун "Труд" колхозунда бригадир болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин "Бирдик" колхозунда башкы зоотехник, "Труд" колхозунда башкарманын орун басары болуп эмгектенген. Азыркы учурда Кант шаардык мэриясында башкы адис болуп эмгектенет. Нурида Эмилбековна мамлекеттик кызматты аркалаган алдыңкы аялзаттарынан гана эмес , атасы Эмилбектен, энеси Асылбүдөн алган тарбиясынын аркасында үй-бүлөгө карамдуу, жолдошуна таяныч боло алган сүйүктүү жар, мээримдүү эне, кайын журтуна күйүмдүү келин, ата-эне, бир туугандарына сыймыктуу кыз. Бир уул, бир кыздын энеси. Уулу Абай 1984-жылы төрөлгөн, Кыргыз-Орус Славян университетин аяктаган, учурда Ысык-Ата райондук акимчилигинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. Келини Наргиза КУУну аяктап, учурда, Америка университетинде иштейт. Атай аттуу небереси бар. Кызы Дильбара 1987-жылы төрөлгөн. КУУнун экономикалык бөлүмүн аяктап жатат. Окуу менен кошо Газпромдо эмгектенет. Эмил аттуу уулдун сүйүктүү энеси. Эл үчүн жасаган кызматынан рахат алган Нурида Эмилбековна чарчадым-чаалыктым дебей зор эмгектерди жаратып келет.



# Исаева Гүлмира Исаевна

## Өтөгөн айылы

Сары-Өзөн Чүйдүн боорундагы Ысык-Ата районуна караштуу Кызыл-Арык айылында 1958-жылдын 19-январында кызматкердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнө-гө келген. Атасы Быржибаев Иса коом-дук кызматкер болгон. Кызматына бай-ланыштуу Ош облусунун Токтогул районуна райисполком болуп иштеп калгандыгына байланыштуу Гүлмира Исаевнанын балалык чагы Токтогул районунда өткөн. Энеси Жусупова Тапы райпотребсоюзда кассир, андан кийин бухгалтер болуп эмгектенген. Гүлмира Исаева үч бир тууган, Жылдызбек жана Жаныбек аттуу бир туугандары бар. Алар дагы ата-энесинин жолун жолдошуп жогорку окуу жайларды аякташып, эл кызматын аркалап келишет.

Гүлмира Исаева орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин 1975-жылы К.И.Скрябин атындагы Айыл чарба институтунун экономика факультетине тапшырган. Балачагынан зирек, баардыгын баамдай билген, ачык мүнөз, шайыр кыз институтту жетишкендиктер менен аяктап, 1979-жылы Сын-Таш колхозунда отдел кадр болуп 1981-жылга чейин эмгектенген.

1979-жылы Жолдошбеков Бейшенбек менен турмуш жолун баштап, бактылуу үй-бүлөлөрдүн катарына кошулушкан. Жолдошу Бейшенбек да жогорку окуу жайды аяктап, Советский айылында көп жылдарга чейин жетекчилик кызматта эмгектенген. Учурда да алар Өтөгөн айылынын алдыңкы үй-бүлөлөрүнөн болуп жашап келе жатышат. Үй-бүлөлүк кичи мамлекетинде экөө бир кыз, эки уулду тарбиялап, аларга өздөрү сыяктуу терең, жогорку билим алууга шарт түзүп беришти.



Жолдошу Бейшенбек менен

Гүлмира Исаевна турмушка чыккандан кийин 1984-жылдан 2005-жылга чейин Бириккен айыл чарбасында эсепчи болуп эмгектенген. Улуу кызы Айзада үй-бүлөлүү, учурда Жапаркул Алыбаев атындагы орто мектепте орус тили мугалими болуп иштейт. Жолдошу Данияр эки кызды тарбиялашууда. Уулу Сейит Россияда билим алып, медицина кызматкери болуп эмгектенүүдө. Экинчи уулу Эрик Токмокто РЭОдо паспорт бөлүмүндө иштейт.

"Энелер-турмуш тиреги" дегендей Гүлмира Исаевна жашоосундагы башкы байлыгы балдары үчүн бар эмгегин жумшап, алардын ынтымагына шериктеш, жакшы адамдардан болушуна тилектеш болуп өмүр сүрүп келет. Алардын эл кызматындагы уул-кыздардан болушуна кошкон салымы зор. Үй-бүлөлүк ынтымакты бекем сактап, жолдошуна терең урмат менен мамиле жасап, ата-энени сыйлоо, улуу-кичүүгө болгон урматтоону балдарына тереңден үйрөтүп келди. Анын жасаган иштери эли, балдары үчүн абдан сыймыктуу.



# Исакова Нурила Эсеновна

## Рот-Фронт айылы

1950-жылы 20-февралда Чүй областына караштуу ошол кездеги Чүй районунун Сын-Таш колхозунун Киров айылында төрөлгөн. Атасы мугалим, энеси колхоздун алдыңкы кызылчачысы болгон. Айылындагы Юрьевка орто мектебин аяктаган соң Фрунзедеги республикалык медициналык окуу жайынын медсестралык бөлүмүндө билим алып, 1968-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол жылы турмуш жолуна аттанган, жолдошу Алымкулов Сардарбек айыл чарба институтунда сырттан окуучу. Жолдошу жолдомо менен Нарын облусуна эки жылга кызматка жиберилип, алгачкы турмуш жолу да, эмгек жолу да Нарын облусунун Жданов колхозунда башталган. Айылдык участкалык ооруканада иштеп эмгек жолун баштаган. Туз насип буйруп Нарын облусунда 24-25 жыл иштеп, 2 уул, 4 кыздуу болушуп, Ак-Талаа, Тянь-Шань районунда азыркы Нарын райондорунда эмгектенип келишкен. Жолдошу профтех училищаларында завуч, завфилиал, директор болуп эмгектенип, союз учурунда бир топ жогорку сыйлыктар менен сыйланган.

Нурила Эсеновна областык, райондук ооруканаларда башкы, улуу эмчи айым болуп эмгектенип, 1989-жылы "Эмгектин каарманы" медалы менен сыйланган. 1992-жылы туулуп-өскөн Ысык-Ата районундагы Рот-Фронт айылына көчүп келип, айылдын ооруканасында 12 жыл эмчи айым болуп иштеген. 2002-жылы "Саламаттык сактоонун Ардактуу кызматкери" деген төш белгисине ээ болгон. Баш-аягы медицинада 40-41 жыл эмгектенип, учурда ардактуу эс алууда. Эс алууда болсо да бекер отурбай айылдагы демилгелүү топко мүчө болуп, айылдагы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, начар турмуш абалында жашаган адамдарга жардам иретинде иш-аракеттерди жасап келет. Медицина тармагында эмгектенип жүргөндө областык жана



райондук бир нече мактоо баракчалары менен сыйланган. Эмгеги бааланып, эмгек китепчесине ыраазычылыктар жазылган.

Балдарынын улуусу Алымкулов Куланбек айыл чарба институтун аяктап, суу чарбасында эмгектенет. Кичүүсү Аскербек айылда мал чарбасы менен алектенет. Кыздарынын улуусу фельдшерлик кесипке ээ болуп, учурда дарыканалардын биринде иштейт. Кийинки кызы кесиби боюнча врач, бир кесиптеги адам менен турмуш куруп, учурда Россияда дарыгер болуп эмгектенишет. Кичүү кызы Чүй университетинин чет тилдер факультетин аяктап, мугалим болуп иштеп жатат. Учурда Нурила Исакова жолдошу экөө айылдык аксакал катары жаштарга үлгү-насаат айтуу менен бирге кадырлуу адамдардын катарында болуп, кудайга ыраазычылык билдирип, элдин-журттун тынччылыгын, уул-кыз, неберелеринин ден соолугун тилеп ыраазычылыкта жашап жаткан мезгилдери.



# *Исмаилов Чыныбек Казакович*

## Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери

1958-жылы Ысык-Ата районуна караштуу Карагай-Булак айылында туулган. Атасы Исмаилов Казак, энеси Исмаилова Жыпаркүл Ысык-Ата совхозунда эмгектенишкен. Чыныбек Казако-вич тоо боорундагы жаратылышы кооз, шаркырап аккан өзөн жээгиндеги туулган айылында чоңоюп-өсүп, Карагай-Булак мектебинен билим алган. 1975-жылы Кант районуна караштуу Жээк айылындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектебинен окуусун улантып, аны ийгиликтүү аяктаган. Алгачкы эмгек жолун мектепти аяктагандан кийин Фрунзе шаардык тажрыйбалуу электровакуум машина куруу заводунда "штамповщик"кесибинде иштеп баштаган. Ал заводдон белгилүү "Киргизия" кир жуугуч машинасын чыгарышкан. Бирок жаш, жүрөгү курч жигиттин окуумду улантып көксөгөн тилегине жетип, эл керегине жарай турган ардактуу кесиптин ээси болсом деген изги тилеги анын бул баштаган ишти кесип тутушуна жол берген жок. 1976-1982-жылдары Ташкент шаарындагы Орто Азиялык медициналык педиатрия институтунунда дарыгер болуу максатына жетүү үчүн билим алган. Окууну аяктагандан кийин 1982-1986-жылдары Бишкек шаардык №3-балдардын клиникалык ооруканасында балдар хирургу болуп өз адистиги менен иштей баштаган.

Чыныбек Казакович 1982-жылы үй-бүлөнүн башчысы болуу чоң милдетти мойнуна алып, жүрөгүнө жакын адамы Курманалиева Роза Аблабековна менен турмуш курган. Экөө ынтымактуу өмүр сүрүшүп, төрт баланын ата-энеси болушкан. Жубайы Роза Аблабековна Ысык-Ата аймактык ооруканасында физио-терапевт, бөлүм башчы болуп эмгектенип келет. Үй-бүлөлүк турмуштун кемесин бирге сүзүп, кесиптеш катары да эмгек жолдорун бирге улашкан бактылуу түгөйлөр,



үлгүлүү үй-бүлө болушту. Балдарына жакшы тарбия беришип, аларга тура жолду көрсөткөн сыймыктуу ата-эне аталышты.

Чыныбек Казакович 1986-2007-жылдары Ысык-Ата аймактык ооруканасында врач-травматолог, хирург болуп иштеген. Өзүнүн эмгек жолунда дасыккан врач катары жогорку квалификациялуу деңгээлге жетишти. Көптөгөн Ардак грамоталар менен сыйланып, алкыштарга татыктуу болду. 1997-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги-нин №12-11-буйругу менен "Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери" төш белгиси менен сыйланган. 2007-жылдан тартып Россия Федерациясынын Ыраакы чыгышында Яман Ненец автономиялуу округунда Надым районунун Надым борбордук ооруканасында травматология бөлүмүнүн врач-травматологу, травматология бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалап, үзүрлүү эмгектенип келет.




Жубайы Роза, кызы Аида, күйөө баласы Фархад менен



# Исмаилова Гульнара Шериковна

## Ивановка айыл аймагынын жооптуу катчысы

1961-жылы 20-апрелде Ысык-Ата районунун Ивановка айылында кызмат-чынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1979-жылы Ивановкадагы орто мектепти аяктаган соң 1979-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырган. Жогорку окуу жайды 1984-жылы бүтүрүп чыккан.

1978-1979-жылдары райондук "Дружба" гезитинде корректор, корреспондент болуп эмгектенген. Университетти аяктагандан кийин кайрадан газетага кайрылбай, мектепте мугалим, Ысык-Ата райондук маданият бөлүмүндө инспектор, Ивановкадагы №2-мектептин завучу болуп иштеген. Горбачев учурундагы кайра куруу мезгилинде КМУУнун мектепти башкаруу курсун окуп, бирок мектептен айыл өкмөткө которулуп, азыркы күндө да аталган жерде ишин улантууда.

Көп жылдык жоопкерчиликтүү эмгегинин натыйжасында райондук, облустук грамоталар менен сыйланган. Жергиликтүү башкаруу боюнча улуттук агенттиктин "Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги" төш белгисине татыган.

Үй-бүлөлүү, жолдошу Кульчунов Мухаммет Жумабаевич дыйкан чарбасынын башчысы. Ал белгилүү олимпиадалык чемпион кыз Кульчунова Мариянынын агасы. Гульнара Шериковнанын эки бир тууганы да белгилүү спортчулар Абылкасымов Кубат жана Абылкасымов Саламат кикбоксинг боюнча мелдештердин жеңүүчүсү болушкан. Учурда алар укук коргоо органдарында эмгектенишет. Гульнара Шериковнанын таалим-тарбиясына, эл кызматында жоопкерчиликтүү эмгектенип, эл адамы болушуна бир тууганы Исмаилов Кубанычбектин салымы абдан зор. 5-6 жашында тамга



таанытып, алдыга койгон максатка жетүүнү үйрөткөн. Агасы өзү ишин жөнөкөй айдоочулуктан баштап Кыргыз Республикасынын МАИнин начальниги болууга чейин өз күчү менен аракеттенген, полковник чининин ээси. Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда. Сиңдиси Махабат дипломатиялык жолду тандаган. Учурда Өзбекстандагы Кыргызстандын элчилигинде эмгектенет. Андан кийинки сиңдиси Диля өзүн үй-бүлөгө арнаган жакшы жубай, мыкты эне боло алды. Бир тууганы Бакыт күчкө толуп турган курагында каргашадан каза болгон. Анын уулу Алинур учурда ИИМдин Академиясынын 3-курсунун курсанты.

Гульнара Шериковна иште тактыкты, ишмердүүлүктү, ак ниеттүүлүктү жогору койгон жоопкерчиликтүү адис, үйдө эки баланын мээримдүү энеси, жолдошунун сүйүктүү жары. Балдарынын экөө тең жогорку билимге ээ болушкан. Уулу Эльдар-Москва институтунун ишкерлик жана укук бөлүмүн аяктаган, юрист кесибинин ээси. Жеке ишкер. Кызы Жылдыз МУКтун эл аралык мамиле бөлүмүн аяктап, учурда ООНдун Үйүндө стажер.



# Каджиева Тамила Сергеевна

## Директор Чуйской областной библиотеки

Рассказ об этом человеке можно начать со слов великого русского писателя А.П.Чехова: «Краткость - сестра таланта». Много о ней не скажешь, но что будет сказано -всё значимо и весомо.

Каджиева Тамила Сергеевна - директор Чуйской областной библиотеки, которая считается одной из лучших в Кыргызстане. Совсем скоро Тамила Сергеевна отметит свое 43-летие. Родилась она 16 октября 1971 года в городе Кант. Обычная девочка, старательная, исполнительная, училась в Кантской средней школе №2, которая закончила успешно и в 1989 году поступила в КГНУ им. 50-летия Кыргызской ССР на факультет журналистики. Здесь-то судьба и связала Тамилу с библиотечным делом.

Семья, в которой родилась и выросла Тамила, известна в Канте как трудолюбивая, порядочная и гостеприимная. Мама, Абдулаева Раиса Алексеевна, работала на КЦШК. Она - передовик производства, её фото всегда висело на Доске почёта, ветеран труда, много лет отдала этому предприятию.

Отец Сергей Ильясович, всю жизнь проработал на сахзаводе. Начинал с простого рабочего и вырос здесь до агронома. Он любил спорт, был известным футболистом, играл за сборную Кыргызстана. Абдулаевы вырастили четверых детей у Тамилы есть брат Ильяс и две сестры - Зарина и Индира.

1990 году Тамила вышла замуж за Бахтияра Халиловича, который работал в то время в сфере торговли, а в настоящее время работает в ОсОО «Абдыш-Ата». Конечно, счастье было бы неполным, если бы не было детей. И в 1991 году родился сын Халил, который уже закончил Кыргызско-Славянский университет им. Ельцина с красным дипломом и работает в Кыргызско-Российской компании. Дочь Камилла 1999 года рождения, учится в Кантской школе-гимназии №1 им. Д.П.Зубкова.

Казалось бы, всё на своём месте: дом, семья, работа. Но не в характере Тамилы Сергеевны жить спокойно. Она - лидер, организатор, творческий человек, у неё всегда много идей и дел. В 1995 году она закончила университет, но в библиотеке работает с 1993 года. Карьера началась

от простого библиотечного работника до директора Чуйской областной библиотеки. Работая билиотекарем, быстро освоила процессы работы. В 1995 году была избрана председателем профсоюзного комитета библиотеки. В этом же году была переведена заведующей методико-библиографическим отделом. Здесь-то она и показала свои деловые организаторские способности.

В 1996 году была назначена директором Ысык-Атинской Централизованной библиотечной системы. В 2003 году Постанавлением Губернатора Чуйской областной библиотеки, где и работает в настоящее время. За время своей профессиональной деятольности в библиотеке Тамила Сергеевна открыла новые, очень важные для работы и интересные отделы: отдел периодических изданий, отдел искусств, отдел краеведения, общественный центр доступа к Интернету, Американский уголок, Русский центр, Китеп ордо, лингафонный кабинет и Центр для людей с ограниченными возможностями в жизнедеятольности.

Судя по названиям этих отделов, можно понять, сколько сил и времени Тамила Сергеевна отдает любимому делу. Но и это ещё не все. В библиотеке разработаны и ведутся программы: работа с районным Обществом инвалидов, работа с неправительсвенными организациями, налажены связи с международными организациями и фондами для улучшения материально-технического состаяние библиотеки. Потому в залах Чуйской областной библиотеки всегда аккуратно, чисто, уютно, деловая обстановка, здесь приятно бывать, общаться с библиотечными работниками. Это современный культурный центр, где можно многому научится.

В течение последних лет ЧОБ (структурные подразделения) признана «Лучший библиотекой года» Библиотечным консорциумом КР, Министерством культуры, информации и туризма КР, Полномочным представительством правительства КР в Чуйской области, Ысык-Атинской Государственной администрацией.

Широка и общественная деятельность Каджиевой Тамилы Сергеевны. Она-внештатный корреспондент районной газеты «Знамя Победы», эксперт НПО «Алга», член Азербайджанской диаспоры в КР «Азеры». У неё большой методический опыт работы по организации и проведению семинаров и тренингов по различным темам:

- написание заявок на гранты,
- имидж библиотекарей и библиотеки,
- новые инфармационные услуги в библиотеке,
- этика библиотекаря,
- сельская библиотека вновых условях работы,
- модельная библиотека, партнерское взаимодействие библиотек и ряд других.



В рамках международного сотрудничества Тамила Сергеевна посетила библиотеки США с целью обмена опытом, неоднократно посещала Международную Крым-скую библиотечную конференцию, Иссык-Кульскую, Казахстанскую. Она-участник Ассамблеи «Русского мира».

Тамила Сергеевна-поистине деловая женщина, она обладает индивидуальным стилем деятельности руководства и общения, коммуникативными умениями и навыками, речевыми способнос-тями. Это помогает ей находить общий язык и правильный тон с различными людьми и в разных обстаятельствах. Это человек широкой эрудиции, профессиональной компетенции, постаянно стремится к самообразованию, приобретая новые практические умения и навыки и внедряя их в свою работу. Обладая творческими способностями, она разрабатывает перспективные планы, определяет цели, задачи и пути решения, прогнозирует желаемые результаты, определяет эффективность обслуживания посетителей, читателей и перспективы его развития. Она очень требовательна к себе и своим сотрудникам и конечно, пользуется заслуженным авторитетом в районе, области, республике.

Эта женщина отмечена и высокими наградами: она награждена Государственной наградой «Маданияттын мыкты кызматкери», медалью Кыргыз Республикасынын китепканачыларынын коомдук бирикмеси «Китепкана жылдызы», неоднакратно награждалась Сертификатами признания за отличное качество работы, за Партнерство, за внедрение новых технологических подходов в обслуживании пользователья.

В 2014 году заслужила награду «Жылдын мыкты жетекчиси» и была награждена ценными подарками.

И в заключение хочется пожелать этой женщине здоровья крепкого, счастья семейного, больших творческих успехов для блага людей и процветания района, области и Кыргызской Республики.





С Мариной Магомедовной



# Калмырзаева Дарымкүл

## Нурмамбет айылы

1933-жылы 10-июлда Ысык-Ата районунун Сын-Таш айылында төрөлгөн. Балалыгы согуш мезгилине туш келип, катаал заманды, каардуу күндөрдү баштан кечирип, сегиз жылдык билим алган. 1950-жылы Красный-Восток айылына турмушка чыгып Калмырзаев Арыкбай менен турмуш жолун баштаган. Колхоз, совхоз мезгилинде талаа жумуштарында, кызылчада талыкпай эмгектенген. Жайдын аптабына туруштук берип, жакшы жыйынтыкка жетип, эмгектен баар табууга болгон күч аракетин жумшаган ак ниеттүү эмгекчил адамдардын катарын толуктаган. Жолдошу Арыкбай почточу болуп эмгектенип жүрүп кийин уйчу болуп иштеген. Алар тогуз баланын ата-энеси болушуп, аларга тарбия берип, элдин катарынан кем кылбай багып өстүрүп, ар бирин тууруна кондурушту. Колхоздо эмгектенип жүрүп 1984-жылы эс алууга чыккан.

Улуу кызы Эрмек 1953-жылы төрөлгөн, экинчиси Бермет 1955-жылы жарыкка келсе, уулу Жаныбекти 1959-жылы төрөгөн. Жаныбек Финансы техникумун аяктаган, беш баланын атасы. Учурда өзүнүн дыйкан чарбасында эмгектенет. Кийинки уулу Сырдыбек 1961-жылы төрөлгөн, Ысык-Ата райондук милиция бөлүмүндө тергөөчү болуп эмгектенип жүрүп дүйнөдөн эрте өтүп кетти. Жакыпбеги 1963-жылы төрөлгөн, айылдык бейтапканада тиш доктур болуп эмгектенет. Афган согушунун катышуучусу, бир канча орден, медалдардын ээси. Медициналык Академияны аяктаган. 3 баланын атасы. Гүлмира 1965-жылы төрөлгөн, финансылык техникумду аяктаган, бир кыздын энеси. Айнура 1969-жылы төрөлгөн, беш баланын энеси. Айыл-чарба институтун бүтүрүп, экономист-бухгалтер адистигине ээ болгон. Гүлнара-1972-жылы төрөлгөн, Медициналык Академияны аяктаган, акушер-гинеколог. Андан кийин И. Арабаев атындагы жогорку окуу жайды аяктап, учурда М. Койбагаров атындагы мектепте мугалим

болуп эмгектенет. 3 баласы бар. Эң кенже уулу Калыбек 1974-жылы төрөлгөн, дыйкан чарба иштери менен алектенет. Чоң үйдүн ээси. 2 уулдун атасы.


Өмүрлүк жолдошу Арыкбай ата менен

Дарымкүл апа бүгүнкү бакы-тына ыраазы. Уул-кыздары, келиндери апалап бапестеп багып, сый-урматын тартуулап төрдөн орун берип келишет. 28 небере, 14 чөбөрөнүн кучагында алардын амандыгын, ар убак элге токчулук, жерибизге тынчтыкты тиленет. Айыл ичиндеги кадырбарктуу, нускалуу ак элечек энелердин бири.





# Камызбаева Магрипа

## Чолпон айылы

1943-жылы 15-июлда Казак ССРинин Жамбул областына караштуу Чүй районунун Чу станциясында жумушчулардын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Мектепти аяктаган соң келечекке кадам таштап туз насип буйруп 1960-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик универ-ситетине окууга тапшырып, физика-математика бөлүмүнө өтүп окуп калат. 1965-жылы аталган окуу жайды аяктап, мугалимдик кесипке ээ болгон.

Өзү сүйүп, тандаган агартуучулук кесипте кырк жыл тынбай үзүрлүү эмгектенип, көптөгөн келечек муундарга билим берген. Окуу мекемелеринде жана мыкты мектептердеги көрсөткөн активдүүлүгү жана профсоюздагы көп жылдык эмгеги үчүн, ишиндеги жетишкендиги жана Советтик илимдер күнүнө байланыштуу Кыргыз ССРинин илимдер академиясы профсоюздар БКсынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Бир нече жолу Мугалимдер күнүнө карата Ардак грамоталарга жана ыраазычылыктарга ээ болуп турган. 2006-жылы "Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнүн мыктысы" наамына ээ болгон. Көп жылдык ак ниеттүү эмгеги үчүн СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун атынан Фрунзе шаардык эл депутаттарынын чечими менен 1988-жылдын 4-августунда "Эмгек ардагери" медалы менен сыйланган. Басып өткөн эмгек жолунда коштогон ийгиликтерине ардагер мугалим ыраазы.

Магрипа Камызбаева жаш кезинде турмуш курган түгөйү Керимкулов Жарбаң менен бүгүнкү күнгө чейин бактылуу өмүр сүрүп, жашоодо бири-бирине колдоо көрсөтүп, уул-кыздарды тарбиялап, азыркы мезгилде балдарынын гана эмес неберелеринин да колунан ысык чайын ичип, төрдөн орун алып, бактылуу карылыкты баштарынан кечирип жаткан убактары. Жарыкка алып келип, татыктуу тарбия бер-



ген уул-кыздары учурда элдин керегине жарап, эл кызматын аркалап, ата-энесин сыймыкка бөлөп келишет. Кызы Эльмира энесинин жолун жолдоп агартуучулук кесипти аркалап, көп жылдан бери Борбордук Америка университетинде мугалимдик кесипти аркалайт. Уулу Тилек Чүй районундагы Токмок шаарында Жаратылышты коргоо тармагында эколог болуп эмгектенет. Кийинки уулу Нурдин фермерлик чарбанын ишин алга жылдырууда. Магрипа эненин турмушундагы эң чоң өксүгү кызы Гүлмиранын төрөттөн көз жуумп, жашоодон эрте кеткени. Маңдайга жазылган тагдырга баш ийип, көкүрөгү ачышып, жүрөгү сыздаган эне колдон келбес ишке моюн сунуп, калган уул-кыздарынын амандыгын тилеп өмүр улаган. Учурда уул-кыздарынан 7 небере, 1 чөбөрө көрүп, алардын жакшылыктарына күбө болуп жашап келет.



# *Каптагаева Канышай Сагыновна*

## Ысык-Ата айылдык округунун жооптуу катчысы

1951-жылы 20-ноябрда Кант районундагы Тогуз-Булак айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Рыскелдиев Сагын Кант районундагы Чоң-Далы айылынан болгон. Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу, 1941-жылы согушка аттанып, 1943-жылы оор жараланып келип дарыланган соң кайра жөнөп, 1945-жылга чейин душмандар менен салгылашкан. Энеси Алымкулова Алымсура Тогуз-Булак айылында төрөлгөн. Алты баланын энеси болгон.

Канышай Сагыновна өмүрүнүн дээрлик 44 жылын Ысык-Ата совхозунун, кийин айыл өкмөтүнүн жооптуу кызматтарына арнаган: Аталган совхоздо көп жылдар бою профсоюз уюмунун бухгалтери, кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип, кийин чарба жоюлгандан кийин Ысык-Ата айылдык кеңешинин жана айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы болуп иштеп келе жатат. Ишине дайыма жоопкерчиликтүү жасаган мамилеси, тактыгынын аркасында айыл элинин жана бирге иштеген эмгек жамаатынын арасында кадыр-баркы жогору. Анын жасаган иштери дайыма мыйзамдуулуктун чегинде ишке ашып, өзү эмгектенген айылдык округдун социалдык жана экономикалык абалынын жакшырылышына багытталат. Коомдук иштерден четте калбай баарына катышып келет. Талыкпаган эмгегинин аркасында Чүй облустук жана Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрацияларынын Ардак грамоталары, "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Ысык-Ата айылдык округунун "Ардактуу атуулу", жаштардын насаатчысы, "Ысык-Ата айылдык округунун аялдар уюмунун төрайымы,



Үй-бүлөсү менен

аксакалдар сотунун мүчөсү. Жаш адистерди тарбиялап, аларга жол көрсөтүп келет.

Жолдошу Каптагаев Насыкул Аманович экөө 1970-жылы сентябрь айында баш кошушкан. Өмүрлөшү О. Бөлөбалаев атындагы орто мектепте, №48-СПТУда мугалим, кийин Кант РЭСинде текшерүүчү иштеп жүрүп, оорунун айынын 2003-жылы көз жумган. Экөө бир уул, бир кыздын ата-энеси болушкан. Кызы Зарина төрт баланын энеси, Туз айыл өкмөтүндө жашайт. Жээндери Айдай, Толкун, Амантур мектеп окуучулары, кенжеси Сезим үч жашта. Уулу Нурдин менен келини Гүлзара дыйкан чарбасы менен алектенишип, ынтымактуу өмүр сүрүшүүдө. Алардын уулдары Сүймөнкул, Бактыгул, Бекболдор О. Бөлөбалаев атындагы мектептен билим алышып, чоң энесин кубанычка бөлөп жүргөн учурлары. Уул-келин, кыз-күйөө балдарынын, жети небересинин маңдайында алардын бактылуу жашоосунан, шаттуу күлкүлөрүнөн рахат алып жашап келет. Үч жарым жыл мурун ардактуу эс алууга чыкса да үйдө отуруп калбай дагы эле талбай эмгек жасоодо.



# Карагулов Джекшеналы Асанбаевич

## Жер - Казар айылы, СССРдин спорт чебери

1941-жылы 13-декабрда Кант районуна караштуу Узун-Кыр селолук советиндеги, Алга колхозунун Жерказар айылында кедей-кембагал адамдардын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Түпкү аталары Ысык-Көлдөн, Дөөлөс уруусунан, бабасы Сарман, чоң атасы Карагул, атасы Асанбай. Агасы Карагулов Жанызак колхоздун алгачкы башкармаларынын бири болгон. Атасы Асанбай 1942-жылы май айында Ата Мекенин коргоо үчүн фашисттерге каршы согушка атанып, ошол бойдон кайра үйүнө кайрылып келген эмес. Джекшеналы агай чоң энеси Сарманова Бүбүкенин колунда 7-классты аяктаганга чейин тарбияланган соң, 1957-жылы Бүбүке чоң эне небересин жетелеп келип ошол кездеги Фрунзе шаарындагы №1-интернатка өткөрүп, жыл айланып 1958-жылы өзү дүйнө салган. Жытын искеп, этегин кармап чоңойгон Бүбүке чоң энесинин көзү өткөнү Джекшеналы ата үчүн учурунда абдан оор кайгы болгон эле...

Ал 1959-жылдан тартып эркин күрөш секциясына катыша баштаган. 1961-жылдын июнь айында №1-мектеп интернатын аяктаган. Ошол жылдын июль айында машыктыруучусу Петр Иванович Лисичкин аны Ленин заводуна формовщик кылып жумушка киргизген. Алгачкы эмгек жолун баштаган аталган зоводдо ноябрь айына чейин иштеп, андан кийин аскерге чакыруу алып Мекенди коргоо милдетин Ленинград шаарында суу алдындагы кеменин электрик-штурманы болуп өтөй баштаган. Аталган шаарда 9 ай окуп, жогорудагы кесипке ээ болгон. Спортту сүйгөн Джекшеналы Карагулов ал жерде жүргөндө күрөштүн классикалык түрү менен машыккан. Күрөштүн ал түрү менен Балтика флотунун биринчилигине катышып экинчи орунга ээ болгон. Ленинграддагы окууну аяктагандан кийин аларды аскердик бөлүктөргө бөлүштүрүп, ал Владивосток шаарына жиберилген. Ал жерде бир жума гана жүрүп, андан кийин Камчаткага кызмат өтө-

гө жөнөтүлгөн. Аскердик кызматын өтөп жаткан учурунда Камчатка шаарында Камчаткалык флотиланын биринчилиги өтүп, мекендешибиз 1-орунду багындырган. Камчаткада өтөгөн үч айлык кызматынын кийин алардын колоннасын Тынч океан флотунун биринчилигине даярдап, Владивосток шаарына мелдешке алып барышкан. Сыймыктанууга татыктуу жердешибиз Тынч океан флотунун биринчилигинде 1-орунга ээ болгон. Ошол жылы спорт рота ачылып, Тынч океан флотунун курама командасына аны алып калышкан. Андан кийин ошол эле флотто биринчиликке катышып, эки жолу утуп 1-орунду эч кимге алдырбай жеңишти камсыздаган. Эки ирет СССРдин Куралдуу күчтөрүнүн мелдешине катышып 7-8-орундарга ээ болот. 1964-жылы эс алууга мекенине келип, Каба уулу Кожомкул атабыздын эл аралык мелдешинде биринчи орунду алган. 1965-жылы аскердик милдетин өтөп бүткөн соң кайтып келип, Фрунзе шаарындагы Новосибирск курулуш-монтаждык трест башкармалыгында монтаждоочу болуп иштей баштаган. Курулушта иштеп жүрүп да спортту таштабай, эркин күрөш менен машыгуусун уланткан. Кыргыз Республикасынын курама командасынын мүчөсү болгон. 1965-жылы кайрадан Каба уулу Кожомкул атабыздын мелдешине катышып, 1-орунга ээ болгон. Республиканын биринчилигинде эркин күрөш боюнча 1-орунга татып, "СССРдин спорт чебери" наамына ээ болгон.

1966-1967-окуу жылдарында Кант районундагы Интернационал орто мектебинде, өзүнүн туулган жеринде дене тарбия сабагынан мугалим болуп иштеген. Ошону менен бирге күрөштү сүйгөн балдарга күрөш ыкмаларын үйрөткөн. Кант районунда өткөн эркин күрөштүн биринчилигине катышып алардын командасы биринчи орунду камсыздашкан. Колхоздо иштеп, ошол эле учурда борборго барып машыгууга катышып жүргөн.

1967-жылы Караганда шаарына топтолгон команда менен СССР спорт чебери наамын жеңип алуучу мелдешке барып ал жактан да 1-орунга ээ болгон. 1967-жылы Кыргыз дене тарбия институтуна окууга өтүп, спортту дагы жакындан билүүгө жол ачылды. Окуу жайдан да эркин күрөш менен машыгуусун уланткан. Эки жыл ал жерде окугандан кийин турмуш-шартка байланыштуу сырттан окуу бөлүмүнө которулууга мажбур болгон. 1972-жылы аталган окуу жайды аяктаган. 1969-жылдан 1971-жылга чейин Калинин районунда, Кара-Балта шаарында эркин күрөш боюнча балдар жана жаш жеткинчектер спорттук мектебинде машыктыруучу болуп иштеген. Кара–Балта БЖСМинен жүздөгөн I-II-разрядка татыктуу балдарды

тарбиялап чыккан. 1971-жылы Ал кездеги Фрунзе, азыркы Бишкек шаарындагы Н.К.Крупская атындагы спорттук мектеп-интернаты ачылып, аны Кара-Балтадан чакыртып алышкан. Ошол 1971-жылдан тартып 2004-жылдар аралыгында ардактуу эс алууга узаганга чейинки болгон үзүрлүү эмгек жолун Н.К.Крупская атынданы спорттук мектебине жумшап, көптөгөн мекенибиздин жүзүн алыска тааныткан спортчуларды тарбиялоого зор эмгек жумшаган. Мисалы: Баурбеков Максат бүткүл союздук спорт-интернаттардын окуучуларынын спартакиадасынын жеңүүчүсү, Филиппин, 3-орун, Эл аралык класстын спорт чебери; Ногойбаев Абыл-1978-жылы Тбилиси шаары 1-орун; Садыров Акбар-Улан-Удэ шаары, 1976-жыл; Шаршеев Тургун, Алма-Ата, 1-орун, 1974-жыл; Сулайманов Нурмамат-Днепетровск, 3-орун, 1983-жыл, Фрунзе-1984-жыл, 3-орун, СССРдин спорт чебери; Бейшебеков Нарынбек-Фрунзе, 1984-жыл, 1-орун; Борбукеев Заирбек-Фрунзе, 1984-жыл, 2-орун, СССРдин спорт чебери; Усубалиев Жыргалбек-Фрунзе шаары, 1981-жыл 1-орун; Төрөгелдиев Асеин-Дүйнө чемпиондугу, Будапешт, 1994-жыл, 1-орун, КМС КР; Осмонкулов Эркин-1994-жыл, Ташкент, 2-орун; Молдоев Кубанычбек-Фрунзе шаары, 1-орун; Исаков Нурман-Херсон, 1989-жыл, 2-орун; Самсалиев Саламат-КМС КР; Конокбаев Урмат-КМС КР; Садыков Марат-СССРдин спорт чебери; Акматов Кармыш-СССРдин спорт чебери, жаштар арасындагы СССРдин чемпионаттыгы, 2-орун; Жапаралиев Валера-СССРдин спорт чебери, эркин күрөш боюнча илимдин кандидаты; Арыкчилов Таалай-СССРдин спорт чебери; Бегалиев Кылычбек-СССРдин спорт чебери; Чотунбаев Бакыт-СССРдин спорт чеберинин кандидаты; Тагаев Бакыт-СССРдин спорт чебери; Молдоев Канат-СССРдин спорт чебери, СССРдин жаштар аралык чемпиону. Джекшеналы Асанбаевич көптөгөн СССРдин, Кыргызстандын, эл аралык спорттун чеберлери болгон балбандарды даярдап чыккан. Эгер анын колунан даярдалып, өлкөнүн атын чыгарып, спортко зор салым кошкон тарбиялануучуларынын атын атасак оголе көп. Алар спортто жол көрсөткөн устатына, мугалимине азыр да терең ыраазычылыктарын билдирип келишет.

Джекшеналы Асанбаевич спорт тармагына кошкон зор салымдары, жасаган эмгектери үчүн көптөгөн сыйлыктардын, ардактуу наамдардын ээси болгон. “Отличник просвещение Кыргызский ССР”, “Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыруучусу”, “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер”, “ССРдин эмгек ардагери”, “Эркин күрөш боюнча СССРдин спорт чебери”,

"Кыргыз Республикасынын алдындагы өзгөчө эмгеги үчүн" пенсия алуучу күбөлүк, "Жер-Казар айылынын ардактуу атуулу" жана башка дагы сыйлык-наамдар менен сыйланган.

Джекшеналы Карагулов 1969-жылы апрель айында Карагулова Жамал Тукумбаевна менен кол кармашып турмуш жолуна аттанышкан. Үй-бүлөлүк ынтымакты бек тутуп, эки уул, бир кыздын бактылуу ата-энеси болушкан. Улуу баласы Бакыт 1970-жылы жарыкка келип нариste жытын искешсе, эки жаштын бактысын жыл айланып жарыкка келген 1971-жылы төрөлгөн Таалай толтурган. Кызы Рахат 1972-жылы төрөлгөн. Кыргыз спортуна опол тоодой эмгек сиңирип зор салымын кошкон Джекшеналы Асанбаевич учурда алты неберенин кубанычына бөлөнүп, алардын ар бир жакшылыгына күбө болуп татыктуу өмүр сүрүүдө. Неберелери - улуу баласы Бакыттан - Давид-Сулайман, Расул, Эмирхан, Инсана, Таалайынан - Сейнел, Саниялар чоң ата, чоң энесине эркелеп аларды бакытка балкытып, таалайга тундуруп, жашоонун рахатын сездирип келишет. Учурда ардактуу эс алууда жүрсө да спортчуларды тарбиялап, Курманкул Айдарбеков атындагы орто мектептин спорт ийриминин машыктыруучусу болуп эмгектенип жүрөт.



Окуучулары менен



# *Карымбаев Канатбек*

## КРнын Кадрдык кызматынын башкы адиси

Карымбаев Канатбек Оморбекович 1955-жылы 30-мартта Кемин районуна караштуу Жаңы-Алыш айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Атасы Карымбаев Оморбектин түпкүлүгү Жумгал районунун Кызарт айылынан болгон, бирок жаш кезинен Сары-Өзөндү жердеп, "Кыз-Күйөөдөгү" таштан салынган тосмолорду курган. Кийин Кашкадагы (Кемин району) заводдо эмгектенген. Ал 1924-жылы 23-февралда жарыкка келип, 2010-жылдын 20-февралында 86 жаш курагында дүйнөдөн кайтып, Жайылма айылында жерге берилди. Энеси Токтогонова Ажаркан 1932-жылы Кемин районунун Жаңы-Алыш айылында төрөлгөн. Бүт өмүрүн жарыкка алып келген 7 баласын тарбиялап-өстүрүүгө арнап, үй кызматында алардын келечегине кам көрүп жүрүп 1987-жылы күтүлбөгөн кырсыктан көз жумган.

Канатбек Оморбекович 1972-жылы мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин өз каалоосу боюнча чарба өндүрүшүндө жумушчу болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1973-жылдын май айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1975-жылдын май айына чейин Амур облусуна караштуу Белогорск шаарында аскердик кызматын өтөп келген. Советтик Армиянын катарында жүрүп турмуш эмне экенин, кантип жашоону улантуу керек экенин түшүндү. Биринчи кезекте билим алууну максат кылып, 1975-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун зооинженердик факультетине кирип, анын толук курсун 1980-жылы аяктап, зооинженер адистигине ээ болгон. Ошол окуу жай Канатбек Оморбекович үчүн улуу үй-бүлөлүк жашоосунун башаты да боло алды. 1978-жылы институттун 3-курсунда окуп жүргөн мезгилинде курсташы Үмүткан менен кол кармашып, турмуш жолун башташкан. Жубайы Жукеева Үмүткан 1957-жылдын 26-январында Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылында төрөлгөн, он бир тууганду чоң үй-бүлөдө тарбияланып өскөн. Экөө окуу менен үй-бүлөлүк жашоону эриш-аркак улантып, институтту аяктап, диплом алып жатканда эки баланын ата-энеси болушкан.

Ал кезде жогорку окуу жайын бүтүрүүчүлөргө сөзсүз түрдө жолдомо менен жиберилип, үч жылдан кем эмес иштеп келүү талабы болгон. Канатбек Оморбекович да ошол талапты аткаруу максатында, өзү мал чарба адиси болгондуктан мал киндиктүү Нарын облусунун Кочкор районунун 24-партсъезд колхозунда 1980-жылдын ноябрь айынан тартып эмгек жолун уланткан. Колхоздо башкы зоотехник-селекционер, ферма башчысы болуп иштеп жүргөндө коомдук иштерге активдүү катышып, 24-партсъезд колхозунун коомдук башталыштагы комсомолдук уюмунун секретары болуп шайланып, 1983-жылдын ноябрь айына чейин үзүрлүү эмгектенген. Иштеген эмгеги бааланып, 1982-жылы Кыргызстан Компартиясынын Кочкор райкомунун бюросунун чечими менен партиянын катарына кабыл алынган.

"Эр эмгегин жер жебейт" деген кептин төгүнү жок экен, анын коммунист экендиги жана комсомол уюмунун секретары экендиги эске алынып, Ленин комсомолунун жаштар союзунун Нарын облустук комитетинин бюросунун чечими менен 1983-жылдын ноябрь айында комсомолдун Нарын обкомунун Аппаратына нускоочу, андан кийин бөлүм башчысы кызматына которушту. Комсомолдун Нарын обкомунун аппаратында кызмат кылып жүрүп эл менен тил табышып иштешүүгө жана кагаз иштерин жөнгө салууга үйрөнүп, такшалды. Нарын областык комитетинин жолдомосу менен 1984-жылы Москва шаарында өткөрүлгөн Жаштардын Бүткүл дүйнөлүк фестивалына катышып келген. Комсомолдук кызматкер Коммунистик партиянын чоң камкордугу менен партиялык, советтик, чарбалык кызматтын резервине коюлуп, даярдалып, такшалып, тандалып анан кызматка көтөрүлчү. Ошол кезде кадрларды жайгаштырууда калыстык бар эле. Канатбек Оморбековичти жумушчунун баласы болсо да комсомолдук кызматтан партиялык кызматка которушуп, 1985-жылдын август айынан тартып Кыргызстан Компартиясынын Жумгал райкомунун уюштуруу бөлүмүндө нускоочу, 1985-жылдын ноябрь айынан 1987-жылдын январь айына чейин Жумгал районунун Кызарт совхозунда партиялык комитеттин секретары, 1987-1990-жылдары партиянын Жумгал райкомунун айыл-чарба, андан кийин уюштуруу бөлүмдөрүнүн башчысы болуп иштеди. Иштеп жүргөн учурда 1985-жылдан 1997-жылга чейин бир нече ирээт айылдык, райондук кеңештин депутаты болуп шайланып жүргөн. Кыргызстан Компартиясынын Жумгал райкомунун бюро жана пленум мүчөсү да болуп шайланган. Демократиянын шарданы ал иштеп турган Жумгал районуна да жетип, бийликти советтерге деген чакырыктар кеңири кулач жайды. Ошол кезде Нарын менен Ысык-Көл облустары биригип, Ысык-Көл облусунун карамагында иштеп жатканда, Ысык-Көл облустук Советтин төрагасы - Коммунистик партиянын Ысык-Көл облустук комитетинин биринчи секретары Ж.Б.Аманбаевдин сунушу менен Канатбек Оморбековичти Жумгал райондук Советтин төрагасынын биринчи орун басарлыгына дайындашкан. Бул кызматты ал 1990-1991-жылдары аркала-

ган. Жумгал райондук Советтин чечими менен 1991-1995-жылдары Көкөмерен жана Мөмө-жемиш совхоздорунда директор болуп эмгектенип келген. 1995-жылдын июнь айында депутаттардын Жумгал райондук кеңешинин төрагасынын ордуна үч депутаттын талапкерлиги (анын ичинде Канатбек Оморбековичтин да талапкерлиги бар) райондук кеңештин сессиясында каралып, экинчи турда ал депутаттардын көпчүлүк добушуна ээ болуп Жумгал райондук кеңештин төрагасы болуп шайланып, 1997-жылдын январь айына чейин иштеген. 1997-жылдын январь айында Бишкек шаарындагы Өкмөт үйүндө Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Ассоциясиясынын Аппаратына (кийин Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамаатынын Конгресси болуп түзүлгөн) сектор башчысы кызматына которуу жолу менен келип, 1999-жылдын март айына чейин эмгектенген. 2000-2001-жылдары Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратында сектор башчысы болуп иштеп туруп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругунун негизинде 2001-жылдын февраль айынан 2002-жылдын май айына чейин Аламүдүн районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, 2002-2006-жылдары Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, 2006-жылдын май айынан 2007-жылдын ноябрь айына чейин Чүй районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басарлык кызматын аркалаган.

Канатбек Оморбекович өзүнүн арызынын негизинде Чүй районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары кызматынан кетип, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунда (АРИС) Чүй облусунун координатору болуп 2010-жылдын октябрь айына чейин иштеген. Андан кийин 2010-жылдагы саясат кырсыктарынын эпкини тийип, өз арызынын негизинде жумуштан бошогон. 2012-жылдын ноябрь айында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы жарыялаган сынакка катышып, конкурстан жеңип чыгып, бүгүнкү күнгө чейин аталган кызматта башкы адис кызматын аркалап келет.

Жаш кезинен мамлекеттик кызматтарда талбай эмгектенип келген Канатбек Оморбековичтин мамлекет үчүн жасаган эмгектери көз жаздымда калган жок. Анын ишин, эл үчүн жасаган ак эмгегин баалап, Чүй облустук мамлекеттик администрациясы, Ысык-Ата жана Чүй райондук мамлекеттик администрациялары Ардак грамоталар менен сыйлашкан. "Мамлекеттик кызматтын отличниги" төш белгисинин ээси.

Жубайы Үмүткан Жукеева да ак эмгектин үзүрүн көргөн аялзаты болууга жетишти. Чарбада экономист, Нарын облустук пландоо бөлүмүндө экономист, кийин Бишкек шаарынын Свердлов районунун социалдык өнүктүрүү башкармалыгында иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Ак кызматынын аркасында Свердлов райондук, Бишкек шаардык Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү Министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Канатбек Оморбекович үй-бүлөгө карамдуу үй ээси, төрдүн көркү, жубайынын таянычы, эки кыз, үч уулдун - беш баланын сыймыктуу атасы. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, жакшы ата-энелерден болушту. Учурда 7 неберенин чоң ата-таятасы.

Улуу кызы Асель КАСИни, МЭОкуу жайын аяктап, экономист кесибинин ээси. Бир кыздын энеси. Учурда Турцияда эмгектенет.

Уулу Талантбек Кыргыз айыл чарба институтунун механизация факультетин жол коопсуздугу боюнча бүтүрүп, азыр Чүйоблусунун ички иштер бөлүмүнүн Мамлекеттик автоинспекциясында ага инспектор болуп иштейт, ага лейтанант. Үч баланын атасы. Жубайы Салтанат Сайиндиева Ысык-Ата районунун салык кызматында эмгектенет.

Кызы Перизат Кыргыз айыл чарба институтунун экономика жана бизнес факультетинде окуп, банк иштери боюнча адистикке ээ болгон. Учурда Бишкек шаарында бизнес чөйрөсүндө иштеп жүрөт. Бир уулдун энеси.

Уулу Нарынбек Бишкек шаарындагы медициналык окуу жайынын стоматалогия бөлүмүн аяктап, азыркы мезгилде Кант шаарында өзүнүн жеке менчик стоматалогиялык клиникасын ачып иштеп жатат. Эки баланын атасы. Кенже уулу Шабдан КАСИде экономика жана менеджмент факультетинде окуп жатат.



Жубайы Үмүткан, кыздары Асель, Перизат менен небересинин тушоо тоюнда



# Касымалиев Жунуш

## Карагай-Булак айылы

1928-жылдын 15-мартында Чүй облусунун азыркы Ысык-Ата районуна караштуу Карагай-Булак айылында төрөлгөн. Ал бир жашка толо элегинде атасы Касымалы дүйнөдөн кайтып, эжеси Кеңеш, агалары Медет, Медербек болуп төрт чиедей бала энеси Айткожоева Жаманкыздын колунан тарбия көрүп чоңоюшкан. Жолдошунан жаш ажырап, төрт бала менен калган Жаманкыз апа ошол кездеги турмуштун оордугуна карабай балдарын эмгекке, чынчылдыкка, тазалыкка жана билим алууга үндөп, улуу балдары Медет менен Медербекти ошол мезгилдеги педагогикалык окуу жайынан окутууга жетишкен. Ал эми Жунуш атанын балалыгы, тестиер курагы Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу күндөрүнө туш келип, мектепти 7-класска чейин эле окуп, андан кийин согушка аттанган улуу ата, агаларынын ордун толуктап эмгек талааларында жана мал чарбачылыгында эмгектенүүсүнө туура келген.

Ошол кездеги тестиер баланын жумушка болгон тирикарактыгын байкаган колхоз жетекчилери, талаачылыктын жыйым-терим убагында, мал чарбачылыгынын төл алуу мезгилинде жоопту у эсеп-кысап иштерин табыштапын, өспүрүм баланын тапшырылган жумушту дилгирлик менен аткарганын көз жаздымда калтырышкан эмес. Ошондон улам кийин жооптуу иштерди аткарууга ишеним арта беришкен. Ошентип отуруп Жунуш ата өзүнүн аракетчилдигинин, сезимталдыгынын жана зээндүүлүгүнүн натыйжасында 7 класстык эле билимине карабастан, колхоздун бухгалтеринин жардамчысы кызматын аркалаганга чейин жетишкен. Тылдагы үзүрлүү эмгеги үчүн бир канча медаль, сыйлыктарга татыган:

"Ата Мекендик согуш убагында тылдагы үзүрлүү эмгеги үчүн" медалы, "Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 40, 50, 65 жылдыктарына карата" юбилейлик медалдар жана көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн "Эмгектин ардагери" медалына ээ болгон.



Өмүрлүк жубайы  Батый апа жана уул-кыздары менен

Жунуш атанын медер туткан, бир уядан канат күүлөп учкан агалары Медет, Медербектер окууларын аяктагандан кийин өкмөттүн жолдомосу менен түштүккө мугалим болуп иштөөгө жөнөтүлүп, ошол жакта иштеп жүрүшүп, ооруудан каза болушкан. Ишке жөндөмдүүлүгүн жана зээндүүлүгүн байкаган колхоз жетекчилери Жунуш атага борбордогу партиялык мектептен билим алууну сунушташкан, бирок эки агасынан ажыраган Жунуш ата апасын, жалгыз эжесин карап окууга бара албай колхоздо иштеп кала берген. 1947-жылы өзүнүн туулуп өскөн айылы Карагай-Булакта 1929-жылы 8-мартта төрөлгөн томолой жетим калган кыз Асыралиева Батыйга баш кошуп, экөө үй-бүлөлүк турмуштун улуу сапарына аттанышкан.

Жунуш ата менен Батый апа ынтымактуу бирге түтүн булатып, узак жашашып беш кыз, эки уулдун ата-энеси болушкан. Ардактуу эс алууга чыкканга чейин колхоздо, андан кийин совхоздо үзүрлүү эмгектенип келишкен. Жети баланын алтоосуна жогорку билим алууга, бирөөнө атайын орто билим алууга көмөк көрсөтүшүп, таалим-тарбиясын берип өстүргөн уул-кыздарынан 25 небере, 18 чөбөрө көрүшүп 65 жыл чогуу өмүр сүрүшүп, айылдагы кадыр-барктуу карыя, байбиче болуп, уул-кыздарынын урмат-сыйын көрүп жашашты. Жашоодо татыктуу өмүр сүрүп, артында из калтырып, балдарынын бактысына эгедер болгон Жунуш ата 2012-жылдын 3-мартында, Батый апа 2013-жылдын 21-июнунда дүйнөдөн кайтышкан.



Батый апа менен

Жунуш ата колуна калем алып, жүрөгүнөн суурулуп чыккан ыр саптарын кагаз бетине түшүргөн чыгармачыл да адам болгон. Ата ырларын туулган жерге, кийинки муундарга каалоо-тилек катары арнап жазган. Төмөндө Жунуш атанын калемине таандык ыр саптары:

## 2011-ЖАҢЫ ЖЫЛДА ӨТҮП ЖАТКАН НООРУЗ МАЙРАМЫНА КУТТУКТОО!

Кут болсо экен ушул Нооруз майрамыбыз,
Периште колдоп жакшы өссө экен жаштарыбыз.
Келечекти ойлогон акыл-эстүү жаштар чыгып,
Элди ойлогон, элди билген таза жүрөк,
Балдар чыкса деген тилегибиз жана биздин айтаарыбыз.

## КАРАГАЙ-БУЛАГЫМА

Касиеттүү Ысык-Ата сууң бар алтындан кымбат,
Шаңга бөлөп тоонун койнун аралай агат.
Адамдары жөнөкөй пейили кенен,
Аман болгун, бар болгун айылым Карагай-Булак.
Таазим кылып жашап жатам айылымда,
Абаңды жутуп, сууңду ичип алдым го кубат,
Ылайым жаштар өсүп, өнүгө берсин таза абаңда.
Кучагыңда чоңойдум баландай жыргап.

Асманыңда бүркүт шаңшып, жагалмай учат,
Ак төрүндө улардын үнү, ышкырыгы угулуп турат.
Аска-зооңдо тоо теке менен маралдар турат,
Күрпүлдөгөн сууңда балыктар ойнойт,
Кыргызымдын көркүсүң го, айылым Карагай-Булак.

Туулуп өстүм ушундай жерде ойноп, жыргап,
Таза сууң, салкын абаң кандай рахат.
Тилегим бул - эл-жеримде береке менен ынтымак болсун,
Эл эмгегин жер жебейт, жаштарыбыз иштерман болуп,

Эл-журтуна мээримдүү болуп, кампалары данга толсун.
Колдосо экен Алла Таала тилегимди,
Элибизге түбөлүккө тынчтык орноп.
Ден соолук менен ынтымак болуп элибизде,
Береке болуп кут консо экен жерибизге.



Үй-бүлөсү менен

## 50 ЖЫЛДЫК ЖАНА КЕЛИН ТОЙДО БЕРГЕН БАТАСЫ

Аман болсун алтын башың,
Кут болсун элүү жашың.
Кудуретим кенен өмүр берип,
Буйрусун дагы элүү жашын.

Чүрпөлөрдү ээрчитип,
Балпайган карыя бол.
Балдарыңдын маңдайында,
Бөксөрбөгөн дарыя бол.

Жолуң кенен болсун,
Жашооң терең болсун.
Балдарың күйүмдүү болсун,
Башыңа сыймык консун.

Жакшы тилек кимде гана болбосун,
Жаман ойду Кудай Таалам оңдосун.
Чың ден соолук узун өмүр жаш берип,
Алла Таалам бир өзүңдү колдосун!

Суусамыр малың жайласын,
Жылкычы жылкы айдасын.
Келерки ушул убакта,
Бешикте балаң сайрасын.
Короодо малың жайнасын,
Өркөнүң өсүп Ильясым,
Казанда майың кайнасын.

Небере бала төрөлсө,
Сүйүнөөрсүң Икибай.
Чөнтөгүңдү бүт чачып,
Бүлүнөөрсүң Икибай.

Неберэге жеткенде,
Жыттасаң көңүл ачылат.
Чаалыгып келсең жумуштан,
Чарчаганың басылат.

Уулуңдан артык көрөсүң,
Бооруңа басып өбөсүң.
Бир жакка алыс жол жүрсөң,
Оюңду үйгө бөлөсүң.

Жыттасаң да тойбойсуң,
Эңсегениң койбойсуң.
Ушундай таттуу небере,
Ысып турат делебе.





# *Касымалиев Ильяс Жунушович*

## Карагай-Булак айылы

1954-жылы 10-августта Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Карагай-Булак айылында төрөлгөн. 1961-жылы мектеп босогосун аттап, 1971-жылы орто мектепти аяктаган. 1971-1972-жылдары ал кездеги Фрунзе, азыркы Бишкек шаарындагы №6 - жүк ташуучу автобазада автоунааларды оңдоочу слесардын үйрөнчүгү болуп иштеген.

1972-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономикалык факультетине окууга өтүп, биринчи курста окуп жатканда 1973-жылы май айында аскерге чакырылып, 1975-жылдын май айына чейин Псков шаарында жайгашкан элиталык аба десанттык аскердик бөлүктө аскердик кызматын өтөгөн. Аскерде кызмат өтөп жүргөн убагында Коммунистик партиянын мүчөлүгүнө талапкерликке кабыл алынууга 1975-жылы татыктуу болгон.

Аскерден келгенден кийин университеттеги окуусун улантып 1976-жылы коммунистик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1978-жылы жогорку окуу жайды ийгиликтүү аяктап, экономист адистигине ээ болуп чыккан. Окуп жүргөн жылдары ошол эле университеттин экономикалык факультетинин сооданын экономикасы бөлүмүндө окуган Алипбаева Миварахан деген кыз менен таанышып, экөө сүйлөшүп жүрүшүп 1977-жылы баш кошушкан. 1978-жылы күз мезгилинде ошол кездеги Кант районуна караштуу Ысык-Ата совхозуна университеттин жолдомосу менен келип, машина-трактордук чеберкананын жана автогараждын бухгалтери болуп иштеп эмгек жолун баштаган. Ошол мезгилден 1983-жылга чейин бухгалтериянын материалдык, расчеттук бөлүмдөрүндө иштеген. 1983-1985-жылдары ошол кездеги Кант райондук партиялык комитетинин көрсөтмөсү



Жубайы Миварахан менен

менен ошол эле Ысык-Ата совхозунун 1-бөлүмүнүн башкаруучусу болуп эмгектенген. Ал эми 1985-жылы кайра өз кесиби боюнча мал чарбасы боюнча бухгалтер болуп иштеп, 1986-жылы совхоздун башкы бухгалтери кызматына дайындалып, ошондон 1992-жылга чейин башкы бухгалтер болуп иштеп турган.

1992-жылы ошол кездеги бийликтегилердин жүргүзгөн саясатына ылайык айыл чарбасында реформалар жүргүзүлүп, чарбалар бөлүнүп тарай баштаганда аталган совхоздун 1-бригадасы болгон өзү туулуп-өскөн Карагай-Булак айылын совхоздон бөлүп чыгып, өз алдынча айыл-чарба кооперативин түзүп иштетип, ошол өткөөл мезгилдеги турмуштун кыйынчылыктарында айылдаштарынын турмуш-тиричилигиндеги түйшүктөрдү жеңилдетүүдө тийиштүү салымын кошууга жетишкен жана 1995-жылга чейин аталган айыл-чарба кооперативин жетектеп иштеп, 1995-жылдын жаз айларында кооперативди жеке менчикке таратпастан бүтүн боюнча өткөрүп берген.

Ошол эле 1965-жылдын жайында жаңы ачылып иштеп жаткан Кумтөр алтын казуучу ишканасынын коопсуздук кызматына иштөө сунушу болуп, 1995-жылдын июль айынан баштап азыркы мезгилге чейин ошол Кумтөр алтын казуучу ишканасынын коопсуздук кызматында үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Жубайы Алипбаева Миварахан 1978-1992-жылдары ошол кездеги Ысык-Ата “робкообунда” сооданын экономисти жана сооданын товароведи кызматтарында үзүрлүү эмгектенип, андан кийин жогоруда аталган жаңы уюштурулган Карагай-Булак айыл-чарба кооперати-



Жубайы Миварахан жана уул-кыздары менен



Үй-бүлөсү менен



Неберелери менен

винде бухгалтер, башкы бухгалтер болуп үзүрлүү эмгектенип, беш баланы жарыкка алып келип жана өстүрүп тарбиялаган эне катарында 50 жаш курагында ардактуу эс алууга чыкканга чейин эмгектенген.

Азыркы убакта Ильяс Касымалиев менен жубайы Алипбаева Мивара 2 уул, 3 кыздын бактылуу ата-энеси, 12 неберенин сүйүктүү чоң ата-чоң эне, таята-таенеси болушуп таттуу турмуштун кучагында бактылуу өмүр сүрүп келишүүдө. 2 кыз, 2 уулу билимге ээ болушуп турмуштан өз ордуларын табышкан. Уулдары Нургелди, Нургазы туулуп-өскөн айылында фермерлик-дыйканчылык чарбасы менен алектенишип, анын үзүрүн көрүшүүдө. 2 кызы- Мээрим, Нургыз үй-бүлөсү менен Бишкек шаарында жашап, иштешет. Ал эми эң кичүү кызы Мээрзат  Бишкек шаарындагы №38-мектеп-гимназиясынын алдыңкы окуучусу, ата-энесин келечектен көптү үмүттөндүргөн кыздардын бири.



# Касымбекова Сурмакан Караевна

## Нурмамбет айылы

1950-жылы 2-декабрда Ош облусуна караштуу Сузак районунда туулган.

"Кызыл пахтачы" орто мектебин ийгиликтүү аяктап, 1968-жылы Ош педагогикалык институтунун башталгыч класстарды окутуу факультетине тапшы-рып студенттик турмушун баштаган. Институтту аяктаганга чейин окуу жайдын "Ардак тактасында" алдыңкы студенттердин катарында сүрөтү ар дайым илинип турган. 1969-жылы ошол эле өзү окуган педагогикалык инстутунун филология бөлүмүнүн студенти Ашубаев Асаналы менен турмуш курууга кол кармашкан. Жолдошунун туулган жери Чүй облусундагы Ысык-Ата районунун мурдагы Красный-Восток, азыркы Нурмамбет айылы болгон. Экөө ынтымактуу өмүр сүрүшүп, 1972-жылы аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктаган.

Ал учурда кайсы райондо кадрлар, окутуучулар жетишпесе ошол жакка багыттама менен жөнөтүшкөн. Сурмакан Караевна мугалимдик кесипти Лейлек районундагы "Коммунизм" орто мектебинен баштаган. 1977-жылы Бишкек шаарына келип, №5-орто мектепте мугалимдик кесибин улантып, жасаган алгылыктуу жана көрүнүктүү иштеринин натыйжасында көптөгөн Ардак грамоталардын ээси болгон.

1995-жылы "Аялдар жылына" карата өткөн республикалык "Жыл мугалими" сынагына катышып шаар мэрлигинин жогорку сыйлыгына- "Жал" кичирайонунан 3 бөлмөлүү батирге ээ болгон. Аны менен кошо "Эл агартуунун отличниги" деген наам да берилген. 1998-жылдан баштап жолдошунун туулган жери Нурманбет айылына келип жашашып, ал жерден М. Койбагаров орто мектебинде 2012-жылдын аягына чейин агартуучулук кесипте талбай эмгектенип, ардактуу эс алууда экенине карабай сүйүктүү кесибин улантkан.



Сурмакан Караевна мыкты педагог, үлгүлүү агартуучу гана болбостон беш баланы-3 кыз, 2 уулду жарыкка алып келип, аларга мээримдүү эне, жолдошуна сүйүктүү жар боло алган мыкты аялзаты. Уул-кыздарынын баары жогорку билимдүү, Бишкек шаарында ар тармакта эмгектенип келишет. Улуу кызы Нурайым 1971-жылы туулган, кесиби тарбиячы. Бегайым болсо 1973-жылы жарыкка келген, кесиби декоратор, гүл жасалгалоо багытындагы чеберлердин бири. Уулу Уланбек 1978-жылы туулган, инженер-архитектор кесибинин ээси, учурда Коргоо министрлигинде эмгектенет. Андан кийинки кызы Аселя 1982-жылы төрөлгөн, бух. учет бөлүмүн аяктап, эсепчи болуп чыккан. Кенже уулу Кубанбек 1984-жылы туулган, экономикалык кесиптин ээси. Балдарынын жакшы адам болуп өсүшүнө болгон аракетин жумшап, татыктуу тарбиясы, көрсөткөн жолу энени бүгүн чыныгы бакытка жеткирип отурат. Уул-кыздары турмуштан ордун табышып, 12 небере, 2 чөбөрөнүн таене-чоң энеси болгон. Учурда ардактуу эс алууда.



# Качкынбаев Акылбек

## Ысык-Ата райондук нотариалдык кеңсесинин кызматкери

1958-жылы 29-ноябрда Нарын областына караштуу Жумгал районунун Кызыл-Туу айылында жарык дүйнөгө келген. Балалыгы тоо койнундагы жаратылышы кооз туулган айылында өтүп, 1966-жылы мектеп партасынан орун алган. 1976-жылы Кызыл-Туу айылындагы Багышан орто мектебин ийгиликтүү аяктаган.

1976-жылдан 1977-жылга чейин колхоздун жаштар бригадасына кошулуп, бир жыл тракторист-механизатор болуп эмгектенген. Ал учурда жалындуу жаштардын бригадасы колхоздун ишин алга сүрөгөн дем менен эмгектенип, бул келечекке ишенимдүү кадам таштоого жол ачаар эле. 1977-жылы билим алууну көздөгөн Акылбек Качкынбаевич Кыргыз Мамлекеттик университетинин даярдоо бөлүмүнө окууга тапшырып, аталган университетти 1983-жылы аяктаган. Жогорку окуу жайдан алган билими боюнча математик жана математиканы окутуучу деген кесиптин ээси болуп чыккан. Университеттин бөлүштүрүү мүчөлөрүнүн чечими менен, 1983-жылы Жумгал районунун Чаек айылындагы Москва орто мектебине математика мугалими болуп барган. 1984-жылы Миң-Куш шаарчасына барып, 1992-жылга чейин мугалимдик кесипти аркалап, көптөгөн окуучуларды тарбиялап чыккан.

1992-жылы Кант районуна караштуу Ново-Покровка айылына көчүп келип, Кант райондук сотунда сот аткаруучу болуп 1998-жылга чейин эмгектенген. СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин сырттан окуу бөлүмүн 1996-жылы аяктап, юрист кесибине ээ болгон.

1998-жылы Чүй облустук Ысык-Ата районундагы нотариалдык кеңседе нотариус болуп ишке орношуп, ушул күнгө чейин үзүрлүү эмгектенип, атуулдарга юридикалык көмөк көрсөтүп келүүдө.



2001-жылдан 2003-жылга чейин Ысык-Ата районунун нотариалдык кеңсесинин башкы нотариусу болуп иштеген.

Юстиция Министрлигинин №271-чечимине ылайык 1999-жылы 22-ноябрда юрист III класстындагы чин, №34-чечимине ылайык 2002-жылдын 11-февралында II класстагы чин, №99-чечимдин негизинде юрист I класстагы чиндеринин ээси болгон. Юстиция Министрлигинин №146-чечимине ылайык 2004-жылдын 18-июнунда Ардак грамота менен сыйланган. Юридикалык тармакка кошкон зор салымы, жигердүү иштери үчүн бир нече ирет Чүй облустук башкармалыгынын Ардак грамоталарынын, көптөгөн баалуу сыйлыктардын, грамоталардын жана алкыштардын ээси.

Үй-бүлөлүү. Жубайы Бурул Кыргыз мамлекеттик университетинин физика факультетин аяктап, агартуучулук кесипти аркалап жүрүп учурда ардактуу эс алууда. Экөө ынтымакта бирге түтүн булатышып, эки баланын ата-энеси болушкан. Улуу баласы Мирландын кесиби юрист. Кичүүсү Нурлан Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенти. Учурда Акылбек Качкынбаевич эки неберенин сүйүктүү чоң атасы.



# Коджакматов Календер Калыевич

## Кант жылуулук камсыздоо ишканасынын жетекчиси

1959-жылы Ысык-Ата районуна караштуу Красная-Речка айылында туулган. Мектепти аталган айылда аяктаган соң Фрунзе курулуш техникумунан билим алган. Жигиттик мүнөзгө ээ болгон кесипти тандаган Календер Калыевич ушул жол аны көптөгөн ийгиликтерге жеткирээрине ошондо эле ишеним арткан. Сексенинчи жылдардын тегерегинде студенттик куракты баштан кечирген ал студенттердин курулуш отряды менен республикадагы, анын ичинде азыркы Бишкек шаарындагы көптөгөн имараттардын курулуш иштерине кол тийгизген.

Окуу жайды аяктагандан кийин эле алгачкы эмгек жолунун башталышы Кант РСУсунун "Севремстройго" туш келди. Календер Калыевичтин тандаган кесибинин ийгиликтүү уланышына жол көрсөткөн тажрыйбалуу адамдардын мол болушунда десек жаңылышпастырбыз. Курулушчулук кесип оор болгону менен анын түйшүгүнөн корккон жок. Эрте туруп, кеч жатуу, аба-ырайынын ар кандай кырдаалы да ага тоскоол боло албады. Ал "Севремстройго" келип эмгек жолун баштаганы анын кесиптештеринин 70%ы немец улутунан болушкан. Ошондуктан ага алардын тактыгын, абайлыгын, жоопкерчиликтүүлүгүн өзүнө сиңирип алууга каалап-каалабаса да шарт түзүлүп, андан ары келечек жолунун ийгилик менен уланышына өбөлгө болгон. Союз учурундагы эң чоң тарыхый курулуш Байкал-Амур курулушуна башка өзү теңдүү жаштардын катарында барууга камданган Календер Калыевичке башкы инженер Тимтур Арлиевич: "Дарак бир жерден көгөрөт" деген накыл кепти айткан. Үйүндөгүлөр да анын баруусуна каршы болушкан. Атасы: "Уулум, жашоодогу башкы нерсе сенин кайсы жерде жашаганың эмес, кандай жашап, кандай иштегениң" деп акыл айткан эле. Бирок анын бул оюнан кай-

тып калып калышына башка дагы бир чоң себеп - сүйүктүү устаты Петр Егорович Кольченконун капыстан жүрөгүнүн токтоп калышы болгон. РСУну жетектеп турган Арлиев ага ишеним менен анын участогун тапшырып, Календер Калыевич жыйырма бир гана жашта болсо да ага зор ишеним менен алгачкы жетекчилик кызматты аркалоо милдети жүктөлгөн. 1987-жылы участка жетекчилигинен башкы инженерликке көтөрүлгөн. Жооптуу ишти аркалоо айтканга жеңил болгону менен иш жүзүндө көптөгөн кыйынчылыкты, чалынып-кайра түзөлүү, кол шилтеп кетип калсам деген аргасыз ойлорду пайда кылып, жыйынтыгында кайра эле кесибине, эмгек жамаатына болгон жылуулук жеңип кетээр эле. Өз ишинин чебери, жоопкерчиликтүү, акыл менен күчкө толгон келечектен көптү үмүттөндүргөн Календер Калыевич райондук жетекчилердин да көз жаздымында калган эмес. Кайрадан жаңыланып түзүлгөн "Райсельремкомхоздун" жетекчилигине башка талапкер издебей дароо эле Календер Калыевичти ылайык көрүшүп, бир чечимден аны дайындашкан. Партиянын ишенип тапшырган ишин алга жылдырууга анын күчү, аракети, идеясы да жетиштүү болду.



Союз тарагандан кийин анын саркындысы менен иш жакшы эле уланып келип 1994-жылдары башка ишканалар сыяктуу эле ал жетектеген жерде да жетишпестиктер пайда боло баштады. Мамлекет кайра куруунун толкунунда жаңы кадам шилтеп, олку-солку учурлар кездешти. Ошол учурда аймактык, саясий, идеологиялык, экономикалык чектер жабылып, андан чыгууга аба жетишпей далбас урган сыяктуу сезилген. Бул алардын күчүнүн келбегенинен, иштин көзүн таба албагандыктан эмес борборлоштурулган каражаттардын жетишпестиги болгон эле. Ал учурда темир-тезек, техника, жыгачтарды мындай кой мык таба албай калган көрүнүшкө туш болушкан. Андан соң миграция толкуну каптап, алгач өндүрүштү кыскартуу, андан кийин таратуу сыяктуу иштер жүргүзүлдү. Мындай көрүнүш, өзүнө тааныш эмес, бар кыялын, идеясын, дагы көптөгөн жаратуучу ийгиликтин баарын жууп кеткен мезгилдин жаңы агымы менен сапар улоо, ал үчүн жеңил болгон жок...

Анткен менен арадан жылдар өткөн соң өз кесибинин мыкты адиси, бул чарбаны мыкты өздөштүрүп кете ала турган дээринен жетекчиликке ылайык мүнөзү бар Календер Калыевичтин төбөсүндө кайрадан күн жаркырады. Канттагы "Теплокоммунэнергонун" 14 жыл башында турган Тимтур Арлиев ден соолугуна байланыштуу иштен бошоп, ордуна татыктуу адамды таштап кетүү чечимине келип, ага бир гана Календер Коджакматовду ылайык көргөн. Бирок бул жоопту кызматтын креслосунда отуруп, папкесин көтөрүүнүн өзүн чоң кубаныч деп айтуу кыйын эле. Бул тейлөө кызматына рахмат айткандар чанда гана кезикпесе көйгөйү көп боло турган. Ал жаңы кызматына келээр менен башкалар өңдүү жаңыча иш баштап, көзүнө ашык көрүнгөндү алып таштап, кадрларды алмаштырган жок. Уйкусунан тең бөлүнүп өздөрүнө тийиштүү жерлерди кыдырып, кемчиликтерин толуктоо үчүн так стратегиялык пландарды иштеп чыкты. Алдыда жылуулук берүүчү мезгил жакындап калгандыктан күнү-түнү бел чечпей иштөөсүнө туура келди. Карыз белчеден басып калыптыр. Ошентсе да бул көйгөйлүү жерге келип эмнеге тынч уйкумду буздум деп өкүнбөстөн шаар тургундарынын жылуулугун камсыз кылуу маселесин тезирээк чечип, канчалаган жылдардан бери алдыга жылбаган иштерди жасашым керек деп өзүнөн мурда коомчулуктун эртеңин ойлоду. Караңгыдан жол таап, өзү чуркап жүрүп тийиштүү жерлерден акча бөлдүрүп жатып дат баса түшкөн арабанын дөңгөлөгүн

акырындап айланта баштады. Эгер жетекчи ишинин көзүн билсе анда чечилбеген маселе болбой турганын далилдей алды. Жылуулукка карыз болгон шаар тургундарынын маселесин чечишүүгө, айрым жалгыз бой адамдарга көмөк көрсөтүүгө көп аракеттерди жасап, аларды ишке ашырды. Азыр деле чечиле турган маселе, туш боло калчу кемчиликтер болбой койбойт, далай тоскоолдуктарды жеңип өтүп, бул тармакты каптап калган кара тумандан арылткан жетекчи ал маселерди да чече билет. Токтоолугу, жоопкерчиликтүүлүгү, эмгекчилдиги аны алга жетелеп барат.

Календер Калыевич бул жарык дүйнөгө алып келип, татыктуу тарбия берген ата-энесине терең ыраазы. Атасы аны эмгекчилдикке, көтөрүмдүүлүккө, чыдамкайлыкка тарбиялаган, анын үзүрүн эмгек жолунда көрдү. Атасы Калый Коджакматов элүүнчү жылдардын ортосунда Красная-Речка автобазасына ишке кирип, 44 жыл бою бир жерде айдоочу болуп туруктуу эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Бирөөгө кара санабай, улууну урматтап, кичүүнү сыйлап, эч кимден жашырынып-жамынбай ак эмгектен баар таап эмгектенүү гана адамга кадыр-барк, тынч жашоо, татыктуу өмүр алып келет деген жакшы акылын ар дайым балдарына айтып келген. Энеси Зарыл төрт баланын энеси болгон чагында көз жумган. Андан кийинки энеси төрөгөн энесинин ордун жоктотпой, атасынын жакасын агартып, аблдарына мээрим төгүп үй-бүлөлүк куттуу очоктун ээси болуп алардын ынтымагын арттырып өстүрдү. 24 жашка толуп, тандаган кесибинен ийгилик тапкан Календер Калыевич жубайы Шайырды бир көргөндө жактырып калып, бир жумадан кийин алакачып кеткен. Ал дайыма айылдык кыздардагы асыл сапатты жогору баалар эле, бир кечеден Шайырды көргөндө издегени ушул адам экенин жүрөгү менен сезген. Бул тандоодон ал жаңылышкан жок. Жубайы жолдошунун ишин түшүнгөн, үй-бүлөлүк кутту арттырган асыл жан. Экөө турмуштун ачуу-таттуусун бирге татышып, эки уул, бир кыздын сүйүктүү ата-энеси болушту. Улуу баласы Максат Кыргыз улуттук университетинин "Финансы жана кредит" бөлүмүн аяктаган, банк кызматкери. Канат университеттин Эл аралык мамилелер бөлүмүн бүтүргөн. Кызы Айканыш мектеп окуучусу. Учурда Календер Калыевичтин уул үйлөп, небере көргөн мезгили.



# Кожокматова Сайрагүл

## Нурмамбет айылы

1948-жылы 9-апрелде Ысык-Ата районунун Сын-Таш колхозунун Ак-Сай айылында төрөлгөн.

8-класска чейин Киров орто мектебинен билим алып, андан кийин 11-классты Ак-Бешим орто мектебинен аяктаган. 1967-жылы Красный-Восток айылынын тургуну Дүйшөгулов Назарбекке турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жашоонун босогосун аттаган.

1969-жылы Калинин селолук советине китепканачы болуп ишке кирип, эмгек жолун баштаган. 1975-жылдан 1980-жылга чейин айыл өкмөтүнүн салык кызматкери болуп эмгектенген. 1980-жылдан тартып айыл өкмөтүнүн катчысы болуп иштеген. Ошол жылдары Бишкек шаарындагы финансы техникумуна окууга тапшырып, сырттан окуу бөлүмүнөн билим алган. Аталган окуу жайдан бухгалтерлик кесипке ээ болуп чыккан соң, 1985-жылдан 1997-жыга чейин салык кызматкери, 1997-жылдан 2000-жылга чейин эсеп-кысап кызматкери болуп иштеп жүрүп, 2000-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Сайрагүл Кожокматова айылдык советтин үч жолку депутаты, 6 баланын бактылуу энеси. Ишти сүйгөн эмгекчилдиги, үй-бүлөнүн ырыскы-кутун арттырган кутман энелиги менен гана чектелбеген Сайрагүл эженин өзгөчө талантка бай жан дүйнөсү да бар. Ал райондук, республикалык өздүк көркөм чыгармачылык сынактарынын бир нече жолку жеңүүчүсү. Үй-бүлөсү да таланттуу адамдардан болгондуктан үй-бүлөлүк өздүк көркөм чыгармачыл топ катары айыл элине концерт коюп маданияттын өсүшүнө салым кошуу менен бирге майрамдык кече, маарекелердин көркүн ачышкан. Анын таң булбулундай керемет үнү баардык майрам, жыйындарда жаңырып жүрөт. Жан шериги, үй-бүлөлүк жашоодо, чыгармачылыкта дайыма бири-бирине арка-бел болуп келген өмүрлөшү Дүйшөгулов Назарбек агай менен бирге комуздун, аккардеондун коштоосунда кере-

мет обондорду созуп ырдагандарында кош жылдыздын жаңырган уккулуктуу үнүн тыңшап эле тургуң келет.

Жолдошу Калинин колхозунда тракторист, механик болуп көп жыл эмгектенип жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Чыгармачыл үй-бүлөдө жарыкка келген 3 уул, 3 кыз ата-энеси менен ар дайым сыймыктанып, аларга ызат көрсөтүп келишет. Улуу кызы Чолпон 1968-жылы төрөлгөн. Ал дагы апасынан кан аркылуу өткөн керемет добуштун ээси, абдан жакшы ырдайт. Райондук, айылдык майрамдык иш чараларга активдүү катышат. Токмок шаарындагы маданият окуу жайын аяктаган. Төрт баланын бактылуу энеси. Андан кийинки кызы Айгүл 1972-жылы туулган. Үч баланын энеси, тигүүчү болуп эмгектенет. Кыздарынын кенжеси Айнура 1985-жылы төрөлгөн, ал дагы Токмок шаарындагы маданият техникумун аяктаган. Эки баланын энеси. Уулу Арсланбек 1974-жылы туулган. Айдоочулук кесиптин ээси, үч баланын атасы. Арстанбек 1976-жылкы, эки баланын атасы. Эң кичүү уулу Үрүстөнбек 1985-жылы туулган. Кесиби боюнча айдоочу, эки баланын атасы. Үйдүн кенжеси болгондуктан ата-энесин ардак-тап багып, "Айзада" дыйкан чарбасын жетектейт. 15 га айдоо аянтын иштетип, дыйканчылык менен алектенет.



Сайракүл эже балдарын багып өстүрүп, ар бирин тууруна кондурушкан соң алардын бактылуу турмушуна кубанып, жолдошу экөө неберелерин эр-келетип багып, бактылуу тур-мушту баштарынан кечирип жаткан учурлары.



# Коробаева Чолпон Жумабековна

## "БЭЭН-Коробаева" атындагы менчик үй-бүлөлүк медицина борборунун башчысы

1951-жылдын 25-октябрында Аламүдүн районуна караштуу Кайырма айылында төрөлгөн. Мектепти 1969-жылы аяктагандан кийин Кыргыз медициналык институтунун дарылоо факультетине тапшырган. Ал окуу жайды 1975-жылы бүтүргөн соң 1976-жылы Республикалык клиникалык ооруканасынан терапевт адистиги боюнча интернатурадан өткөн. Андан кийин Саламаттыкты сактоо министрлигинин жолдомосу менен Кант шаарынын борбордук ооруканасына жөнөтүлгөн. 1977-1979-жылдары участкалык терапевт болуп иштеп, 1979-жылдын август айынан тартып терапия бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. Жаш болсо да ишке тактыгы, жоопкерчилиги жана билиминин күчтүүлүгү, көрөгөчтүгү аркасында эки жылдан кийин ошол эле Кант борбордук ооруканасынын терапиялык жана кардиологиялык бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштаган.

1997-2000-жылдары Ысык-Ата райондук борбордук ооруканасынын башкы дарыгери болуп эмгектенген. 2001-жылы Кант шаарында медициналык борборду ачып, эмгек жолун ошол жерден улаган. Учурда ошол менчик ооруканасында эмгектенип, күн-түн дебей келген оорулууларды кабыл алып, алардын оорусунан айыктырып батасын алып келет. Чолпон Жумабековнанын тажрыйбалуу дарыгер экендиги райондун баш-аягына толук жетип, анын өз колунан дарылансам деп көксөп келип, ден соолугун калыбына келтирген соң ыраазычылыгын билдирип кеткендер көп. Чолпон Жумабековна ишиндеги жоопкерчилиги үчүн өкмөттүк сыйлыктардын ээси болгон. 1985-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасын алган. Социалисттик милдеттенмелерди аткаруудагы зор жетишкен-



диги үчүн 1995-жылдын 26-декабрында №667-токтомдун негизинде эмгек китепчесине ыраазычылык жазылган. 1986-жылы 20-августта СССРдин Жогорку Советинин Президиумунун чечими менен "Эмгектеги каармандыгы" медалы менен сыйланган. Кант шаардык Кеңешинин эки чакырылыштагы депутаты.

Чолпон Жумабековна мыкты дарыгер, ишинде ийгилик жараткан гана инсан эмес ынтымактуу үй-бүлөнүн очогун өчүрбөй кармаган аялзаты. Жолдошу Коробаев Молдобек менен 20 жашынан тартып бирге түтүн булатып, үч баланын кадырман ата-энеси, ынтымактуу, ырыс-кешиктүү жубайлардан болуп жашап келишет. Экөө бир айылда өсүп, бирге окуган классташтар. Жолдошунун кесиби куруучу. Жубайынын ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү ишин колдоп келет. Улуу уулу Бакыт 40 жашта, ширеткич кесибинин ээси, учурда төрт баланын атасы. Андан кийинки кызы Назгүл отуз жашта, БГУнун экология бөлүмүн аяктаган. Турмуштан орун таап, эки баланын энеси болду. 2010-жылы Чолпон Жумабековнанын жолдошу оорудан улам дүйнөдөн кайткан. Кичүү кызы Эльмира 25 жашта, Медициналык Академияны аяктаган, кесиби-провизор-фармацевт. Учурда кыздары чогуу жеке ишкерликти колго алып, ишкерлик менен алектенип келишет. Алты неберенин чоң эне-таенеси.



# Кошалиева Упабубу Мукановна

## Чоң-Далы айылы

Упабүбү Мукановна 1950-жылы 23-июнда Кант районуна караштуу Чоң-Далы айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Туулуп-өскөн айылындагы орто мектептен 1957-1967-жылдары билим алып, орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзе шаарындагы «Чолпон» бут кийим чыгаруучу фабрикасында эмгектенген. 1969-жылы азыркы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна окууга тапшырган. Мектепке чейинки билим берүүнүн агартуучу методисти жана психологияны аяктап, 1973-жылдан тартып Туз орто мектебинде тарбиячы, пионервожатый болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1974-жылы Кант районундагы «Заветы Ленина» колхозунун жетекчилеринин чакыруусу менен өз айылы «Чоң-Далынын» балдар бакчасынын жетекчиси болуп 1984-жылга чейин эмгектенген. Бала бакча жабылып калгандан кийин Маликов атындагы орто мектептин башталгыч класстарынын мугалими болуп 2002-жылга чейин иштеген.

Упабүбү Мукановна өзүнүн эмгек жолунда коомдогу чарбалык турмушка активдүү катышып, цехтик партиялык уюмдун секретары болуп иштеген. Селолук советтин, кийин айылдык кеңештин депутаттыгына дайыма шайланып келген. Жыл сайын коомдук башталышта айылдын кварталдык комитети менен иш жүргүзүп турган.

2002-жылы Логвиненко айыл өкмөтүнүн айыл башчылыгына дайындалып, он жыл талыкпай эмгектенип, 2013-жылдын май айында ардактуу эс алууга чыккан.



Кырк жылдык иш тажрыйбасын туулган айылынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана татыктуу келечек муундарды тарбиялоого жумшады.

Бир нече Ардак грамоталардын жана сыйлыктардын ээси.

Жолдошунун көзү өтүп кеткен. Төрт баланын энеси. Жетекчилик кызматтарды аркалап, эл үчүн көптөгөн жакшы иштерди жасаган мыкты жетекчи гана болбостон, үйдө балдарына мээримдүү эне боло алды. Баарына татыктуу тарбия берип, аларга камкор мамиле жасады. Учурда кичүү уулу менен бирге жашап, эгиз неберелерин багып өстүрүүгө жардам берип келет. Улуу уулу Качиев Мирлан Саткынович 1974-жылы 12-мартта төрөлгөн. КЦШКда айдоочу. Кийинки уулу Качиев Эрлан Саткынович 1977-жылды 22-сентябрда туулган. Ал дагы КЦШКда айдоочу болуп эмгектенет.Кичүү уулу Качиев Албан 1979-жылы туулган, КыргызГазда механик болуп иштейт, учурда Логвиненко айылдык округунун депутаты. Кызы Шахриза Саткыновна 1984-жылы туулган. Бишкек шаарындагы КГУТА университетинде окутуучу болуп эмгектенет.



# Көчөралиева Сүйүмкан Абышовна

## Нурмамбет айылы

Аялзатына тиешелүү асыл сапаттардын ээси Көчөралиева Сүйүмкан Абышовна 1958-жылдын 18-ноябрында Чүй өрөөнүнүн Кемин районуна караштуу Шабдан (мурунку Новоросийка) айылында төрөлгөн. Атасы Абыш Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, 1-топтогу майыбы болгон. Энеси Урият тогуз баланы жарыкка алып келген мээрман эне, колунан көөрү төгүлгөн уз аялзаты эле. Түркүм оюмдун түрүн өзү оюп, жасаган шырдактары көз жоосун алып, Урият апанын чебер колунан чыкканы билинип турчу. Абыш ата айылдагы кадыры бийик адамдардын бири болгон. Айылдаштары ар дайым ал кишиге келип ар кандай кеңештерди сурап, ошого жараш иш жасашчу. Туура багыты, көсөмдүк менен берген кеңеши элге жаккан улуу инсандыгы менен эсте калган. Урият апа да жолдошунун кадырына тең, мүнөзү токтоо, таза, акылман, көп нерсеге көзү жетик адам болгон. Уул-кыздарынын баарынын жогорку билим алуусуна түрткү берип, жол көрсөткөн.

Сүйүмкан Абышовна 1975-жылы Новоросийка орто мектебин аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы Финансы техникумунун мамлекеттик киреше бөлүмүнө окууга тапшырып, билимин ары карай улаган. Аталган окуу жайды 1977-жылы бүтүргөн соң жолдомо менен Ысык-Ата райондук финансы бөлүмүнө инспектор болуп келип иштей баштаган. 1974-жылы өмүрлүк жолдошу Иманалиев Болот экөө баш кошуп, турмуш-шартка байланыштуу Калинин атындагы совхоздо бухгалтер болуп иштеп эмгек жолун улаган. Кайнатасы Иманалиев Күмүшбек алдыңкы чабан, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу болгон. Кайненеси Жыргал талаа жумуштарында, жолдошу менен бирге чабан болуп эмгектенген. Он баланы төрөп өстүргөн тамашакөй, колунан көөрү төгүлгөн уз, эл арасында кадыр-барктуу адам эле.



Сүйүмкан Абышовна 1977-1996-жылдары Калинин совхозунда бухгалтер болуп иштеп, 1996-жылы совхоз жоюлгандыгына байланыштуу 2002-жылдан тартып Нурмамбет айыл айыл өкмөтүндө бухгалтер болуп иштеп калат. 2010-жылдан бери карай аталган айыл өкмөтүндө башкы бухгалтерлик кызматты аркалап келе жатат. Ар бир санга этияттык мамиле жасаган татаал кесиптин ээси болгон Сүйүмкан эже ишине чоң жоопкерчилик менен карап, таза иштегендигинин аркасында көптөгөн сыйлыктардын ээси болду. Айыл өкмөтүнөн, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан диплом, Ардак грамоталар менен сыйланган.

Өмүрлүк жолдошу Болот ага менен ынтымактуу турмуш кечирип 4 баланын ата-энеси болушту. Улуу баласы Замир менен келини Наргизанын үч баласы бар. Бегайым, Элмирбек, Назбийке аттуу уул-кыздары чоң ата, чоң энесинин сыймыктары. Кызы Нуриза И. Арабаев атындагы Кыргыз педагогикалык жогорку окуу жайынын тарых факультетин аяктаган. Азыркы учурда Кант шаарындагы №29-балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенет. Үч баланын энеси, Самат, Максат, Азиза аттуу уул-кыздарына татыктуу тарбия беришүүдө. Жолдошу Жаныш жеке ишкерлик менен алектенет. Кийинки уулу Мирбек Айыл чарба техникумунун жер бөлүштүрүү адистиги бөлүмүн аяктап, учурда Кант шаарында эмгектенет. Жубайы



Айсулуу Логвиненко айыл өкмөтүндө социалдык кызматкер болуп иштейт. Айбийке атту кызы бар. Жакында наристелүү болобуз деп кубанычка бөлөнүп, таттуу өмүр кечирип турган мезгилдери. Кичүү кызы Мээрим Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин физика бөлүмүн аяктаган. Кемин районунун Кайыңды айылына турмушка чыгып, Аяна, Нуртилек аттуу уул-кыздардын бактылуу энеси болгон учуру. Мектепте мугалим болуп эмгектенет. Жолдошу Аскаттын да кесиби мугалим, учурда өз дыйкан чарбачылыгы менен алектенет. Сүйүмкан эже менен Болот ага бүгүнкү күндө чоң-ата, чоң-эне, таята-таене болушуп, неберелерин эркелетип алардын кең келечегин тилеп өмүр сүрүп келе жатышат. Айылдагы тууган-урук, жоро-жолдошторунун арасында бул үй-бүлөнүн кадыр-баркы жогору. Айылдагы жаш келиндерге туура жол көрсөтүп, накыл сөздөрүн айтып туура тарбия бере билген Сүйүмкан Абышовна чоң сыйга ээ.

Жолдошу Болот ага "Түндүкэлектростанциясында" он жылдан бери талбай эмгектенип, аны менен бирге жеке дыйкан чарбасынын иштерин да колго алып келет. Эмгекти сүйгөн кужурмөндүгү менен айырмаланып, айыл-чарба иштерин кылдат жасап, өз оокатына тың.

Тагдыр адамзатынын турмушунда не бир ойго келбеген окуяларга туш кылат экен. Уул-кыздарынын кубанычына ортоктош болуп таттуу өмүр сүрүп жаткан үй-бүлөнүн башына кара булут айланып, 2013-жылдын декабрь айында Сүйүмкан эже тун уулу Замирбектен айрылып калды. Он гүлүнүн бири ачыла элек 24 жаш кырчындай курагында уулу жол кырсыгынан каза таап, ата-энесинин жүрөгүнө айыкпас дарт салып кетти. Сүйүмкан Абышовна орду толгус оор жоготууну аргасыз көтөрүп, башка уул-кыздарын, неберелерин бел тутуп келет. Азыркы учурда сай-сөөгү сыздап, энелик жүрөк кайгыдан арыла албай турат. Ошентсе да кайгыны ичине катып, сыртынан сыр бербей зымырайып, кайратка келип, белин бекем бууп иш менен өзүн алаксытып турган мезгили. Ал Нурмамбет айыл окуругундагы эмгектенген эмгек жамааты арасында жакшы сапаттары, эч кимдин көңүлүн оорутпаган асыл мүнөзү менен урмат-сыйга арзып келет.





# Курманкулова Назира

## Өтөгөн айылы

1952-жылы 25-мартта Чүй районунун Шамшы совхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Атасы Курманкул комузда кол ойноткон, эр чаап, кайыш тилип камчы өргөн, пластилинден атты келиштирип жасай алган өнөрлүү адам болгон. Ал өмүр бою жылкычы болуп эмгектенген. Энеси Калый совхоздун эмгек талаасынан ийгилик тапкан мыкты кызылчачылардын бири болгон. Чепкен, көйнөктү келиштире тиккен, шырдак, ала кийизди жакшы жасаган колу жөндөмдүү, чебер аялзаты эле. Ата-энеси тогуз баланы тарбиялап өстүрүп, өздөрү сабатсыз болсо да, окуп билим алам деген балдарынын баарын билимдүү кылышкан. Алардын үй-бүлөсүнөн алдыңкы тракторист, саанчы, мугалим, эки экономист, ГУИНде кызмат кылган полковник, механик, тикмечи кесиптеги адамдар тарбия алып, келечекке багыт алышты. Ата-энеси төрт уулду үйлөп, беш кызды турмушка узатып, ата-энелик ыйык милдетин аткарып, атасы 87 жаш курагында, арадан он жыл аралыгында энеси 86 жашында дүйнөдөн кайтышкан. Назира Курманкуловнанын бир кездеги ээрчишип, бирин-бири жетелеп өстүргөн бир тууганарынын асты 73 кө, арты 53 жашка келишсе да, ата-энесин эстен чыгарышпай балалыгы өткөн үйгө чогулушуп, эскерип куран окутуп турушат. Энесинин өнөрүн Жараткан толугу менен Назира эжеге берген экен, энеден өткөн өнөрүн сыймык катары тутуп келет...

Калиновка айылы (азыркы Ибраимов айылы) орус аралаш айыл болгондуктан Назира Курманкулова 8-классты орус класстан аяктагандан кийин, 1968-жылы Ош шаарындагы Ош педагогикалык училищага окууга тапшырып өтүп кеткен.

1972-жылы Ош шаарында төрт жыл окуп, бирде ачка, бирде ток студенттик учурдун доорун сүрүшсө да шайыр-шатман жүргөн курсташтары менен коштошуп , алгачкы эмгек жолун Чүй районунун Рот-Фронт орто мектебинен 2-класстын орус, кыргыз, немец балдарынан турган 32 окуучуну окутуу менен баштаган.

1973-жылы Бириккен айылына турмушка чыкканына байланыштуу, 1979-жылы Бириккен айылындагы Өтөгөн орто мектебине орус



Уул-келини, кыздары-күйөө балдары жана неберелери менен

тилчи, андан кийин орун болуп калганда кайра башталгыч класстарды окутуп баштаган. Бул багытта ошол учурда мектептин директору болуп албан иштерди жасаган Дунганов Бакас агайына ыраазы болуп, рахмат айтып келет.

Назира Курманкулованын жолдошу Үсөн веттехник, завхоз болуп иштеген. Экөө ынтымактуу өмүр сүрүп беш баланын ата-энеси болушту. Кыздары Назгүл, Айдай, уулу Мээримбектер бой жетип, жогорку окуу жайларда окуп жүрүшкөндө 1997-жылы капыстан балдарынын атасынан айрылып калышат... Тагдырдын башка салган кайгысын көтөрүп, бир капталы эңшерилип турса да балдары үчүн өзүн колго алууга аргасыз эле. Үч студенттин контрагын төлөө үчүн 6 кап буудай, 6 кап кумшекерге 1 гектар кызылча алып иштөөгө туура келген. Беш жыл бою эртең менен мектепте, түштөн кийин кичинерээк балдары менен кызылча талаасында иштеп жүрдү. Эгиздери Азамат менен Салтанат тесттин жыйынтыгы менен БГУнун сырттан окуу бөлүмүнө өтүшүп, улуулары иштеп калгандыктан жардам беришип чогуу окутушту. Энесинин жолун жолдогон улуу кызы Назгүл учурда Бишкек шаарында тарбиячы болуп эмгектенип келишет. Айдай троллейбус паркында бухгалтер, Мээримбек

Кант шаарында салык инспекциясынын башкы инспектору, Азамат цемент заводунда коопсуздук инспектору. Салтанат Кичи-Кеминде кыргыз тили мугалими. Уулдары үйлөнүп, кыздары турмушка чыгып баары өз туурларына конуп, энесине кубаныч тартуулап турган мезгилдери. Назира Курманкуловнанын учурда сегиз небереси бар. Эми кенжеси Азаматтын балдарын көрсөм экен деген изги тилеги бар. “Эне сыйлаган элге жагат, ата сыйлаган абийир табат” деген кепти туу туткан уул-кыздары ар бир майрамда, энесинин туулган күнүндө ар дайым чогулушуп, белек берип куттукташып, ыраазычылыктарын билдирип, рахматын айтып келишет. Эне жолун жолдогон эки кызына кыргыз тилчи улуу келини Гүлжан да кошулган. Алар кесипкөй мугалим, ардактуу агартуучу энесинин тажрыйбасынан бөлүшүү үчүн ачык сабак өтөөрдө ар дайым ага келип кеңеш сурашат. Аларга билген тажрыйбалары менен болушуп, акылын айтып, көрсөтмө куралдарын жасашып, сүрөттөрүн тартып берип жардам кылат.

Мейли окуучулук курак, студенттик мезгил, андан кийинки кайра мектепке келип иштеп калган учурлар болсо да коомдук иштер ар дайым активдүү адамдарды коштоп жүрөт эмеспи. Назира Курманкуловнанын сүрөтчүлүгү, оймочу-чиймечилиги, тикмечилигинин пайдасы басып өткөн жолунда абдан зор пайдасын тийгизди. Мектепте окуп жүргөндө редколлегия милдети ага тагылчу. Кийин окуу жайда да газета, стенддерди чыгарып, сүрөт тартып жүргөн. Педагогдук ишинде сабакка кандай көрсөтмө курал керек болсо, китепти карап чоңураак кылып таблица жасай коёт. Анын жеке өзүнө гана эмес башка мугалимдерге да пайдасы тийет. Көрсөтмө курал боюнча райондук мектептер арасындагы кароого катышканда дайыма 1-2-3-орундарга ээ болушуп, сыйлыксыз кайтышчу эмес.

Сабак өтүүдө математика, адабий окуу, же кыргыз тилиненби, айтор сабакты жомоктоштуруп өткөрүүнү жактырат. Окуянын агымындагы тоскоолдуктарды тапшырманы аткартуу менен өтүп, окуучулардын аң-сезимин байытып, сүйлөөсүн, сөз байлыгын калыптандырууга жана жакшы, жаманды айырмалоого багыттайт. Окуучуларды 1-класска кирээри менен эле тамганы тааный электе жөнөкөй, балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша жомокторду оозеки айтып берип жөнөкөйлөтүп, ыргагына жараша куюлтуп айтып берүү бир жолу эмес бир нече жолу айтып берип окуучуларды өзүнө тартып алат. Анан бара-бара чоңураагына өтөт. Ошентип окуучулардын тилин жатыктырып, сөз байлыгын өстүрүп, аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун өздүк жолун улаган. Окуучулардын китеп окууга кызыгуусун ойготуп, керектүү китептерди таап берүүгө көмөктөшөт. Назира Курманкуловна окуткан окуучуларынын ичинен

Сатыбалдиева Сауле, Ахматбек кызы Айпери кызыл аттестат менен мектепти аякташкан. Билимдин пайдубалын куруп берген мугалимдин колунан тарбияланган көптөгөн окуучулары бүгүнкү күнү жогорку окуу жайларды аякташып, эл кызматын аркалап келишүүдө. Агартуучулук жаатта ийгиликтүү эмгек жараткандыгы үчүн 1996-жылы облОНОнун Ардак грамотасын, 2006-жылы билим берүү министрлигинин Ардак грамотасын, 2008-жылы райондук грамотаны алып, 2009-жылы "Билим берүүнүн отличниги" наамынын ээси болгон.

Назира Курманкуловна учурда эс алууда болсо да унутта калтырбай ар бир майрамда чакырып, сый-урматын көрсөтүп турган мектептин эмгек жамаатына, мектептин жаш директору Макешов Шаршен, тарбиялык завуч Нарынова Гүлмира, профсоюз уюмунун төрайымы Узбекова Зафидага терең ыраазычылыгын билдирип келет. Бир мектепте иштеп, эмгегин баалап, сыйлыктарга көрсөтүп күчүнө күч кошуп турушкан ынтымактуу кесиптештери менен сыймыктанат.

2010-жылы 4-классты бүтүрөөр менен неберелерди багышууга убакыт келип жетти деп өз ыктыяры менен ардактуу эс алууга чыккан.

Ардактуу агартуучунун калеминен жаралган ыр саптары да анын миң кырлуу талантынын бири. Жан дүйнөсүн жарып чыккан ыр саптары төмөндө:

Мен турмушта эл катары жашадым,
Тажабадым келет дагы жашагым.
Эл алдында бетке чиркөө түшпөсүн,
Эмгектенип ишке салып назарым.

Эркелетип, чачын сылап сооротуп,
Каз-катарга тизип алып жетелеп.
Дүнүйөнүн кең экенин таанытып,
"Керегине жарагын"-деп Мекендин.

Мезгил деген өтөт тура сезилбей,
Жанга жакын жайдын жаркын кезиндей.
Жакшы иштерге пайдаланып калсам дейм,
Мезгилимди бекер текке кетирбей.

Билиш кыйын өмүр кыска, узунун,
Билиш оңой кимдин түзүк, бузугун.
Качан болсо талпынамын иштеймин,
Баш көтөрбөй иштеп турган учурум.



# Курумшиева Сайда

## Төмөнкү-Норус айылы

1933-жылы 17-январда Чүй облусунун Москва районуна караштуу Кызыл-Туу айылында туулган. Кытай уруусунун кызы. Түпкү аталары Каратал. Караталдан Токтомат, Токтоматтан Калча, Калчадан Тыналы, Тыналыдан-Оторбай, Борбу, Орозбай, Курумшу аттуу төрт уул болгон. Курумшу Шарше деген уулдуу, Бүбүйра, Күласыл, Сайда аттуу үч кыздуу болот. Курумшунун уулу жана кыздарынын баары мугалим болуп чыгышкан. Кыздардын кичүүсү Сайда Курумшиева жети жылдык билимди 1941-1948-жылдары өзүнүн киндик тамган айылынан алган.

1948-жылы Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик кыз-келиндер педагогикалык окуу жайына (Кирженпедучилищеге) өтүп, 1951-жылы аяктаган. 1951-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетине тапшырып, 1956-жылы кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими кесибине ээ болуп чыккан. 1956-жылдын 13-августунан 1957-жылдын 15-сентябрына чейин Кант районундагы Карл Маркс атындагы орто мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуп эмгектенген. 1957-жылдан баштап ошол эле райондогу Интернационал жети жылдык мектебине которулган. 1965-жылдын 25-сентябрында жети жылдык мектеп орто мектепке айланат. Сайда Курумшиева 1965-жылдын 1-декабрынан 1971-жылдын 30-июнуна чейин жана 1974-жылдын 2-сентябрынан 1975-жылдын 20-августуна чейин аталган мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Иштеп жүргөн мезгилдеринде мектептин жана райондун Ардак грамоталарынан башка Кыргыз Эл Агартуу министрлиги жана республикалык профсоюз уюму тарабынан эки жолу Ардак грамоталар менен сыйланган. 1971-жылы 20-июлда СССРдин Жогорку Советинин президиуму тарабынан "Эмгектеги өзгөчөлүгү" медалы менен сыйланган. 1976-жылы Кыргызстанда болуп өткөн мугалимдердин 5-съездине Кант району жана мектеп тарабынан делегат болуп катышкан. Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдеринин республикалык конференциясына да катышат. Билим берүү тармагында талбай эмгектенип,



жаш муундарга билим берген агартуучу 1988-жылдын 15-августунан баштап ардактуу эс алууга чыккан. Тажрыйбалуу мугалим эмгек жолунда алгачкы окуучуларынын балдарын да окутканын сүймөнчүлүк менен эскерет.

1955-жылы Сайда Курумшиева курсташы Самсалиев Каракөз менен бирге түтүн булатып, бактылуу турмуш жолуна аттанышкан. Жолдошу эмгек жолун Фрунзе облОНОсунда инспектор болуп иштөө менен баштап, андан кийин Кант райОНОсуна караштуу "III Интернационал" жети жылдык мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору, Кант районуна караштуу "Алга" колхозунун (азыркы Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн) партиялык уюмунун секретары, мектепке кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалими болуп эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Алар 1956-жылы Гүлмира аттуу кыздуу болушкан, ал кесиби боюнча инженер-экономист. Уулу Темирбек 1958-жылы жарыкка келген, мал доктурлук кесиптин ээси. Кылычбек 1960-жылы төрөлгөн, айдоочу. Кенжеси Кубанычбекти 1967-жылы жарыкка алып келген, кесиби-инженер-гидромелиоратор. Ата-эненин сыймыгы балдары эмеспи, тилекке жараша алар таалим-тарбиясы күчтүү, эл керегине жараган адамдардан болуп чыгышты. 12 неберенин-Эрмек, Канат, Казбек, Айдар, Самат, Саламат, Ажыбай, Камбар, Асел, Канышай, Бегимай, Айгеримдин чоң ата-чоң энеси болушкан. Алтынай, Мырза, Умар, Жибек, Сырга, Сардар аттуу чөбөрөлөрү бар. Айнагүл, Мира, Анара аттуу келиндери, Асел, Жазира, Айжан аттуу небере келиндери, Ширин, Элвира аттуу жээн небере келиндери, Мирлан, Мукай деген күйөө балдарынын сыйурматына ээ болушкан. Сайда апа менен Каракөз атанын керегеси кеңейип, уул-кыздары менен өзүнчө бир айыл болуп кубанычта өмүр сүрүп келет.



# Кыдырма уулу Алтымыш

## Д.Курманалиев (Социалчы) айылы

Ысык-Ата районуна караштуу Октябрь айыл өкмөтүнүн Социалчы айылында 1929-жылы 31-майда туулган.

Жалпы элдин башынча кара туман айланып, кыйынчылыкты башка түшүргөн Улуу Ата Мекендик согуш башталган учурда Алтымыш ата 11-12 жаштардагы өспүрүм куракта болгон. Эмгекке жарамдуу азаматтар согушка аттанып, айылда колго илинээр жигиттер калбагандыктан кабыргасы ката электигине карабай Алтымыш Кыдырма уулу өзү теңдүүлөр катары мектепке барып окуп, андан кийин колхозчуларга жардам берүүгө жетишип, жаштайынан талыкпай эмгектенген. Ошол кездеги башкарма, кийин тарыхта калган жетекчи Кочкорбай Ысак уулу чарчаганды билбеген, жаш болсо да иштин майын чыгара жасап, апалардын оорун колдон, жеңилин жерден алган эмгекчил боз уланды жакшы көрчү экен. Жаш болсо да ошол кезде улуулардын көзүнө, жакшы сөзүнө илинип, тыкан, элпек, боорукер, адамкерчиликтүү, чечкиндүү болуп бой жеткен.

Ошол кездеги татаал турмуш, жокчулук, башка түшкөн жетимчиликтин айынан 3-классты гана аяктаган. Зиректиги, окууга жетишүү мыктылыгы үчүн мугалимдер да аны жакшы көрүшкөн. Согуш мезгилинде жаш болсо да тынбай эмгек жасагандыгы үчүн “За труд” медалы менен сыйланган.

1947-1948-жылдары кант заводунда жумушчу болуп иштеген. 1949-1989-жылдары Кочкорбаев колхозунда чабан болуп эмгектенген. Мал багуунун сырын мыкты өздөштүрүп, талыкпай эмгектенип, үлгүлүү, ардактуу чабан аталган. Мал башын кемитпей кышында алыскы Кенес-Анархай, жайкысын Суусамыр, кыркым учурунда Ысык-Атада көчүп, малды жакшы асыраган. Чабандык кесиптин түмөн түйшүгү болсо да мал жандуу кыргыздын чыныгы уулу



катары эч убакта чарчап-чаалыктым дебестен талбай эмгек жаратып "Эмгек Кызыл Туу" ордени, "Ленин" медалдары менен сыйланган. Өз учурунда өрнөктүү чабан катары жаш чабандарга жардамын берип, алардын ишине көз кырын салып, тажрыйбасын тең бөлүшүп, билбегенин үйрөткөн насаатчы да болгон.

1948-жылы жубайы Сатинага баш кошуп, турмуш жолун баштакан. Ырыскылуу турмуштун баштан кечиришип, бир уул, алты кыздын ата-энеси болушкан. Тун уулу Алымбек 1949-жылы туулган, учурда 1 уул, 2 кыздын атасы. Байбичеси Сокен экөө бактылуу жашап, 3 небере. 10 чөбөрөлүү болгон мезгилдери.

Улуу кызы Айгүл 1960-жылы туулган. Айыл чарба техникумун аяктаган. Ардактуу эс алууга чыкса да талбай иштеп, УОСто эмгектенип келет. Жолдошу Медетбек экөө 2 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрүшүп, 8 неберенин сүйүктүү чоң-ата, чоң-эне, таята-таенелери.

Экинчи кызы Анара 1965-жылы төрөлгөн. Кенес-Анархай орто мектебин аяктаган. Караганды шаарындагы кооперативдик институтту бүтүргөн. Эмгек жолун Ысык-Ата райпосунда бухгалтерликтен баштап, учурда Ысык-Ата районуна караштуу Бирдик айыл




өкмөтүндө башкы бухгалтерлик кызматты аркалап келет. Жолдошу Алымкул экөө 2 уул, 1 кыздын ата-энеси, бир небереси бар.

Үчүнчү кызы Айымкан жолдошу Жеңишбек менен 3 уул, 1 кызды тарбиялап өстүрүштү. Уулдан - 2 небере, кыздан 1 небере көрүп, уул-кыздарынан урмат-сый көрүп бактылуу өмүр сүрүшүүдө.

Төртүнчү кызы Аселдин жолдошу каза болуп калган. Үч кыз, 1 уулдун энеси. Жеке ишкерлик менен алектенип, дүкөн иштетет. Төрт небереси бар. Уул-кыздары энесин бапестеп багып, сый көрсөтүп, бактылуу өмүр сүрүп келет.

Кыздардын бешинчиси Койсун Чоң-Кеминге турмушка чыккан. Учурда Бишкек шаарында жашап, соода иштери менен алектенет. 2 уул, 1 кыздын энеси. Балдарынын атасынан эрте ажырап, ошондон бери балдарын өзү тарбиялап, аларга ата да, эне да болуп келүүдө.

Кенже кызы Жыргалкүл 1977-жылы Кенес-Анархайда төрөлгөн. Үйдүн эң кичүүсү болгондуктан ата-эне, бир туугандарынын эркеси болуп чоңойду. Ата-энесине күч берип, үй-жайды караган Жыргалкүл болгон. Бой жеткен соң турмуштан ордун таап, 2 кыз, бир уулдун энеси болуп, бактылуу өмүр сүрүүдө. Учурда Дмитриевка айылында дүкөн иштетет. Апасын бапестеп багып, ысык чайын, даамдуу тамагын убагында берип, ак шейшепке жаткызып, оюн орду менен

түшүнүп, кадырлап сый көрсөткөн үй-бүлөнүн кенжеси Жыргалкүлгө бир туугандары да ыраазы.

Кыдырма уулу Алтымыш 2005-жылы 21-июнда дүйнөдөн кайткан. Татыктуу уул-кыздарды тарбиялап өстүрүп, элге эмгегин сиңирип, мал чарбасынын өнүгүшүнө зор салым кошуп келген ардактуу адам болгон. Бүтүндөй район, колхоз, айыл элине кадыры сиңип, анын жасаган жакшы иштерин азыр да кеп кылып келишет. Уул-кыздарына "жакшы атанын балдары" деген атты калтырды. Бүгүнкү күндө байбичеси уул-кыздарынын урмат-сыйын көрүп, жакшылыктарынын күбөсү, төрдүн көркү болуп бактылуу карылыкты башынан кечирип отурган мезгили. Уул-кыздары, небере-чөбөрөлөрү "Дөөлөттүү карылык энебизге кут болуп, сак-саламатта кашыбызда бар болсо экен",-деген тилекте болушат.

*Кызы Анаранын сүйүктүү энесине*
*арнаган ыр саптары:*

ЭНЕМЕ

Эне үчүн бала кымбаттыр,
Кээ бирөөлөр эне сөзүн укпастыр.
Кандай иште, кандай жерде жүрсө да,
Эне байкуш бизди ойлоп тынбастыр.

Эң биринчи мен сүйүктүү энемди,
Уккум келет сенин айткан кебиңди.
Көрбөй калсам карааныңды сагынып,
Келет го деп сооротомун өзүмдү.

Кирди жууп, кайра чайкап жаярда,
Сени көрөм кайра жыйнап алаарда.
Карааныңды элестетип турамын,
Кышкы, жайкы каникулга тараарда.



# Мадыраимов Шамалтай

## Люксембург айылы

1928-жылы 12-мартта Чүй өрөөнүнүн Жайылма, азыркы Ысык-Ата районунун Люксембург айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Исабек колхоздо сугатчы, чабан болуп иштеген. Энеси Сабиха колхоздун кызылчасында иштеп жүрүп, кийин жолдошу менен бирге чабандык милдетти аркалап, 1 уул, 3 кыздын ата-энеси болушкан.

Балалык чагы согуш учуруна туш келип, кыйын учурдун кыйчалыш күндөрүн баштан кечирген. Согуш учурундагы жана андан кийинки калыбына келтирүү мезгилиндеги жалпы элдин, анын ичинде кабыргасы ката элек жаш балдар, кыздардын чоң кишилер менен бирге эмгектенгендиги Шамалтай атанын эмгекчил болуп өсүшүнө таасирин берген. Апаат күндөрдө 13 жашта болсо да уулдарын, сүйгөн жарларын согушка узаткан энелердин, жеңелердин, билекке сап уулдарын алааматка жөнөтүп аңгырай түшкөн айыл элинин түйшүгүн көтөрүүгө бел байлап, оор жумуштарды жасашкан. 1947-жылы Казакстанга чейин араба айдап барып келген. Бойго жеткен учурунда Бүбүйра аттуу кыздын чыйрак, оокатка тың экендигине көз салып жүрүп аны менен баш кошот. Жубайы Бүбүйра апа 1935-жылы туулган. Алардын жашоонун ачуу-таттуусун татып, турмуштун ысык-суугун көрүп бирге түтүн булатып келе жаткандарына 55 жыл болду. Бул жыл аралыгында беш уул, беш кыздын бактылуу ата-энелери болушкан.

Шамалтай Мадыраимов басып өткөн өмүр жолунда бүткүл ак эмгегин чабандык кесипке арнаган. Жубайы Бүбүйра апа экөө ошол кездеги “Труд” колхозунда чабан болуп эмгектенишкен. Жигердүү иши, өрнөктүү эмгеги менен бир топ баалуу сыйлыктарга ээ болушкан. Колхоздун иригин багып, планды ашыкча аткаргандыгы үчүн 1968-жылы жолдомо менен Москва, Ленинград, Волгоград, Сталинград, Одесса шаарларына барып жер көрүп келген. Чабандын эмгеги түйшүктүү болсо да андан ийгилик жараткан эмгекчил үй-бүлө муздаткыч, килем сыяктуу баалуу белектер менен сыйланып турушкан. Жогорку Советтин Президиумунун



Байбичеси Бүбүйра апа менен

буйругу менен Кыргыз ССРинин "Эмгек ардагери" медалын учурунда Шамалтай ата да, Бүбүйра апа да төшүнө тагынышкан. Кийин Люксембург айыл өкмөтү тарабынан Ардак грамота менен сыйланган. Жайкы чилде, кышкы ызгаарда мал артынан жүрүп, анын түйшүгүнө аралашуу менен бирге он баланы жарыкка алып келген Бүбүйра апа I, II, III даражадагы "Энеге даңкы" медалы менен сыйланган. Бир өкүнүчтүү жагдай, Бүбүйра апа он баланын тарбиялап өстүрүп, колхоздун мал чарбачылыгында үзүрлүү эмгектенип келсе да, "Баатыр эне" наамын ала алган жок. Үч ирет документ топтоп өткөзүп, бирок ушул күнгө чейин мамлекет тарабынан берилчү "Баатыр эне"наамына жетпей келет. Анткен менен энеге "Баатыр энеликти" ал тарбиялап өстүргөн уул-кыздары, Бүбүйра энени жакындан билгендер эчак берип коюшкан. Шамалтай ата менен Бүбүйра эненин уул-кыздары бүгүнкү күндө ар бири өз алдынча түтүн булатып, небере жетелеп калган мезгилдери.

Алардын улуу кызы Айнагүл 1956-жылы төрөлгөн, бир кыз, эки уулдун энеси болгон. Бишкек шаарындагы финансы техникумун аяктап, бухгалтерлик кесипти аркалап жүрүп, жүрөк оорусунан улам көз жумган. Ата-эне үчүн тун кызынан айрылуу оор тийип, жүрөктөрү сыздады. Ал кайгыны көтөрбөскө айла жок эле, анын артында калган уул-кыздарын медер тутуп, калган уул-кыздарынын амандыгын тилеп жашоо улап



Кызы Гүлмира жана уулу уулу Анвардын үй-бүлөсү менен

келишет. Бирок тилекке каршы кайгы аны менен токтоп калган жок, 1960-жылы туулган уулу Чолпонбай 19 жашында дүйнөдөн кайтып, ата-энесинин кабыргасын кайыштырып кете берди.

Кийинки кызы Гүласыл 1962-жылы төрөлгөн, жолдошу Сарымсаков Осмон менен үч уул, үч кыздын ата-энеси болуп бактылуу турмуш кечирип келишүүдө. Андан кийинки кызы Гүлмира 1964-жылы туулган, бир кыз, бир уулдун энеси. Азыркы учурда Россияда эмгектенип жүрөт.

Замира 1966-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарында эмгектенет. Эки уулу бар, жолдошу Эневер менен бактылуу өмүр сүрүүдө. 1969-жылы туулган уулу Камил Люксембург айылында жашап, эмгектенген. 2002-жылы жумушунан кайтып келе жаткан жолдон машина уруп кетип каза болгон. Артында жубайы Аида эки уулу менен калды.

Тамара 1971-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарынан техникумду аяктаган. Учурда Россияда эмгектенет, жогорку классификациялуу массажист. Бир уулу бар.

1973-жылы жарыкка келген уулу Нурлан 1992-жылы белгисиз шум ажалдан көз жумуп, ата-энесин чоң кайгыга салып кетти.

Кийинки уулу Мирлан 1976-жылы туулган. Кант шаарындагы №25-училищаны аяктаган, ширеткич кесибинин ээси. Люксембург айы-

лында эмгектенет. Жубайы Дариха экөө эки кызга татыктуу тарбия беришүүдө.

Кенже уулу Анвар 1979-жылы төрөлгөн, Люксембург айылында ширеткич болуп эмгектенет. Жубайы Суусар медицина кызматкери. Эки уул, бир кызы бар. Учурда арабдардын каржылоосу менен Люксембург айылына мечит салдырууда. Мечит аягына чыкса элдин ак батасын алсак деген тилекте.

Шамалтай ата менен Бүбүйра апа кырчындай курактарында көз жумган үч уул, бир кызынын күйүтүн тартышты. Жашоонун кагазга жазылбаган мыйзамы ушундай тура, ак менен кара эриш-аркак жүрөт экен. Жүрөктөгү кайгысын тирүүчүлүк менен жеңишип, калган уул-кыздарын медер тутуп, бүгүнкү күндө 23 небереден 21 чөбөрө көрүп отурган убактары. Айыл ичинде кадыр-баркы жогору, сүйлөгөн сөзү нарктуу кадырман карылар бүгүн уул-кыз, небере-чөбөрөлөрүнүн төрүнүн көркү, таянычы. Алардын ак батасынан көгөрүп, дагы сыйыбызды көрүп күүлүү-күчтүү маңдайыбызда бар болушса экен деген тилекте болгон урпактары Шамалтай ата менен Бүбүйра апанын өмүрүн, ден соолугун тилеп келишет.



Үй-бүлөсү менен



# Мамбеталиев Руслан

## "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын Чүй облустук башкармалыгынын башчысынын орун басары

Мамбеталиев Руслан Закирович 1969-жылы 29-августта Чүй областынын Панфилов районуна караштуу Орто-Арык айылында беш балалуу үй-бүлөдө төрөлүп, өскөн. Атасы Мамбеталиев Закир Панфилов атындагы колхоздо кой-товар фермасынын башчысы болуп эмгектенген. Энеси Болжурова Тамара бүткүл өмүрүн келечек муундарга билим берүүгө арнап Каптал-Арык орто мектебинин мугалими болуп эмгектенген, "Элге билим берүүнүн отличниги". Ата-энеси татыктуу тарбия берип, жылуу мээримин төгүп, балдарынын баарынын жогорку билим алышына зор салым кошушкан. Балдарын кичинесинен адамгерчилик менен жоопкерчиликке, эмгекчилдикке, дайыма алга умтулуп, эл керегине жараган адамдардан болушуна үйрөткөн ата-энесине азыр өзү ата болуп бала тарбиялоодо жана жооптуу кызматтарды аркалоодо бала чактагы тарбиядан улам калыптанган пайдалуу мүнөз, жүрүм-турумдардын чоң жардамы тийип жаткан учурда көрөгөч асыл адамдарына терең ыраазы болуп келет.

Руслан Закирович 1984-жылы 8-классты аяктагандан кийин Кара-Балта тамак-аш өнөр-жай техникумунун (КТПП) механикалык факультетине тапшырып, 1988-жылы "тамак-аш өндүрүүнүн техник-механиги" адистигин алып чыгып, окуу жайды ийгиликтүү аяктаган. 1988-жылдын июнь айынан тартып 1990-жылдын май айына чейин Советтик Армиянын катарында Россия Федерациясынын Свердлов областынын Нижний Тагил шаарында стратегиялык дайындыктагы Ракеталык бөлүктө взводдун командиринин орун басары болуп кызмат өтөп, мекенине ага сержант наамы менен кайтып келген. Аскердик милдетин өтөп келгенден кийин 1990-жылы Москва шаарындагы Бүткүл союздук тамак-аш өндүрү-шү сырттан окуу институтунун

(ВЗИПП) мехфагына тапшырган. Ал окуу жайда 1993-жылга че-йин билим алып, СССРдин тар-ка-шы менен Кыргызстандан барган студенттерди Бишкек шаарындагы Политехникалык институттун мех-фагына (азыркы И.Раззаков атын-дагы Кыргыз техникалык уни-вер-ситетине (КТУ) которушуп, атал-ган окуу жайдан "дипломдуу инженер-механик" адистигине ээ болуп чыккан.


Жубайы Алтынай менен

Эмгек жолун алгач 1990-жыл-дан 1996-жылга чейин Кайынды жалпы суусундугунун бирикме-синде камсыздоочу-экспедитор, кийин азык-түлүк дүкөнүнүн башчысы болуу менен баштаган. 1996-жылдан 2010-жылга чейин Бишкек шаарындагы "Кыргыз-та-мекиси" Мамлекеттик Акцио-нер-дик Корпорациясында (Агро-Пром) жетектөөчү адистиктен тартып кеңсеси Ош шаарында жайгашкан түштүк аймак боюнча "Кыргызтамекиси" республикалык илимий-өндүрүш борборунун (РНПЦ) директорлугуна чейинки ар кандай кыз-маттарда эмгектенип келген. Руслан Закирович ак кызматы аркасын-да Айыл жана суу чарба министрлигинин жана "Кыргызтамекиси" МАКнын Ардак грамоталары менен сыйланган.

2011-жылдын апрель айынан тартып "Кыргызгаз"ААКсында эмгектенип келет. Алгач ишин Кара-Балта газ чарбасынын ага инженерлигинен баштап, андан соң Аламүдүн районунун Ленинский газ чарбасынын башчысы болуп иштесе, 2012-жылдан бери карай Чүй областынын Ысык-Ата районуна караштуу Кант газ чарбачылыгынын башчысы болуп эмгектенген. Элүү кишиден турган аталган тармакты тереңден окуган билимдүү эмгек жамааты Кант шаарынын жана Люксембург айылынын тургундарын, андан тышкары өндүрүштүн флагманы болгон Цемент заводун, Трубошифердик ишканасын, "Абдыш-Ата" компаниясын, МИС бюджеттик ишканасын, Россия




Жубайы Алтынай, кызы Камила жана
уулу Артур менен

авиабазасын, мектептерди жана башка коммерциялык турмуш-тиричилик ишканаларын үзгүлтүксүз көгүлтүр от менен камсыз кылышкан. 2014-жылдын 4-июлунан тартып "Газпром Кыргызстан" ЖЧКсынын Чүй облустук башкармалыгынын башчысынын орун басарлык кызматына дайындалган. 2013-жылы "Чүйгаз" башкармачылыгынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

Эмгекти сүйгөн, ишине жоопкерчилик менен мамиле жасап, ар дайым тазалыкты жана тактыкты сүйгөн Руслан Закирович өзүнүн басып өткөн эмгек жолунда ар дайым мактоого арзып, эл алкышына ээ болуп келет. Ата-энесинен алган тарбия менен кошо билими, жоопту кызматтарды аркалаган эмгек жолу аны ар дайым өсүшкө жеткирүүдө.

Үй-бүлөлүү, эки баланын атасы. Жубайы Муралиева Алтынай



Кызы Камила менен

1974-жылы Панфилов районунун Кум-Арык айылында төрөлгөн. Бишкек финансы-экономикалык Академиясын аяктаган. Учурда "Кыргызстан" мамлекеттик эмес пенсиялык фондунда башкы бухгалтер болуп эмгектенет. Руслан Закирович менен жубайы Алтынай 1999-жылы түндүк көтөрүп, түтүн булатып үй-бүлөлүк турмуштун улуу жолуна түшүшкөн. Ошондон бери ынтымактуу өмүр сүрүшүп, ата-энени сыйлаган, улуу-кичүүгө кадыр-баркы жогору үлгүлүү үй-бүлөлөрдөн болуп келишет. Улуу кызы Камила 14 жашта, Бишкек шаарындагы №68-мектеп-гимназиясында билим алып, окуудагы жетишкендиктери менен ата-энесин кубандырууда. Уулу Артур 12 жашта, Бишкек шаарындагы №70-гимназиясынын 6-классында окуйт. Ата-энесинин тилегин актаган уул-кыздарынын азыркы мектептеги жетишкендиктери келечектен көп нерсени үмүт эттирип, аларды кубанычка бөлөйт.



## Мамбетова Керил

### Нурмамбет айылы

1928-жылы 1-июлда Ысык-Ата районунун Ысык-Ата совхозуна караштуу Алмалуу айылында төрөлгөн. Балалыгы кыйын кырдаал, согуштун оор күндөрүнө туш келип, жокчулук менен оорчулук заманды башынан өткөрүп, 7-класска чейин билим алган. Беликата элек кези болсо да жалпы элдин катарынан калбай согуш убагында Чоң Чүй Каналын казууга катышкан. 12 жашынан тартып эмгекке аралашууга ошол учурдун талабы болгон эле. Кан күйгөн согушка эркектердин баары аттанганда эмгекке жарамдуу кыз-келиндер бар күчүн салып иштешкен. Тылдагы оор жумуштарды аткарууга Керил апа да демилгелүү катышып, эгин оруп, чалгы чаап чөп жыйнап, араба тартып иштеген.1947-жылы турмуш жолун аттап, Четинди айылынын жашоочусу Мамбетов Шаарбек менен кол кармашып, үй-бүлөлүк жашоону башташкан. Адам баласынын жашоосун жамандык менен жакшылык, өйдө-төмөн, ысык-суук дайыма бирге коштоп жүрөт экен, ошол кыйынчылыктын баарын майтарылбай көтөрүшүп, жашоону жакшыртуу үчүн талбай аракет жасап келишти. Керил апа менен жолдошунун ынтымагын бекемдеп, алмашкыс байлык болгон он баланын-7 эркек, 3 кыздын ата-энеси болушкан. Жумаалы, Амантай, Айымбача, Канымбача, Раатбек, Тынаркүл, Жекшенбек, Кенжебек, Жетибай, Чолпонбек аттуу уул-кыздарды тарбиялап өстүрүп, тарбиялап, билимге ээ кылышып, ар бирин тууруна кондурушту. 1981-жылы жолдошу Шаарбек ата дүйнөдөн кайткан.

Керил апа эгин талаасында, кызылчада эмгектенип, 15 жыл саанчы болуп иштеген. Колхоздун алдыга жылышына салым кошуп, оор иштерден качпаган эмгекчил аялзаты айылындагы башка кыз-келиндерге үлгү болгон. “Баатыр эне” ордени, Сталиндик Тылдын

эмгекчили", "Эмгек ардагери" медалдарынын ээси. Уул-кыздарын да эмгекчилдикке, көтөрүмдүүлүккө, чыдамкайлыкка үйрөткөн. Жаш кезинде жасаган эмгегинин акыбети кайтып, бал-дарынын төрүнөн орун алган бактылуу эне. Учурда он баладан 17 небере, 11 чөбөрө көрүп бактылуу жашоону баштан кечирүүдө.







# Молдобаева Атыйкан (Асылкан) Алтымбай кызы

## Кант шаары

1930-жылы 31-декабрда Кемин районунун Бейшеке айылында туулган. Мектеп босогосун аттагандан тартып эле мугалимдик кесипке тартылып, 4-класска келгенден тартып "келечекте мугалим болом" деп келечек кесибин тандаган. Китепти үзүлө түшүп окуп, жети жылдыкты жалаң "5" деген баа менен аяктаган. Андан соң Фрунзе шаарына келип кыз-келиндер педагогикалык окуу жайына окууга өтөт. Окуу жылдары 1945-1948-жылдарга туш келип, тамак-аштын тартыштыгы, кийим-кечектин кемчилдиги сыяктуу эң кыйын учурду баштан кечиргенине карабастан окуу жайды "4, 5" деген баалар менен аяктаган. Окууну аяктаар менен Кемин районундагы Бейшеке жети жылдык мектебине башталгыч класстын мугалими болуп дайындалат. Мугалимдик кесипти аркалап баштаганына жыл айланбай анын уюштургучтугу, өз ишинин көзүн тапкан билгичтиги, жоопкерчиликтүүлүгү эске алынып комсомолдун Кемин райкомунда мектептер бөлүмүндө башчы, кийинчирээк экинчи катчы болуп шайланат. 1953-жылы жолдомо менен Москва шаарындагы Комсомолдун жогорку мектебинен окуп, аны 1955-жылы аяктап кайра Кыргызстанга келип ЛКЖС БКда нускоочу болуп иштей баштаган.

1958-1960-жылдары Кант шаарындагы №1-жана №2-орто мектептерде кыргыз тили сабагынан мугалим болуп иштеген. 1960-жылдан 1970-жылга чейин Токмок шаарындагы Т. Сатылганов атындагы жатак-мектепте тарбиячы, мугалим болуп эмгектенген. 1970-жылы Кант районундагы Жданов атындагы орто мектепке окуу бөлүмүнүн башчысы, 1974-жылы ушул эле мектептин директору болуп дайындалган. Он жылдан ашуун убакыт аталган мектепте жетекчилик кылган. 1982-жылы Ак-Кудук айылдык Кеңешине депутат болуп шайланган. Жетекчилик кызматтарда жүрүп уюштуруу иштерин учур саясатына шайкеш жүргүзүп, келечек муундарга татыктуу тарбия берүү менен мугалимдер, ата-энелер арасында урмат-сыйга ээ болуп, эл оозуна алынган. Кычан Жакыпов жана Кант шаарындагы №2-орто мектептерде кыргыз тили, тарых сабактарынан берип, башталгыч класстардын мугалими болуп эмгектенген. 1951-жылы КПССтин мүчөлүгүнө



Жолдошу Сатар ата менен

өткөн. Ар дайым коомдук иштерге жоопкерчилик менен активдүү катышып келген.

Атыйкан Молдобаева жарым кылымдан ашуун убактысын эл агартуу тармагына арнап, көптөгөн жемиштүү иштерди жасай алган. Анын жетекчилиги аркасында райондук, облустук семинарларды өткөрүп, өзүнүн бай тажрыйбасын, иштөө ыкмаларын жаш мугалимдер менен ар дайым бөлүшүп келген. Агартуучунун окутуп, билим менен тарбиясына сугарылып, ал уядан учурган окуучулары учурда мекенибиздин булуң-бурчунда үзүрлүү эмгектенип келишет. Атыйкан апа учурунда окуучулары менен сыймыктанса, анын жасаган эмгегин унутпай, өз энесинен кем көрбөгөн окуучулары ар дайым эжейине урмат-сый көрсөтүп, ыраазычылыгын билдирип турушкан. Улуу мугалимден үлгү алган кийинки муундагы окутуучулар да устатына урмат көрсөтүшчү. Өмүрүнүн көп бөлүгүн жаш муундарга билим берүүгө арнаган ардактуу мугалимдин эмгеги учурунда бааланып профсоюздун Чүй райондук комитетинин, Эл агартуу министрлигинин Ардак грамоталары, "Эл агартуунун отличниги" төш белгиси, "Эмгек ардагери медалы", II баскычтагы "Баатыр эне" медалы, "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими" деген ардактуу наамдарга татып, "Жигули" автоунаасы менен сыйланган.

Атыйкан Молдобаева өмүр бою мугалим болуп иштеп, жеке



Кызы Гүлмира, уулу Болот, келиндери
Гүлнара,Шайырбүбү жана неберелери

жашоосун унутта калтырган айымдардан болгон эмес. Өмүрлөшү, таяныч-тиреги, колдоочусу Сатар Керимбаевич менен баш кошуп, беш баланын бактылуу энеси, сүйүктүү жар, үйдүн куту болгон. Балдарына да татыктуу тарбия берип, аларды чыныгы адам болууга үйрөттү. Алар дагы ата-энесинин эмгегин актап, аларга мактоо жараткан, сыймыктандырган уул-кыздардан болушту. Улуу кызы Гульмира Диляра, Даниль, Ильдияр аттуу үч баланын энеси болуп, Жолдошу Жуманаалы менен бактылуу өмүр сүрүп келет. Уулу Данияр 2008-жылдын 1-майында 33 жаш кырчындай курагында киши колдуу болуп көз жумган. Закира менен жолдошу Болот Айнура, Асель аттуу кыздардын ата-энеси болушкан. Андан кийинки кызы Равшан менен өмүрлөшү Нурмухамедхали экөө Азиза аттуу кызды тарбиялап келишет. Турмуш адам баласынын башына миң кырлуу тагдырды салат тура. Атыйкан апанын жашоосун жалаң гана кубаныч коштоп отурган жок, күлгүндөй эки баласынан айрылып, кайгыга батты. Уулу Болот 1993-жылы 22-декабрда күтүлбөгөн кырсыктан көз жумган, артына Ринат, Азамат, Тилек аттуу уулдары калды. 2000-жылдын 22-ноябрында жолдошу дүйнө салса, 2012-жылы 7-майда уулу



Жолдошу Сатар жана уул-кыздары менен

Канат жүрөк оорусунан каза таап энесин сыздатты. Анын артында Аида, Алия аттуу кыздары калды. Учурда алар Москва шаарында үй-бүлөлөрү менен жашашат, Аида 3 баланын, Алия 2 баланын энеси болушту. Атыйкан апа миң кырлуу жашоонун ысык-суугун, өйдө-төмөнүн баштан кечирип, майтарылбай баарын көтөрүп, барга көөп кетпей, жокко чөгүп калбай жашоосун улап, сүйгөн кесибин таштабай ак эмгек кылган. Эң башкысы убакытка уттурбай, аны туура пайдалануу менен чоң жетишкендиктерди багынта алган. Эгерде агартуу тармагындагыларга дагы "Баатыр" наамы ыйгарыла турган болсо көп жылдык жемиштүү иштери менен анын башында Атыйкан Молдобаева турмак. Жолдошу Сатар Керимбаевич да эл кызматын аркалаган мыкты адам эле. Учурунда постсоветтин председатели, Райсобестин заведующийи, "Жеңиш Туусу" гезитинин редактору болуп эмгектенип, "Эмгек ардагерлери" уюмунун председатели болгон. Атыйкан апа 5 баланын ардактуу энеси, 11 неберенин, 14 чөбөрөнүн сыймыктуу чоң эне-таенеси болгон.

2013-жылдын 21-сентябрында дүйнөдөн кайткан.



# Молдокулова Женишбубу Меделовна

## Ак-Сай айылы

Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Сын-Таш колхозунун "Бириккен" айылында 1943-жылы 8-мартта жарык дүйнөгө келген. Атасы Чөкөев Медел Улуу Ата-Мекендик согушка аттанып жатканда жубайынын 2-3 айлык боюнда калып, ага аманат кылып: "Боюңдагы кыз төрөлсө атын Жеңишбүбү, уул төрөлсө Жеңишбек деп койгула, биз согуштан Жеңиш менен кайталы" айтып кеткен экен. Айткандай эле Медел ата согуштан Жеңиш менен эсен-соо кайтып келген.

Жеңишбүбү Молдокулова 1950-жылы мектеп босогосун аттаган. Ошол учурда атасы Медел менен энеси Үпөл колхоздун эң мыкты чабандары болуп үзүрлүү эмгектенип келишкен. Ата-энеси жайкысын колхоздун малы менен жайлоого чыгып кетишкенде бир үйдүн түйшүгүн көтөрүп агасы Болот, сиңдиси Жаңыл менен калган. Тамак-аш жасап, сүт ичип туралы деп айылда калган уйду саамай, кир-коокту жууган иштердин баарын кичинекей болсо да илгиртпей жасаган. 1953-жылы сиңдиси Жаңылга өзү фартук тигип берип кийгизип, мектепке жетелеп алып барган. Мектеп босогосун аттагандан тартып Жеңишбүбү апа жалаң "5" деген баага окуган. 1957-жылы мектепти жакшы баалар менен аяктайт. Ошондо мугалимдер өздөрү ата-энесине келип "Жеңишбүбү эң жакшы окуган кыз, шаарга окуу жайга жибериңиз, окуп билим алсын" дегендерине энеси Үпөл макул болбой "Кыз киши шаарга барганга болбойт, шым кийип кетет"-деп жибербей коёт.

1960-жылы 16-августта Молдокулов Өмүркул менен баш кошуп, турмуш жолун баштаган. Барган жерине оокатка тыңдыгы, тазалыгы, колунан көөрү төгүлгөн уздугу менен жагып, илбериңкилиги менен кайын-журтунун алкоосуна татыган. 1961-жылдан тартып колхоздун алдыңкы кызылчачысы болуп талбай иштеп жүргөн. 1970-1972-жылдары колхоздун уй фермасында алдыңкы үлгү-



Үй-бүлөсү менен

лүү саанчы болуп, планды 120%га аткарган. 1973-жылдан баштап кайра кызылча талаасына кайтып келип, өзүнө тиешелүү жерге бир тал чөп өстүрбөй багып алдыңкы кызылчачы аталган. 1980-жылдан 1990-жылга чейин колхоздун фермасынын туут бөлмөсүндө, андан соң музоо фермада эмгектенген. Колхоздун, райондун бир нече Ардак грамоталарына, сыйлыктарына ээ болгон. Кайсы багытта болбосун эмгектин алдыңкысы аталып, Жеңишбүбү апа менен Өмүркул ата өмүрүн текке кетиришпей бактылуу, уюткулуу үй-бүлөлөрдөн болуп жашап келишкен. Үч уул, үч кызды жарыкка алып келип, аларды тарбиялап, уядан учуруп, билимдүү болушуна шарт түзүшүп, үйлүү-жайлуу кылып конушуна кондурушкан. Азыркы мезгилде 23 небере, 10 чөбөрөсү бар. 2013-жылы Орозо айылынын Кадыр түнүндө Өмүркул ата дүйнө менен кош айтышкан.

Жеңишбүбү апа азыркы учурда ардактуу эс алууда, кичүү уул-келинин төрүнөн орун алып, колдорунан ысык чайын ичип, кадырман карылыкты баштан кечирип жашап келет. Өмүркул атанын айкөлдүгү, аталык мээрими, Жеңишбүбү апанын энелик мээриминин чексиздиги айыл элине үлгү болоорлук. Уул-кыздарына берген тарбияны учурда небере-чөбөрөлөрүнө да берип келе жатат. Жеке эле өз балдарына эмес бүткүл айылдаштарына кеп-кеңеш, акыл-насааттарын айтышып, кадыр-баркка ээ болгон адамдарды баары урматтап, ызаат көрсөтүп турушат.



# *Молдокулова Мээрбүбү*

## Эпкин айылы

Мээрбүбү Молдокулова 1947-жылдын 26-июлунда Красный-Восток айылында төрөлгөн. Туулуп, өскөн айылындагы кызыл мектептен 10-классты аяктап, Эпкин айылынын тургуну Молдокулов Сааданбекке турмушка чыккан. Барган жеринен орун алып, жолдошу экөө ынтымакта өмүр сүрүп, сегиз баланын ата-энеси болушкан. Жолдошу Сааданбек 1941-жылы Эпкин айылында төрөлгөн. Атасы Молдокул Ата Мекендик согуштун ардагери, энеси Кулина беш баланы жарыкка алып келип, өмүр бою аларга тарбиясын берип өстүргөн. Сааданбек атанын Зина, Батый, Жайнагүл аттуу карындаштары, Эркин аттуу иниси болгон. Жолдошу жубайы Мээрбүбүнү бир көрүп жактырып калып ала качып кетет. Азыр ошол кезди эскергенде: “Мен эжеңерге арнап обон созуп ырдаганда мага өзү эле келген” деп тамашалап калат. Сааданбек Молдокулов Калинин колхозунун талаачылык иштеринде иштеп, алдыңкы механизатор, 17 жыл айдоочу, 25 жыл механизатор болуп эмгектенген. 1984-1987-жылдары жүгөрү бригадада иштеп, жараткан жакшы эмгектери үчүн жолдомо менен сыйланып Москва, Прибалтика, Ленинград шаарларына барып келген. Кандай ишке колу тийбесин майын чыгара иштеген инсан.

Бактыгүл апанын (азыркы мезгилде айылдагылар Мээрбүбү Молдокулованы ушинтип аташат) атасы Дигербаев Шарше менен энеси Кожобек кызы Алтынай экөө тең мугалим адамдар болушкан. Энеси жаш кезинде эле каза болуп калган.

Сегиз баланын - 2 уул, 6 кыздын ата-энеси болушкан. Балдарынын баарын татыктуу тарбиялап, жогорку билим алууларына болгон аракетин жумшашкан. Ал аракеттин акыбети кайтып, бүгүнкү күнү уул-кыздарынын жакшы адамдардан болуп, эл кызматын аркалап келе жаткандарына ыраазы. Уулдарынын улуусу Данил айылда өзүнүн техникасы менен элге кызмат кылып келет. Жубайы Кайыркүл өзүнө тың, оокатка бүйрө келин. Алардын кызы Нургиза финансы



Жолдошу Сатар ата жана небереси менен

техникумун аяктаган, учурда Бишкек шаарында эмгектенет. Уулу Анарбек 11-классты аяктоодо, кенжеси Айдана 9-класста окуйт.

Экинчи уулу Эдил жеке ишкерлик менен алектенип, Кант шаарындагы "Бельгия" кафесин иштетет. Жубайы Гульсана Бишкек шаарында медайым болуп иштейт. Алардын кызы Айтурган финансы техникумунун 1-курсун аяктап жатат.

Мээрбүбү апанын улуу кызы Венера Бишкек шаарында "Бай-Төр" кафесин иштетет. Жогорку билимдин ээси, КУУну аяктаган. Жолдошу Медербек экөө үч баланын ата-энеси.

Экинчи кызы Анара да жогорку билимдин ээси, Бишкек шаарындагы Октябрь районунун салык инспекциясында эмгектенет. Жолдошу Өмүрбек Ак - Талаанын кулуну, кесиби курулушчу.

Айнура да жогорку билимдүү, Кант шаарында жолдошу Канат экөө жеке ишкерлик менен алектенишип, бизнестерин өнүктүрүп иштеп келишет.

Гүлмира да жогорку билимдүү, Бишкек шаардык мэриясынын казначейлигинде башкы бухгалтерлик кызматты аркалоодо.

Нурмира – жогорку билимдүү, Бишкек шаарындагы БТА банкында бухгалтер болуп иштейт.

Нургиза жогорку билимдүү, окууну кызыл диплом менен аяктаган. Учурда Бишкек шаарындагы курулуш компанияларынын биринде башкы бухгалтер болуп эмгектенүүдө. Ысык-Көлдүн келини, жолдошу Чынгыз да жогорку билимдин ээси.



Улуу небереси Замира

Мээрбүбү Молдокулова Эпкин айылында келин болуп келгенден бери кызылча талаасында иштеп, зор эмгек жаратып, жасаган эмгегинин акыбети кайтып көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. 2013-жылы "Баатыр эне" наамына ээ болгон. Жолдошу экөө ынтымакта өмүр сүрүшүп, үй-бүлөдө кадыр-барк күткөн, дөөлөттүү карылардан болушкан чактары. 2009-жылы Нурмамбет айыл өкмөтүнөн "Үлгүлүү үй", "Үлгүлүү үй-бүлө" наамына ээ болушкан. Бул жөн эле берилип коё турган наам эмес, айыл ичинде кадыры бар, эмгеги сиңген адамдарга гана берилет. Муну бул үй-бүлөнүн зор жетишкендиги деп билсе болот. Мээрбүбү апа өзү оокатка тың, таза, бирөөнүн артынан сөз айтпай бетке айткан сапаты бар аялзаты. Учурда келиндерине да жакшы тарбиясын берип, билбеген үйрөтүп, билгенин баалап жашап келет. Айыл эли сыйлаган инсандардын үй-бүлөсү да, өздөрү да башкаларга үлгү болуп келишет.



Улуу баласы Данил үй-бүлөсү менен



Кичүү баласы Эдил үй-бүлөсү менен



Кыздары Венера, Анара, Айнура, Гулира, Нурмира, Наргиза, күйөө балдары Медер, Өмүрбек, келини Кайыргүл, уулу Эдил




Кудасы Улан, кудагыйы Сайраш



Күйөө баласы Канат, кызы Айнура, жээни



Жолдошу Сааданбек ата жана неберелери менен



## *Мукаева Роза Мукаевна*

### Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директору

1959-жылы Кочкор районуна караштуу Ак-Жар айылында төрөлгөн. Ата-энеси өмүр бою агартуучулук кесипти аркалап, учурда ардактуу эс алуудагы эл кадырлаган ардактуу адамдар. Алар 3 уул, 7 кызды тарбиялап өстүрүп, баарын жогорку билимдүү кылышкан.

Роза Мукаевна 1976-жылы мектепти аяктагандан кийин Ташкент шаарындагы Орто Азиялык медициналык педиатрия институтуна тапшырган. 1982-жылы аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктап, врач-педиатр деген жогорку медициналык кесипке ээ болгон.

1982-1983-жылдары Нарын облустук ооруканасына интернатура өтүүгө жолдомо алган. Интернатурадан кийин 1983-1986-жылдары Кочкор районундагы Кум-Дөбө айылдык ооруканасында эмгектенген. 1987-1992-жылдары Фрунзе шаарындагы №3-балдар бейтапканасында участкалык балдар врачы болуп иштеген. 1992-жылы Кант районунун Новопокровка айылдык ооруканасына которулуп, балдар кеңеш берүү бөлүмүндө башчы, 1998-жылдан тартып аталган ооруканада поликлиника башчысы, 2001-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу түзүлгөндөн кийин жетекчи болуп эмгектенген.

2008-жылы үй-бүлөлүк дарыгерлер борборуна директор болуп бекитилген.

Роза Мукаевна эмгек жолунда бир нече жолу райондук жана облустук мамлекеттик администрациясынын, Саламаттыкты сактоо министрлиги жана үй-бүлөлүк дарыгерлер Ассосациясы тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. 2005-жылы “Саламаттык сактоонун мыкты кызматкери” төш белгисинин ээси болгон. Ар бир баланын ден соолугунун чың болушуна чоң салым кошуп, балдарды дарылап, оорусунан сакайтып ата-энесинин ыраазычылыктарын алып



турган жеңил колдуу ак халат ээси. Жүрөгү назик, мээримдүү жан. Жоопкерчилиги жогору болгон кесиби менен алектенип, ошону менен бирге үй-бүлөлүк турмушту колго алып, асылкеч жар, мээримдүү эне боло алды.

Үй-бүлөлүү, беш баланын-4 кыз, 1 уулдун энеси. Жолдошунун кесиби зоотехник. Улуу кызы Наргиза Кыргыз Техникалык университетин аяктаган, кесиби экономист-менеджер. Учурда АзМИде эмгектенет. Экинчи кызы Элиза КРСУну аяктаган, лингвист-котормочу. Айпери КТУнун бухгалтерия жана финансы факультетин аяктоодо, Кант шаарындагы РСК банкта иштейт. Кыздардын кенжеси Азиза мектеп окуучусу.





# Осокеев Салмоорбек Есенбаевич

## Люксембург айылы

1951-жылы 29-январда Чүй областына караштуу Кант районунун Люксембург айылында көп балалуу колхозчу адамдын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Атасы Осокеев Есенбай мурунку Жайылма, азыркы Люксембург айылында төрөлүп-өсүп, колхоздо эмгектенген. Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери болгон. Энеси Картаңбаева Бурул Панфилов районунун Эркин-Сай айылында туулган. Ата-энеси тогуз баланын ата-энеси болушуп, аларга татыктуу тарбия беришкен. Алар дайыма балдарынын билимдүү, эң башкысы адамдык сапатка ээ инсандардан болушун тилек кылып, дайыма жөнөкөйлүк бийик тураарына ынандырып тарбия беришкен. Учурда алардын тогуз баласынан эки эркек, эки кызы калды.

Салмоорбек Есенбаевич 1958-жылы мектеп босогосун аттап, 1968-жылы Кара-Балта шаарындагы Макаренко орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. Мектепти аяктагандан кийин Кант шаарындагы М.Фрунзе атындагы кант заводунда слесарь болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1970-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1972-жылы аскердик милдетин өтөп кайтып келген.

1973-1975-жылдары Фрунзе кооперативдик техникумунан билим алып “товаравед” адистигин алып чыккан. Окуу жайды ийгиликтүү аяктагандан кийин Фрунзедеги №168-шаардык сатык чарба эсептик дүкөнүндө сатуучу болуп иштей баштаган. 1976-жылдан 1997-жылга чейин Киргизпотребсоюз тармагынын Кант райондук даярдоо конторасында ар кандай кызматтарда: товаровед, склад башчысы, даярдоочу, материалдык бухгалтер болуп эмгектенген. Ошол эле учурда Москвадагы бүткүл союздук тамак-аш өндүрүшү сырттан окуу институтунун “Экономика жана айыл чарба азыктарын даярдоо” бөлүмүнөн билим алып, экономист адистигин алып чыккан.



1999-жылдан 2000-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмө-тү-нө караштуу мамлекеттик каржы инспекциясында жетектөөчү мамлекеттик каржы инспектору болуп "бюджетттик мекемелердеги каржылык текшерүү" бөлүмүндө иштеген.

2000-жылдан 2014-жылдарга,азыркы мезгилге чейин Кыргыз Республикасынын эсеп палатасында башкы инспекторлук кызматты аркалап келет. КРнын Эсеп палатасынын штаттык түзүмүнүн 2005-жылдын 15-июлундагы алмашууларына ылайык "чарбалык субъектилердин мамлекеттик бөлүгү" бөлүмүнүн эксперт-адистик кызматка дайындалган. Кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатуу үчүн, аны менен катар Кыргызстандын экономикасын жаңыча базар мамилесине өткөрүү жаатына байланыштуу кошумча билим алуу зарылдыгын эске алып 2003-жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин экономикалык факультетинин "Финансы жана кредит" бөлүмүн аяктап, "экономист" адистигине ээ болгон.




Кыргыз Республика-сынын "Мамлекеттик кыз-мат жөнүндө" мыйзамына ылайык 2004-жылдын 11-августунда "мамлекет-тик кызматтын 3-класстагы кеңешчиси" чини ыйга-рылган.

Салмоорбек Есенбаевич алгачкы эмгек жолунан тартып, өз ишине жооп-керчиликтүүлүгү менен айырмаланып келет. Өзгөчө тактыкты талап кылган эсеп жаатындагы ишин мыкты билген адис катары бир нече сыйлыктардын ээси болууга жетишти. Аларды атап кете турган болсок: республиканын каржы-экономикалык тармагына сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, "мамлекеттик аудит отличниги" төш белгиси, "Кыргыз Республикасынын финансы жана экономика кызматкерлеринин күнүнө карата" жасаган ак ниеттүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын Ардак грамотасы. Ошону менен катар эле Ысык-Ата районунун Люксембург айылдык округунун "Ардактуу атуулу".

Өз ишинин чебери, эсеп жаатында эбегейсиз эмгек жараткан Салмоорбек Есенбаевич үй-бүлөдө камкор ата, сүйүктүү жар. Жубайы Курмашова Раиса Калбаевна 1950-жылы 8-мартта төрөлгөн. Экөө 1984-жылы баш кошушкан. Бир уул, бир кыздын ата-энеси. Уулу Акылбек жана келини Фарида Ысык-Ата РЭСинде чогуу эмгектенишет. Эки баланын ата-энеси.



Кызы Бактыгүл 1991-жылы туулган. Кыргыз Республикасынын Президенттинин алдындагы Башкаруу Академиясын аяктаган, учурда жолдошу Чынгышов Кубан менен ынтымактуу өмүр сүрүп, бир уулду тарбиялап келишет. Салмоорбек Есенбаевич Канат, Самат, Эмир аттуу неберелеринин сыймыктуу чоң ата, таятасы.

Улуу-кичүүгө жасай билген астейдил мамилеси, жандүйнөсүнө сиңип калган жөнөкөйлүгү, дээринен бүткөн адамгерчиликтүүлүгү аны ар дайым бийик көтөрүп, улуу-кичүүнүн урмат-сыйына ээ кылып келет. Канчалык жакшы кызматты аркалабасын ар дайым кызматтан адамдык сапатты бийик койгон инсан. Эл үчүн эмгек жаратып, өлкөнүн эртеңине күйгөн эл уулдарынын бири. Мейли иштеген эмгек жамааты болсун, мейли айылдаштары, мейли тааныштары болсун Салмоорбек Есенбаевичтин жайдары мүнөзүн, тегерегиндеги адамдарга ар дайым нур чачып, жакшы маанайды түзүп берген жагымдуулугун баалап, айтып келишет.



# Оторова Нуркуль Масеит кызы

## Өтөгөн айылы

1952-жылы 5-августта Кант районунун Красная-Речка айылында төрөлгөн. Атасы Масеит эмгектин жана согуштун ардагери болгон. Энеси Кадыркүл балдарына таалим-тарбия берип чоңойтуп, өстүргөн. Өзү Нурманбет айылынын Малтабар уруусунан болот.

Нуркуль Оторова атайын орто билимдин ээси. 1980-жылы 19-сентябрда Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Кочкор айылындагы "40 лет ВЛКСМ" атындагы орто мектебинде эмгек жолун баштаган. Ал эми 1984-жылдан баштап Ж.Алыбаев орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп окуучуларга билим, тарбия берип келди. 2011-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Агартуучулук ардактуу кесипти 30 жылдан ашуун аркалап келген. Сүйгөн кесибин таштап эс алууга кетүү оңойго турган жок. Бала кезинен мугалим болсом деген чоң максат, аруу тилекти алдына койгон. Кошуналардын балдарын чогултуп алып өзү мугалим болуп, алардын жазгандарын текшерип, сабак өтүп, кадимки мугалимдик кесибинин башаты балачакта башталган. Алгачкы "А" тамгасын үйрөткөн агайы Кыдырмага, орус тили мугалими Вера Максимовна Полтавскаянын жана башка мугалимдердин таасири зор болгон. Кийин өзү сүйгөн кесипти аркалай баштагандан тартып, мектеп босогосун аттаган ар бир бөбөктү өз баласындай бооруна тартып, алардын ыйманын, адептүүлүгүн, боорукер болуусун тилеп, сабакты мыкты өздөштүрүп кетсе экен деп көп аракет жумшаган. Чындыгында өз балдарынан да окуткан балдарын көп ойлогонун жашырбайт. "Мугалим-мөмөлүү дарак" дегендей окуткан окуучуларынын баары турмуштан ордун табышып, көпчүлүгү жогорку билимге ээ болуп, кайсы тармакта болсо да ишин алга сүрөп алып кеткен адамдардан болгондоруна сыймыктанат. Алар менен катышып, телефон аркылуу байланышып келет. Эжейинин эмгегин унутта калтырбаган окуучуларына ыраазы. Ж. Алыбаев атындагы мектептин эмгек жамааты да ынтымактуу, бирдиктүү, кандай иш-чара болбосун ар дайым чакырып, майрамдарда куттуктап турушат. Нуркуль Масеитовна мектепте тарбия бөлүм башчысы, профсоюз уюмунун төрайымы болуп 1991-1999-жылдары иш алып барган.



Үй-бүлөсү менен

Мектептин, райОНОнун, облустук билим берүү мекемелеринин Ардак грамоталары менен сыйланып, 2010-жылы “Эл агартуунун отличниги” төш белгисине ээ болгон. 2011-жылы “Энелер күнүндө” “Эне даңкы” медалы менен сыйланган.

Жолдошу Жадик уулу Жаныш Өтөгөн айылынын калмаакы уруусунун кулуну болот. Өмүр бою Сын-Таш колхозунда эмгектенген, учурда ардактуу эс алууда. Жолдошу менен баш кошуп, түтүн булаткандарына 40 жылдын жүзү болуп отурат. Бул үй-бүлөнүн эң чоң байлыгы - бул алты кызы, күйөө балдары жана неберелери. Кыздарынын баары жогорку билимге ээ болушкан, күйөө балдары билимдүү адамдар. Учурда ар кесипти аркалап, ар бири өз очогунун ээси болуп таттуу өмүр кечирип келишет. Улуу кызы Назгүл кесиби боюнча китепканачы, эки баланын энеси. Экинчи кызы Назира чет тил мугалими, Бишкек айыл-чарба техникумунда эмгектенет. Эки кызы бар. Жолдошу юридикалык кесипти аркалайт. Бактыгүл Сын-Таш айылындагы К.Курманов атындагы орто мектебинде кыргыз тили мугалими болуп иштейт. Бир уул, эки кызы бар. Жолдошу Кант шаарында РЭСте эмгектенет. Кийинки Кайыркүл, Айдай, Жаңыл аттуу кыздары бүгүнкү күндө уул-кыздарын тарбиялоо менен алектенип келишет. Кыздарынын көпчүлүгү өзүнүн жолун жолдоп мугалимдик кесипти тандап алганына Нуркуль Масеитовна терең ыраазы болуу менен сыймыктанат.

Учурда жолдошу менен бирге неберелеринин курчоосунда, тууган-уруктун арасында бакубат карылыкты баштан кечирип, элге биримдик, жерге тынчтык тилеп жашап келишет.



# Өмүров Намир Бексултанович

## Бишкек агрардык-экономикалык колледжинин директору

Өмүров Намир Бексултанович 1950-жылы 19-октябрда кереметтүү Ысык-Көл жергесинин Тору-Айгыр айылында төрөлгөн. Балалык чагындагы керемет күндөр кол жээгиндеги табияты кооз айылында, жайкысын буркулдаган чаңдуу көчөлөрү менен көк шибери көйкөлгөн адырларында калган. Алты жашка толгон мезгилинде, Тоң районундагы Каракол айылына үй-бүлөсү менен көчүп барышкан. Жаш курагы жеткенде ошол айылдагы Карл Маркс орто мектебинин босогосун аттаган. Ата-энеси өмүр бою мал артынан жүргөн адамдар болушкан. Анткен менен алар баласынын билимдүү болушуна абдан ынтызар эле. Ошол себептенби, Намир Бексултановичтин мектеп босогосун аттагандан баштап эле билимге болгон кызыгуусу артып мектептин алдыңкы окуучуларынын катарын толуктап турган. Окуучулук күндөрүндө кыргыз тили, тарых сабактарын өзгөчө кызыгуу менен окуп, райондук, облустук олимпиадаларга катышып, алдыңкы орундарды багынтып келген. Ошол мезгилди эстегенде мугалимдердин дагы өз ишине болгон чоң жоопкерчилигин, кесибин сүйүп, милдетин так аткаргандыгына, класс жетекчиси Кыдыкбаев Сартбай агайынын эмгегине баа берет. Бала кезинде адабий, тарыхый китептерди өзгөчө кызыгуу менен окуган. Ата-энесинин малчы болгондугуна байланыштуу уй сарайда жашашып, атасы өмүр бою чабан болгону менен абдан сабаттуу адам болгондуктан ал жердеги кызыл үйдү атасы тейлеп турган. Ошондуктан кызыл үйдүн ачкычы көп учурда Намир Бексултановичтин колунда болуп, андагы нечендеген китептердин баарын өзгөчө кызыгуу менен окуп чыккан.

Балалыгында билимге көп басым жасаган Намир Өмүрович мектепти аяктагандан кийин кесип тандоого келгенде агрономдук кесипти тандоого кызыгуусу ойгонгон. Ага эмне себеп болгонун азыркы күндө өзү минтип эскерип калат: “Ошол маалда айылда окуусун жаңыдан бүтүп келген агроном жигит бар болчу. Ал дайыма айыл ичинде “Урал” деген мотоцикли менен



Жубайы Бурул жана кызы Бермет менен

жүрчү. Балалыктын баёлугу менен ал жигиттин мотоциклине кызыгып агроном болсом деп кыялданчумун". Окууну аяктаар менен борбор шаарга келип айыл чарба институтуна тапшырып, бардык сабактардан экзаменди жакшы тапшырып тагдырдын жазмышы менен физика сабагынан кулап калат. Бир жыл Балыкчы шаарындагы эт комбинатында жумушчу болуп иштеп жүрүп кийинки жылы тапшырган. Үч жыл катары менен агрономдун окуусуна тапшырып жүрүп өткөнү менен ал окууну эмес, тагдырдын буйругу менен мектеп партасынан кызыгуусу күч болгон тарых факультетине окуп калган. Университеттин тарых бөлүмүн аяктагандан кийин билим коомунда бир жылга жакын эмгектенип, андан соң кесипчилик-техникалык училищага сабак берип жолун улаган. Ал жерде катардагы мугалимден окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары, директорлук кызматтарга чейин аркалаган. 1985-жылы Намир Бексултановичти өзүнүн айылындагы колхозго башкармалыкка чакырышып, агрономдук билим керек болуп азыркы өзү жетектеп турган айыл-чарба техникумунан эки жыл билим алган. Союз ыдырагандан кийин 1992-жылы өзү аяктап кеткен агрардык-экономикалык коллежге жетекчи болуп келген. Аталган окуу жайда бүгүнкү күнү да үзүрлүү эмгек жаратып келет.



Окумуштуулар кеңешинин жыйыны

Ушул мезгилге чейин басып өткөн эмгек жолунда Намир Бексултанович эки гана жерде эмгектенген. Биринчиси кесипчилик-техникалык окуу жайда 17 жыл эмгектенсе, экинчиси агрардык-экономикалык коллежде 22 жыл. Кесипчилик-техникумда эмгектенип жүргөн жылдары 8 миң кадрдын даярдалып чыгышына салым кошсо, азыркы иштеп турган окуу жайда 22 жылдын ичинде 11 миңден ашуун кадр даярдоого салым кошту. Ал тарбиялаган кадрлар азыркы мезгилде министрликтерде, акимчиликтерде кызмат аркалап келишет, алардын ар дайым "агай" деп сыйлап турушканы Намир Бексултановичке кубаныч тартуулайт. "Мугалим–мөмөлүү дарак" дегендей колунан билим алган кадрлардын бүгүнкү күндөгү жараткан ийгиликтери, жетишкендиктери агайды ар дайым кубандырып келет. 37 жылдын эмгек жолунун отуз жылы жетекчилик кызматта келе жатса да, Намир Бексултанович ар дайым өзүндөгү адамкерчилик жана жөнөкөйлүк деген ыйык сапаттарды сактап, адилеттүү, чечкиндүү кадамдарды жасап келүүдө. Ошонусу менен ал ар дайым даярдаган кадрларынын да, иштеген эмгек жамаатынын арасында да кадыр-баркы жогору.

Намир Бексултанович үй-бүлө жаатында да бакыт тапкан адам. Жубайы Бурул экөө беш баланын бактылуу ата-энелери. Жубайы тарых мугалими, педагогикалык кесиптин ээси. Уул-кыздарынын баары жогорку билимге ээ болуп, ата-энесинин жолун улаган педагогдор. Улуу кызы Жылдыз экономика жаатында билим алган. Учурда Юридикалык Академияда

кафедра башчысы, илимдин кандидаты. Жолдошу Бакыт ошол эле окуу жайда проректор. Экинчи кызы Жаркын медициналык академияны аяктаган, бирок ал дагы педагогика жаатында эмгектенет, медицина илимдеринин кандидаты. Анын өмүрлүк жары кесиби боюнча медицина кызматкери. Бир нече жыл жеке ишкерлик менен алектенип, учурда Кыргыз-Орус Славян университетинде мугалим болуп эмгектенет, келет, ал дагы медицина илимдеринин кандидаты. Кийинки кызы Миргүлдүн кесиби юрист, экономист. Окуусун аяктагандан кийин бир жылдай кесиби менен иштеп .андан соң Агро-техникалык колледждин бөлүм башчысы болуп, ал дагы педагогика жаатына багыт алды. Анын жолдошу Алмаз педагогика илимдеринин кандидаты, юридикалык академияда окуу-тарбия иштери боюнча проректордун милдетин аткарып келет. Уулу Улан гана өз кесиби боюнча “АКБ Кыргызстан” банкында юрист болуп эмгектенет. Кенже кызы Бермет “Лондон скуул” чет тилдерди үйрөнүү мектебинде англис жана кытай тилдеринен лекция окуйт, политология илимдеринин кандидаты. Кыскасы Намир Бексултановичтин үй-бүлөсүн жалаң гана педагогдордон турган үй-бүлө деп сыймыктануу менен атаса болот. Учурда алты неберенин сүйүктүү чоң ата, таятасы.



Үй-бүлөсү менен



# Парманасова Синакуль Турсуновна

## Село Киргшелк

Это рассказ о женщине, ее родных и близких людях, которые внесли и вносят немалый вклад в жизнь нашей республики и, в частности, нашего района.

Парманасова Синакуль Турсуновна, ныне пенсионерка, родилась в городе Бишкеке (Фрунзе) 11 апреля 1948 года в многодетной семье. Было в их семье шесть сестер и пять братьев, в настоящее время живы – десять. Это большая, трудолюбивая и дружная семья, к тому же еще многие из этой семьи талантливые по настоящему одаренные.

Отец, Карымшаков Турсун родился в селе Сайлык Чуйской области. Он был артистом и проработал более 35 лет в Кыргызской филармонии им.Т.Сатылганова. Он самостоятельно научился играть на комузе и великолепно владел этим инструментом. Хороший мастер, он делал комузы и струны и считал, что лучшими по звучанию были комузы из дерева-урюка. Отец, по рассказу Синыкуль, часто гастролировал по республике с концертами, был в одной бригаде с М.Омуркановой, Э.Турсуналиевым, Ш.Шеркуловым, Б.Исмаиловым и многими другими артистами. В 1958 году он принимал участие в декаде искусств Киргизской ССР в Москве, вместе с ансамблем комузистов выступал на сцене театра.

Мать, Джаманкулова Мунус родилась в селе Бирдик Ысык-Атинского района. Она была мастером на все руки: шила, ткала тушкиизы, шила красивые кураки и успевала делать все домашние дела. Как она это делала? Наверное, обладала сильным характером, любила людей, жизнь, нас, ее детей. Когда дети подросли, и старшие могли ухаживать за младшими, она пошла работать швеей на фабрику «1Мая». Стала лучшим мастером-ударником труда, была награждена орденом «Знак почета». Она научила своих детей многим житейским мудростям, которые потом пригодились в жизни многим. И дети ей очень благодарны за ее доброту, тепло, заботу и с болью в сердце говорят, что чувствуют вину за то, что не смогли отблагодарить за ее любовь, потому что ушла от них рано. Это горько, когда уходит из жизни самый дорогой и незаменимый человек.

Дом, где жила эта семья по улице Карпинской в центре города, был гостеприимным, часто там бывали известные люди: Алымкул Усенбаев, поэт



Отец Турсун и мама Мунус

Райкан Шукурбеков, Токтогул Тныбеков. Их с большой любовью встречали и приветствовали родители, и это гостеприимство передалось всем детям. Хотя Карымшаков Турсун не имел званий почетных, но его до сих пор помнят люди, знавшие его при жизни и живущие в нынешнее время. А ведь это самое главное – оставить о себе добрую память и светлое имя!



Дети Карымшаковых старались быть похожими на своих родителей. Синакуль, как и все дети того времени, пошла в школу, окончила десять классов, но сразу не поступила в Медицинский институт, потому что был большой конкурс. Чтобы не терять времени устроилась работать на фабрику «1Мая», где работала ее мама. Шить она умела на ножной машинке матери, но не имела никакого представления об электрических швейных машинах, о тех цехах, в которых работали швеи. Поначалу было все необычно и трудновато для девочки 17 лет. Но трудолюбие помогло: взяли ученицей а через месяц освоилась и получила 2-й разряд швеи. Проработала год, но мечта получить высшее образование не покидало ее, и она пос-

тупила в Кыргызский государственный национальный университет на филологический факультет. Конечно, студенческая жизнь запомнилась на всю жизнь. Это было самое лучшее время: лекции, студенческие споры, диспуты, друзья, подруги. Где только не работали в те времена студенты: на полях Ошской области собирали хлопок, на помидорах, на картошке, на свекле, на уборке фруктов. Было интересно, весело!

После окончания универси-тетов 1972 году поступила на работу во Фрунзенский Дворец пионеров имени Кычана Джакыпова методистом-массо-виком. Работа очень интересная, увлекательная. Здесь готовились к проведению массовых меро-приятий города. 50-летие пионерской организации им. В.И.Ленина готовили пионерские приветствия к торжественным заседаниям сессий Верховного Совета Кыргызской ССР и проводили многие разнообразные мероприятия. Ведь именно Дворец пионеров был центром работы со старшими пионервожатыми, председателями дружин школ, активно велась работа на патриотические темы, работали многие кружки: изобразительный, музыкальный, вязания, кукольный, хореографический и другие. В этот период произошла главное событие в ее жизни: она познакомилась с будущим мужем, Парманасовым Джээнали Маматовичем, который был аспирантом в Академии наук Кирг.ССР. С благодарностью она вспоминает заведующую хореографическим кружком Светличную Галину Владимировну, которая и познакомила их друг с другом. Она после окончания вуза работала в Ошской области, села Кызыл-Коргон, Алайского района, в школе преподавала русский язык, где познакомилась с Джээнали и его родителями. Конечно, эта женщина знала, что Джээнали и его родители – хорошие, порядочные люди, потому и познакомила Синакуль с этой семьей. А вот что рассказывает сама она о родителях мужа, дедушке и бабушке ее детей.



Свекор, Парманасов Мамат, был участником ВОВ, но никогда о ней не рассказывал, говорил: «Лучше вам не знать о войне», так как пройдя ад этой войны, он знал цену жизни. Он был ст-

растным любителем лошадей, с легкостью выделял хороших скакунов, сам участвовал в скачках и получал призы.

Свекровь Жөжү была спо-койной, мудрой и доброй женщиной, никогда не повышала голоса. Мастерица на все руки: у нее получались прекрасные шырдаки, обши-вала всю семью. В семье было шестеро детей, и все они получили образование. Свекор и свекровь прожили достойную 3жизнь, относились друг к другу очень бережно и со стороны смотрелись как два воркующих голубка. Здесь чувствовалась не только любовь, которая переросла в глубокое человеческое уважение. Ведь она – мать его детей, а он – отец детей, и в этом смысл их жизни. Это были прекрасные люди: дедушка Мамат и бабушка Жөжү, которые обожали своих внуков, но любили их строгой любовью. Дети, внуки помнят и не забывают их.



В 1974 году Джээнали и Синакуль поженились. Медовый месяц провели в Москве, где работал старший брат Турсунов Сабирдин Турсунович полпредом Совмина Кыргызской ССР при Совмине СССР. Его помнят и знают многие люди: те, с кем он работал, студенты учившиеся в Москве, его бывшие аспиранты, а ныне, может, доктора наук. Сабирдин - кандидат сельскохозяйственных наук, заслуженный деятель Киргизской ССР, награжден орденами и медалями, почетными грамотами Президиума Верховного Совета и неоднократно избирался депутатом. Имя Сабирдина Турсунова присвоено Бишкекскому аграрно-экономическому колледжу (БАЭК) в селе Киргшелк Ысык- Атинского района, там, где живет Синакуль.

Вначале молодые жили в общежитии, на квартире. Муж в то время был аспирантом Академии наук. После защиты диссертации, в 1977 году он получил направление на работу в научно исследовательский институт агрономии заведующим лабораторией в селе раздольное Сокулукского района. В 1981 году его назначили директором Фрунзенского сельскохозяйственного техникума (ныне БАЭК), где он проработал четыре года, затем был переведен в г. Бишкек.

Жизнь Синакуль обозначена многими изменениями: после ухода с работы во Дворце пионеров в 1984 году перевелась воспитателем в техникум,



где проработала около трех лет. Многие ее воспитанники-студенты с теплотой вспоминают, какие вечера, диспуты, конкурсы она проводила с ними. И это можно понять: ведь она человек неугомонный, творческий, очень исполнительный, любящий детей. Но по семейным обстоятельствам пришлось перевестись в Киргшелкский детский сад воспитателем, так как свои дети были маленькими. После ухода заведующей детским садом Синакуль назначили исполняющим обязанности заведующей. Пришлось ей многому учиться заново. С уважением вспоминает методиста Бихе Елену Михайловну, которая помогала ей в работе. Да и все сотрудники детского сада по словам Синакуль работоспособные, мыслящие, творчески, проводили открытые семинары для заведующих детских садов. Да и детсад их был ничуть не хуже, а даже лучше других детских садов. Она считает, что именно воспитанники детских садов каждый день познают окружающий мир, и очень сожалеет о том, что после развала СССР эти дошкольные учреждения закрылись, и время было очень трудное – время выживания для многих людей. Хочется заметить, что в жизни этой женщины много добрых, порядочных людей, потому и она такая уважи-тельная и добрая.

После закрытия дет-ских садов в 1996 году директор Киргшелкской средней школы пригла-сила её преподавать начальным классам кыргызский язык. Через год Синакуль устроилась в Люксембургский айыл өкмөтү, где она прора-ботала около десяти лет ведущим специалистом по социальным вопросам. Вот здесь-то она и проявила свои лучшие качества. На тот момент это была новая должность при айыл өкмөтү по республике. Требовалось много вни-мания, так как это была работа с разными людьми: инвалидами и участниками Вов, одинокими престарелыми людьми, инвалидами детства, с малоимущими людьми, семьями, потерявшими кормильцев, детьми, которые потеряли обоих родителей. Всех их надо брать на учет, знать о их жизни и помочь им. Детей-сирот по возможности устраивали к родственникам или в интернат, а родителей неблагополучных семей через суд лишали родительских прав, детей отправляли в интернат или дом малюток. Болела за них душа, жалко было детей, которые при живых родителях были сиротами.

Эта чуткая, милосердная женщина считает себя счастливым человеком, потому, что через ее душу прошли многие человеческие судьбы людей, которым она помогала обрести веру, надежду и любовь в этой жизни. Ей очень приятно и радостно сознавать, что эти люди помнят и благодарят ее за работу, просят совета. И она благодарна им за то, что их души не стали чёрствыми, остались добрыми, и сами рады помочь другим.

Она давно пенсионерка, но до сих пор принимает активное участие в жизни нашего района, а именно, айылного округа. Она – председатель женского совета а/о, постоянный член участковой избирательной комиссии, принимает участие в семинарах «Женщина в общественном развитии», где получила Серти-фикат фонда. Особая гордость Синакуль – это её дети и внуки, которых у нее соответственно пятеро и девять. Старшая дочь Айсулу, получила два высших образования: социолог и эконо-мист, готовится в защите канди-датской диссертации, работает преподавателем КГНУ. Её муж, Бараталиев Данияр, тоже имеет два высших образования: стома-толог и экономист. Он отличный специалист, пользуется у пациентов уважением и авторитетом, отличник здравоохранения, работает в городе Бишкеке. У них четверо детей: Чынгыз, Улукбек, Атабек и Тилек.

С огромной любовью, нежностью и теплотой рассказывает героиня очерка о своих внуках. Чынгыз – одаренный мальчик, самостоятельно научился играть на электрогитаре, познал нотную грамоту по интернету. Видно, в нем заговорили гены прадедушки Турсуна. Бабушка уверена, что её внук станет знаменитым в будущем. Пусть ее надежда станет реальностью в жизни! Младший внук Улукбек перешел в 3-ий класс, и она считает, что у него есть задатки дипломата. Атабеку два с половиной года, и у него сильный характер, из него выйдет хороший юрист. А самый маленький Тилек (ему только шесть месяцев), пусть растет и оправ-



дывает имя, которое дали ему родители. Хочется бабушке, чтобы внуки росли добрыми и по всей вероятности, это так и будет, потому что у них есть с кого брать пример, чтобы стать умными, образованными и порядочными.

Вторая дочь, Гульдана, получила высшее обра-зо-вание – финансист-эко-но-мист, работает в частной туристической фирме г.Бишкека. Муж Орозбаев Жылдызбек с высшим образо-ванием, один из ведущих специалистов при Минис-терстве сельского хозяйства и мелиорации КР, работает заведующим отделом ветери-нарии и пастбищ. У них трое детей: Айсана, Эрмек, Айбийке.

Айсана, первая внучка закончила среднюю школу и, как ласточка, вылетела из родительского гнезда, вступая на дорогу жизни. И пусть ей сопутствует удача! Эрмек – футболист, гордость семьи и будет защищать честь Кыргызстана на международных матчах по футболу, мечтает возродить былую славу клуба «Алга». Очень уж любят родители, дедушка и бабушка самую младшую Айбийке, желают, чтобы росла умной и доброй девочкой.

Самая большая гордость Синакуль и Джээнали – сын Айбек, счастье, которое, как считает мать, подарил Бог и которому она очень благодарна. Сын закончил Академию МВД Кыргызской Республики имени Эргеша Алиева. Много лет работал в Ысык-Атинской милиции Чуйского ГУВД, имеет почетные грамоты, благодарности, награжден медалями, в настоящее время работает в Академии МВД г.Бишкека. У него две дочери, Айжан и Бегимай, которых бабушка безумно любит и желает им много счастья, солнца и тепла.

После Айбека появились прекрасные дочери – Айдана и Светлана. Ай-




дана – финансист-экономист, по натуре добрая, честная, на работе пользуется уважением коллег и начальника, работает в частной архитектурной фирме города Бишкека. И самая маленькая дочь Светлана с малых лет любит музыку, играет на пианино, закончила музыкальную школу города Канта. Возможно, в ней проснулись гены дедушки Турсуна. Светлана закончила Киргшелкскую среднюю школу с красным аттестатом и без всякого труда поступила в Славянский институт на филологический факультет (бюджет). Закончила институт с красным дипломом, и ее сразу пригласили на работу в КГНУ.

В заключение хочется сказать: вот такая история о хороших людях, которых можно ставить в пример другим, потому что любовь, уважение, взаимозабота, доброе, чуткое отношение друг к другу делают великое дело – быть нужными и полезными себе, своей семье, родным людям, близким, окружающим и, конечно, своей Родине. Синакуль считает, что она не зря живет на земле, она счастливый человек, у нее дети, внуки, которых она любит больше жизни и желает, чтобы всегда был МИР, СЧАСТЬЕ, ярко сияло солнце и голубое небо над головой Кыргызстана. Конечно, время и годы летят, как птицы, но она смогла оглянуться назад и сказать: «Жизнь хороша, если ты сам хорош и любишь жизнь».



# *Рыскулова Какиш*

## Хирург, академик

Кыргыз аялзатынын ичинен чыккан алгачкы медицина илимдеринин доктору Какиш Рыскулова 1918-жылдын 15-октябрында Кант районунун Четинди айылында дыйкан адамдардын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Бир үйдүн тун кызы болгон Какиш апа балалык кезинде алгачкы коллективдештирүү, колунда барларды кулакка тартуу сыяктуу көрүнүштөрдүн баарын өз көзү менен көрүп өскөн. Сабатсыздыгын жойгон кыргыздын алгачкы кыз-келиндеринин катарында болуп, алгач араб, андан кийин латын, орус тамгалары менен жазып, окууну үйрөнгөн. 1930-жылы Аламүдүн районунун Таш-Дөбө айылындагы башталгыч мектепте, андан кийин ошо эле айылдагы колхоз жаштарынын мектеп-интернатынан билим алган. 1934-жылы 6-классты бүтүргөн. Доктур болсом деген максатын тамга тааныган мезгилинен тартып жүрөгүнө бекем катып, ошол эле жылдын сентябрь айында 16 жаштагы Какиш Рыскулова медтехникумга окууга тапшырат. Окууну кыргыздын улуу агартуучу-окумуштуусу Ишеналы Арабаевдин үйүндө жатып билим алган. Кыргыз элинин келечектеги алгачкы атактуу хирург кызы биринчи курста окуп жүргөн мезгилинде биринчи ирет колуна дары куюлган шприцти кармап көрүп, кесип тандоодо жаңылбаганына ошондо дагы бир ирет ынанган. Какиш апа өз алдынча биринчи хирургиялык операциясын кан күйгөн согуш мезгилинде - 1943-жылы жасаган.

Бүгүн медицина тармагына гана эмес бүтүндөй кыргыз элине белгилүү дарыгер Какиш Рыскулова дарыгерлик кесипти аркалоодо бир имараттан чыкпай ак халатты кийип көйкөлө басып иштеген эмес. Кыргызстандын алыскы аймактарына барып медицина кызматкери катары чоң жоопкерчиликти алып калктын ден соолугунун камын

көрүп, жөө-жалаң жер кезип, кыйналган адамдарга ат, эшектин жардамы менен жетип "ары жактан бери кайтарып" келген учурду, кыйынычылыкты башынан кечирип, ошол эле учурда пациентинин жүзүнөн тирүүлүктүн, айыгуунун жышаанын көргөндө чексиз бактылуулукту башынан кечирген. Алыскы Баткендин Зардалысынан тартып Нарында да медсестра болуп эмгектенген. 1940-жылдан тартып мединституттан билим алып, жогорку билимдүү дарыгер болуп чыгып, аспирантураны да аяктаган.

Токсон жашты артка таштап, жүзгө таяп бара жаткан сыймыктуу апабыз, кыргыз элинин чыгаан кыздарынын көзгө басымдуусу Какиш Рыскулованын басып өткөн жолун тизмектеп отурсак жомок сыяктуу сезилет. Анын эмгеги бааланып, көптөгөн сыйлыктардын, орден, медалдардын ээси болду. Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат да болуп шайланган. Кант шаарындагы №2-мектеп Какиш Рыскулованын атын алып жүрөт. Анын шакирттери бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын эң алдыңкы дарыгер-хирургдары.

Какиш апа эки уул, эки кыздын энеси. Улуу уулу Азамат Кыргыз-Орус Славян университетинин медицина бөлүмүндө ага окутуучу, Саламаттык сактоонун жана элге билим берүүнүн отличниги. Кызы Анара А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында балерина болуп иштеп, учурда ардактуу эс алууда. Чынарынын кесиби - тиш дарыгери. "Үмүт нуру" коомдук фондунун жетекчиси. Кичүү уулу Сардарбек Бишкек шаарындагы тиш дарылоо бейтапканасынын биринде эмгектенет.

Какиш Рыскулова кылымга аты таанылган, жибектей жумшак эмдүү колунан канчалаган оор операциялар жасалып адам өмүрүн кайтарган мыкты дарыгер катары чоң урмат-сый, терең таазимге ээ. Аны менен кыргыз эли, анын ичинде жердештери ар убак сыймыктанып келишет.



# Сабыралиева Назгүл

## Эпкин айылы

1945-жылы 17-августта Чүй районунун Кегети айылында төрөлгөн. Балалыгы туулган айылынын керемет кооздугу, таза абасында өттү. 1962-жылы Кегети орто мектебинен 10-классты ийгиликтүү аяктап, окуусун андан ары улантууну чоң максат кылып алдыга коюп, ошол эле жылы Фрунзе шаарына келип Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырган. 1967-жылы университетти аяктап, жогорку билимге ээ болуп чыккан.

Атасы Үңүров Сабыраалы өмүр бою финансы агенттигинде эмгектенген. Энеси Сагынбүбү үй кызматкери болуп балдарын тарбиялап, андан тышкары колхоздун ар кандай жумуштарында иштеген. Универсиетте бирге окуган курсташы Абдиев Бекбай экөө 1966-жылы баш кошушуп, улуу турмуш жолуна бирге аттанышкан.

Назгүл Сабыралиевна алгачкы эмгек жолун жогорку окуу жайды аяктагандан кийин Ош областына караштуу Ала-Бука районунун Жойбелент айылындагы Жданов орто мектебинен баштап, аталган мектепте беш жыл эмгектенип келген. 1972-жылы Чүй бооруна келип, Кең-Булуң орто мектебинин башталгыч классынын мугалими болуу менен эмгек жолун улаган. 1974-жылы Кочкорбаев айылынын Октябрь орто мектебине которулуп, ал жерде он жыл келечек муундарга билим берген. 1984-жылы жолдошунун Эпкин айылына мектеп директору болуп которулганына байланыштуу, Назгүл Сабыралиевна да Эпкин айылындагы орто мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп кесибин уланткан. Ошол жылдан тартып ардактуу эс алууга чыкканга чейин үзүрлүү иштеп келген. Агартуучулук кесипти аркалап, көптөгөн окуучуларга татыктуу билим берип, ак эмгегинин аркасында “Эл агартуунун отличниги” наамынын ээси болгон. Көптөгөн Ардак грамоталардын жана башка сыйлыктардын ээси болду.



Назгүл Сабыралиевна жолдошуна үйдө арка-жөлөк, үй-бүлөлүк очоктун жылуулугун сактаган сүйүктүү жар болсо, мектепте ишин колдоп, жетишкендиктерди багынтууга жардамдаш-кан жакшы кесиптеш боло алды. Мектептин алдыңкы мугалими алты баланы жарыкка алып келген мээримдүү эне. 2 уул, 4 кызына татыктуу тарбия берип, ар биринин жогорку билим алуусун ата-энелик милдет катары санашып, алар-дын кесип ээлери болушуна болгон аракетин жумшашты. Улуу кызы Эльмира учур-да Токмок шаарында врач-гинеколог болуп эмгектенет. Эльвира медучилищаны аяктаган, Юрьевка ҮБДТсында медайым кесибин аркалап келет. Кийинки кызы Эльнура Германиянын Бонн шаарында врач болуп иштейт. Зинура Россиянын Чита шаарында өзүнүн бизнес иштери боюнча иштейт. Уулу Талант Кант шаарынын "Түндүкэлектро" станциясында электрик болуп иштөөдө. Кенже уулу Тилек "Калыс" дыйкан чарбасынын ишин алга жылдырып келет. Учурда 11 неберенин чоң ата-чоң эне, таята-таенелери. Улуу неберелери Азира КУУнун 4 курсунун, Аймира БГУнун 2-курсунун студенттери. Элмарт 8-класстын окуучусу. Назгүл Сабыралиевна уул-кыз, келин, күйөө бала, неберелеринин амандыгын, элдин ынтымагын, жердин тынчтыгын тилеп, айылдагы кадыр-барктуу апалардын катарын толуктап татыктуу өмүр сүрүп келет.



# Сагынбеков Насирдин Каныметович

## Токмок шаары

1955-жылы 29-сентябрда азыркы Ысык-Ата, ошол кездеги Ивановка районунун Эпкин айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Канымет Калинин совхозунда ветеринардык врач болуп иштеген. Энеси Сыяпат кызылча талаасында эмгектенген.

1963-жылы Эпкин орто мектебинин 1-классына кирип, 1973-жылы мектепти ийгиликтүү аяктаган. Ошол учурда атасынын күтүлбөстөн дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу 1973-1974-жылдары Калинин совхозунда жумушчу болуп иштөөсүнө туура келген. 1974-жылы мамлекеттик экзаменди ийгиликтүү тапшырып, Кыргыз мамлекеттик Медицина инситутунун тиш дарылоо бөлүмүнө өткөн. Аталган окуу жайды 1979-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1979-1980-жылдары Фрунзе шаардык №2-тиш дарылоо эмканасында тиш дарылоо боюнча иш тажрыйбасынан өткөн. 1980-жылы тиш дарыгери катары алгачкы эмгек жолун Токмок шаардык тиш дарылоо эмканасынан баштаган. Ошол мезгилден азыркы учурга чейин аталган эмканада үзүрлүү эмгек жаратып келет. Адамдын күзгүсү, ден соолугунун башаты болгон тиштердин саламаттыгына кам көргөн чебер адис катары 35 жылдан бери карай көптөгөн дарылануучулардын ыраазычылыгын алды. “Дарак бир жерден көгөрөт” дегендей талбаган эмгеги үчүн көптөгөн Ардак грамоталардын ээси, “Саламаттыкты сактоонун мыкты кызматкери” ардактуу наамына татыктуу болду. 1988-жылдан 2008-жылга чейин тиш салуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенди. Эмгек жолунда көптөгөн жаш адистерге өзүнүн иш тажрыйбасын үйрөтүү менен бирге Токмок шаарындагы медициналык коллежде тиш салуу боюнча окутуучу болуп эмгектенет.

Насирдин Каныметовичтин өмүрлүк жары Сагынбаева Майя Белековна менен медициналык институтта окуп жүргөндө таанышкан. Экөө чогуу окуган курдаштардан болушкан. Бири тиш дарылоо бөлүмүндө, бири дарылоо бөлүмүндө окуп жүрүшүп, тагдырдын буйругу менен 1979-жылы баш кошуп, бирге түтүн булатып башташкан. Окууну



Жубайы Мая жана неберелери менен

аяктагандан кийин кесиптеш жаш жубайлар Токмок шаарындагы эмканага чогуу келип ишке орношушуп, ошондон бери бирге иштеп, чогуу өмүр сүрүп, үй-бүлөдө да, иште да бири-бирине арка-жөлөк болуп келишет. Жубайынын атасы Сагынбаев Белек Кант районунун Жайылма айылынан, колхоздо механизатор болуп эмгектенген. Энеси Садыкова Гүлжамал талаачылыкта өмүр бою иштеп келген. Экөө 4 кыз, 2 уулду тарбиялап өстүрүшүп, баарынын жогорку билим алуусуна шарт түзүп беришкен.

Майя Белековна учурда кулак-мурун дарыгери болуп эмгектенет. Экөө 2 уул, 1 кыздын ата-энеси болушту. Тун уулу Руслан Бишкек шаарындагы Архитектура жана курулуш институтун бүтүрдү. Үй-бүлөлүү, жубайы Жанара менен бактылуу турмуш улап, Эмир, Инсана аттуу уул-кыздарды тарбиялап келишет. Бишкек шаарында иштеп, жашайт. Экинчи уулу Нурлан Кыргыз мамлекеттик техникалык университетин аяктаган. Учурда Эл Аралык "Манас" аэропортунда аэропортту сактоо бөлүмүнүн инженери болуп эмгектенет. Жубайы Айсулуу экөө Адилет, Бегайым, Нурайым аттуу уул-кыздардын ата-энеси болушту. Кызы Бактыгүл Манас-Түрк Эл аралык университетин бүтүргөн. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын байланыш департаментинде адис болуп иштейт. Жолдошу Изат жеке ишкер. Даурен аттуу уулу бар.

Учурда Насирдин Каныметович менен Майя Белековна 6 неберенин чоң ата, чоң энеси, таята-таенеси аталып бактылуу турмушту баштарынан кечирип келишет. Колу жүрөгүндөй жумшак, жүрөгү халатындай аппак дарыгерлер элден ак кызматын аябай, уул-кыздарын да адамгерчиликке, жөнөкөйлүккө, эл үчүн иштөөгө тарбиялашты. Тилектери акталып бүгүн алардын ар кимисинин туурларына конуп, бактылуу турмушта жашап, өз эмгектери менен оокат кылып жаткандарына ыраазы. Өздөрү дагы да болсо элибиздин келечеги, чың ден соолугу үчүн ак эмгегибизди арнайбыз деген жакшы тилектердин үстүндө жашап, иштеп келе жатышат.

Шайыр, тамашакөй, ачык-айрым, өзгөчө жөнөкөй мүнөзү бар Насирдин Каныметовичтин туулган айылында кадыр-баркы жогору. Колунан келген жардамын аябай, коомдук иштерге активдүү катышат. Жыл сайын дарыгерлер тобун уюштуруп айылына алып келип, айыл тургундарын, оорулууларды бекер текшерүүдөн өткөрүп турат. Бул зор эмгеги үчүн айыл эли терең ыраазы болуп, эл уулу атап, аксакалдар ак батасын берип, улуу-кичүү аны сыймык тутушат.




Классташтары менен


Кесиптештери менен


Улуу уулу Русландын үй-бүлөсү



Кичүү уулу Нурлан
үй-бүлөсү менен



Кызы Бактыгүл
үй-бүлөсү менен





# *Сагынбекова Жылдыз Эрмековна*

## Нурмамбет айылдык округунун клуб башчысы

Жылдыз Сагынбековна 1963-жылы 24-августта Жетиген айылында төрөлгөн. Атасы Дөлөталиев Эрмек, Энеси Күлайым өмүр бою малчы болуп эмгектенишкен. Ата-энесинин татыктуу тарбиясын көрүп, көп балалуу үй-бүлөдө өскөн Жылдыз Эрмековна 1970-жылы Киров башталгыч мектебинин босогосун аттап, 1980-жылы мектепти аяктаган. 1981-жылы Эпкин айылына турмушка чыгып, үй-бүлөлүк жашоонун агымына кошулган. Өмүрлүк жолдошу Сагынбеков Нурдин Калинин колхозунда талаачылык иштери боюнча эмгектенип жүрүп, азыркы учурда дыйкан чарбасы менен алектенип келет. Ынтымактуу үй-бүлөнүн катарын толуктап, ырыскешиктүү өмүр улаган алар үч уул, бир кыздын ата-энеси болушту. Үч уулдун арасында чоңойгон жалгыз кызы Назира турмуштан орун алып, бир үйдүн жылуу очогунун ээси, үч баланын энеси болду. Ысык-Ата районунун Тогуз-Булак айылына турмушка чыккан. Куда-кудагыйлары Канай менен Кларалар менен миң жылдык кудаларданбыз деп ынтымактуу алакада болуп, эки баланын ынтымагын бекемдеп келишет. Уулдарынын улуусу Асылбек жубайы Асель экөө Адеми, Мухтарбек аттуу уул-кыздардын ата-энеси болушкан. Тун келини Асель оор басырыктуу, созулган мүнөзгө ээ, кайненесинин жүрөгүнөн орун тапкан сүйүктүү, турмушта камчы салдырбай алга жылган мыкты келин. Жакшы кызды тарбиялап өстүргөн кудасы Амантай, кудагыйы Динарага Жылдыз эже терең ыраазы болуп, алар менен бир туугандай карым-катышта болуп келет. Экинчи уулу Акылбекти эже “Балдарымдын сулуусу, эң таза, сүйүктүү балам,”- деп эркелетип калат. Анын жубайы Махабат колунан бардык иш келген оокатка тың, бүйрө келин. Экөөнүн ортосунда Ариет аттуу уулу бар. Кудагыйы Айнаш жаркылдаган маңдайы жарык жакшы адам. Кенже уулу Адыл менен келинчеги Рыскүл Амир аттуу уулдун артынан жакында эле Даткайым аттуу кыздуу болушуп ата-энесин чоң кубанычка бөлөп


Өмүрлүк жолдошу Нурдин менен

турган мезгилдери. Рыскүл айтылуу Жети-Өгүз районунун Ак-Терек айылынын кызы. Кайненесинин кабагынан байкап, оокатты айттырбай кылган, кайната-кайненесине ийилип сый көрсөткөн жакшы келин. Кудагыйы Турсункан оор-басырык-туу, окаатына тың, куда-сөөккө сыйкор аялзаты. Адылдын жаш экендигине карабай айылдаштары ак көңүлдүгү, колунан келген жардамын эч кимден аябаган мыкты сапаты үчүн сыйлап турушат. Бул эне үчүн чоң сыймык.

Жылдыз эже он жети жашында турмуштун босогосун аттап, кайненеси Сыяпат эненин колуна келин болуп түшкөнүн төмөндөгүчө эскерет:

- Кайненем өтө таза, сарамжалдуу аялзаты. Кайын атам Канымет 1973-жылы дүйнөдөн өтүп кеткенден кийин 7 баланы өзү тарбиялап өстүргөн. Азыркы мезгилге чейин уул-келиндерине акылын айтып, туура эмес жерин түздөп турган, жаман сөздөн алыс кармаган камкор эне. Турмушта көп нерсени ушул апамдан үйрөндүм,"-дейт.

Кайын журтунда Качыбек ата, Анар аттуу апалары бар. Жылдыз эже турмуш жолундагы көп акыл-насааттарды ошол кишилерден угуп, ушул убакка чейин алардын айткан акылын жашоосунда колдонот. Жылдыз Эрмековна Ысык-Ата районуна караштуу Нурмамбет айыл өкмөтүндө 25 жылдан бери клуб башчысы болуп эмгектенип келет. 1990-жылдан бери карай көптөгөн жакшы иштерди жасап, оозго алынып келе жатат. Үч чакырылыштан бери карай айылдык кеңештин депутаты. АРИС менен көптөгөн долбоорлорду ишке ашырып, айыл жерине жаңы ФАП салдырды. Марафон уюштуруп айылдык округдун башчысы А.З.Ниязов, Шабатоева Сымбат менен талыкпай иштеп бала бакча ачты. Азыркы учурда да элден, жерден эмгегин аябай, улам жаңы иштерди колго алып үзүрлүү эмгек жаратып келет. Жылдыз эженин жасаган иштерин бирден санап жаза турган болсок

бир китептин бетине батчудай эмес. Анын иштермандыгына, иштин көзүн билген көрөгөчтүгүнө, боорукерлигине, ар киши менен тил табыша билген өзгөчө сапатына басым жасап кетпесек да болбостур. Өзүнө тагылган айылдык округдун милдеттеринен тышкары биздин "Ысык-Ата районунун атуулдары" китебинин чыгышына чоң салым кошуп, өз айылдаштырынын китептен орун алышына көп эмгек жумшап, жакшы уюштуруу иштерин жүргүзүп берди. Эженин айылдаштарынын, улуу-кичүү арасында кадыр-баркы жогору. Канча жылдан бери айылынын маданиятынын өнүгүшүнө, жалпы эле Ысык-Ата районуна кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинин I даражадагы диплому, компьютер, акчалай сыйлыктар, райондук, облустук Ардак грамоталар менен сыйланган. А.Акаев, К.Бакиев, Р.Отунбаева, А.Атамбаевдердин куттуктоо баракчалары, грамоталары, Кыргызстан Аялдар Конгрессинин Ардак грамоталарынын ээси болгон. "Эң мыкты айылдык клуб" конкурсунун жеңүүчүсү болуп, сыйлыкка телевизор алган. Айылдык ден соолук комитетин жетектейт. КАДК мүчөсү, 2009-1012-жылдары Чүй облустук правлениесинин жетекчиси болуп иштеп келди. Ысык-Ата районунун "Ынтымак жарчылар" командасынын мүчөсү.

Жылдыз Эрмековна көптөгөн долбоорлор менен Ош облусун тегиз кыдырып, Ысык-Көл, Талас жергесинде болуп иш тажрыйба топтоп келди. Айылда жайыт комитетинин төрагасынын орун басары, Аялдар советинин мүчөсү. Айылдык кеңешинин төрагасынын орун басары. АВП советинин мүчөсү. Айылда Жылдыз эжесиз бир дагы иш-чара бүтпөй турганына өзүбүз да күбө болдук. Анын ишке болгон тактыгы, жоопкерчиликтүүлүгү жетекчилердин ишенимин арттырып келет. Кыргыз элинин тарыхында кала турган үстүбүздөгү жылы жергебизде болуп өткөн "Көчмөндөр оюнуна" Ысык-Ата районунан маданий иш-чараларын жетектеп барып, боз үй тигип, ичин улуттук буюм-тайым, тамак-ашка толтуруп, алыстан келген коноктор менен өкмөт башчыларынын ыраазычылыгына татып, бир гана райондун эмес бүтүндөй Чүй облусунун кадырын көтөрүп келди.

Аялзатына таандык бардык сапаттардын ээси, үйдө жолдошунун сүйүктүү жары, балдарынын мээримдүү энеси, неберелеринин кадырман чоң эне, таенеси Жылдыз Эрмековна өз бир туугандарынын, кайын-журтунун арасында да өзгөчө орду бар асылзаада. Калк турмушун, элдин эртеңкисин ондоого кошкон салымы Жылдыз эженин кадыр-баркын жогорулатып келет.





# Садыралиева Бүбүажар

## Юрьевка айылы

1952-жылы 5-ноябрда Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Чаек айылында жарыкка келген. 1958-жылы мектеп партасы менен таанышып, он жыл билим алып 1968-жылы ийгиликтүү аяктаган соң билимин андан ары Нарын медициналык окуу жайынан уланткан. 1971-жылы аталган окуу жайдын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн.

1971-жылдын 1-апрелинен тартып эмгек жолунда алгачкы кадамды таштап, Жумгал райондук ооруканасынын төрөт үйүнө медайым болуп кабыл алынып, балдар бөлүмүндө иштей баштаган. 1972-жылы аялдарга консультация берүү боюнча патранаждык акушерка болуп которулуп, 1976-жылга чейин эмгектенген. 1976-жылы Белеков Шайлообек менен турмуш жолун баштап, шартка байланыштуу иштен бошоп, бирок бир ай аралыгында эле Казах ССРинин Тургай облусунун Державинский райондук ооруканасына Дон дарыгерлик амбулаториясынын фельдшери болуп ишке кабыл алынган. 1980-жылы ал амбулаториялык бөлүм жабылып калгандыгына байланыштуу Дондогу балдар бакчасынын медсестрасы болуп которулган. 1984-жылы Дондогу ФАПтын фельдшерлер башчысы болуп эмгек жолун улаган. 1989-жылы Державин райондук ооруканасынын балдарга консультация берүү боюнча эмдөө кабинетинин медайымы болуп иштеп жүрүп, жашаган орундарын которгонуна байланыштуу, 1991-жылы 11-сентябрда иштен бошоп, Ысык-Ата районуна көчүп келишкен. Ошол эле жылдын 27-сентябрында Юрьевка айыл өкмөтүнө караштуу №6-балдар бакчасынын медайымы болуп ишке орношкон. 1992-жылы Юрьевка аймактык ооруканасынын аялдар консультациясынын патранаждык акушеркасы болуп иштеген. Медицина тармагында үзүрлүү эмгек жараткан Садыралиева Бүбүажар 1993-жылдын 1-декабрында Эпкин айылдык ФАПтын башчысы кызматына которулган. 2001-жылы 12-январда ҮББТ Эпкин айылдык ФАПынын башчысы болгон. 2008-жылы Нурманбет айылдык бейтапканадан тышкары шашылыш жардам берүү пунктуна фельдшер болуп иштей баштаган. Ушул убакка чейин калктын ден соолугуна



Үй-бүлөсү менен

кам көрүп, өмүр сакчылык кызматын талбай аткарып тез жардам бөлүмүндө фельдшер болуп эмгектенип келет.

2010-жылдын апрель айында ардактуу эс алууга чыккан, ошентсе да сүйгөн кесибин таштап койбой, элдин ден соолугуна кам көрүп, аларга медициналык жардам көрсөтүүнү ыйык парзы катары эсептеп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Бүбүажар Садыркулова 3 баланын энеси. Улуу кызы Белекова Айжан 1979-жылы төрөлгөн, 1996-жылы Юрьевка орто мектебин аяктаган. Юридикалык кесиптин ээси. Учурда "Золотая нива"АОсунда башкы бухгалтер болуп эмгектенүүдө. Андан кийинки кызы Бакытжан 1982-жылы төрөлгөн, учурда Юрьевка айылында чач тарачтык кесипти аркалап, айыл тургундарына кызмат көрсөтүп келет. Бекжан 2003-жылы төрөлгөн, А. Молдокулов орто мектебинин 5-классынын окуучусу.

Небереси Белекова Алия Руслановна 2011-жылы төрөлгөн, мектеп окуучусу. 2 кыз, 1 уул, 1 небереси менен жашоонун рахатын көрүп, аларга мээримин төгүп ынтымакта өмүр сүрүп келет.

Бүбүажар Садыркулова медицина тармагында үзгүлтүксүз эмгектенип келүү менен бирге 1973-жылы, 1976-жылы, 1992-жылы, 1996-жылы, 2003-жылы, 2009-жылы, 2011-жылдары райондук, облустук Ардак грамоталар менен сыйланган.



# *Садырова Эльмира Садыровна*

## Интернационал айыл өкмөтүнүн аскерге каттоо столунун башчысы

1957-жылы 21-октябрда Нарын облусуна караштуу Жумгал районунун Чаек айылында төрөлгөн. Мектепти айылындагы Москва орто мектебинен аяктаган. Бишкектеги соода жана тамак-аш училищасын аяктап, айыл чарба техникумунда окуп агроном адистигине ээ болгон.

1974-жылдан бери карай үзгүлтүксүз ар кыл тармакта эмгектенип келе жатканына 40 жылдын жүзү болду.

1976-1978-жылдары Бишкектеги соода жана тамак-аш окуу жайында окуган. 1978-1983-жылдары Бишкектеги №7-ашканада ашпозчу болуп иштеген. 1984-1999-жылдары "1-Май" колхозунун мүчөсү болуп, профкомдун башчысы болуп иштеген. 1999-2003-жылы Интернационал айыл өкмөтүндө жооптуу катчы, 2003-жылдан бери ушул мезгилге чейин аталган айыл өкмөтүндө аскерге каттоо жана паспорт столунун башчысы болуп эмгектенип келет.

1985-1989-жылдары, 1990-1995, 2004-2008-жылдары айылдык Кеңештин депутаты болуп шайланган.

Эльмира Садыровна он бир тууганduу үй-бүлөдө чоңойгон. Атасы Садыр 2000-жылы дүйнөдөн өткөн, энеси Сыйна учурда Баатыр эне, уул-кыздарынын, небере-чөбөрөлөрүнүн төрүндө сыйын көрүп, ак батасын берип 2014-жылы 95 жашында дүйнөдөн кайтты. Бир туугандарынын улуусу Бүбүжамал (Букен) 4 баланын энеси, учурда 9 небере көргөн учуру. Агасы Кадыралы (Орозобек) 2 баланын атасы, бир небереси бар. Андан кийинкиси Айчүрөк 3 бала, 9 неберелүү. Замир 3 баланын атасы. Бешинчиси Эльмира Садыровна, андан кийин Эркинбек жети баланын атасы болгон



Жолдошу Адырбек менен

учуру. Эмилбек, Эдилбек, Төрөбек, Таалайбектердин экиден балдары бар. Жалпысынан Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Сыйна апа 27 небере, 23 чөбөрөнүн кучагында уул-кыздарына тирек болуп турган чагы.

Элмира Садыровна 1980-жылы Кант райо-нунун Боз-Бармак айылынын тургуну, 1957-жылы туулган Тулелиев Адырбек менен баш кошкон. Жолдошу учурунда колхоздо бригадир болуп эмгектенген, учурда “Рашид” дыйкан чарбасынын башчысы. Чернобыль окуясынын катышуучусу. Өзү 1999-жылдан бери айылдык аялдар советинин төрайымы, “Асылзат” жамаатынын мүчөсү. 2007-жылы Интернационал айылынын чок ортосуна үй-бүлөсү менен биргеликте мечит тургузушкан. Алардын үй-бүлөсү Интернационал айылдык округунун “Үлгүлүү үй-бүлө” наамына ээ болушкан, айылдагы кадыр-барктуу, түпкүлүгү бекем үй-бүлөлөрдөн болуп саналышат.

Эки баланын энеси, төрт неберенин чоң энеси. Уулу Тулелиев Рашид Адырбекович 1982-жылы төрөлгөн, жогорку билимдүү, эки дипломдун ээси. Кесиби гидро-инженер, учурда Бишкек шаардык суу каналында инженер болуп эмгектенет. Акыл, Илим, Азим аттуу

үч уулдун атасы. Жубайы Нуриза да жогорку билимдүү. Кызы Тулелиева Чолпон Адырбековна 1983-жылы туулган, жогорку билим алып экономист-информатик, эки дипломдун ээси. Учурда Бишкек шаарындагы "Кока-Кола" ОАОсунда жооптуу бухгалтер болуп эмгектенет. Айбийке аттуу кыздын энеси. Жолдошу Замир Кыргыз-Кытай-Эркечтам бекетинде чек ара кызматында эмгектенет.

Эльмира Садыровна бир нече ирет акчалай сыйлыктар, грамоталар менен сыйланган. Айыл өкмөтүнүн, Ысык-Ата райондук администрациясынын жана Коргоо министрлигинин Ардак грамоталарынын ээси.



Энеси Сыйна апа неберелери менен «Манас Ордодо»



Кызы, күйөө баласы, уул-келини, иниси, синдиси жана келиндери





# Саккараева Сүйүнбүбү Султангазиевна

## Нурмамбет айылы

1949-жылы 22-октябрда Ысык-Көл облу-сунун Тоң районунун Бөкөнбаев айылында төрөлгөн. 1966-жылы орто мектепти аяктаган. Ошол эле жылы Токмок шаарындагы медициналык училищага окууга тапшырып, 1968-жылы бүтүрүп чыккан.

1966-жылы Чүй районунун Красный-Восток айылынын тургуну Саккараев Кадыралы менен түндүк көтөрүп, түтүн булатып үй-бүлөлүк жашоону башташкан.

1969-жылы Калинин совхозуна караштуу Красный-Восток айылынын бала бакчасында медайым, тарбиячы болуп 1984-жылга чейин эмгектенген.

Андан кийин 1991-жылга чейин амбулаторияда медайым болуп эмгектенип, 2007-жылга чейин физкабинетте иштеген. Ошол жерде эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Балдардын жана чоң кишилердин ден соолугуна кам көргөн жүрөгү жумшак мээрман айым 4 баланын-3 уул, 1 кыздан энеси.

Улуу баласы Таалайбек 1967-жылы төрөлгөн. Медициналык институтту аяктап, учурда Бишкек шаарындагы фармология заводунда технолог болуп иштейт. Кийинки уулу Турумбектин кесиби-машинист-механизатор, орто билимдин ээси. Өздүк "Алтынбек" дыйкан чарбасында эмгектенип келүүдө. Кызы Гүлзат 1974-жылы төрөлгөн, медициналык орто окуу жайын аяктап, "Неман" дарыканасында иштейт. Кенже уулу Алтынбек 1978-жылы жарыкка келген, айыл чарба институтунун гидромелиарация (суу чарбасы) бөлүмүн аяктаган. Азыркы мезгилде "Алтынбек" дыйкан чарбасын жетектейт. Айылдык кеңештин депутаты.

Сүйүнбүбү Султангазиевнанын өмүрлүк жары Саккараев



Балдары менен

Кадыралы 1942-жылы Красный-Восток айылында туулган, Токмоктогу айыл-чарба орто окуу жайын аяктаган. Өмүр бою Калинин совхозунда механик болуп эмгектенип, механика тармагында көп эмгек сиңирген.

Ак халатчан айым аталган Сүйүнбүбү Саккараева I категориядагы медайым наамынын ээси. Жасаган ак эмгеги, жооптуу кесибине жасаган жоопкерчиликтүү мамилеси артында көптөгөн Ардак грамота, баалуу белектер менен сыйланган.

Ишинен баар, балдарынан бакыт тапкан бактылуу эне бүгүнкү күндө көкүрөк күчүгү Алтынбек менен чогуу туруп, неберелерин тарбиялап, чоңойтууга жардам берүүдө. Учурда ардактуу эс алууда. 13 неберенин кубанычына бөлөнүп, эл кызматына жараган уул-кыздарынын жакшылыгына шериктеш болуп, энелик бакытты баштан кечирип жашап келет.



# *Саралаев Осой*

## Эпкин айылы

Кыргыз мамлекетинин өнүгүшүнө зор салым кошкон сыймыктуу инсандарыбыздын бири Саралаев Осой Ысык-Ата районунун Эпкин (азыркы А. Токтоналиев) айылында туулган. Кабыргасы ката элек балалык курагы согуш жылдарында туш келип, ошол учурдагы оор кырдаалды баштан кечирип, чарбанын баардык иштерине аралашып жүрүп, алгачкы эмгек жолун туулуп-өскөн кыштагында кара жумушчу болуп баштаган.

Осой Саралаевдин зээндүүлүгүн, эмгекчилдигин байкаган комсомолдук жетекчилер зор ишеним менен аны комсомол уюмунун жолдомосу аркылуу жаңыдан ачылып жаткан Орловка кыштагындагы Кыргыз Тоо-кен иштетүүчү комбинатына жөнөтөт. Ал жерден билим алып, экскаваторщик адистигине ээ болуп, аталган комбинатта экскаваторчу болуп иштеп калат. Ал жерде 1967-жылга чейин эмгектенип, өзүнө тагылган зор ишенимди актап “Эмгектин ардагери” медалынын, “Эмгек отличниги” төш белгисинин ээси, “Октябрь революциясынын ордени” сыйлыктарына татыктуу болот. Ошондой эле Ульяновск шаарында өткөн Советтер Союзунун түзүлүшүнүн 50 жылдык юбилейине арналган “Эл достугу” салтанатына Кыргызстандын делегаты катары барып катышып келет.

Эл Осой Саралаевдин эмгегин жогору баалап, райондук кеңешке депутаттыкка шайлашкан.

1967-жылы Кант шаарындагы Кант-шифер заводуна ишке кирип, ардактуу эс алууга узаган 1981-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген. Анын кайсы жерде иштебесин жасаган ак эмгеги, мамлекеттин алга жылышына кошкон салымы жогору болгон. Табиятынан баарына ка-



Үй-бүлөсү менен

лыс караган, адилет, ак ниет, чынчыл, ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасаган адам эле.

Осой Саралаев жубайы Абдралиева Калиман менен бактылуу турмушту баштарынан кечиришип, экөө он бир баланын ата-энеси болушкан. Баарына татыктуу тарбия берип, адамгерчиликке, ак ниеттүүлүккө, эмгекчилдикке үйрөтүштү. Ата-эне катары балдарына камкор, мээрман мамиле жасап, алардын мыкты адамдардан, эң башкысы АДАМ деген атка татыктуу болушуна жан үрөп аракет жасашты. Ата-энесинин жакшы табиясын көргөн уул-кыздарынын баары билим алышып, учурда Кыргыз мамлекетине ар тармакта кызмат өтөп, атанын тилегин, эненин үмүтүн актап келишет. Учурда Осой атанын уул-кыздарынан тараган 37 небере, 39 чөбөрөсү бар, баары ата-эне жолун улап, чоң атасы, таятасы менен сыймыкта-нышат.



# Сартбаева Динара Джумакадыровна

## Кең-Булуң айыл округунун жооптуу катчысы

1967-жылы 18-июлда Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районунун Кичи-Жаргылчак айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

Атасы Орозалиев Жумакадыр 47 жыл мугалимдик кесипти аркалаган, энеси Нагаева Халида он бир баланы төрөп, өстүрүп, ошол эле учурда мектепте талыкпай эмгектенип, "Эл агартуунун отличниги", "Баатыр эне" ардактуу наам, төш белгилерине ээ болгон. Үлгүлүү ата-эненин колунан тарбия алган Динара Джумакадыровнанын да жетишкендиктери аз эмес.

Ал 1974-жылы алгач ирет мектептин босогосун аттаган. 1982-жылы 8-классты аяктагандан кийин Фрунзедеги политехникалык техникумдун суу-чарба бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. 1986-жылы Фрунзе шаарындагы суу долборлоо боюнча инженер болуп иштеп, ошол эле учурда К. Скрябин атындагы айыл чарба институтун сырттан окуу бөлүмүнө тапшырат. Аталган окуу жайды 1994-жылы аяктап, инженер гидротехник адистигине ээ болгон. Суу долборлоо институтунда 17 жыл эмгек өтөгөн. 1987-жылы Сары Өзөн Чүйдүн Ысык-Ата районундагы Чолпон айылына Талант аттуу жигитке турмушка чыгат. 2000-жылдары "Туулган жердин топурагы алтын" деп жолдошу Таланттын туулуп-өскөн айылына көчүп келип үй куруп, дарак көгөртүп Чолпон айылында жашап келе жаткандарына мына бүгүн 10 жылдан ашуун убакыт өттү. Өмүрлүк жары менен бала кезинен баш кошконуна чейрек кылымдан ашып барат. Ошол убакыт аралыкта 2 кыз, 1 уулдун энеси болду. Жолдошу Талант балдарына татыктуу, сапаттуу билим берип, ар бирин өз ордуна отурукташтыргандын аракетинде. Кесиби боюнча энергетик. Энергетика тармагында 15 жыл эмгек өтөдү. Андан соң өз айылына келип Кыргыз Республикасынын Президенттигинин иш башкармасына караштуу Кыргыз Мамлекеттик мергенчилик чарбасында эмгек өтөгөнүнө быйыл 10 жылдын

жүзү болот. Аял кишиге үй-бүлөдөгү үй тиричилиги, анын түйшүгү да ашыгы менен жетет. Ошого карабастан Динара үйдө сүйүктүү аял, мээримдүү эне гана болуп отуруп калбастан 27 жыл аралыгында өкмөткө кызмат өтөп келет. Азыркы учурда Кең-Булуң айыл өкмөтүнүн эң түйшүктүү, эң жоопкерчиликтүү милдеттин бири-айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы болуп иштейт. 10 миңден ашуун калктан турган 17 улуттун өкүлү жашаган аймактагы болгон түйшүктүн көбү элдин өтүнүч-суранычтары, кичинекей төрөлгөн баланы аныктоочу күбөлүктөн баштап үйлөнүү үлпөт тойлор дагы ушул Динаранын колунан өтөт. Ошол жерде жашаган жергиликтүү жарандардын гана маселелери эмес өзү иштеп жаткан эмгек жамаатында дагы айыл



Жолдошу Талант менен

өкмөт башчысынын жеңилин жерден, оорун колдон алган эмгек жамаатынын эмгек тартибинен тартып иш милдеттеринин аткарылышын сурай турган да ушул Динаранын мойнунда. Өзүнөн мурун көп жыл эмгектенген эже-агаларына улуусун урматтай, кичүүсүн ызаттай билип, жамааттын бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаралы деп баарынын башын бир туугандай бириктирип иш алып келе жатканы баарына маалым. Динаранын эмгегин жергиликтүү эл жогору баалап көпчүлүктүн  колдоосу менен аксакалдар сотунун төрайымы кылып шайлашкан. 2010-жылдагы каргашалуу 7-апрель окуясынан кийин өлкөбүздүн ар жеринде араздашуунун жана чагымчылдыктын абалын жокко чыгаруу боюнча комитеттер уюшулуп, активдүү иштер жүргүзүлө баштаган. Ошондой комитеттин бирин өкмөттүк эмес уюмдун бири “Балдарды коргоо лигасынын” жетекчилиги алдында Кең-Булуң айыл аймагында уюшулган комитеттин жетекчиси да Динара. Ал атайын семинар, окууларга барып, көптөгөн убакытын сарптап медиаторлук кесипке ээ болуп, өзү жашаган көп улуттуу аймакта азыр да чагымчылдыкка жана араздашуу абалын жокко чыгаруу иш чараларын жүргүзүүдө. Динаранын бул турмушта кубанганы  өзүнүн атасы Орозалиев Жумакадыр 83 жашка келип ак сакалын жайкалтып

балдарынын төрүндө ысык чайын ичип отурганы, өкүнгөнү апасы Нагаева Халиданын 67 жаш курагында балдарын өстүрүп, чоңойтуп, баардыгын уядан учуруп эми ошол балдарынын ысык чайын ичип сый-урматын көрөөрдө дүйнө менен кош айтышып кеткени. Апасынын сөзүн Динара дайыма эстейт, "Балам, балалуу болгондо билесиң"дечү, өздөрү чоңоюп, бой жетип балалуу болуп, түн уйкудан калып баланын түйшүгүн тартып , өздөрү эне болгондо өз энесинин үч бала эмес он бир баланы төрөп, чоңойтуп эрезеге жеткирип, уядан учуруштун өзү эле бул чоң эрдик экенин билди. Эненин баркына жетип, эненин ыйык экенин баалап-барктап алаарда кеч болуп калат турбайбы...

Динара менен жолдошу Талант экөөнүн багып өстүрүп чоңойткон балдары-улуу кызы Бегимай БГУну артыкчылык дипlому менен аяктап, студенттик учурунда Президент Роза Отунбаеванын колунан берилген "Үмүт" президенттик стипендиясынын ээси болгон. Өзүнүн кол жазмалар сынагына катышып Москва-Ленинград шаарларына саякатка ээ болуп, андан кийинки жазган кол жазмалары боордош республикалардын арасынан



Уулу Темирлан, кыздары Бегимай, Элиза жана күйөө баласы Максат

Кыргызстанды эң жогорку деңгээлге алып чыккан кызы менен сыймыктанышат. Азыр турмуш жолун касиеттүү Ош жергесинин уулу Максат менен кол кармашып ынтымактуу үй-бүлө куруп, өмүр сүрүшүүдө. Бир кызы бар. Бегимай Бишкектеги №40-мектепте мугалимдик кесипти аркалап, бош убактысын текке кетирбей арачолодо кыргыздын тамашалуу "Большие люди", "Тамашоу", КВНде ойноп, "До+Фа" кинофильминде Айсулуунун ролунда ойногон. Андан тышкары жаңы долбоорлордо да каармандардын катарын толуктап, чыгармачылык менен талбай эмгектенип келет. Кичүү кызы Элиза, уулу Темирлан азыркы учурда студенттер. Алар дагы ата-энесинин үмүтүн актап, келечекте элибизге керектүү улуу инсандардан болобуз деп сүйүнтүшүүдө. Динара өзүнүн балдары менен сыймыктанат. Небере сүйүп, кубанычы койнуна батпай турган учуру.

Чындыгында тарбиянын башаты ата-энеден. "Эмнени сепсең ошону аласың" дегендей тарбиялап чоңойткон балдары бүгүнкү күнү алардын кубанычы. 2013-жылы эмгегин туура баалап Ысык-Ата районунун акими Б. Кудайбергенов Динаранын ак ниет, көп жылдык эмгеги, өз милдетин жоопкерчиликтүү жана сапаттуу аткаргандыгы үчүн КРнын жергиликтүү жамааттардын күнү менен куттуктап Ардак грамота менен сыйлаган. Динара Джумакадыровна өз сөзүндө: "Энелердин эмге-гин жогору баалап, өз убагында сый-урмат көрсөтүп ардактап алба-саңар өкүттө каласыңар, чындыгында эле энелер турмушубуздун тиреги" дейт.



Райондун акими Ардак грамота тапшырып жаткан учур



# *Сасыкулова Саадат*

## Интернационал айылы

1948-жылдын 1-январында Ысык-Ата районуна караштуу Бозбармак айылында туулган. Атасы Кудайбергенов Тынай менен энеси Аралбаева Бермет кызматкер адамдар болушкан. Атасы туулган айылында башкарма болуп иштеген. Энеси өмүр бою бухгалтер болуп эмгектенген. Алты бир туугандын арасында чоңоюп, ата-энесинин татыктуу тарбиясын алышкан. Алардын үй-бүлөсү айылдын үлгүлүү үй-бүлөлөрдүн катарын толуктап турган. Саадат Сасыкулова Бозбармак айылынан мектепти аяктагандан кийин окуусун андан ары улантып, өзү каалаган кесиптин ээси болуу максатында Фрунзе шаарындагы финансы техникумуна окууга тапшырган. Бирок турмуш-шартка байланыштуу ал окууну аяктай албай калган. Атасынын көзү өтүп, балдардын улуусу болгондуктан энесине таяныч болуп өзүнөн кийинки бир туугандарынын камын көрүп, жаш болсо да жан аябай иштеген. Айылдагы бала бакчада тарбиячы болуп иштеп жүрүп, андан кийин саанчылык ишке өткөн. Жаштыгы, курчтугу, эмгектен качпаган иштермандыгы менен энесине чоң жардам берип, төрт жылдын ичинде үй салып берген. Бардык түйшүк анын мойнуна жүктөлүп, бир туугандарынын элден калбай оокат кылышына, жокту билбей өсүшүнө далбас уруп аракеттенген.

1966-жылы өмүрлүк жары Сасыкулов Дүйшөн менен баш кошуп, турмуш жолун башташкан. Оокатка тың, чыйрак кызга бир көргөндө эле көзү түшүп калган жолдошу аны Жарбашы айылына алакачып кеткен. Барган жеринен орун алып, жолдошу менен ынтымакта, бирин-бири түшүнүшүү менен жашашып, жети баланын ата-энеси болушкан. Жолдошу чабан болуп иштегендиктен Саадат эже жардамчы чабандыкты колго алып, ага өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, балдарына мээримдүү эне болуп турмушун улаган. Балдары чоңоюп, мектепке барып окуй турган мезгил келгенде алардын да келечегине кам көрүү үчүн мурунку көнгөн иши саанчылыкка

кайтып келген. Бул жаатта да өз ишинин мыктысы аталууга жетишип, эмгекчилдигин тастыктай алган. Мал багуунун сырын жакшы билген алардын үй-бүлөсү кайрадан чабандык кесипти аркалоого бел байлашкан. Окуп, бир кесиптин ээси болуу максаты ишке ашпай калган Саадат эже балдарынын баарын жогорку билимдүү кылууга болгон аракетин жумшап, жолдошу экөө аларга татыктуу тарбия беришти.



Тун уулу Кубанды 1968-жылы жарыкка алып келген. Бишкек шаарындагы политехникалык институттун энергетика факультетин аяктаган, учурда заман талабына ылайык айдоочулук кесипти аркалап келет. Жубайы Бермет менен бактылуу турмушту баштарынан кечирип, бир уул, бир кызды тарбиялашууда. Үч небереси бар. Кызы Салтанат 1970-жылы төрөлгөн, Кыргыз медициналык институтунун лабораториялык бөлүмүн аяктаган, учурда жеке бөлүм ачып алып жеке ишкерлик менен алектенет. Жолдошу Данияр УТРКда эмгектенет, эки уулдун энеси. Андан кийинки кызы Мира медициналык окуу жайды аяктаган. Учурда Ысык-Ата районунун Красная-Речка айылындагы ҮБДТнын башчысы болуп эмгектенүүдө. Жолдошу Ырысбек менен





ынтымактуу өмүр сүрүп, үч уулдун бактылуу ата-энелери болушкан. Кийинкиси Рахат Ж.Баласагын атындагы КУУну аяктаган, бухгалтердик кесиптин ээси. Учурда Экоисламикбанкта иштейт. Жолдошу укук кызматкери. Бир кыздын энеси. Нургуль Ж.Баласагын атындагы КУУну аяктаган, беш жогорку билимдин ээси. Азыркы мезгилде Бишкек шаарында салык кызматкери болуп иштейт. Жолдошу Азим да салык кызматкери, чогуу эмгектенишет. Бактылуу жашоону баштарынан кечирип, бир кыздын сүйүктүү ата-энеси болушкан убактары. Уулу Канат Жогорку Милиция Академиясын бүтүргөн. Учурда алган билими боюнча кесибин улап, жубайы Тамара экөө бир уул, бир кызды тарбиялап, бактылуу үй-бүлөлөрдүн катарын толуктап келишет. Кийинки уулу Кадыр да Жогорку Милиция Академиясын аяктаган, учурда ИИМде кызмат өтөйт. Жубайы Зарина экөө бир уулду тарбиялап, ынтымактуу жашоо улашууда.

Саадат Сасыкулованын ак эмгеги учурунда бааланып, Ардак тактадан сүрөтү түшпөй, бир топ Ардак грамоталардын, баалуу сыйлыктардын ээси болгон. Жолдошу экөө чабан жана жардамчы чабандык милдетти аркалап жүргөн учурларында "Жигули" автомашинасы менен сыйланышкан. Ай сайын акчалай сыйлыктарды алып турушкан. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаеванын буйругу менен "Баатыр эне" ордени менен сыйланган.

Саадат эже жолдошу Дүйшөн ага менен 46 жыл бирге ынтымактуу түтүн булатып, жашоонун ачуу-таттуусун бирге татып, уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, билим алышына шарт түзүп берип, жаш кезде тарткан мээнеттин дөөлөтүн эми көрө баштап, төрдө отуруп уул-кыздарынын урматын көрөөр мезгилинде өзү тиреги болгон жолдошунан, уул-кыздары аскар тоодой атасынан ажырап калышты орду толгус жоготууну баштарынан кечиришти...

Учурда Саадат эже Кант шаарында жашайт. Жаш кезиндеги мал артынан жүргөн күндөрү артта калып, бүгүнкү күндө уул-кыздарына ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп, аларга акыл-кеңешин айтып, балдарынын улам жараткан ийгиликтерине кубанып, неберелеринин оюн-күлкүсүнө кубанып, ак батасын аябай татыктуу жашоо улап келет.



# Саякова Сыякан

## Нурмамбет айылы

1937-жылы 1-июлда Кемин районуна караштуу Жол-Булак айылында төрөлгөн. Балалык чагы каардуу согуш алааматынан кийинки кыйын кезеңге туш келип, эл катары турмуштун оордугун, замандын катаалдыгын көрүп өскөн. 4-5 жашынан тартып машак терип, тезек терип, отун жыйнап апасына жардам берген учурларды башынан өткөргөн. Айылда 7-класска чейин окуп, андан кийин Токмок шаарында Пушкин атындагы кыздар мектебинен билим алган. Токмоктогу кыз-келиндер окуу жайында окуп жүрүп ооруп калып окууну аяктай албай калган.

1956-жылы Кызыл-Желек, азыркы Красный-Восток айылынын тургуну Саяков Түкүн менен кол кармашып турмуш жолун баштаган. Үй-бүлөлүк турмуш менен окууну катарлаш алып, сырттан окуп билим алган. 1956-жылы комсомолго өтүп, комсомолдун секретары болуп иштеген. Совхоздо клуб башчысы, китепканачы болуп эмгектенген. Совхоз тарагандан кийин кассир болуп иштеп, кийин таразачы болуп иштеген. Сыякан Саякова өмүр бою совхоздун көрүнүктүү иштеринде бел чечпей, тизе бүкпөй активдүү эмгектенип, 35 жыл ак кызмат кылып жүрүп 1987-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Айылдык советтин эки жолку чакырылышына депутат болгон. "Эмгек ардагери" медалынын ээси. Нурманбет айыл аймагынын жергиликтүү жамааттардын коомдук-социалдык жана маданий экономикалык турмушуна кошкон салымы үчүн "Айылдын ардактуу атуулу" наамы ыйгарылган.

Эмгек менен алпурушуп ийгиликтерди багынтуу менен бирге энелик бакытты сезип, үй-бүлө очогун бек сактап, сегиз баланы жарыкка алып келген. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, алардын жакшы адамдардан болушуна салымы зор. Учурда кенже уулу Жаныбек, келини Анара менен чогуу турат. Сегиз неберени тарбиялап, уул-келинине жардам берип жаткан учуру. Жетимиш жети жаш кутман куракка келип, жаш кезинде жасаган ак эмгегинин, балдарына берген таалим-тарбиясынын акыбетин көрүп, кадыр-барк күтүп, урмат-сыйга бөлөнүп жашап келет. Учурда Сыякан апа 32 небере, 11 чөбөрөнүн бактылуу чоң эне, таенеси.

Улуу уулу Бактыбек 1958-жылы туулган, беш баласы бар. Кызы Са-

лима 1959-жылы жарыкка келген, 3 баланын энеси. Роза 1963-жылкы, 3 баласы бар. Каныбек 1965-жылы төрөлгөн, 5 баланын атасы. Рая 1967-жылы туулган, бир баласы бар. Гүлжан 1970-жылкы, 2 баланын энеси. Кенже уулу Жаныбек 1972-жылы төрөлгөн, 8 баланын атасы.







# Сейитгазиева Замира Көкүмбаевна

## Дмитриевка айылы

1955-жылы 27-июлда Нарын шаарында туулган. Атасы Сейитказиев Көкүмбай Кочкордун кулуну. Апасы Дербишалиева Сабира алты бала төрөп, тарбиялап өстүргөн, колунан көөрү төгүлгөн уз аялзаты болгон. Замира Көкүмбаевна 6 жашка толгондо атасынын кызматынан Рыбачье шаарына которулгандыгына байланыштуу көчүп барышкан. 1963-жылдан 1973-жылга чейин Балыкчы шаарындагы №2-Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектепте окуп, ийгиликтүү аяктаган. Андан кийин Пржевальскидеги педагогикалык институтта билимин жогорулаткан. 1978-жылы Абдрахманов Жаныш менен баш кошуп, 35 жылдан бери чогуу түтүн булатып келишет. Кайнатасы Абдрахманов Жанабил мамлекеттик кызматтарда иштеген. Азыр 87 жашта болсо да карапайым элдин көйгөйүн чечүү үчүн аракетин жумшап келет. Кайненеси Бүбүайша казак кызы-улуу жүздүн урпагы. Замира Көкүмбаевна жолдошу менен түтүн булатып бирге жашагандан бери 5 баланыИслам, Искендер, Айдай, Акылай,Саадатты өстүрүп, тарбиялап келишти. Учурда сегиз небереси бар. Улуу кызы Жанара 1979-жылы туулган. Нарын мамлекеттик университетинин экономика бөлүмүн аяктаган. Жолдошу Айманбаев Токтобек менен таттуу өмүр сүрүп, 5 баланын ата-энеси болушту. Экинчи кызы Жыпара 1983-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарындагы юридикалык Академияны аяктаган, учурда Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынын курамында кызмат өтөйт. Жолдошу Бектурганов Жылдызбек экөө Жаннат, Умар аттуу уул-кыздардын ата-энелери болушту. Кичүү кызы Абдрахманова Жаңыл 1988-жылы туулган. Бишкек Гуманитардык университетинин экономика бөлүмүн аяктаган. Адеми аттуу кызы бар. Уулу Теңирберди 5-класста окуйт. Үч кыздан кийинки уулу Жакшылык 1990-жылы жарыкка келген. 2000-жылы 4-класста окуп жатканында каза болуп калды. Ата-эненин башына баласын жоготууну салбасын, бул кайгыны көтөрүү кыйынчылыкка туруп, кайгы ден соолукка да көлөкө түшүрдү.

Алгачкы эмгек жолун кайненеси Абдрахманова Бүбүайша бала бакчадагы ордун бошотуп берип, балдар бакчасында тарбиячы болуп иштөөдөн баштаган.





"Дарак бир жерден көгөрөт" дегендей бала бакчада 30 жыл эмгектенген. Коомдук иштердин активдүү катышуучусу. Бала бакчада аялдар уюмунун жана 1987-жылдан бошогонго чейин профсоюз уюмунун төрайымы болуп шайланып эмгектенди. 1996-жылдан баштап тарбиячы-методист болду. 1995-жылы "Кыргызстандагы Сорос фонду менен чогуу иш алып барып, көптөгөн семинарларга катышып келген. Өздөрү да республикалык деңгээлдеги семинарларды өткөрүшкөн. Тил комиссиясынын председатели болуп иш алып барган. Турмуштун агымы менен 2011-жылы жолдошунун ден соолугуна байланыштуу Ысык-Ата районунун Дмитриевка айылына көчүп келүүгө туура келген. Аталган айылдагы мектеп-интернатта тарбиячы болуп эмгектенип келет.

Кыргызстан ЛКЖС Тянь-Шань райкомунун, Нарын шаардык билим берүү бөлүмүнүн, областык билим берүү бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин, Нарын шаардык Мэриясынын, Нарын шаардык кеңешинин жана Нарын областык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2002-жылы "Эл агартуунун отличниги" наамын алган. 2010-жылы "Жылдын мыкты тарбиячысы" наамын жеңип алган.

Замира Көкүмбаевна 6 бир туугандын экинчиси. Улуу агасы 1967-жылы №2-Ж. Бөкөнбаев орто мектебин жалаң "5" деген баа менен аяктап, Саратов областынын Красныйкут шаарындагы учкучтар окуу жайынан билим алып, аны ийгиликтүү аяктагандан кийин Ош аэропортунда, андан кийин "Манас" аэропортунда учкуч, кийин экипаждын командирине

чейин көтөрүлүп, ардактуу эс алууга чыккан. Өмүрү кыска экен, күтүүсүз кырсыктан 57 жашында көз жумган. Өзүнөн кийинки иниси да узакка созулган оорудан 37 жашында каза болуп калды. Ата-эне үчүн эң кыйыны баласынан айрылуу болсо, жашоонун эң оор жоготуусу бир боорунан айрылуу экен. Алыста болсо да бир туугандары Замира Көкүмбаевнага тоодой жөлөк болчу экен. Агасынан кийин таянган тоосу урагандай, бир капталы эңшерилип түшкөндөй болду. Артында 2 кызы калды. Жалгыз уулу да автокырсыктан 24 жашында каза болуп калды. Калган бир туугандарынын амандыгын тиленип келет, алар өз түйшүктөрү, тиричиликтери менен алек. Тагдыры канчалык оор болсо да ошончо чыйралып, күчүн, эмгектен чыгарды. Эрте барып, кеч кетип талыкпай болгон жумуштарды аткарып жүрүп жемиштүү иштердин жыйынтыгына жетти.

Жолдошу Абдрахманов Жаныш да жогорку билимдүү, Фрунзедеги политехникалык институттун курулуш бөлүмүн аяктаган. Нарындагы кесиптик-техникалык окуу жайда көп жылдар бою эмгектенип, алгач адегенде мастер, андан кийин окутуучу, кийин директордун орун басарлыгына чейин жеткен. Уулун жоготуудан кийин катуу стресстен улам ооруга кабылып жер которуп, Чүй аймагына келүүгө аргасыз болушкан. Азыркы учурда жубайлар Дмитриевкадагы мектеп-интернатта окутуучу болуп чогуу иштеп келишет.





# *Содобаев Фронтбек*

## Алмалуу айылы

1943-жылы 12-февралда Кант районуна караштуу Алмалуу айылында дыйкандардын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Содобай мурдагы коммунисттик партиянын мүчөсү болгондуктан, Улуу Ата Мекендик согушка суранып жатып өз ыктыяры менен 1943-жылдын апрель айында атанып, ошол бойдон кайрылып келген эмес. Энеси Күмүшай 1916-жылы Эпкин айылында төрөлгөн. 1936-жылы атасы Содобайга турмушка чыгып, Сагынбүбү, Фронтбек аттуу уул-кыздарын жарыкка алып келген.

Содобаев Фронтбек согуштан кайтпай калган атасын көрбөй, энесинин колуна кол, ага арка-жөлөк болуп бой жеткен. 1962-жылдын октябрь айында улуу турмуш жолуна түшүп, сөз байлашып жүргөн кызы Сыякүлдүн колун сурап, эки жаш түбөлүктүү үй-бүлөлүк түндүктү көтөрүшкөн. Ынтымактуу үй-бүлөнүн катарын толуктап, турмуштун ачуу-таттуусун бирге татып, бирин-бирине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп болуп өмүр сүрүштү. Бир максатты көздөгөн түгөйлөрдүн жашоодогу байлыгы артып, үч уул, жети кыздын бактылуу ата-энелери болушкан. Совхоздун мал чарбасына эмгек сиңирип, 32 жыл чабандык кесипти бирге аркалашкан. Мал артынан жүрүүнүн түмөн түйшүгү болсо да ортолорундагы бири бирине болгон колдоо, түшүнүшүү баардык кыйынчылыкты жеңип, албан ийгиликтерди жаратууга жол ачкан. Ар дайым эт, жүн төгүү боюнча планды толтуруп, жараткан эмгектери үчүн көптөгөн сыйлыктарды алып турушкан. Чабандык кесиптеги жетишкендиги үчүн Содобаев Фронтбек “Москвич-412” автоунаасы менен сыйланган.

Ат үстүндө шамалдай ойногон, мал жандуу Фронтбек ата кыргыз элинин улуттук оюндарынын да эрежесин бек сактап, өзү мыкты ойной билген. Кыргызстандын 40 жылдыгына арналган маарекеде белгилүү улакчы аталган Жуманаалы экөө чоң мелдешке түшүп, алты облустун ичинен биринчи орунду багынтышып акчалай сыйлыктар жана Ардак грамоталар менен сыйланышкан. Фронбек атанын жасаган көптөгөн эрдиктери бар, алардын бирине токтоло турган

болсок, чабан болуп жүргөн мезгилинде "Такыр-Төр" жайлоосунан малга кол салган карышкырдын артынан кууп жүрүп атып алганы аңыз кеп катары эл арасында калып калган.

Атанын атын чыгарган, уучун улаган уул-кыздары тарбиялуу, эмгекчил, адамгерчиликтүү болуп өсүшкөн. Он баланы жарыкка алып келген Сыягүл эне "Баатыр эне" наамын алган. Ал дагы 1966-жылы районго депутат болуп шайланган. Тун уулу Албан 1964-жылы туулган. О.Бөлөбалаев атындагы орто мектепти аяктагандан кийин Фрунзе айыл чарба техникумунун ветеринардык бөлүмүн аяктаган. Атанын уулу делип 14 жашынан тартып улак тартыш боюнча райондук мелдештерге чыгып жүрүп, "Көк бөрү" федерациясынын "Дордой" командасынын капитан командасы болгон. Коңшу өлкөлөр Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу өлкөлөргө барып, өзүбүздүн Кыргызстандагы мелдештерге катышып көк бөрү боюнча биринчиликти алып чемпион болгон. "Манас-1000"де көк бөрү боюнча чоң мелдешке катышып, "Көк бөрү" федерациясынын "Эң чебер мастери" наамын алып, алтын медаль менен сыйланган. Тагдырдын маңдайга жазган жазмышы менен 1997-жылы ноябрь айында күтүүсүз кырсыктан каза болгон. Анын артында калган эки кызы Бактыгүл жана Элмира окууларын аяктап, учурда эмгектенишүүдө. Көп ийгиликти жараткан уулунан ажыроо алардын үй-бүлөсү үчүн орду толгус чоң жоготуу болду. Кийинки уулдары Фархад, Эрлан, кыздары Венера, Клара, Замира, Уулболду, Акбала, Айжан, Гүлназдар окууларын ийгиликтүү аякташып, турмуштан ордуларын таап, ар кимиси өзүнчө түтүн булатып жашоо улап келишүүдө. Ата-энесин кадырлап барктап, төрдөн орун бери-шип, алардын узак өмүр сүрүшүн тилеп келишет. Фронтбек ата менен Сыякүл эне учурда ардактуу эс алууда. 21 небере, 5 чөбөрөнү эркелетип, алардын кубанычына ортоктош болуп ынты-макта өмүр сүрүп келишет.





# Солпиева Айгүл Калыковна

## КРнын Эсептөө палатасынын инспектору

1960-жылы 13-августта азыркы Бишкек шаарында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. 1967-жылы мектеп босогосун аттап, 1977-жылы Бишкек шаарындагы №3-мектепти ийгиликтүү аяктаган.

Мектепти аяктагандан кийин алгачкы эмгек жолун 1977-жылы Ысык-Көл областынын Каракол шаарында электр тармагында лобарант болуу менен баштаган. 1978-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономикалык факультетинин "Финансы жана кредит" бөлүмүнө окууга тапшырып, 1983-жылы аталган окуу жайды жетишкендиктер менен аяктаган. Ошол эле жылдын сентябрь айынан тартып, Бишкек шаарынын Октябрь райондук финансы бөлүмүндө экономист болуп иштей баштаган. Аталган мекемеде 1989-жылдын сентябрь айына чейин үзүрлүү эмгектенип, андан соң азыркы Ысык-Ата районунун мамлекеттик каржы инспекциясынын башчысы болуп которулган. 1990-жылы мамлекеттик салык инспекциясы уюшулуп, Ысык-Ата району боюнча салык инспекциясынын башчысынын орун басары болуп сегиз ай иштегенден кийин ошол эле салык инспекциясынын башчылык кызматына көтөрүлгөн. Өз милдетин мыкты билген адискөйлүгү аркасында ал жерде 1998-жылдын октябрь айына чейин зор жетишкендиктер менен эмгектенип турган.

Айгүл Калыковна 1998-жылдын октябрь айында артта калган Балыкчы шаарынын салык инспекциясынын ишин алга жылдыруу үчүн Кыргыз Республикасынын салык инспекциясынын жетекчилигинин буйругу менен Балыкчы шаардык салык инспекциясынын башчылыгына которулуп барат. 2000-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен Солпиева Айгүл Калыковна Кыргыз Республикасынын эсептөө палатасынын Аудитору болуп шайланат. 2005-жылы кайрадан шайлоо болгондо 85 талапкердин ичинен 1-турда эле жалгыз өтүп кайрадан Аудитор болуп шайланган. 2009-жылга чейин Аудиторлук кызматты аркалап, ушул эле жылы эсептөө палатасын кайра түзүүнүн негизинде мамлекеттик инспектор болуп которулуп, азыркы мезгилге чейин үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Айгүл Калыковна Ысык-Ата районунун сыймыктуу инсандарынын

катарын толуктайт. Ал республикабызда уюшулган салык кызматын жана эсептөө палатасын негиздөөчүлөрдүн бири. Экономика жана финансы тармагында 30 жылдан ашуун убакыттан бери талыкпай чоң эмгектерди жаратып, эл үчүн ак кызмат кылып келүүдө. Кыргыз Республикасынын өкмөтү Айгүл Калыковнанын финансы жана экономика тармагында жараткан көп жылдык үзүрлүү эмгегин жогору баалап, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2001-жылдын 23-ноябрындагы №338-жарлыгынын негизинде Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, КРнын Президентинин 2002-жылдын 31-декабрындагы ПЖ - №386-жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси (генерал-майор) деген класстык чин ыйгарылган. 2009-жылдын 2-июнунда Кыргыз Республикасынын Президентинин ПЖ-258-жарлыгы менен "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти" деген ардактуу наамга ээ болгон. Андан Тышкары Айгүл Калыковна "Кыргыз Республикасынын салык инспекциясынын, каржы министрлигинин мыктысы" наамдарды, көп тармактардагы грамоталарды алууга татыган.

Солпиева Айгүл Калыковнанын атасы Солпиев Калык да көп жылдар бою Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин башкы бухгалтери болуп эмгектенген жана финансы тармагында 30 жылдан ашуун эмгектенип, көптөгөн финансист-экономисттерди тарбиялаган. Айгүл Калыковна ата жолун жолдоп, анын ишин улаган сыймыктуу кыздардан болду. Ал жалаң гана атасынын сыймыгы эмес, кыргыз элинин сыймыгы болгону анык. Каржы-экономика багыты эң татаал багыттардан, бир сандан жаңылсаң аны түзөөгө мүмкүнчүлүк аз болгон опурталдуу кесиптерден болсо да аны ар дайым жетишкендиктер менен багынтып, кыргыз элинин экономикасынын өсүшүнө зор салым кошуп, эсеп жааты аркылуу мамлекетке пайда алып келген асылзат айымдардын алдыңкысы экенин мактаныч баса белгилесе болот.

Ар дайым жооптуу кызматтарды аркалап келсе да, Айгүл Калыковна табиятынан бүткөн адамгерчиликтүү сапатын кызматына алмашып, өзүн башкалардан жогору койгон жок. Кең пейилдиги, жаркын маанайы, улуу-кичүүнү сыйлай билген астейдил мамилеси, аялзатына таандык назик мүнөзү ага көрк берип турат. Ошол жакшы сапаттары аркылуу дайыма ишинен да, жеке жашоосунан да урмат-сыйга ээ болуп, кадырлуу адамдардын катарын толуктап келет. Анын ишин ар дайым колдоп келген өмүрлүк жары Айылчиев Сүйөркул Шаршенович да кыргыз элинин келечегине кеңири карап, калк кызматын аркалап келген эл уулу. Ал дагы жооптуу кызматтарды аркалап, айыл чарбасынын, калктын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө аракетин жумшап келет. Бул үй-бүлө ынтымакта өмүр сүрүп, үлгүлүү үй-бүлөлөрдөн болуп бир уулду тарбиялалашууда.



# *Сыдыкова Бурулча Айдаркуловна*

Бирдик айылы

Чүй областына караштуу Кант району-дагы Бирдик айылында 1953-жылдын 13-ян-варында төрөлгөн.

1973-жылы Фрунзедеги медучили-щанын балдардын медайымы бөлүмүн аяктаган. 1974-жылдан тартып Канттагы райондук ооруканада эмгектене баштаган. Эмгек китепчесине бир нече ирет ыраазычылыктар жазылган. 1974-жылы Байсейитов Жекшенбек аттуу адам менен чоң жашоонун эшигин ачып, үй-бүлөлүк турмуштун босогосун аттаган. Төрт баланын ата-энеси болушкан соң тагдырдын ар кандай сыноолорунун натыйжасында эки айрылыш жолго түшүшкөн. Куруп алган турмуштун бузулушу аялзатына гана эмес балдарга да оор тиери чындык, бирок ошентсе да алдыда кезиккен кыйынчылыктын баарына туруштук бере алды. Жалгыз бой эне экендигине карабай турмуштагы кыйынчылыкты жеңип өтүп, балдарынын ар бирин жогорку билимдүү кылды. Уулу Эрнис Исхак Раззаков атындагы техникалык университеттин Энергетика факультетин аяктаса, кызы Айгүл ошол эле окуу жайдан инженер-технолог адистиги боюнча билим алган. Андан кийинки кызы Назгүл да улуу агасынын жолун жолдоп Исхак Раззаков атындагы КТУнун энергетика бөлүмүн бүтүргөн. Кичүү кызы Жазгүл дизайнерлик багытын тандап алып, каалаган кесибинин ээси болуу максатында ошол багытта билим алган.

1987-жылы Бурулча Айдаркуловна иши боюнча Ысык-Көл областынын Тамга айылына которулган. Аскердик санаторияда медсестра жана массажист болуп эмгектенген. КСАВО Аскердик санаториясы кийин Бишкек Аскердик санаториясы деп аты өзгөрүлдү.

Иштеген жеринен баар таап, бир нече ирет ыраазычылыктарды жана коргоо министрлигинин Ардак грамоталарын алган.

1988-жылдын 3-мартында Уметалиевден, 1988-жылдын 7-ноя-

брында коргоо министри Уметалиевден, 1991-жылы 13-февралда аскер генералы Лященкодон, 1991-жылы 7-ноябрда коргоо министри Субанов Мырзакан Усуркановичтен, 1993-жылы 5-майда коргоо министри М. Субановдун атынан Ардак грамоталарга ээ болгон.

1995-жылы Бишкек шаарына которулган. Аскер-Авиациялык госпи-талында улук медайым болуп эмгектенген. 1995-жылы 7-ноябрда коргоо министри Топоевден ыраазычылык алган.

1999-жылы ден соолугуна байланыштуу эс алууга чыккан. Эмгек менен турмушту айкалыштыра кармап, уул-кыздарына татыктуу тарбия берүүгө да жетишкен. Жалгыз бой аялзаты экенин билдирбей балдарын эч нерседен кем кылбай ар бирин тууруна кондуруп, татыктуу тарбиясын аяган эмес. Энелик мээрими, ак пейил, жаркын маанайы балдарын кубантып, ар дайым энесинин жасаган эмгегин билген, акылдуу балдардан болуп чыгышына өзүнүн кошкон салымы зор. Бүгүнкү күнү балдарынан, кыздарынан сый көрүп, неберелеринин таттуу кылыктарын, алардын жарык кабагын көрүп балдарын жалгыз бой чоңойтуудагы эч ким билбеген азабынын баарын унутуп, алардын келечегинин кендигин, ден соолугун энелик таза жүрөгү менен тиленет.



Үй-бүлөсү менен



# Тагаев Куттубек Тагаевич

## Бирдик айылы

1947-жылы 15-апрелде Чүй облусуна караштуу Ысык-Ата районунун Денисовка айылында туулган. Атасы Жамаш өмүр бою колхоздо ферма башчысы, бригадир болуп жоопту у кызматтарда иштеген. Он жашка чыкканында 1957-жылы атасынан ажырап, энесине тирек болуп болуп жашап, тиричиликке эрте аралашууга мажбур болгон. Энеси Суура да балдарынын бойго жетип, үй-бүлө күткөнүн көрбөй 1966-жылы Куттубек Тагаевичтин 19 жашында каза болуп калат. Энесинен ажыраган мезгилде 19 гана жашта болсо да чоң атасынын колунда калган бир карындаш, эки инисинин, башкача айтканда бир чоң үй-бүлөнүн жоопкерчилигин алып, чоң милдет мойнуна жүктөлгөн. Өзүнөн кийинки бир туугандарын чоңойтуп-өстүрүү, аларга тарбия берүү, курсагын тойгузуп, кийимин бүтөп чоң турмушка аралаштырууну мойнуна алган соң, үйдүн кутун кармап калчу аялзаты экенин сезип, 1966-жылы 5-майда 1949-жылы төрөлгөн Гульсайрага баш кошот. "Жакшы кыз айылдан алыс кетпейт"-дегендей Гульсайранын үйдүн жылуу очогун кармай ала турган жар болоруна көзү жетип, алыска кетирбей алып калган. Жубайы тилекке жараша түшүнүктүү, көтөрүмдүү болуп чыгып, өздөрү жаш болсо да чоң милдетти аркалап, бири-бирине жөлөк-таяк болуп жашоо улашкан. Турмуш-тиричиликтеги бирде жетишүү, бирде жетпеген түйшүк, өйдө-төмөн менен убакыттын кандай өтүп жатканы билинген эмес. Ошол учурдагы кыйынчылыктын бирин да кыйналдык деп сезбестен ынтымак, биримдик менен жеңип өтүп, өзүнөн кийинки бир туугандарынын баарын турмуштан орун-очок алдырып, улуулардын ак батасын алып жакшы жашоого оз күчтөрү менен жетишти. Үй-бүлөнү багуу түйшүгү менен гана алек болуп калбастан Куттубек Тагаевич окуп билим алууну унутта калтырбай кошо алып кеткен. Ошол кездеги жашоонун баардык кыйынчылыгын да, жыргалын да бөлүшө билген өмүрлүк жары-

на миң мертебе ыраазы болуп келет. Өзү жаш туруп жолдошунун ата-энеден эрте ажыраган ини-карындаштарын энеден кем эмес мээрим төгүп багып, алардын баарын тууруна кон-дуруу, өз баласындай кам көрүү ар бир эле аялзатынын колунан келбесе керек. Ал үчүн эмне деген айкөлдүк, кеменгерлик, чыдамдуулук жана акыл, түшүнүк керек?! Куттубек Тагаевичтин үй-бүлөлүк бакытынын сыры мына ушунда экени талашсыз.



Мектепти бүтүргөндөн кийин Куттубек Тагаевич 1967-жылы Фрунзе айыл чарба техникумунун сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, аны 1970-жылы аяктаган. 1975-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтуна кирип, 1983-жылы ал окуу жайды аяктап, зоо-инженер адистигине ээ болгон. 1967-жылдан - 1969-жылга чейин Ак-Кудук китеп-канасында эмгектенип, андан кийин Ак-Кудук селолук советинде секретарь болуп иштеген. 1969-жылы өз кесиби менен иш баштап, Кант районунун Жданов колхозунда зоотехник болуп иштеп баштаган. 1972-1974-жылдары ошол эле колхоздун башкы зоотехниги болуп дайындалган. 1974-1975-жылдары Кыргыз МИСинин №5-МТФсынын башчысы болуп турган. Ошол эле жылы Кыргыз МИСинин тажрыйбалуу чарбасынын зоотехниги болуп иштеген. 1975-1977-жылдары Канткормсовхозунун бригадири, 1977-жылдан 1979-жылга чейин Кант районунун Фрунзе атындагы колхозунун

башкы зоотехниги, 1979-1986-жылдары КРСнын тоюттандыруу боюнча госспецхозунун бригадири, башкы зоотехниги, андан кийин 1992-жылга Кант госспецхоздун директорлук кызматын аркалаган. 1992-2003-жылдары Кант, Ысык-Ата райондук айыл чарба башкармалыгынын жетекчисинин орун басары, жетекчиси жана Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрация башчысынын 1-орун басары болуп иштеген.

2003-жылы Ысык-Ата райондук Кеңешинин Председатели болуп шайланган. 2005-жылдын июнь айынан тартып Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы башчысынын 1-орун басары болуп эмгектенген. 2008-жылдан 2012-жылдары Ысык-Ата райондук Кеңешинин төрагасы болуп турган. Азыркы мезгилде Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында эмгектенет. 1995-жылдан 2000-жылга чейин Кант райондук кеңешинин, Чүй облустук кеңешинин, 2000-2005, 2008-2012-жылдары Ысык-Ата райондук кеңешинин депутаты болуп шайланып келген.

Куттубек Тагаевич куттуу үй-бүлөнүн ээси. Жубайы Гульсайра экөө эки уул, үч кыздын бактылуу ата-энеси болушкан. Тун кызы Тагаева Эльвира 1967-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарында ишкерлик менен алектенет. Уулу Тагаев Бакыт 1969-жылы туулган, ал дагы жеке ишкерлик менен алектенип, Бишкек шаарында иштеп, жашайт. Кийинки уулу Тагаев Нурдин 1970-жылы туулган, кесиби боюнча юрист, Кант шаарында жашайт. Кызы Тагаева Назгуль 1971-жылы төрөлгөн, Кант шаарында жашайт, жеке ишкер. Кенже кызы Ажара 1988-жылы төрөлгөн, кесиби боюнча экономист, банк кызматкери. Уул-кыздарынын баары турмуштан өз ордуларын табышып, ата-энесине төрдөн орун берип, аларга болгон урмат-сыйын көрсөтүшүүдө. 13 неберенин чоң ата-чоң эне, таята-таенеси болушту. Турмуш жолунда да, мамлекеттик кызматта да жетишкендиктерди багынткан Куттубек Тагаевич жашоонун көптөгөн сыноосун, ачуу-таттуусун баштан кечирип, үй-бүлөлүк ынтымак-ырашкерликтин, иштин көзүн билген адискөйлүгү аркасында бүгүнкү күндө зор кадыр-барктын ээси. Быйыл жубайы Гульсайра эже экөөнүн бирге түтүн булаткандарына кырк жети жылдын жүзү болуп отурат.

Куттубек Тагаевич адамгерчиликтүү, киши менен бат тил табы-

ша билген жөнөкөйлүк сапатка ээ инсан. Спорт менен машыгууну адамдын ден соолугуна көргөн камкордугу деп билет. Дайыма шайыр жүрүп, тууган-туушкан, дос-жоролорунун арасында урмат-сыйга ээ болуп келет. Кесиптештери да анын иш билгилигин, басып өткөн эмгек жолдорунда жараткан албан ийгиликтерин баалашат. Мамлекеттик кызматтардагы жетишкендиктери үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон. 1974-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин грамотасы менен сыйланган. 1995-жылы "Манас" эпосуна 1000 жыл" юбилейлик медалы, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына ээ болгон. 2000-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген айыл чарба кызматкери" төш белгисин алган. 2004-жылы "Кант шаарынын ардактуу атуулу" наамын алса, 2006-жылы Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын "Өзгөчө эмгеги үчүн" төш белгиси менен сыйланган. 2012-жылы "Ысык-Ата районунун ардактуу атуулу" наамына ээ болгон. Куттубек Тагаевич өз чөйрөсүнө гана таандык эмес, жалпы Ысык-Ата районунун жашоочуларынын кадыр-баркына ээ болгон инсан.





# Темиралиева Күлипа

## Өтөгөн айылы

1954-жылдын 14-мартында Чүй облусунун Чүй районуна караштуу Дөң-Арык айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атасы Ибраимов Темиралы Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, энеси Кыпчакпай кызы Сакый он баланы жарыкка алып келген Баатыр эне болгон. Күлипа он бир тууганды кенжеси.

Күлипа Темиралиева 1961-жылы Дөң-Арык орто мектебинин 1-классынын босогосун аттап, 1971-жылы аталган мектепти ийгиликтүү аяктаган. Окуусун аяктагандан кийин өзүнүн эмгек жолун "Илбирс" фабрикасынын тикмечиси болуп баштаган.

1978-жылдын 16-сентябрда турмуш жолуна аттанып, өмүрлүк жолдошу Шүкүров Бөлөкбай (Белек) менен 33 жыл ынтымактуу бирге өмүр сүрүштү.

1991-1996-жылдары И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетин "Башталгыч классынын окутуучусу" адистиги боюнча аяктаган.

1987-2003-жылга чейин Ысык-Ата районуна караштуу Ж. Алыбаев атындагы Өтөгөн орто мектебинде китепканачы, сүрөт жана музыка сабактарынын окутуучусу кызматтарын аркалаган. Азыркы учурда ардактуу эс алууда.

Иштеги жетишкендиктери үчүн Ардак грамоталар менен сыйланган.

"Эненин ыйык мээримисиз, ак сүтүсүз ааламда адам өспөйт" демекчи тогуз ай көтөрүп, омуртка сөөгү сыздап, ымыркайынын ысык-суугуна чыдап, ак сүтүн эмизип, мээримин төгүп баккан уулдары жана кызы Адилет, Анара жана Каниет.

Уулу Шүкүров Адилет Бөлөкбаевич жогорку билимдүү, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин укук коргоо адистигин аяктаган. Чүй облусуна караштуу Чүй районунун улук сот аткаруучусу кызматын 12 жыл аркалаган. Азыркы учурда жеке ишкерлик менен алек. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы. Адилеттин жубайы Айтпозова Асел Тынчтыкбековна К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин юридикалык факультетин аяктаган.

Кызы Шүкүрова Анара Бөлөкбаевна эки кыздын энеси, "Айгүл"ААКсында эмгектенет.

Кенже уулу Шүкүров Каниет Бөлөкбаевич жогорку билимдүү, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филало-



гиясы факультетинин "Кыргыз тили жана адабияты кыргызча эмес билим берүү мекемелеринде" бөлүмүн аяктаган. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин милициянын генерал-майору Э.Алиев атындагы Академиясынын тилге даярдык кафедрасынын ага окутуучусу. Үй-бүлөлүү, бир уулдун атасы. Каниеттин жубайы Сулейман кызы Айзат Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин "Биология" факультетин ийгиликтүү аяктаган.

Алты неберенин сүйүктүү чоң апасы. Неберелери Жазира, Рамзан, Айаруу, Ажара, Залкар жана Арлен.

Безеленген баласы үчүн ар дайым,
Берекеңе ушул ырды арнайын.
Башымды ийип урмат кылам өзүңө,
Бой жеткирип бапестеген ардагым.

Эсенсиңби? Ден соолугуң жакшыбы?
Эстеп сени көңүлдөрүм какшыды.
Энеке деп миң эркелеп жаныңда,
Эч көрбөсөм көздөн аккан жашыңды.

Эринимди кесе тиштеп, чалыкпай,
Эл катары иштеп жүрөм талыкпай.
Эгер адам болсо экен деп тилесең,
Эзилбегин, эстеп мени карыптай.

Тегеренген баласы үчүн ар дайым,
Таалай кушун сен аркылуу кармадым.
Таазим кылам өмүр бою өзүңө,
Теңдеши жок бул ааламда, ардагым.

(Ж.Т.)



# *Темирбекова Сайра*

## Эпкин айылы

1933-жылы май айында Кемин районуна караштуу Чым-Коргон айылында жарыкка келген. Атасы Орозакун катардагы жумушчу, энеси Батма үй оокатына тың аялзаты болгон. Таттуу кыял балалык кези кандуу согуш мезгилине жана андан кийинки кайра калыбына келтирүүчү оор мезгилге туш келгендиктен кичинекей кезинен турмуштун оор-жеңилин бирдей көрүп бой жеткен. 1956-жылы Эпкин айылынын кулуну Смаил менен бирге үй-бүлөлүк турмуш жолун баштаган. Ошол учурду, жаштыгын эскергенде күлүп: "15 жашымда таятамдардыкында болчумун. Смаил атаңар келип мени көрүп, сүйлөшүп, оолугуп отуруп мени алдап атка өңөрүп алып келген, мен жоолук салынып отуруп калдым" деп калат.

Жолдошу Темирбеков Смаил 1930-жылы Эпкин айылында төрөлгөн. 4-класска чейин билим алып, андан кийин Владивосток шаарында аскердик милдетин төрт жыл өтөп келген. Аскерден келген соң совхоздо малчы, сугатчылык кесиптерди аркалап жүрүп эс алууга чыккан.

Сайра Темирбекова Эпкин айылына келин болуп келгенден тартып, совхоздун кызылча талаасында эмгектенген. Мол түшүм алуунун сырын билип, ак жоолугун башынан түшүрбөй үй менен талаанын ортосунда жүрсө да эки тараптан тең ийгиликти багынткан аялзаты боло алды. Үйдүн кутун сактап, кыйналдым деп бел чечип, тизе бүгүп отуруп албай жолдошуна жакшы жар болуу менен бирге 5 уул, 2 кызды жарыкка алып келген кутман эне атанды. Балдарынын улуусу Тынчтык 1958-жылы төрөлгөн, учурда алдыңкы дыйкандардын бири. Жубайы Венеранын кесиби тигүүчү, экөө ынтымактуу өмүр сүрүп, алты баланы тарбиялап келишет. Уул-кыздары-Улан, Айканыш, Кумар, Нагима, Алибек, Алтынай ата-энеси, чоң эне, чоң атасы сыймык-



Өмүрлүк жолдошу Смаил ата менен

танган уул-кыздардан болушту. Венера айылда кыздарга сеп жасап, элдин ак батасына арзып келүүдө. Экинчи уулу Бактыбек менен келини Айша Айзада, Элдияр аттуу уул-кыздардын ата-энеси. Алмаз менен Эльвиранын Адыл, Акыл аттуу эки уулу бар, Эльвира Италияда иштейт. Сырымбек менен Айнура Ширин, Ильяз, Аделина атуу уул-кыздардын бактылуу ата-энелери. Кызы Динара Рыспек аттуу уулдун энеси. Гульнаранын Асель аттуу кызы бар, күйөө баласы Таалай экономист, финансист. Кичүү уулу Кенжебек ата-энесинин колунда.

Смаил ата менен Сайра апа 7 баланы канаттуууга кактырбай, тумшуктуууга чокутпай багып, татыктуу тарбия берип, туруна кондурушту. Кичүү уулу Кенжебек 1974-жылы жарыкка келген, бирок тагдырдын сыноосуна туш келип, ДЦП оорусуна кабылып баспай калган.

Эне үчүн баарынан баласынын жанынын амандыгы жогору туруп, ошондон бери "Кекиним" деп өзү багып келет. Турмуштун кандай сыноосуна болсо да бала үчүн эне ар дайым чыдап келет эмеспи, Сайра апа баласына карап эч жакка чыга албай жипсиз байланып, үйдөн эки кадам узаса да балам эмне болот деп санаа тартып турат.



Смаил ата жана уулу Кенжебек менен

Учурунда "Уулуңду майыптар үйүнө өткөрүп койбойсуңбу" деп айткандар көп болгон, бирок эненин жүрөгү андайга кантип чыдасын. Он ай көтөрүп омурткасын сыздатып жарыкка алып келген уулун кимдин колун каратып, көзүн жалдыратып кантип калтырып коймок. Ага эне жүрөгү эч качан чыдабаса керек... "Кенжебегим алты саны аман төрөлгөнүндө эмгиче бала-чакалуу болуп бапырап калбайт беле" деп арман кылып калат. Кайсы ата-эне болбосун аялуу баласына жан тартып, ага көп көңүл буруп калат тура, Сайра апанын көңүлү да кенже уулуна көп бурулуп, басып-туруп аны ойлогону ойлогон.

Сайра апа анткен менен башка балдарынын үй-жай күтүп, небере-чөбөрө тартуулап, өз оокаттарын кылып келе жаткандарына кубанат. Эне катары алар менен сыймыктанат. Смаил ата да айыл ичинде кадыр-барктуу аксакал, үйдө төрдүн көркү.



Колундагы уулу Тынчтык үй-бүлөсү менен



Неберелери менен



# Тиленбаева Гүлжан

## Интернационал айылы

Кыргыз жеринин сулуулугун арттырып, даңазасын чыгарган Ала-Тоодой жер барбы?! Ошол улуу тоолордун арасында жашыл шиберге оронгон Оттук айылы жайгашкан. Ал Тянь-Шань районуна караштуу экени белгилүү. Ошол айылда жаз ортолоп калган учурда, 1956-жылдын 23-апрелинде Тиленбай уулу Кенжебайдын үйүндө Гүлжан аттуу кыз жарыкка келген. Кыз төрөлгөнгө чейин бул үй-бүлөдө эки уул-Амантур менен Чойбалсан төрөлгөн. Гүлжандан кийин кайра үч эркек-Бекентур, Табылды жана Кубаныч төрөлгөн. Алты бир туугандын бири-Бекентур эртелеп дүйнө салган. Ушул алты баланы тогуз ай көтөрүп жарык дүйнөгө аман-эсен жарык дүйнөгө алып келген энеси Каниметова Сабира кыргыз аялзатына таандык касиетке ээ аялзаты болгон.

Башынан эле ар бир үй-бүлөгө Аллахтан берилген өзгөчө касиет болот эмеспи. Мындай касиеттен Гүлжан Кенжебаевнанын үй-бүлөсү да куру калган эмес. Ал касиет-математика, шахмат боюнча өзгөчө жөндөмдүүлөр алардын тукумунда басымдуулук кылган.

1963-жылы окуу жылы башталганда Гүлжан Кенжебаевна Оттук орто мектебинин босогосун аттаган. Алгачкы арипти таанып, окуганды, эсептегенди үйрөнө баштагандан тартып эле математикага кызыгуусу өзгөчө болгон. Башка окуучулардай эсеп чыгарууда кыйналбай, тез чыгарганын окуткан эжейи дайыма баса көрсөтүп айтып келген. Үйдө агалары шахматты абдан жакшы ойноочу, алар менен бирге Гүлжан да кызыгып, талашып үйрөнүп, дайыма алардан кем калбай жетишүүгө умтулчу. Ал кезде айылдык мектепте шахмат кружогу жок болгондуктан алардын шыгына шык кошкон эч ким деле болгон эмес. Ошентип билинбей мезгил алга жыла берди. 7-класста окуп жүргөн кезинде район боюнча шахмат турнири өтөөрүн билип мугалимдер Гүлжан Кенжебаевнаны жиберишет. Алгачкы ийгилиги 1-орунга жетишүү менен башталган. Андан кийин обласка чейин катышып, дайыма 1-орунга жетишип жүрдү. Ошол эле мезгилде аталаш бир туугандары Нарын шаарынын тургундары Тиленбаева Шайлоо жана Бактыгүлдөр да шахмат боюнча жеңүүчүлөр болгон.

1973-жылы Оттук орто мектебинен 10-классты ийгиликтүү аяктаган. 1974-жылы Миң-Булак айылына Өмүров Ашымга турмушка чыгып, тур-





Жолдошу Ашым, кызы Зинфера жана неберелери менен

муш деген чоң дайрага аралашкан. Бактылуу өмүр сүрүшүп, беш баланын-Зинфара, Зейнура, Зарина, Мирлан, Нурлан аттуу 2 эркек, 3 кыздын ата-энеси болушкан. Балдарына туура тарбия берип, алардын билим алышын эң алдыңкы планга коюшкан. Ар бири орто мектепти ийгиликтүү аяктап, баары жогорку окуу жайлардан окуп билим алышып, ата-эненин зор максаты ишке ашкан. Бүгүнкү күнү ар бири турмуштан өз ордуларын таап, үй-бүлө күтүп, өз кесиптерин аркалап, кыргыз элине кызмат өтөшүүдө. «Өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген кептин төгүнү жок экен. Жыйырма жыл мурда Чүй бооруна көчүп келишип Ысык-Ата районунун Интернационал айылын жердеп туруп калышкан. Жылдар жылып, мезгил алмашып, андан бери канча жылдар өтсө да Тиленбаевдердин тукумунда математика жана шахмат боюнча жеңүүлөр көбөйбөсө азайган жок. Бир тууган иниси Табылдынын уулу Тиленбаев Эрнис 2004-жылы математика боюнча дүйнөлүк олимпиадага барып, 4-орунду багындырган. 2005-жылы дагы математика боюнча Мексикадан коло медаль алып келген. Ал эми Тиленбаева Бактыгүл Кыргыз Республикасынын шахмат боюнча тренери.

Тиленбаева Жаңыл Дүйшөнбаевна Азия, Дүйнө чемпионаттарынын бир нече жолку катышуучусу. 14 жашында Тегеранда кыздар арасында Азия чемпионатында экинчи орунду ээлеп, күмүш медаль тагынган. Бул сыяктуу сыйлыктары ондоп саналат. Азыркы мезгилде спортчу, Кыргыз Республикасынын шахмат боюнча спорт чебери. «Аккан арыктан суу агат» дегендей азыр Гүлжан Кенжебаевнанын неберелери да, Мирлан уулу Сыймык менен Мирлан кызы Азал ия жана кызы Зейнуранын уулу Бакыт уулу Белек-үчөө тең шахмат боюнча тынымсыз 6 жашынан баштап ойноп келе жатышат. Үчөө тең далай ирет Кыргызстандын медаль, грамоталарына татыктуу болушкан. Ар бирине токтолбосок дагы негизгилерин айта кетели:

Кичүү небереси Мирлан кызы Азалия 2011-жылы Казакстан Республикасына барып 1-орунду багындырган. Ушул эле шахмат турниринен Мир-

лан уулу Сыймык 3-орунга ээ болгон.

2011-2012-жылдары Сыймык менен Азалия Индия мамлекетине барып, Азалия коло медаль тагынып келген. Сыймык 5-орунду алган.

2012-жылы Азалия Элиста шаарында «Сити Чесе» шах-мат турнирине катышып кыздар арасында өткөрүлгөн атаандаштыкта 2-орунга жетишкен.

2013-жылдын июнь айында Азалия Кыргызстандын Президентинин кубогун жана медалды жеңип алган. Ушул эле айда Сыймык 2-орунду багындырып медалга татыктуу болгон.

2013-жылы Дүйнөлүк шахмат турнирине Грецияга барып жакшы ийгиликке жетишип келди.



Уулу Мирландын үй-бүлөсү менен Москвада




Уулу Нурлан үй-бүлөсү менен

2013-жылдын август айында Шири-Ланкага барып Азалия 4-орунга жетишип келди. Ошол эле турнирде Бакыт уулу Белек да жакшы оюн көрсөтүп келген.

Бул үй-бүлө үчүн 2013-жыл-Жылан жылы ийгиликтердин жылы болду. Ошол жылы Дүйнөлүк шахмат турнири Дубай шаарында өттү. Бул турнирге Сыймык менен Аза-лия да катышып, жакшы ийгиликтерге жетишишти. Алдыда дагы көп-



Небереси Сыймык менен Индияда

төгөн ийгиликтер күтүп турганына Гүлжан Кенжебаевна терең ишенет. Жогоруда көрсөтүлгөн неберелеринин ийгиликтерин айтып, санап чыгуу оңой болгону менен аны багындыруу жеңилге турган жок. Борбордон алыс жашагандыктан машыгууга кечигүүсүз дайыма ишемби, жекшемби күнү алып барып, алып келүүдө чоң атасы Ашымдын эмгеги зор. Балдар кичинекей болгондуктан аларга ар дайым көз салып, үзгүлтүксүз жардам керек болот экен. Неберелеринин ата-энеси алыста эмгектенип жүргөндүктөн көп түйшүк, жоопкерчилик Ашым ага менен Гүлжан эженин мойнуна жүктөлгөн. Бирок алар абдан жигердүүлүк менен балдарынын, небере-чөбөрөлөрүнүн ийгиликке жетүүсүнө тынымсыз салым кошуп келишет, мындан ары да кошо беришээрине ишенимдери зор.

«Математика-илимдердин ханышасы» деген накыл кеп бар эмеспи. Математика менен шахмат бир тууган. Бул үй-бүлө укумдан-тукумга шахмат династиясын түзүп, элибизди алдыга сүрөп, арттарына из калтырып жашай беришмекчи.



Неберелери Белек, Азалия
менен Дубайда



Небереси Сыймык КР Президенти А.Ш.Атамбаев менен



Небереси Азалия КР Предидентинин кубогун жеңип алганда



# Тобокелова Анара Жумалиевна

## Дмитриевка айылы

1955-жылы 28-июлда Ат-Башы районунун Калинин айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы Тобокелов Жумаалы 25 жылдан ашык Кара-Суу селолук советинин төрагасы болуп эмгектенген. Анара Жумалиевна 1963-жылы Ата-Башы районунун Калинин айылындагы орто мектептин босогосун аттаган. 1973-жылы В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтуна тапшырып 1978-жылы филолог-библиограф адистигин алып чыккан.1975-жылы Тоң районунун Карл Маркс атындагы айылына келин болуп түшүп, Жумакеев Бердалы менен бирге турмуш куруп, түтүн булатып жашап келет.

1978-жылдан ушул учурга чейин орто мектептердин билим берүү системасында иштеп келе жатат. Билим берүүнүн отличниги.

Жолдошу Жумакеев Бердалы 1954-жылы туулган, 1978-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун жол куруу бөлүмүн бүтүргөн. Жол системасында эмгектенген. Экөө үч уул, бир кыздын ата-энеси болушкан. Улуу баласы Азамат 1976-жылы төрөлгөн, Ж. Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультетин аяктап, учурда аталган окуу жайда юрист болуп эмгектенет.

Кызы Элмира 1979-жылы төрөлгөн, Х. Карасаев атындагы БГУда англис тили кафедрасынын башчысы.

Эгиздери Самат менен Канат 1985-жылдары жарыкка келишкен, Самат 1-топтогу майып, учурда энесинин кароосунда. Канат Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин юридика факультетин аяктап, азыркы мезгилде Орусияда эмгектенүүдө. Жети небереси бар.

Алгачкы эмгек жолун Тоң районунундагы Тоң орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуу менен баштаган.



Үй-бүлөсү менен

1982-жылы Кажы-Сай поселогунда пионерлер үйүндө методист болуп иштеп, 1984-жылы райондук борборлоштурулган китепканада бөлүм башчы болуп эмгектенген. Жолдошу башка жерге ДЭУнун башчысы болуп которулгандыктан Балыкчы шаарындагы Кыргызстандын 50 жылдыгы мектебинде иштеп, 1995-жылдан бери Кант шаарынын Дмитриевка мектебинде иштейт. Эс алууга чыкса да эмгек менен алпурушуп көнгөн агартуучу дагы эле талбай эмгектенип келет.

Анара Жумалиевнанын атасынын аты Ат-Башы районунун Ак-Талаа айыл өкмөтүнө берилген. Энеси Тобокелова Бурулуш нускалуу кыргыз салтын, каадасын катуу кармаган уз, айтканын аткарган так адам болгон. Ата-энеси 7 баланы тарбиялап өстүргөн. Улуу эжеси Жумакүл 10 баланы төрөгөн "Баатыр эне". Агасы Турсунов Жаныбек "легендарлуу" редактор. Дагы бир агасы Курманбек дарыгер. Дагы бир агасы Өмүрбек энергетик, Каныбек экономист, Сталбек электрик. Кенжеси Анара Жумалиевна мугалимдик кесипке ээ болгон. Ата-энеси балдарынын баарына татыктуу тарбия, талбаган билим берген таалимдүү, билимдүү, кадырлуу адамдардан болушкан.

Анара Жумалиевна агартуучулук кесип менен бирге жандүйнөсүнөн суурулуп чыккан ыр саптарын ак кагазга түшүрүп, калем шилтеп келет. Төмөндө анын калемине таандык ыр саптары сунушталат:

## АТАМ-МЕНИН АРДАГЫМ

Акыл кошуп ага-тууган баарына,
Ынтымакты кармап жүрдүң барыңда.
Ушул турмуш, ушул жашоо барында,
Берип турдуң ынтымакты баарына.

Ага-ини имерилип аке дешип сыйлашып,
Акыл салып, айткан сөзүң угушуп.
Дайым бирге, дайым бекем тутуп тумардай,
Айткан сөзүң болуп турду мөлтүр тунук булактай.

Уулдарың оюңдагыдай өсүштү заманда,
Бири болуп кыргыздын бийлик башында,
Бири турду оорулардын кашында.
Бири болуп жарык берген инженер,
Жаркыратты жүзүңүздү башкача.


Кызы Элмира үй-бүлөсү менен



Уулу Азамат үй-бүлөсү менен



Уулу Канат, небереси Каныкей менен



# Тойтоева Буруш Сыдыгалиевна

## Люксембург айылы

Тойтоева Буруш Сыдыгалиевна Чүй областынын азыркы Султан, мурунку Алчалуу айылынын тургундары Сыдыгалы ата менен Жумабүбү апанын үй-бүлөсүндө 1939-жылы 15-декабрда жарыкка келген. Кичүү бир тууганынын төрөлгөнүнө эки гана ай болгондо энесинен ажырашып, Буруш апа атасынын бир тууганын колунда чоңойгон.

1957-жылы он алты жашында үй-бүлөлүк турмуш жолуна аттанып, Аламүдүн районунун Кызыл-Берлик айылынын кулуну Тойтоев Андашбек менен кол кармашып жашоо улашкан. Жолдошу Андашбек таланттуу, адамдык сапаты бийик инсан болгон. Ал клуб башчысы болуп эмгектенип, комуз менен аккардеондо кол ойнотуп, абдан жакшы ырдаган.

Жаш үй-бүлөнүн кубанычына кубаныч уланып, үй-бүлө кургандан кийин жыл айланып тун кызы Бегайым жарыкка келген. Баланын таттуу күлкүсү үйүндө жаңырган жаш жубайлар 1959-жылы уулдуу болушуп атын Бакытбек деп коюшкан. 1961-жылы экинчи уулу Болотбек, 1963-жылы кызы Екатерина, 1965-жылы кенже кызы Клара төрөлгөн. Ошол жылы жолдошу Андашбек Тойтоевдин кызматына - анын райондук маданият үйүнүн башчысы болуп которулганына байланыштуу, алардын үй-бүлөсү шаар тибиндеги Кант паселогуна көчүп келишкен. Кантка келишип жеке батирде жашап, балдарды багуунун камын ойлоп, жолдошуна жөлөк болууну көздөгөн Буруш Сыдыгалиевна Канттагы нан жасоочу жайга жумушчу болуп ишке орношкон. Анын эмгек жолу катардагы жумушчудан башталып, квалификациясы улам жогорулап даяр продукциянын башчылыгына чейин жеткен. “Дарак бир жерден көгөрөт” дегендей иштеген жеринен баар таап, бир орунда 40 жыл эмгектенген. Ошол учурларда беш баласын тарбиялоого да көңүл бөлүп, кыздарын турмушка узатып, уулдарын үйлөнтүп, баарын өз тууруна кондурган.

Буруш Сыдыгалиевнанын жол-дошу Андашбек Тойтоев калкка


БАКТЫБЕК
БОЛОТБЕК
КЛАРА
БЕГАЙЫМ
ЕКАТЕРИНА


Жолдошу Андашбек ата

таанымал, белгилүү төкмө акын болуп, маданият тармагында көп жыл эмгек сиңире иштеген. Кырк беш жыл маданият тармагында зор эмгек жаратып, кийин Ысык-Ата райондук маданият үйүн жетектеп турган. Бирок тилекке каршы 2003-жылдын май айында жабышкан дарттын айынан алардын үй-бүлөсү оор жоготууга учурап, 64 жаш курагында балдарынын атасы, өзүнүн өмүрлүк жолдошунан ажырап калышкан. 45 жыл бирге жашап, беш балага татыктуу тарбия берип, алардын баарынын билим алуусуна өзгөчө көңүл буруп, элге кызмат кылган уул-кыздардан кылып тарбиялашап, балдарынын дагы далай жакшылыктарын чогуу көрөөр курагында өмүрлөшүнүн дүйнөдөн өтүшү Буруш апа үчүн орду толгус кайгы болгон. Антсе да жолдошунун көзү өткөнү менен ал жасап кеткен иштери, артында калган эмгеги анын атын өчүргөн жок. Бүгүнкү күндө мекен алдында сиңирген эмгеги үчүн Кант шаарындагы "Алый Парус" маданият үйүнө Андашбек Тойтоевдин аты берилген.

Буруш апа 14 небере, 11 чөбөрөнүн бактылуу чоң эне, таенеси. Уул-кыздарыын баары турмуштан ордун таап, өздөрүнчө очор-бачар турмуш улап, бүгүнкү күндө эл көзүндөгү адамдарга айланышкан.

Улуу кызы Бегайым - агартуучу кесиптин ээси, Кант шаарындагы "Ак-Кайың" балдарды мектепке чейинки тарбиялоочу мекемесинин директору. Назгуль, Улан аттуу уул-кыздардын энеси, Сырга, Азелина аттуу неберелери бар. Уулу Бакытбек ОАОКЦЗда айдоочу, Ринат, Арсен, Азимхан, Мээрим, Адильхан аттуу уул-кыздардын атасы, небереси Эвелинанын сүйүктүү чоң атасы. Кийинки уулу Болотбек жеке ишкерлик менен алектенет, кызы Карина, уулу Арсландын сүйүктүү атасы, небереси Эртай, Аскардын чоң атасы. Кызы Екатерина атасынын жолун улаган маданият кызматкери, учурда Андашбек Тойтоев атындагы маданият үйүнүн директору. Зарема, Диана, Аделина аттуу үч кыздын энеси, Дастан, Алихан, Альбина, Дарина аттуу неберелердин бак-тылуу таенеси. Кичүү кызы Клара жеке ишкер, "Ра-Да"

кафесинин ээси, Равиля, Данияр аттуу уул-кызы, Байназар, Ару-жан аттуу неберелери бар.



Уулу Бактыбек небереси менен

Буруш апа учурда Люксембург айылында неберелери Арсен жана Азимхан менен чогуу жашап келет. Мүнөзү боюнча талапты катуу коё билгендиги, калыстыгы айыл тургундары арасында жогорку кадыр-баркка ээ, анын катышуусусуз айыл ичинде бир дагы майрам, маарекелер өтпөйт. Бүгүнкү күндө да Буруш апа эмгекти сүйгөн чоң эне, таене, өзү уй саап, огородун өз колу менен гүлдөтүп, үй канаттууларын бакканды жактырат. Эмгекчилдиги, жоопкерчиликтүүлүгү, ишти так аткара билгендиги, мекенине болгон сүйүүсү, чынчылдыгы жана калыстыгы бар жакшы сапаттары аркылуу балдарын тарбиялап, аларга да ошол сапаттарды үйрөтүп, ошол эле учурда азыркы мезгилде да ошол мүнөз менен небере, чөбөрөлөрүн тарбиялоого салым кошуп келет.



Уулу Болотбек небере-чөбөрөсү менен

Тойтоевдердин үй-бүлөсүндөгү төрдүн ээси Буруш апа эмгек сиңирген ардагер, урматтуу эне, сүйүктүү чоң-эне-таене, ардактуу чоң-чоң эне. Бул чоң үй-бүлөдө анын ак батасысыз эч бир майрам, кечелер өтпөйт. Уул-кыз, небере-чөбөрөлөрү Буруш апага төрдөн орун берип,

анын ак батасын алып, жакшы тилегин угууга чын дилинен ынтызар. Кутман энеге Жаратkандан узун өмүр, узак жашоо тилешип, дагы акылман сөзү, калдайган карааны менен аларга тирек болуп жакындарын кубантып жашай беришин чын дилинен тилеп келишет.



Кыздары Бегайым, Клара жана небереси Назгүл



Неберелери Улан, Данияр, Мээрим жана чөбөрөсү Сырга



Неберелери Назгүл, Зарема, Аделина, Мээрим, чөбөрөсү Сырга



Кыздары Бугайым, Екатерина, Клара



Күйөө баласы Эмил, келини Майрам, кудачалары, небере, чөберелөрү менен



# Токошева Сайрагүл Кеңешбековна

## Юрьевка айылы

1960-жылы 5-ноябрда Нарын облусунун Ат-Башы районунун Жаңы-Күч айылында төрөлгөн, 10 бир туугандын эң улуусу. Балалыктын таттуу күндөрүн коштогон чачына ак бантик тагып, колуна калем сап, дептер кармап, 1968-жылы мектеп партасынан орун алып, 1978-жылы орто мектепти жетишкендик менен аяктаган. Ошол эле жылы КУУнун механико-математикалык факультетине тапшырып, 1983-жылы университетти ийгиликтүү бүтүргөн. Отуз жылдан бери так илимден сабак берип, окуучуларга математиканы үйрөтүп, Ысык-Ата районунун Юрьевка айылындагы Руслан Шаботоев атындагы орто мектепте эмгектенип келет. Агартуу тармагындагы жараткан эмгектери үчүн райОНОнун, облОНОнун ардак грамоталарына татыктуу болуп, "Элге билим берүүнүн отличниги" наамына арзыган. Чүй олбустук администрациясынын, билим берүү министрлигинин грамоталарынын ээси болгон.

Сайрагүл Кеңешбековна 1 уул, 1 кыздын мээримдүү энеси, 3 неберенин сүйүктүү таене-чоң энеси болуу менен бирге отуз жылдан бери уядан учурган көптөгөн окуучуларынын сыймыктуу мугалими болуп келет. Уулу Эржан 1986-жылы төрөлгөн, Кыргыз Агрардык университетинин экономика бөлүмүн аяктаган. Учурда Юрьевка орто мектебинде дене тарбия сабагынан мугалим болуп иштейт. Кызы Айжан 1988-жылы төрөлгөн, ал дагы Кыргыз Агрардык университетинин экономика бөлүмүн аяктап, учурда ал дагы энесинин кесибинен алыс кете албай көркөм искусствону окуучуларга үйрөтүп мугалимдик кесипти аркалап келүүдө. Неберелеринин улуусу Эльнур сегиз жашта, Баяман төрттө, Эвалина 2 жашка келип чоң энесин кубанычка бөлөп турган мезгилдери. Келини Айжамал энеге күйүмдүү, кайрымдуу болуп чыгып, жакында эле Элхан аттуу уулду жарыкка алып келип, кубаныч тартуулады.





# Токтоболотова Районбубу (Рая)

## Киргшелк айылы

1948-жылдын 24-октябрында Нарын облусуна караштуу Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында жарык дүйнөгө келген. 1957-жылы Казарман орто мектебине кирип, 1964-жылы 8 жылдык билимди орус тилинде алып чыккан. 1955-жылдары энеси Султаналиева Нуркан Казарман айылындагы атактуу соодагер болгон. Ошол кездерде 3 уул, 1 кызды эч нерседен кем кылбай чоңойткон. 5-класста окуп жатканда энесинен айрылып чоң жоготууга учурайт. Агасы экөө бир үйдө калып, таекелеринин жардамы менен бой жетишкен. Жаш кезинен медицина кызматкери болсом деген тилеги ишке ашып 1964-жылы Нарындагы медициналык окуу жайынын акушер-фельдшердик бөлүмүнө тапшырган. 1969-жылы аталган бөлүмдү артыкчылык диплому менен аяктаган. Тагдырдын жазмышына жараша ошол жылдын 23-февралында Ат-Башы районунун Баш-Кайыңды айылынын уулу Ташканов Жакшылык менен баш кошуп, турмуш курушат. Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Баш-Кайыңды айылдык ФАПка акушерка болуп кирип эмгек жолун баштаган. Ал учурда аталган айылда 5 койкалуу төрөт үйү бар болгондуктан Рая Токтоболотовна бир топ балдарга киндик эне болгон. Ошол кездеги бир окуяны көп эскерет. 1970-жылдын кыш айларынын биринде түнкү 12де төрөп жаткан аялдын абалы начарлап, баланын тону түшпөй жатат деген чакырык келип, машина жоктугунан ат менен медициналык аспаптарын алып «Большевик» деген айылга ат менен барган. Ал кездеги райондук оорукананын акушер-гинекологу Сукен Сабитова кол менен тонду алганга руксат берчү экен, ошол ыкманын артында баланын тонун алып Калича аттуу аялды аман алып калат.

1972-жылы Ат-Башы районунун Ак-Сай өрөөнүндөгү 25 орундуу участкалык ооруканага акушерка болуп дайындалган. Жолдошу Жакшылык субай койго веттехник болуп СССРдин 50 жылдыгы колхозунда эмгектенген. Экөө очор-бачар турмушту баштан кечирип 7




Жолдошу Жакшылык менен

баланын ата-энеси болушкан. Улуу кызы Гүлзат 1969-жылы туулган, политехникалык институтту аяктаган, учурда бизнес менен алектенет. Назгүл 1971-жылы төрөлгөн, кооперативдик техникумду аяктаган, учурда тигүүчү болуп эмгектенет. Кийинки кызы Назира 1974-жылы жарыкка келген, политехникалык институттан программисттик адистикти алып чыгып, 2001-жылы катуу оорудан көз жумуп, ата-энесин кайгыга салып кетти. (Андан эки кыз калды, Айганыш 9-класста, Алтынай 7-класста окуйт). 1982-жылы туулган кызы Мээрим КГМУнун юридика факультетин аяктап, учурда БГУда сырттан окуйт, Ат-Башы районунда №1-Ленин орто мектебинде мугалим болуп эмгектенет. 1982-жылкы Тилек аттуу кызы КГМУнун экономика факультетин бүтүргөн, Россияда иштейт. 1984-жылы төрөлгөн Самара Бишкек айыл чарба техникумун аяктап, учурда соода иштери менен алек. Кенже кызы Бурулсун 1986-жылы төрөлгөн, КМУнун экономика жана фармацевтика бөлүмүн бүтүрүп, Ат-Башыда турат.

Рая Токтоболотовна Ак-Сайдагы төрөт үйүндө 13 жыл эмгектенген. Бир нече ирет райондук советке депутат болуп шайланып, райондук, облустук грамоталар менен сыйланган. 1990-жылы «Эмгек ардагери» медалы ыйгарылган. Кышы ызгарлуу тоолуу аймакта 40-50 градустук суукта күн-түн дебей эне-баланын ден соолугуна кам көрүп,



Кыздары, күйөө балдары



Неберелери

ар бир ийнени бир сааттан кайнатып убара чегип эмгектенишкен. Бригада болушуп жайлоодогу аялдарды кыдырышып, алыскы кыштоодогу малчылардын аялдарын төрөөрүнө жакын калганда профкойкага жаткырып, биринчи төрөттү, же төрөй албай жүрүп энелик бакытка жеткен аялдарды операциясы жок эле аман-эсен төрөтүп алышкан. 1978-жылы төрөй албай жатыны жарылып кеткен аялды райондон келген Сукен Сабитова, Гүлина Мукашева, хирург Байбөриевдер менен бирге Ак-Сай участкалык ооруканасында операция жасашып аман алып калышкан. Ошондогу башкы дарыгерлер Карыке Мамбет-кадыров, Айып Бейшеналиев, Нуржан Мырзакматовдорго жоопкерчиликке, адамкерчиликке, тыкандыкка тарбиялагандары үчүн алкыш айтып келет. Жоопкерчилик артынып иштеп турган учурунда Сур-Теке кыштоосунан Абышова Калича деген аялдын боюнан түшүп чакырык келип фельдшер Сыдык Бейшеналиев экөө ат менен жөнөп калышат. Районбүбү эженин жолдошу Жакшылык ага жубайынын түмөн түйшүктүү жана жоопкерчиликтүү ишин туура түшүнүп, күн-түн дебей өзү атын токуп берип узатат. Кыштын ызгаары күчөп, кар оор жаап салгандыктан жол таппай, күрткүгө туш болушуп шприцтери сынып түн ичинде арaң таап барышат. Жол көрүнбөгөндүктөн таң аткыча күтүш керек болуп, кыйналган аялдын жанында эмне кылаар айласын таппай турганда бир ой келет. Ал учурда узун кызыл упчу болгон, ошону кайнаган суу жана спирт менен жууп, ага дары куюп башына ийне сайып, сыдырып укол кылып сайып таң атырышат. 3-4 баласы бар экен, эртеси атка чана чегип балдары менен кошо таңып ооруканага алып келип дарылап аман алып калышкан. Ат-Башы районунун 9 чарбасын, Тянь-Шань районунун 5 чарбасын тейлешкен. 1984-жылы Ат-Башы районунун Баш-Кайыңды айылынын ФАПына башчылыкка көрсөтүшүп, ал жерде үзүрлүү эмгек жаратып алдыңкы ФАП, алдыңкы фельдшер болуп, балдардын өлүмүн кыскартып медициналык жактан жакшы тейледи. 36 жыл медицина тармагында жемиштүү иштеди. 1994-жылы ден соолугуна байланыштуу эс алууга чыгып, ошол эле жылы Ысык-Ата районунун Киргшелк айылына үй-бүлөсү менен көчүп келип, бизнеске аралашып ушул күнгө чейин иштеп келет.



# Турдубеков Жумадил Сабырбекович

## Кант шаары

Чүй облусуна караштуу Ысык-Ата районунун Октябрское айылында туулган. Мектепти аяктагандан кийин ошол кездеги Фрунзе шаарындагы алдыңкы окуу жайларынын бири болгон политехникалык институтка окууга тапшырып, 1983-жылы инженер-куруучу адистигин алып чыккан. Эки жогорку билимдин ээси, 2000-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин юриспруденция бөлүмүн аяктаган.

Бишкек шаарындагы В.И.Ленин атындагы заводдо жүк ташуучу болуп иштеген. Институтту аяктагандан кийин эмгек жолун Канттагы МСОдо мастер жана прорабдыктан улап 1987-жылга чейин эмгектенген. 1987-1989-жылдары Чүйагропроистрой-2 УПТК трестинде арматуралык жана столярдык цехинде мастер болуп ишин улантып, андан кийин Кант участкасында чарбалык өндүрүш башчысы болуп эмгектенген.

1989-жылы подсобдук чарба УПТК ЧАПС-2 “Факел” Кооперативине которулган. Аталган Кооперативде арматуралык жана столярдык цехтин мастери, бир жылдан кийин ошол эле Кооперативдин жетекчилигине дайындалган. 1992-жылы Кант участкасы Канттагы МПМК-2 берилип, ал жерде подсобдук чарбанын башчысы болуп иштеген. 1992-жылы Минжилкомхоздун ХРСУ трестинин башчысы болуп дайындалган. 1993-жылдын апрель айында Кант ХРСУсу “Тилек” Кант жамааттык менчик ишканасы болуп аталып, ал жерде башчылык кызматты аркалаган. 2002-жылдан тартып Кант шаардык Башкармалыгынын башчысынын орун басары болуп иштей баштаган. 2005-жылдын декабрь айында жергиликтүү өзүн-өзү башкарууга жүргүзүлгөн жалпы элдик шайлоонун натыйжасында Кант шаарынын башчылыгына шайланган. 2009-жылы Кант шаардык Башкармалыгынын башчылыгына тандалган.

Катардагы жумушчулуктан тартып көптөгөн жетекчилик кызмат-



Жубайы Кульмира менен

тарды аркалоодогу иш тажрыйбасы мол Жумадил Сабырбекович ар дайым изденүү, ишине болгон чоң жоопкерчиликтер менен эмгектенип келген. Кант шаарында кадыр-баркы жогору алдыңкы кызматкерлердин бири. Ар дайым квалификациясын жогорулатып, Австрия, Турция, АКШ, Украина сыяктуу өлкөлөрдө болуп, райондук башкаруу, жергиликтүү башкаруу, калктын карапайым катмарынын укуктук мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу сыяктуу темаларды окуп, тажрыйба алмашууларды жүргүзүп келген.

Көп жылдар бою Кант шаарынын башчысы болуп туруп шаардын өсүп-өнүгүшүнө зор салым кошкон Жумадил Сабырбековичтин эмгегин эл дагы жогору баалап, учурда оозунан түшүрбөй айтып келишет. Анын аты Кант шаарына абдан белгилүү. Мүнөзүндө жөнөкөйлүк, сабырдуулук, алдын ала көрөгөчтүгү бар жетекчинин шаар үчүн жасаган эмгектери өкмөт тарабынан бааланган. 2003-жылы Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, 2006-жылы Кант шаардык кеңеши тарабынан “Кант шаарынын ардактуу тургуну” аталып Ардак грамота, ошол эле жылы “Кыргыз Республикасынын муниципиалдык кызматынын отличниги” төш белгиси менен сыйланган. 2007-жылдын 26-ноябрында “КРнын муниципиалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси” чининин ээси болгон. 2007-



жылы республикалык "Айыл өкмөтү" гезитинин тандоосу менен "Жылдын мыкты мэри-2007" диплому менен сыйланган. 2009-жылы республикалык "Кыргыз Туусу" гезити уюштурган сынактын жеңүүчүсү аталып "Жылдын мыкты адамы - 2009" диплому тапшырылган. Жергиликтүү башкаруу реформасынын 10 жылдык юбилейине карата Чүй облустук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасына ээ болгон. 2010-жылдын 13-январында жергиликтүү башкаруунун өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү башкаруу иштери боюнча улуттук агенттиктин Ардак грамотасы менен сыйланган. Акын Осмонкул Бөлөбалаевдин 120 жылдыгына карата өткөн маарекеде Ардак грамотага ээ болгон. 2010-жылдын 2-октябрында Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан "Жалпы билим берүү мекемелерин колдоо боюнча жергиликтүү башкаруу органынын мыкты жетекчиси" наамынын ээси болуп, Ардак грамота менен сыйланган.

Жоопкерчиликтүү кызматты аркалап, көптөгөн адамдар менен тил табышып, калктын жашоо шартынын жакшырышына болгон аракетин жумшоо, жергиликтүү башкарууда уюштуруучулук жөндөмдүүлүктү арттыруу менен иштин көзүн тапкан жетекчинин жасаган эмгектери Кант шаарынын абалын баардык тараптан жакшыртууга жумшалды.

Жумадил Сабырбекович кызматында мыкты жетекчи болсо, үй-бүлөдө сүйүктүү жар, камкор ата. Жубайы Ельбалдиева Кульмира Мухтаровна менен ынтымактуу жашоону баштан кечиришип, бир уул, үч кыздын бактылуу ата-энеси болушкан. Жубайы Фрунзе политехникалык институтунун куруучулук бөлүмүндө 1978-1983-жылдары билим алган. Учурда Ысык-Ата райондук мамлекеттик каттоо кызматында жетектөөчү адис болуп эмгектенет. Улуу кызы Турдубекова Наргиза Жумадиловна Бишкек шаарындагы Ленин райондук Социалдык фондунда башкы бухгалтерлик кызматты аркалоодо. Кийинки кызы Нургыз Жумадиловна Кыргыз мамлекеттик университетинин чыгыш таануу факультетинин кытай тили бөлүмүн аяктаган, учурда жеке ишкерлик менен алектенет. Уулу Турдубеков Тилек Жумадилович Бишкек шаарынын Биринчи Май районунун Билим берүү борборунда бөлүм башчы. Кенже кызы Сезим Кант шаарындагы №3-мектеп гимназиясынын 4-классынын окуучусу.



# Турсалиев Табалды

## Эпкин айылы

1941-жылы 9-сентябрда Ысык-Ата районунун Эпкин айылында туулган. 8-классты аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарында Ташкент шаарында үч жыл аскердик кызматын өтөгөн. 1960-жылы улуу турмуш жолуна аттанып, Турсалиева Атыркүл менен баш кошуп түтүн булатып башташкан. Жубайы Атыркүл 1946-жылы 5-мартта Эпкин айылында төрөлгөн. Экөө эриш-аркак турмуш улашып, Табалды ата аскерден келгенден кийин алган Калинин совхозунан кой алып 10 жыл чабан болуп иштеген. Андан кийин совхоздун жылкысын багып, Атыркүл апа экөө 28 жыл жылкычы болуп эмгектенишкен. Мал багуунун оор түйшүгүн аркалашып, кышы-жайы аларга кам көрүп, башын көбөйтүп асырашып, алгылыктуу эмгек жаратышты. Жылкы баласын кыргыз эли илгертеден өзүнө канат тутуп жашап келген эмеспи, ошондуктан Табалды ата да жылкыларын жал-куйругун төгүлтүп жакшы бакты. Жасаган эмгеги үчүн көптөгөн Ардак грамоталардын, баалуу сыйлыктардын ээси болушкан.

Табалды ата менен Атыркүл апа 6 баланын ата-энеси болушуп, үч уул, үч кызын эч нерседен кем кылбай, жакшы тарбия берип өстүрүштү. Аларды эң башкысы адамгерчиликке, адалдыкка, эмгекчилдикке, элжерди сүйүүгө, улууга урмат, кичүүгө ызаат көрсөтүп жашоого тарбиялашты. Табалды жаш кезин эске салып: “Аскерге кете электе Атыркүлгө үйлөнүп анан аскерге кеттим. Үч жылдан кийин келсем Атыркүлүм энем экөө ынтымакта жашап жатышыптыр. Мени күтө берип сагынып арыктап кичинекей кыз болуп калыптыр” деп тамашалап калат.

Балдарынын улуусу Алтынбек. Кийинкиси Гүлбайра Бишкек финансы-техникумун аяктаган, учурда Бишкек шаарында соцжардам бөлүмүндө эмгектенет, үч баланын сүйүктүү энеси. Аспек А.Молдокулов орто мектебинде чарба башчысы болуп иштейт. Эки баласы бар. Кийинки кызы Айнура да финансист. Үч баланын энеси. Ирина төрт баланын энеси. 2013-жылы илдеттен көз жумуп ата-энесин оор кайгыга салып, оорду толгус жоготууга учуратты. Ирина атасынын сүйүктүү, жакшы көргөн кызы эле... Башка салган тагдырдын сыноосун көтөрбөскө чара



жок тура. Башка балдарынын, неберелеринин амандыгын Кудайдан тиленип келишет. Кичүү уулу Адылбек Нурмамбет айыл аймагында паспорт столдун аскердик бөлүгүндө иштейт. Төрт баланын атасы. Уул-кыздары өздөрүнчө түтүн булатып, жашоо улап, ата-энесине төрдөн орун берип урмат-сыйга бөлөп турган мезгилдери. Неберелерин эркелетишип, алардан ак баталарын аябаган Табалды ата менен Атыркүл апа дөөлөттүү, кадыр-барктуу ак сакал ата, ак элечек эне болуп өмүр сүрүп жаткан мезгилдери. 20 небере, 4 чөбөрө алардын бул жашоодогу болгон байлыктары. Жаш кезинде балдарына кандай камкордук жасап, аларды эч нерседен кем кылбай, жакшы адамдардан болушуна болгон аракетин жумшап тарбиялашса бүгүн анын үзүрүн көрүп жаткан мезгилдери. Жаш кездеги ак мээнеттин дөөлөтү кайтканы ушул эмеспи. Айыл ичинде да кадыр-баркы жогору, кичүү муун кадырлаган адамдар.

Табалды ата сегиз бир туугандуу. Бир тууганы Алиаскар Токтоналиев 25 жыл Кыргызстандын финансы министри болуп иштеп келген адам. Атыркүл апа үч бир туугандын арасында чоңойгон. Апа оор басырыктуу, токтоо мүнөз, жаштарды оң жолго багыттаган акылман энелердин бири.

Үйдүн куту, төрдүн ээси болгон кадырман карылар учурда кенже уулу Адылбек менен келини Дамиранын колунда жашашат. Дамира кайната-кайненесин өз ата-энесиндей көрүп бөпөлөп багып, алардын алкышына арзып келет. Келиндери Гульмира менен Нургүлдөр дагы айылдын алдынкы, мыкты келиндери. Кут даарыган, башкаларга үлгү болгон бул чоң үй-бүлө түптүү, ордолуу, айыл ичинде кадыры жогору үй-бүлө болуп саналат.



# *Тыныстанов Жумабек Исмаилович*

## Кеңеш айылы

Кереметтүү Чүй өрөөнүнүн Ысык-Ата районунун Кеңеш айылында 1960-жылдын 8-июлунда жарык дүйнөгө келген. «Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет, карындагы баланын хан болоорун ким билет» дегендей, ошол кезде Жумабек Исмаиловичтин эл үчүн кызмат кылып, белгилүү адам болоорун эч ким билген эмес. Мезгилдин өтүшү менен балалык кези артта калып 1977-жылы Буденовка орто мектебин аяктап, окуучулук куракты артка таштаган. Андан соң Фрунзедеги авиатехникалык училищанын жарандык авиация бөлүмүн 1979-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. Окуу жайды ийгиликтүү аяктап, самолет жана авиациялык кыймылдаткычтын техникалык механизмин пайдалануучу адистигине ээ болгон. 1979-жылдан 1981-жылга чейин Пржевальск шаарында авиаотрядда техник-механик, 1981-1984-жылдарда Фрунзе шаарында авиаотрядда иштеди. 1984-жылдан 1995-жылга чейин Исак Кочкорбаев атындагы колхоздун председателинин орун басары болуп эмгектенген.

Ал эми 1996-жылы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, экономика факультетинин «материалдык ресурстарды башкаруу» адистигине ээ болгон. Ошол эле жылы ОсОО «Нур» чакан ишканасын уюштуруп, директор болуп эмгектене баштаган.

Бүгүнкү күндө да бул ишкана канатын жайып, Турция мамлекети менен бирдикте иш жүргүзүп, калктын муктаждыктарына карата үй эмеректерин чыгарып, калктын мүдөөсүн аткарууда. «Нур» чакан ишканасын ачуу менен бирге айыл жашоочуларын иш орду менен камсыз кылган.

Кочкорбаев айылдык округунун аймагындагы мекемелерине офистик эмеректерди жасап сунуштоодо.

Жумабек Исмаиловичтин өзүнө таандык шайыр мүнөзү, уюштургучтугу, жөнөкөйлүк касиети жогору. Той-тамашаларда кыргыздын көрүнүктүү обончуларынын чыгармаларын ийине жеткире аткаруу менен башкалардан айырмаланып турат.



Үй-бүлөсү менен

Үй-бүлөлүү, үч баланын сүйүктүү атасы. Өмүрлүк жубайы Тыныстанова Нина менен 1984-жылы баш кошкон.

Улуу кызы Айжан Кыргыз-Орус Славян университетинин архитектор-дизайнер бөлүмүн аяктаган. Азыркы учурда «Нур» фирмасынын дизайнери болуп эмгектенет. Элайым, Канышай атуу эки кыздын мээримдүү энеси.

Экинчи кызы Айгүл Кыргыз-Орус Славян университетин тиш дарыгери багыты боюнча аяктаган. Учурда эки баланын энеси болуп, кызы Адеми жана уулу Адилетке тарбия берип келет. Уулу Касым 1996-жылы туулган. Ал дагы эжелери билим алган Кыргыз-Орус Славян университетинин архитектура-дизайнер бөлүмүнө окууга кирип, билим алууда.

Жумабек Исмаилович азыркы күндө 4 неберенин сыймыктуу таятасы.

Кеңеш айылында жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдар кыздарын окутуп окуу төлөмдөрүн төлөп жакындан жардам көрсөтүүдө. Мындан башка дагы туулуп өскөн Кеңеш айылына, айылдаштарына көрсөткөн жардамы өтө зор. Айылдаштары кайрымдуу, боорукер, иштерман уулу менен сыймыктанып, анын жасаган эмгенектерин өзгөчө жогору баалап келишет. Жумабек Исмаилович айыл ичинде зор кадыр-баркка ээ болуп, улуулардын ак батасын алып, кичүүлөргө жол көрсөткөн татыктуу инсандардын бири.



# Тыныстанов Рыспек Исмаилович

## Кеңеш айылы

Жер соорусу, бардыгын өз койнуна батырган Сары Өзөн Чүйдүн Ысык-Ата районунун Кеңеш айылынын тургуну Исмаил атанын үйүнө дагы бир кубанычтуу күн 1962-жылдын 3-апрелинде болду. Себеби бул күнү дагы бир Рыспек аттуу уул төрөлүп, ата-энесин кубанычка бөлөдү. Рыспек эс тартканы тиригарак, адептүү, атанын акылын, эненин насаатын уккан акылдуу бала болуп өсүп, 1969-жылы Буденовка орто мектебинин босогосун аттаган. 1979-жылы аталган мектепти ийгиликтүү аяктады.

Мектепти бүткөн жылы Фрунзе шаарындагы авиациялык техникалык училищага окууга кирип, аны эң жакшы жетишкендиктер менен аяктаган. Ар бир эркек баланын тилеги болгон сыяктуу эле Рыспек да учкучтардын кызматына, алардын жашоосуна кызыгы артып жүрүп алдыга койгон максатын багындыра алды. 1985-жылы алгачкы эмгек жолун "Манас" аэропортунан баштаган. 1988-1991-жылдары И.Кочкорбаев атындагы колхоздун комсомолдук комитетинин секретарлык кызматын аркалаган. Союз ыдырап, ар ким өз арбайын согуп, жаңы багытка өтүп жаңыча кадамдар башталган мезгилде Рыспек Исмаилович дагы 1991-жылдан тартып жеке ишкердикти колго алган. Иштин көзүн таап, иш жүргүзүүгө каныгып калган жаш ишкер 1998-жылдан тартып ОсОО "Нур" фирмасынын эмеректерди даярдап чыгаруу бөлүмүн жетектеген. 1999-жылдан бүгүнкү күнгө чейин И.Кочкорбаев айылдык кеңешинин бир нече чакырылышынын депутаты болуп шайланып, эл мүдөөсүн ишке ашырып, ишеничин актап, эл үчүн кызмат кылып келет. Өзүнүн жеке ишкерлигин өнүктүрүү максатында Буденовка айылына "Ырыс-Ордо" ресторанын жана калкты азык-түлүк жана керектүү нерселер менен камсыздандыруу үчүн дүкөн салдырды. Бул соода түйүнүнүн ачылышы менен 30 дан ашуун жаран иш менен камсыз болууда.

Рыспек Исмаилович бул иштер менен гана чектелип калбастан, ар тараптан жеке ишкердигин өнүктүрүп жүк ташуучу чоң автоунааларды оңдоп, аларды айыл жашоочуларынын керектөөлөрүнө сунуштап келет.



Үй-бүлөсү менен

Кайсы ишти болбосун туура максат менен баштап, ийгилигин арттырган замандашыбыз Тыныстанов Рыспек Исмаилович үй-бүлөгө карамдуу, тууганчыл, адамгерчилиги бийик инсан. Жубайы Жумашова Гүлмира менен 1988-жылы баш кошуп, учурда үч баланын сүйүктүү ата-энесине, үлгүлүү үй-бүлөгө айланышкан. Уул-кыздары Аскат, Рахат, Болотко татыктуу тарбия берип, алардын билим алуусуна толук шарттарды түзүп беришти. Тун уулу Аскат 1989-жылы төрөлгөн. Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университеттин юридикалык бөлүмүн аяктап, учурда жеке ишкерлик менен алектенүүдө. Кызы Рахат турмуштан орун алып, эки баланын энеси болду. Кыргыз-Орус Славян университетинин медициналык факультетин аяктап, докторлук ишин жактап жатат. Кенже уулу Болот Бишкек шаарындагы автордук окуу жайдын 9-классында билим алууда. Рыспек Исмаилович өзүнүн үзүрлүү иштеринин натыйжасында балдарынын билимдүү болушуна, алардын эмгекти сүйүп, эң башкысы адамгерчилик менен ак ниеттүүлүктү жогору койгон адамдардан болуп чыгышына салым кошо алды.

Дайыма аракетте жүрүп, изденүүчүлүк менен ишмердүүлүктү айкалыштырып, эмгектен качпай, анын натыйжасында жакшы жашоого, элдин кадыр-баркына ээ болгон Рыспек Исмаилович айыл жаштарына үлгү болоор адам. Анын тыным албай эмгектенгенинин жыйынтыгында бүгүнкү күндө кандай жетишкендиктерди багынтып жатканы эл көзүндө. Ар бир ата-эне ал сыяктуу уулдуу болууну тилек кылып келишет. Рыспек Исмаилович 1992-жылы Ысык-Ата районунун Ардак грамотасына, И. Кочкорбаев атындагы колхоздун мактоо баракчасына татып, 1984-жылы “V жылдыктын ударниги” наамына ээ болгон.



# Узакбаев Садырбек Макешович

## Буденовка айылы

Узакбаев Садырбек Макешович 1961-жылдын 23-октябрында Ала-Тоосу көк тиреген кыргыз жеринин бермети атанган кереметтүү Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Барскоон айылында Макеш ата менен Дүйшөкан апанын кубанычын арттырып жарык дүйнөгө келген. Бешинчи уулдун бул үйгө сүйүнүч алып келиши эле. 12 баланын ата-энеси болгон Макеш ата менен Дүйшөкан апа кадыр-барктуу, уул-кыздарга татыктуу тарбия берген ырыскысы арткан, куту төгүлгөн үй-бүлөлөрдөн, сүйүктүү ата-эне болушту. Дүйшөкан апа "Баатыр эне" наамынын ээси болсо, Макеш ата Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери атанды.

Садырбек Макешовичтин балалык чагы кереметтүү көл жээгинде өтүп, табигат тартуулаган сулуу аймакта эс тартып чоңойду. Айылдык мектептин босогосун аттап, мектепти ийгиликтүү аяктаган соң окуусун андан ары Пржевальск шаарындагы педагогикалык институттан уланткан. 1981-жылы Советтик Армиянын катарында кызматын өтөп келген. 1983-жылдан 1987-жылга чейин Нарындагы эт комбинатында эмгектенген. Андан соң 1992-жылга чейин Барскоон совхозунда чабан болуп иштеген. Союз ыдырап, ар ким өз чарбасы менен алектене баштаганда Садырбек Макешович дагы "Макеш" жеке чарбасын уюштуруп дыйкан чарба түзүп иштей баштаган. Айыл жана мал чарбасын тереңден билгендик кылып бул ишти баштаган соң анын оор-жеңилин баштан кечирип, татаал кырдаал түзүлсө да, ийгилиги артса да бирдей көтөрүп, ишти алдыга жылдыра алды. Дыйкан чарбасын уюштургандан баштап менчик малдын туягын көбөйтүп өстүрдү. Жашоо-шартка ылайык 2006-жылы Ысык-Ата районунун Буденовка айылына көчүп келип, "Бапа" дыйкан чарбасын уюштуруп, малды бордоп байлаган малдын санын өстүрүп келет. Азыркы учурда жеке чарбасында эт өндүрүү багытында алгылыктуу иш жүргүзүп, Кыргызстандын калкын эт менен камсыз кылуу жаатында чоң эмгек жаратууда.




Үй-бүлөсү менен

Ата-энеси эл керегине жараган азамат уул-кыздарды тарбиялап өстүрдү. Садырбек Макешовичтин агасы Талант Узакбаев учурда КР-нын Жогорку Кеңешинин депутаты. Иниси Чыңгыз Узакбаев КРнын айыл жана суу чарба министри болуп эмгектенген. Уул-кыздарынын билимдүү, эмгекчил болуп өсүшүнө таалим-тарбиясын берген Макеш ата менен Дүйшөкан апа алардын кубанычына ортоктош, урмат-сыйына ээ болуп кадырман карылыкты баштан кечирип келишти. Атасы 93 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Учурда Дүйшөкан апа 85 жаш кутман куракка келип төрдүн көркү атанып, небере-чөбөрөнүн кубанычына бөлөнүп жашап келет. Балдары ар убак энесин сыймык тутуп келишет.

Садырбек Макешович үй-бүлөдө мээримдүү ата жана сүйүктүү жар. Тогуз баланын атасы. Улуу кызы Гүлкайыр Москва шаарында. Эркин Ат-Башыда, Айжан Бердике, Барсбектер агрардык окуу жайынын студенттери, келечекте жогорку билимге ээ болуп элге кызмат кылсак деген изги тилектери бар. Нуржан 6-класстын окуучусу. Уулу Кыдыр 5 жашта, Айыма менен Жеңишкүлдөр ата-энесинин көкүрөк күчүктөрү. Уул-кыздарынан келечекте көптү үмүттөнүп, эл керегине жараган адамдардан болушун тилек кылып келет.



# Үсупбаева Алима Исакуновна

## Бишкек агрардык-экономикалык колледжинин башкы бухгалтери

Жүзүнөн нуру төгүлгөн жаш, мээримдүү, сулуу, ички дүйнөсүнүн тазалыгы сыртына чыгып турган аялзаты, өз багытындагы иштин сырын ийне-жибине чейин билип, ага кылдат мамиле жасай билген Алима Исакуновна Кыргызстандын бермети аталган көгүлтүр Ысык-Көлдүн кызы. Ал 1972-жылы 21-январда Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районунун Шалба айылында төрөлгөн. 1989-жылы Чүй боорундагы Аламүдүн районуна караштуу Воронцовка айылындагы мектепти ийгиликтүү аяктаган. 2000-жылы Бишкек айыл чарба техникумунун "Бухгалтердик учет, чарба ишмердүүлүгүнө анализ жана текшерүү" бөлүмүн эң жогорку жетишкендик менен аяктаган соң окуусун андан ары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин "Финансы жана кредит" адистештирилген "Банк кызматы" бөлүмүнөн улантып, жогорку билимге ээ болгон. Алгачкы эмгек жолун 2001-жылы Ысык-Ата райондук почта байланыш түйүндөрүнүн жетекчисинин орун басары жана камсыздандыруу болумүнүн башчысы болуу менен баштап, 2004-жылы азыркы мезгилде да эмгек жолун улап келе жаткан С.Турсунов атындагы Бишкек агрардык-экономикалык колледжинин башкы бухгалтери болуп уланткан. Алима Исакуновна 2004-жылы Люксембург айыл өкмөтүнүн депутаттыгына шайланып, айылдык кеңештин төрагасынын орун басары болуп кызмат аткарган. 2007-2011-жылдары Кант шаарындагы жаш лидерлердин "Самородок" клубунда бухгалтер-волонтер болуп иштеген. Аталган клубда аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарына жардам беришип, алардын окуусун алга жылдыруу иштерин жүзөгө ашырып, мектептен кийин балдар көчөдө ар кандай жаман иштерге аралашып кетпеши үчүн алардын жетишпеген сабактарына көмөктөшүү иштерин жүргүзүшкөн. Жогорку категориядагы мугалимдер, энтузиастер

балдарга жакшы жардам берип, алар менен ийримдик иштерди да алып барышкан.

Алима Исакуновна Бишкек агрардык-экономикалык колледжинде башкы бухгалтер болуп гана иштебестен аны менен катарлаш эле бухгалтерлик дисциплинадан сабак өтүүнү да колго алган. Анын берген сабактары жогорку адискөйлүгү жана компетенттүүлүгү менен айырмаланат. Иш абалында пайда болгон абалга жараша тапшырмаларды студенттер тажрыйбалык мисалдарда чече алышат. Теоретикалык тапшырмалар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде токтом жана буйруктарды колдонуу менен жогорку деңгээлде өткөрүлөт. Бул окутуучулук таланттын күчтүүлүгүн, изденүү, өз мекенинин мыйзамын сыйлап, келечекте билими терең адистерди тарбиялап чыгууга жасаган окутуучунун жоопкерчиликтүү мамилесин кабарлап турат. Алима Исакуновна баланс түзүүнү, инвентаризациянын өткөрүлүшүн, эмгек маянаны түзүүнү тажрыйба жүзүндө окутуп, текшерүүчүлөрдүн жана аудиторлордун текшерүүлөрүнүн максатын жана тапшырмалары тууралуу так көрсөтмөлөрдү берет. Ал өз ишине болгон жоопкерчилигин баарынан жогору коюп дайыма бухгалтердик дисциплина багытындагы окутуучулар менен кеңешип, бухгалтердик учеттун көрсөтмөлөрүнүн өзгөрүүлөрү жана толуктоолору тууралуу маалымат берип турат. Өз адистигинин чебери, кесибин жалаң бир багытта эмес, окутуу жана тажрыйба жүзүндө бирдей алып кете алган Алима Исакуновна өндүрүштө болгон каржы көйгөйлөрүн ачык жана пайдалуу кылып кантип чечүү керектиги тууралуу кеңеш берүүдөгү өзгөчө чеберчилиги менен чоң кадыр-баркка ээ. Анын билгичтиги, баардыгына көзү каныккан мыкты адистигине жогору баа бергендер көп. Ал методикалык иштерге дагы активдүү катышып келет. Педагогикалык кеңештерге, бухгалтердик диииплина боюнча циклдүү комиссиянын чогулушунда доклад менен чыгып келет.

Усупбаева Алима Исакуновна БСХТ администрациясынын Ысык-Ата токой-аңчылык чарбасы, жаш лидерлердин "Самородок" клубунун, Ысык Ата РОКу, Ысык-Ата райондук профсоюз комитетинин, Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен жараткан ийгиликтери үчүн сыйланган.

Жаш болсо да көп ийгиликти багынтып келген Алима Исакуновнанын эмгекчилдиги, ошону менен катар калыптанган адамгерчилик сапаты анын туулуп-өсүп, тарбия алган үй-бүлөлүк башаттан башталган. Атасы Усупбаев Исакун 1932-жылы Ысык-Көл облусунун Жети-

Өгүз районунда туулган. Өмүр бою "Ысык-Көл" колхозунда эмгектенип, учурда ардактуу эс алууда. Энеси Акиза Акматовна 1942-жылы Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районунда жарыкка келген. Алты баланы жарыкка алып келип, аларга татыктуу тарбия берүү менен алектенген. Ата-энеси өздөрү карапайым колхозчулар болсо да балдарынын баарынын билим алышына шарт түзүшүп, мектеп босогосунан тартып терең билим алып, келечекте сөзсүз кесип ээлери болушуна зор салым кошушкан. Балдарынын адамкерчиликтүү, жаман сапаттардан алыс, улууну урматтап, кичүүнү сыйлай билген, эч кимге кара санабай ак эмгек менен нан таап жеп, колунан келсе башкаларга жардам берип, аларга жок дегенде жакшы сөз айтып көңүл улаганды билген жөнөкөй, калыс адамдар болуп өсүүлөрүнө тарбиялашкан. "Улук болсоң кичик бол" деген макалды туу тутуп, аны уул-кыздарынын кулагына куюп өстүрүштү. "Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт" деген макал бар, турмушта өйдө-ылдый, ачуу-таттуу көп кездешет, андай учурларда өзүңөрдү татыктуу алып жүргүлө, өйдөлөсөңөр бой көтөрүп көкөлөбөй, ылдыйлласаңар ага кейип чөгүп кетпей бир калыпта болгула" деген ата-эненин акылман сөздөрү балдарынын кулагы аркылуу жүрөгүнө сиңип, азыр да ошол тарбиянын үзүрүн көрүп келишет. Балдарынын билимдүү болушун көптөн тилешип, максат коё билүүлөрүнө үйрөтүштү. Ата-энеси өздөрү да баарынан адамдык касиетти жогору койгон сапаттары аркылуу айыл ичиндеги эң кадырлуу адамдардан болушту. Акиза апа көпчүлүккө палоону жакшы баскандыктан ансыз айыл ичинде өткөн тойду элестетүүгө болбойт эле. Исакун ата азыр да айылдын төр ээлеген кадырлуу карыясы, жаштарга акыл кошкон, көргөн адам ийилип салам узаткан сыйлуу адамы. Бул үй-бүлөдө ар дайым күлкү шат, ата-эне менен балдарынын ортосундагы ачык сырдашуу орун алып, тамаша кептерди айтып көңүл көтөрө каткырып, сырттан келген адамды да кучагына кыса тосуп алышып өздөрүнүн жылуу уясындагы жагымдуу абалга сиңирип кете алышчу. Азыр уул-кыздарынын баары өз алдынча үй-жай күтүп кетишсе да түпкүлүгүнөн берилген тарбия ал үйдүн берекесин арттырып, ошол жылуулукту сактап турат. Бирок, бири кем дүйнө дегендей бир гана Акиза апанын мээрими, анын балдарына тааныш жыты, маңдайынан сылаган жумшак колу, сүйкүмдүү жылмаюусу жетишпейт. Өмүр бою күрөшүп келген жүрөк дарты аны сүйүктүү жарынан, сыймыктуу уулкыздарынан ажыратып келбес сапарга алып кеткен эле... Бирок эне өлгөн жок, анын артында жакшы тарбиясы менен анын атын өчүрбөй сактап калган уул-кыздары калды.



Атасы Исакун, апасы Акиза жана бир туугандары



Атасы, апасы, эжеси Аида, инилери Алтынбек,
Максатбек жана сиңдиси Назима

Алима Исакуновнанын улуу агасы Мырзабек 1961-жылы туулган. Кыргыз политехникалык институтун аяктаган, учурда жеке ишкерлик менен алектенет. Уй-бүлөлүү, беш баланын атасы. Эжеси Аида Исакуновна 1966-жылы төрөлгөн, Кыргыз айыл чарба институтун жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин аяктаган, эки жогорку билимдин ээси. "Билим берүүнүн мыктысы", учурда Ысык-Ата райондук билим берүү бөлүмүндө башкы бухгалтерлик кесипти аркалайт. Үй-бүлөлүү, бир уул, бир кыздын энеси. Кийинки эжеси Динара 1969-жылы төрөлгөн. Кесиптик орто окуу жайын аяктаган, азыркы мезгилде жеке ишкерликти аркалоо менен уулуна татыктуу тарбия берип келет. Бир тууганы Алтынбек 1976-жылы туулган, орто техникалык билимдин ээси, фермерлик чарбаны колго алып ийгиликтүү иш жүргүзүүдө. Үй-бүлөлүү, үч уулдун атасы. Кенже иниси Максатбек 1979-жылкы, жогорку билимдүү, юридикалык академияны аяктаган. Бүгүнкү күндө Ысык-Ата районундагы "Келечек" үй-бүлө жана балдарга көмөктөшүү борборунун башкы



Уулу Владимир, келини Айпери, небереси Алия

бухгалтери болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын атасы. Алима Исакуновнанын ата-энеси алты баланы тарбиялап өстүргөнү менен алардын үйүнө баш кошулуп мүчө болгон келиндерин, күйөө балдарын боорлоруна тартып, баары-на тегиз мамиле жасап чоң үй-бүлөнүн бактысы ого бетер арта түшкөн. Азыркы мезгилде Исакун ата уулу Алтынбектин ко-лунда келини Назгүлдүн ысык чайын ичип, жакасын кирдетпей багып, ак шейшепке жаткырып бапестеген уул-келиндери-не, алыста болсо тез-тезден кабар алышып, белектерин артынып келген башка уул-кыздарына, неберелерине ак батасын берип, өмүр сүрүп жаткан мезгили. Балдарына берген туура тарбиясы азыр шагын ийген бак сымал өзүнө ошол тарбиянын үзү-рүн кайтарып берип жаткан мезгил.



Кичүү баласы Вилорий

Алима Исакуновна өзү эки уулдун энеси, жаш болсо да эки неберенин чоң энеси. Улуу баласы Усупбаев Владимир 1992-жылы төрөлгөн. КГМАнын дарылоо факультетин аяктаган. Окуусун Новосибирск медициналык университетинен хирург адистиги боюнча улантууда. Келини Айперинин кесиби-гинеколог-дарыгер. Алия жана Умар аттуу таттуу наристелердин ата-энеси болушуп, аларды чоңойтушууда. Кенже уулу Вилорий 1997-жылы төрөлгөн, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенти.

Алима Исакуновнаны жакындан билгендер анын мыкты адис гана эмес абдан кызыктуу, жагымдуу адам экенине ынанышат. Ал саясатка, киного кызыгат, концерттерге, театрларга барып оюн көрүп эс алууну жактырат.



# Усупов Авас

## Эпкин айылы

1928-жылы Ысык-Ата районуна караш-туу Эпкин (А.Токтоналиев) айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Айылдык мектептен алгач жети жылдык билимин алып, билимге чаңкаган жаш улан билимин улантуу үчүн 1943-жылы Фрунзе шаарына №5-мектеп-интернатына келип кирет. Бирок билим алуу оңойго турган жок. Эки буту оор дартка чалдыгып, төшөк тартып жатып калууга аргасыз болду. Ага карабастан далбастап, окууну таштагысы келбей көп аракет жасады. Тегерегинде кош көңүл болбогон, адамгерчиликти бийик туткан жолдоштору бар экен, аны замбилге салып алып көтөрүп жүрүшүп орто мектепти аяктоосуна чоң салым кошуп, түрткү болушту.

Ошол мезгилде адистер жетишсиз болгондуктан, өкмөт менен партия билимдүү жаштарды жер-жерлерге жиберип турган. Ошентип, 1950-жылы Фрунзедеги techинституtту аяктап, алгачкы эмгек жолун Авас Усупов дагы 1950-1953-жылдары алыскы Ош облусунун Кара-Суу жергесинен математика мугалими болуу менен баштаган. Ошол кездеги агартуучулар катарында жолдомолор менен Кыргызстандын ар кыл аймактарын кыдырып иштешкен. Авас Усупов дагы учурунда жолдомолор аркылуу 1953-1956-жылдары Кемин районундагы Тарсуу орто мектебинде; 1956-1959-жылдары Чүй районуна караштуу Кегети айылында; 1959-1967-жылдары Чүй районундагы Ак-Бешим орто мектебинде математика мугалими болуп эмгек жолун уланткан. "Мугалими-мөмөлүү дарак" деген кептин сыңары Авас Усуповдун таалим-тарбиясын алган окуучулары учурунда ар кыл тармакта эмгектенип келишкен.

Киндик каны тамган, туулуп-өскөн жерин эңсебеген кыргыз уулу болбосо керек, Авас агай да 1968-жылы өзүнүн туулган айылына



кайтып келип, Эпкин орто мектебинен агартуучулук кесибин аркалап жүрүп, кырчындай жаш курагында дүйнөдөн мезгилсиз кайткан. Анын артында мыкты мугалим, кесипкөй агартуучу катары жакшы сөздөр айтылып калды.

Жубайы Усупова Айкөл менен жети баланын ата-энеси болушкан. Айкөл эне балдарына таалим-тарбия берүү менен колхоз, совхоздо эмгектенип, мекен ишине зор салым кошкон. Авас Усуповдун эки уул, беш кызы ата даңкын чыгарып, эненин тилегин актап баары жогорку билим алышып, учурда ар кыл кесипти аркалап келишет.

Улуу кызы Нурийла медициналык кесиптин ээси. Беш баланын энеси. Учурда небере, чөбөрөсүнүн сый-урматына ээ болгон кадырман аялзаты. Эки кызы Назира менен Рая мамлекеттик салык кызматында үзүрлүү эмгектенип, “Салык кызматынын отличниги” төш белгисинин ээси болушту. Уулу Тынайбек менен кызы Дамира ата жолун улашып агартуу тармагында эмгек сиңиришет “Эл агартуунун отличниктери”. Көкүрөк күчүктөрү -кичүү кызы Динара менен жана эң кичүү уулу Дууланбек ата-эне ишенимин актап, бири Токмок шаарында байланыш бөлүмүн жетектесе, бири Эпкин айылында айыл башчылык ишти аркалап келишет. Учурда Авас атанын 26 небере, 38 чөбөрөсү бар.



# Чимчикова Уларбубу Джусуповна

## Интернационал айылы

1940-жылы 3-майда Чүй өрөөнүнүн Он-Бир-Жылга айылында төрөлгөн. Атасы Жусуп менен энеси Калия он баланы жарыкка алып келип, багып-өстүрүп, татыктуу тарбия берген кадырлуу ата-энелерден болушкан. Уларбүбү Джусуповна үй-бүлөдө төртүнчүсү болгон. Мектепти аяктагандан кийин 1956-жылы улуу турмуш жолуна аттанып, Чоң-Далы айылынын тургуну Чимчиков Камчыбек экөө баш кошушкан.

Үй-бүлөлүк бактылуу турмуштун башаты эки жаштын тил табышып, бирин-бири колдоп, түшүнүшкөнү болсо, далилиортодогу бакытты бекемдеген наристелердин жаралышы болот турбайбы. Уларбүбү Джусуповна төрт баланын сүйүктүү энеси болду. Балдарына таалим-тарбия берип, адептүү, ыймандуу, жөнөкөй болууга үйрөттү. Ар биринин келечегине кам көрүп баарын жогорку билимдүү кылышты.

Уулу Бирликбек Бишкек шаарындагы политехникалык институтунун автотранспорт инженерлик адистигин алып учурда Автотетиктерин чогултуу заводунда директорлук кызматты аркалайт. Кыздары Гүлнара жеке ишкерлик менен алектенип, тигүү цехинде технолог. Эльмира Бишкек шаарындагы №15- мектептин директору. Марина Москва шаарындагы техникалык институтту аяктаган, азыркы мезгилде КТУнун техника илимдеринин кандидаты. Жолдошу Камчыбек менен 50 жыл бирге ынтымактуу өмүр сүрүшүп, 10 небере жана Алима аттуу чөбөрөнүн чоң ата-чоң эне, таята-таенеси болушкан. Жолдошу учурунда УМРКнын Канттагы бөлүмүндө “Эл башы болгуча суу башы бол” дегендей



Жолдошу Камчыбек ата менен

суу башчысы болуп 40 жыл эмгектенген. Небереси Алмаз Бишкек шаарындагы Кыргызтелеком ишканасында инженер болуп эмгектенет. Азат Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында башкы адис. Дастан 11-класстын окуучусу. Максат БВШны аяктаган, ИИМдин кызматкери. Асылбек КТУну окуган, энергетик кесибинин ээси. Адилет КТУнун 4-курсунун студенти. Жибек КТУнун 2-курсунда окуйт.



Жолдошу, уул-кыздары, неберелери менен

Уларбүбү Джусуповна 1957-жылдан тартып 1962-жылга чейин Чоң-Далы айылдык бала бакчасынын башчысы болуп иштеген. 1963-жылдан 1967-жылга чейин Жар-Башы айылында китепканада эмгектенген. 1968-жылдан баштап 2007-жылга чейин Интернационал айыл өкмөтүндө салык инспекторлук кызматын аркалаган. Эмгек жолунда үч ирет Чүй облустук Ардак грамоталары менен сыйланган. Бир нече жолу айылдык Кеңешке депутат болуп шайланган. Баардык коомдук иштердин активдүү катышуучусу. Эмгек жолунда 13 айыл өкмөтү менен иштешип, кыргыз, орус, немецтер менен тил табышып иштей алган. Баскан жолу, аткарган кызматы эл үчүн болду. Үйдө балдарына сүйүктүү эне, үйдүн кут-берекеси болсо, ишинде элден ак кызматын аябаган, жандилин берип иштеген иштерман аялзаты боло алды. Учурда ардактуу эс алууда.



Үй-бүлөсү менен



# Чокоев Адамалы

## Эпкин айылы

1925-жылы 1-январда Чүй областынын Ысык-Ата районуна караштуу Токтоналиев айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп босогосун аттап, 1942-жылы 7-клаасты аяктагап, 1943-жылдын январь айында Советтик Армиянын катарына аскердик кызмат өтөөгө чакырылган. 1943-жылдын 26-декабрынан 1945-жылдын 9-майына чейин алгач Прибалтикада, андан соң Украиналык фронтто кызмат өтөгөн. Улуу Ата Мекендик согуш убагында 3-даражадагы "Даңк" ордени, "Германиядагы Жеңиш үчүн" медалы, "Советтик Армиянын жана Флоттун 30 жылдыгы" медалдары менен сыйланган. Согуш убагындагы жасаган эрдиктери үчүн И.В.Сталиндин жеке өзүнүн ыраазычылыгына ээ болуп Советтик Армиядан кайтып келип, 1950-жылы Миң-Куш шаарчасына барып бургулоочу болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. Иштеген жеринин багыттамасы менен милициялык кызматты аркалоого жөнөтүлгөн.

1953-жылдан 1957-жылга чейин №12-милиция бөлүмүндө милиционер, 1957-жылдан 1960-жылга чейин №1-оперативдик бөлүмдө участковый, 1969-жылы Кемин ОВДсына участкалык инспектор болуп которулуп, 1972-жылы аны Чүй райондук ОВДсына милициянын участкалык инспектору кылып которушкан. Милицияда эмгектенип жүргөн учурларында жумушчу жаштардын 10-классын жана Алма-Атадагы милиция мектебин аяктоого жетишкен. Чүй ОВДсынан 1974-жылы кылмыш изилдөө бөлүмүнүн участкалык инспектору кылып которушат. 1977-жылдын июнь айында Ысык-Ата ОВДсынын (мурунку) кылмыш изилдөө бөлүмүнө участкалык инспектор, ошол эле жылдын сентябрь айында дежурлук инспекторлукка которушкан. Ички иштер органынан 1979-жылы ден соолугуна байланыштуу иштен кеткен. Бир нече ирет ОВД, ИИМдин Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчылары тарабынан көптөгөн сыйлыктар менен сыйланган. "Милициянын отличниги" төш белгиси, "Кызматтагы жетишкендиги жана коом-

дук тартипти сактоо багытындагы кызматтык ишмердиги үчүн" медалы, "ОВДдагы кынтыксыз кызматы үчүн" 3-даражадагы медалдары менен сыйланган. Ардактуу эс алууга чыккандан кийин да аймактык милициянын инспекторлоруна кылмыштарды ачуу жана алдын алуу, укук бузуулар боюнча жардам көрсөтүп келген. Кийинчерээк өмүрүнүн акырына чейин аксакалдар сотунун мүчө-сү, Нурмамбет айыл өкмөтүнүн аксакалдар Советинин төрагасы болуп жүрдү.



Адамалы атанын биринчи жубайы Гулбаран апа 1986-жылы оорудан каза болгон. Кыздарынын улуусу Токтобүбү салык инспекциясында эмгектенип жүрүп эс алууга чыккан. 3 баланын энеси. Жолдошу Абди Бишкек шаарында УВДда иштеп ардактуу эс алууга чыккан. Экинчи кызы Бурмакандын кесиби мугалим, Кант шаарындагы №2-мектепте орус тили адабияты мугалим болуп эмгектенет. Төрт баланын энеси. Жолдошу Таалай жеке ишкерлик менен алектенет. Адамалы ата экинчи жубайы Кудайбергенова Бактыгүл менен 1988-жылы баш кошкон. Адамаалы атанын көзү өткөндөн кийин ал кишинин аты өчпөсүн деп жашап турган көчөсүнө анын атын ыйгаруууга Бактыгүл апа болгон аракетин жумшап жүрүп ишке ашырды. Бактыгүл эне бир уул, бир кыздын энеси, кызы Салтанат, уулу Азамат, келини Айнура менен неберелери Бермет, Бекзаттын жакшылыгын көрүп, Адамаалы атанын атын өчүрбөй жашап келет.



# Чокоева Мөөркан

## Жер-Казар айылы

Чокоева Мөөркан 1954-жылы 15-февралда Талас районуна караштуу Калба айылында төрөлгөн. Балалык чагы туулган жеринде өткөн. Атасы Мырзатай менен энеси Касиет 9 баланы тарбиялап өстүрүшкөн, Мөөркан алардын тун кызы болгон. Ата-энеси Талас шаарындагы №1-мектепке окууга киргизет. Мөөркан апа биринчи класста окуп жүргөндөгү ырым дагы эле эсимде дейт:

Там-туң, там-туң басканда,
Так тургузуп жөлөгөн.
Ата-энем үйрөткөн,
Бир сабырдуу бол деген.

Бешинчи классында окуп жүргөндө 3-класстарга пионер жетекчи (вожатый) кылып шайлап коюшат. Ал убакта чоңураак класстар кичирээк класстардын окуусуна, тартибине көңүл буруп карап турар эле. 8-класста окуп жургөнүндө Фрунзе шаарынан комиссиялар барышып сынак өткөрүшүп, ал сынактан Мөөркан апа өтүп кетет. Борборго чакыруу телеграммасы жиберилип, бирок ата-энесинин каршылыгы менен барбай калган. Мектепте окуп жүргөндө көптөгөн кароо-сынактарга, олимпиадаларга катышып ырдап жүрөт, баскетбол боюнча ар кандай мелдештерге катышып мектептин курама командасында ойнойт.

1972-жылы мектепти аяктап, ошол эле жылы Алмазбек атага турмушка чыгат. Ошондон бери Ысык-Ата районуна караштуу Алга колхозунда Жер-Казар айылында жашап, үзүрлүү эмгектенип келет. Тоок фермада тоок багып, андан соң талаада кызылча өстүрүп колхоздун жашоосуна өз салымын кошкон. Ошол эле мезгилде райондук,



Үй-бүлөсү менен

областтык конкурстарга катышып (ыр кесеге) “Алга” колхозунун намысын коргоп келген таланттуу адамдардын бири. Эмгегинен баар таап, талбай иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Иштеп жүргөн учурларында райондук жана колхоздук деңгээлдеги Ардак грамоталар жана акчалай сыйлыктар менен сыйланган. Мөөркан апа менен Алмазбек ата сегиз баланы багып тарбиялап өстүрүшкөн. «Баатыр эне» орденин алган. 2009-жылы жолдошу Алмазы дүйнөдөн кайткан.

Мөөркан апанын балдарынын баары жогорку билимге ээ. Улуу баласы Канат Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде иштеп жүрүп, азыркы күндө ардактуу эс алууда. Кыздары Ђенера менен Наргиза мугалим, эки уулу Жеңиш менен Автандил инженер, Бакытбек өзгөчө кырдаалдар министрлигинде эмгектенет. Кызы Нуржамал И. Арабаев атындагы университетинде лингвистика факультетинин 5-курсунда окуйт. Кичүү баласы Адилет И. Раззаков атындагы КТУну бүтүрүп учурда атасы түптөп кеткен «Адилет» дыйкан чарбасын иштетип келет. Азыркы күндө Мөөркан апа кыз-келиндеринин, балдарынын, ага-туугандарынын сый-урматына бөлөнүп, неберелеринин бал тилдерине өнөрлөрүнө, күлкүлөрүнө магдырап турган убагы.



# Чокоева Нуржамал Калыевна

## Бирдик айылындагы фельдшердик-акушердик пункттун башчысы

1952-жылы 25-сентябрда Ысык-Ата районуна караштуу айтылуу Суусамыр жайлоосунда жарыкка келген. Ата-энеси Кузетбаев Калый менен Куттукова Ултубар мал чарбачылыгы менен алектенишкен. Алар беш баласына татыктуу тарбия берип, баарынын орто жана жогорку окуу жайларынан билим алышына шарт түзүшкөн. Улуу агасы Кузетбаев Нурмахан менен Кузетбаев Ермахан ата-энесинин жолун жолдошту. Нурмахан мал кармап, өзүнчө ферманын ээси болсо кичүүсү ветеринардык врач. "Малды уруктандыруу" пунктун ачкан. 1962-жылы энеси кичүү сиңдиси Салиманы жарыкка алып келгенде төрөтү абдан оор болуп, балдарынын бактысы бар экен, Жараткандын колдоосу менен араң аман калган. Ошол окуядан кийин Нуржамал Калыевна кичинекей эселек кыз экенине карабай келечекте медицина кызматкери болом, адамдарды оорудан сактап калам деген чечимге келет. 1970-жылы Кант шаарындагы №4-орто мектепти аяктап, ошол эле жылы Токмоктогу медициналык училищага тапшырган. 1973-жылы акушер-фельдшердик бөлүмүн ийгиликтүү аяктап чыккан. Окууну аяктаган жылы Канттагы райондук оорукананын жугуштуу оорулар бөлүмүнө келип иштеп алгачкы эмгек жолун баштаган. 1973-жылдан 1979-жылга чейин процедурный медайым, 1979-жылдан 1986-жылга чейин улук медайымдык кызматты аркалаган. Жоопттуу ишиндеги жетишкендиктери аркасында бир нече ирет Ардак грамоталар менен сыйланган. 1980-жылы "Бөлүмдүн эң мыкты медайымы"дипломунун ээси болгон. 1979-жылы турмушка чыккан. Жолдошу Чокоев Сапарбек Ысык-Ата районундагы Кыргыз МИСтин VI бөлүмүндө механизатор болуп эмгектенген. Алар Анара жана Айжана аттуу эки кыздын ата-энеси болушуп, аларды тарбиялап өстүрүп, жогорку билим беришти. Кыздары

учурда турмуштан өз ордуларын таап, үй-бүлөлөрү менен бактылуу турмуштун кучагында. Эки неберенин таенеси. 2009-жылы жолдошу дүйнөдөн кайткан. Ал сүйүктүү жолдошунан, кыздары эч кимге алмашкыс атасынан жана неберелери жакшы көргөн таятасынан ажырашып, жакын адамды жоготуунун оорчулугун баштан кечиришти.

Нуржамал Калыевна 1986-жылы Бирдик айылындагы фельдшер-акушердик пунктка которулуп, учурда да аталган айылдын ФАП-ында эмгектенип келет. 40 жылдык тынымсыз медицина кыз-маткерлигин аркалап, элдин ден соолугун коргоп келгендиги үчүн бир нече ирет ЦСМдин Ардак грамотасы ыйгарылган. 2010-жылы Ысык-Ата району боюнча "Мыкты ФАП" наамын жеңип алып райондун мамлекеттик администрациясынын атайын диплому жана акчалай сыйлык менен сыйланган. ФАПка муздаткыч бөлүнүп берилген. Бул көрсөткүч аркылуу Нуржамал Калыевнанын талыкпай эмгек жаратып, өзүнүн кесибин абдан сүйгөндүгүн билсе болот. Ал бир нече ирет Бирдик айыл өкмөтүнүн жергиликтүү кеңешине депутат болуп шайланган. Эл-дин суроо талабын канааттандырып, маселелерин чечүүгө активдүү катышкан. Жогорку категория-дагы медицина кызмат-кери бүгүн да эл үчүн кызматын аябай келет.





# Шаботоева Гулас

## Эпкин айылы

1928-жылы Эпкин айылында төрөлгөн. Атасы Кыдыралиев Калыгулдун энеси Алмабүбүнүн таалим-тарбиясын алып өстү. Сегиз жашында Эпкин мектебине кирип 4-класска чейин билим алып, андан соң Красный-Восток айылынын кызыл мектебинен окуп 7-классты аяктаган. 14 жашында Шаботоев Эрмекке турмушка чыгып, башына жоолук салынган. Ал кезде баш кошкон жары да 15 гана жашта болгон. Экөө үй-бүлөлүк турмушту башташкандан кийин жолдошу аскерге кетип, 3 жыл кызмат өтөп кайтып келген. Учурунда Фрунзе шаарында милицияда иштеген.



Жолдошу Эрмек ата

Гулас апа уулдарынын атасы, өмүрлүк жары менен жыйырма жыл бирге жашаган. 1963-жылдын 1-мартында жолдошунан ажырап, кабыргасы ката элек уулдары менен тагдырдын оор сыноосун баштан кечирип кала беришти.

Гулас Шаботоева учурунда залкар окумуштуу, профессорлор менен бирге окуган. Мисалы, 25 жыл финансы министри болуп иштеген Алиаскар Токтоналиев, вице-академик, профессор Айдаркан Молдокулов, Кыргыз теле-радиосунун диктору Авлезим Ниязов жана башкалар. Ушундай залкар адамдар менен чогуу жүрүп, билим алган апанын азыр да айыл арасында кадыр-баркы жогору. Улуу-кичүү дебей апага урмат-сый көрсөтүп, ийилип таазим көрсөтүп турушат.


Уулу Алым небереси менен

Эрмек ата менен Гулас апа эки уулдуу болушкан. Тун уулу Шаботоев Алым 1949-жылы төрөлгөн. Мектепти 7-класска чейин айылда окуп, андан кийин Фрунзе шаарын-дагы №5-мектеп-интернаттан окуп бүтүргөн. Алгач совхоздо комсомолдун секретары, андан кийин агроном болуп иштеп жүрүп, Ленинград шаарына барып саясат Академия-сын, Жогорку мили-ция мектебин окуп кел-генден кийин ИИМде, ГУИНде иштеген.

Молдовановкадагы түрмөдө, Ош, Жалал-Абадда иштеп жүрүп, ошол жактан эс алууга узаган. Көп жыл талбай эмгектенип, көптөгөн сыйлыктардын, наамдардын ээси болгон. Жубайы Дина казак кызы болгон. Экөө бири-бирин толуктаган, жакшы жубайлардан болушуп, Гулас эненин көңүлүн жибитип, кубандырышкан. Небереси Сымбат учурда ИИМдин маалымат борборунда иштейт. Жаш болсо да оттой күйүп, эл үчүн эмгек жасасам деген жакшы тилегинин башталышы менен элдин эсинде калган небереси Руслан Шаботоев медициналык училищаны кызыл диплом менен аяктап, андан кийин окуусун медициналык институттан улантып, аны да кызыл диплом менен ийгиликтүү аяктап, хирург адистигин алып чыккан. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку Кеңешине депутат болуп шайланып, саясаттын курмандыгы болуп, душман колдуу болуп каза тапкан.

Гулас апанын экинчи уулу Шаботоев Эшим 1954-жылы жарыкка келген. Мектеп босогосун Эпкин айылынан аттап, кызыл мектептен (Красный-Восток айылы) аяктаган. Фрунзе шаарындагы айыл чарба институтунун ветеринардык врач бөлүмүн аяктаган. Эпкин орто мектебинде көп жыл чарба башчысы болуп эмгектенип, жаңы мектеп



Үй-бүлөсү менен



Үй-бүлөсү менен

курулганда эбегейсиз жардам берген. Андан кийин Ивановка райПОсунда даярдоо канторосунда даярдоочу болуп иштеп жүрүп, 1996-жылы автокырсыктан көз жумган. Артында 3 уул, 5 кызы калган. Уулдары Нурлан, Мирлан, Эрлан, кыздары Зыйнат, Гүлзат, Нурфия, Айчүрөк, Керездер чоң энесинин сыймыктуу неберелери болушту.


Уулу Эшим

Уулу Эшим каза болгондон кийин неберелерин өзү бутуна тургузуп, жалгыз жүктү өзү көтөрүп баарын ордуна коюп, тууруна кондурду. Азыр да небере, чөбөрөлөрүн багып, кол куушуруп отуруп калбай келиндеринин колуна кол болуп турган учуру. Гусал апаны эки уулунун дүйнөдөн кайтышы, небереси Русландын дайынсыз жок болуп кетиши чоң кайгыга салып, мүңкүрөтүп койду. Руслandan калган Марат, Тимур аттуу чөбөрөлөрүн медер тутат. Небере келини Осмоналиева Айдай эненин ыраазычылыгын алган мыкты келин. Атасынын жолун жолдогон небере кызы Сымбат Эрмек, Эржан аттуу уулдардын, Айсара аттуу кыздын энеси болгон учуру. Нурланынын келинчеги Нургиза Эпкин айылынын кызы, Ырыскелди, Сайкал, Улида аттуу уул-кыздардын ата-энелери. Эрландын жубайы Айсулуу Сын-Таш айылынын кызы, Руслан аттуу уулу бар. Мирландын жары Зарина Көлдүн кызы, Сапиян, Мария аттуу кыздардын атасы. Эдил Алибек, Амир аттуу уулдардын атасы, жубайы Күлүсүн менен ынтымактуу өмүр сүрүшүүдө. Небереси Сымбаттын жолдошу Таалай Жолдошалиев ИИМде эмгектенет. Апа артында из калтыраар неберелеринин, сүйкүм чөбөрөлөрүнүн ден соолугун, амандыгын тиленип жашап келет.

Гулас апа согуш убагында 15 гана жашта болсо да орок оруп, араба менен буудай ташып Кантка жеткирип, кызылчада иштеп, суу сугарып оор жумуштарды жасап, кайнаган эмгекти башынан кечирген. Эмгектен баар таап, жолдошунан эрте ажыраса да уулдарын эл кызматын аркалаган азаматтардан кылып тарбиялап өстүргөн каарман эне бүгүн неберелерине аска-зоодой бел болуп турган убагы.



## Шакибекова Жеримбубу

### Новопокровка айылы

1952-жылдын 10-мартында Ысык-Ата районунун Буденовка айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1958-жылы өзү теңдүү балдар катары эле мектеп босогосун аттап, 1969-жылы Жээк айылындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектепти аяктаган. Мектепти бүтүргөндөн кийин үй-бүлөлүк шартка байланыштуу 1979-жылга чейин Кант районунун Калинин атындагы колхоздо кызылчачы болуп иштеген. Эмгек жолунда чоң жамаат менен иш алып баруунун тажрыйбасын топтоп, комсомол комитетинин иштерине активдүү катышып, андан кийин КПССке мүчө болуп өткөн. Бир нече ирет райондук жана айылдык кеңешке депутат болуп шайланган.

1979-жылы райком партиянын жолдомосу менен Алма-Ата шаарындагы төрт жылдык жогорку партиялык мектепке тапшырган. Аны аяктагандан кийин 1983-жылы Кант райком партиясынын инструктору болуп иштеп, андан соң Кант районунун «Заветы Ленина» атындагы колхоздун партиялык уюмдун секретары болуп дайындалган.

1991-жылы өлкөдөгү кайра курууга байланыштуу партиялык уюмдун секретарлык кызматы кыскарылып, Промстройбанктын Канттагы бөлүмүндө кассир болуп иштөөсүнө туура келген. 1993-жылы Кант райком партиясынын көрсөтмөсү менен Новопокровка айылдык кеңешинин, учурдагы Новопокровка айыл өкмөтүнүн эл депутаттарынын төрайымы болуп барган. 1999-жылы Логвиненко айыл өкмөтүнүн башчылыгына которушкан. Ал жерде 2001-жылга чейин эмгектенген. Энесинин оорусуна байланыштуу айыл өкмөтүнүн орун басары болуп иштөөгө туура келип, бирок 2002-жылдын ноябрь айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык анын ээлеп турган кызматы кыскартылган.

2002-жылы экономист-статист кызматына келип, 2008-жылы эс алууга чыкканы менен айыл өкмөтү менен түзүлгөн келишимдин негизинде 2012-жылга чейин ишин уланткан. 2013-жыл-


Кызы, неберелери менен

дын январь айынан тартып өзүнүн демилгеси менен ардактуу эс алууга кеткен.

Иштеген мезгилинде Логвиненко айыл өкмөтүнүн деңгээлинде өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катышып, эмгек жолунда дайыма айылдык советтин, кийин ошол эле айылдык Кеңештин депутаттыгына шайланып турган. Өзүнүн №5-округунун аймагына балдар аянтчасын уюштуруп, айылдаштарынын салт-санаасын үйрөнүп, шайлоочулары менен көчөлөрдүн майрамын өткөрүп, айылдаштарынын алдында депутаттык ишмердүүлүгүн көрсөтө алды. Айыл өкмөтүнүн инфраструктурасын оңдоо багытында АРИС программасынын долбооруна катышып, жыйынтыгында «Чоң-Далы» айылынын клубу оңдолуп-түзөтүлдү.

Эмгек жолунда бир гана КПССке мүчө болуп, андан кийин эч кайсы партиянын катарына өткөн эмес.

«Эмгектеги жетишкендиги», «Лениндин туулгандыгына 100 жыл», «Эмгектеги каармандыгы», «Манас» эпосуна 1000 жыл» медалдары жана бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган.

Бир кыз, эки небереси бар. Кызы Шакибекова Шереза Бактыбековна 1974-жылы туулган, жолдошу дүйнөдөн өтүп кеткен. Учурда жеке ишкерлик менен алектенет. Жээн-небереси Айман 1993-жылы төрөлгөн, Бишкек шаарындагы Финансы Академиясынын студенти. Алишер 2001-жылы туулган, Новопокровкадагы Баранов атындагы №2-орто мектептин 6-классында окуйт. Шакибекова Жеримбүбү учурда неберелерине карамдуу таене аталып, алардын келечегине кам көрүп, кызынын ишин колдоп келет.



# Шаршенов Нурдин

## Үч-Эмчек айылы

Кант районуна караштуу Үч-Эмчек айылында 1927-жылы 27-августта туулган. Атасы Шаршен, энеси Күлүсүндүн тарбиясын көрүп, жети бир туугандын арасында чоңойду. Орто билимдин ээси болгон. Балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштун каардуу күндөрүнө туш келип, 14 жашынан тартып колхоздо машак терип, арабакеч болуп иштеген. 1959-жылы өмүрлүк жары Токторбүбү менен үй-бүлө курган. Жубайы Кулова Токторбүбү Жаныбековна 1937-жылы 1-майда Аламүдүн районуна караштуу Боз-Бөлтөк (Арашан) айылында төрөлгөн. 1955-жылы Стрельников орто мектебин ийгиликтүү аяктап, Фрунзе шаарындагы медицина окуу жайынын фармакология бөлүмүнө тапшырып, ал окуу жайды да жетишкендиктер менен бүтүргөн. Окууну аяктаган соң "40 лет Октября" фабрикасына кирип иштеген. Кийин Киров колхозуна караштуу бала бакчада тарбиячы болуп эмгектенген. Нурдин ата менен Токторбүбү апа бирге түтүн булатышып, 4 кыз, 2 уулдун ата-энеси болушкан. Улуу кызы Анара кооперативдик техникумун аяктаган, жолдошу Тоялиев Алик менен турмуш куруп, эки кыз, бир уулдун энеси болду. Кийинки кызы Айым Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин журналистика кыргыз филология бөлүмүн бүтүргөн. Учурда жеке ишкерлик менен алектенип, өмүрлөшү Эсеналиев Адыл менен 1 уул, 1 кызды тарбиялап келишет. Бурул кыз-келиндер педагогикалык институтун аяктаган. К.Маликов атындагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенип келет. 1 кыз, 3 уулдун энеси. Жолдошу Карабаев Буланбек "Вим-Билл-Данн" ААКсында айдоочу болуп иштейт. Уулу Болотбек айылда фермерлик чарбаны өнүктүрүү багытында эмгектенет, жубайы Жаңыл экөө 2 уул, 1 кызды тарбиялап келишет. Андан кийинки уулу Темирбек да айыл жеринде фермерлик чарбаны иштетип, жубайы Жыргал экөө 1 кыз, 1 уулдун ата-энеси болушту. Кыздарынын кенжеси Гульнара соода техникумун аяктаган. Алмаз Бишкек шаарында "Илим" мектебинде эм-


Жубайы Токтобубу менен

гектенет. Эки кызы бар.

Нурдин ата 1959-жылдан тартып “Киров” колхозунда жылкычы болуп иш-теп, андан соң ча-бан болуп жүрүп ардак-туу эс алууга чык-кан. Ошол мез-гил-де Токторбүбү апа жардамчы чабан-дык милдетти аткарган. Нурдин Шаршенов ак эмгегинин арка-сында “Ардак белгиси” ордени, “Эмгек ардагери” медалы менен сый-ланган. Жубайы да “Эмгек ардагери” медалынын ээси. Учурда алар-дын үлгүлүү бүлөсүнөн тараган 16 небере, 5 чөбөрөсү бар.





# Шермалиева Асылбубу

## Нурмамбет айылы

1952-жылы 23-июлда Ысык-Ата районунун Красный-Восток айылында көп бүлөлүү үй-бүлөдө жарыкка келген. 1970-жылы туулуп-өскөн айылынын Орток орто мектебин ийгиликтүү аяктаган.

Мектепти бүткөн жылы айылдашы Суракматов Алманбет менен кол кармашып улуу турмуштун узак жолуна аттанган. Сезимтал, жоопкерчиликтүү, кайсы иштерде болбосун дайым активдүүлүгүн көрсөткөн Асылбүбү Шермалиева 18 жашында профсоюздун мүчөсү болуп кабыл алынган.

Турмушка чыгып, жолдошу менен бирге түтүн булаткан учурдан тартып СССР тараганга чейин совхоздо чабан болуп эмгектенишкен. Малдын түмөн түйшүгүн көтөрүп, кышкы ызгаар, жайкы саратанда мал артынан жүргөн бир топ кыйын учурларды баштан кечиришсе да совхоздун ишин алдыга жылдырууга чоң салым кошушкан. Суусамыр жайлоосунда, Казакстандын Кенес-Анархайында койлорду башын кемитпей асырап багышкан. Ак эмгегинин артында айылдык кеңешке үч жолу депутат болуп шайланган. Андан тышкары Асылбүбү Шермалиева көптөгөн сыйлыктардын ээси.

Бармактайынан баш кошуп, ар дайым бири-бирине арка-бел, өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп келген жолдошу экөө он бир баланын ата-энеси болушкан. Тогуз баланы жарыкка алып келүү бактысына ээ болгон Асылбүбү эже балдарынын бактылуу энеси, алардын үйүнүн куту, берекеси. Учурда баары тууруна конуп, турмуштан орун алып, бир кезде ата-энеси аларды кандай түйшүк менен багып өстүрсө, эми анын акыбетин кайтарып, улам бир жакшылыгы менен эне жүрөгүн кубантып, урмат-сыйын тартуулап келишет. Эненин бир өкүнүчү балдарынын бүгүнкү жетишкендиктерин көрбөй, уул-кыздарынын көп жакшылыктарына күбө боло албай, алардын төрүндө олтуруп ысык чайын ичпей, неберелерин көрүп аларды эркелетпей жолдошунун көзүнүн өтүп кеткени. 1998-жылы үй-бүлө оор жоготууну баштан



Өмүрлүк жолдошу Алманбет жана уул-кыздары - Марат, Махабат, Гүлзат, Салтанат, Алмаш, Наргиза, Улан, Нурзада, Мадина


Суусамыр жайлоосунда

кечиришип, балдары атасынан, Асылбүбү эже өмүрлүк жолдошунан ажырашкан.

Учурда Асылбүбү Шермалиева кыздарын турмушка берип, келин алып кадырлуу эне аталып төрдө олтурган мезгили. 18,59 гектар жер үлүшүнө ээ болушуп, уулу Уланы "Урманбет" жеке дыйкан чарбасын жетектеп, эгин айдап дыйканчылык кылуусуна эне кеңешин берип, колунан келген жардамын аябайт.

Улуу уулу Марат 1971-жылы төрөлгөн, И. Арабаев атындагы педагогикалык университеттен билим алган. Үй-бүлөлүү, эки баланын атасы. Учурда Россияда эмгектенүүдө. Кызы Махабат 1973-жылы төрөлгөн. И. Арабаев атындагы педагогикалык окуу жайын аяктаган, 1 баласы бар. Гүлзат 1975-жылкы, №94-лицейди аяктаган. Салтанат 1976-жылы жарыкка келген, №49-лицейди бүтүрүп чыккан, үй-бүлөлүү, төрт баланын энеси. Алмаш 1978-жылы туулган, 25-лицейди аяктаган, Кубан аттуу уулу бар. 2010-жылы оорудан улам дүйнөдөн кайткан. Наргиза 1980-жылы төрөлгөн, үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси. Уулу Улан 1982-жылы жарыкка келген, №49-лицейди аяктаган, учурда дыйкан чарбачылыгы менен алектенет. Үй-бүлөлүү, бир баланын атасы. Кийинки кызы Нурзада 1984-жылы төрөлгөн, №49-лицейди аяктап, андан соң айыл чарба институтун аяктаган. Үй-бүлөлүү, эки баланын энеси. Кенже кызы Мадина 1986-жылы төрөлгөн, №10-лицейди аяктаган, социалдык өнүктүрүү, жана ишкердик институтунда сырттан окуйт. Азыркы учурда Россияда эмгектенет.

Асылбүбү Шермалиева көп балалуу эне катары "Эне даңкы" медалынын 1-2-3-даражадагы ордени менен сыйланган. "Баатыр эне" орденинин ээси. Уул-кыздары энесинин аларга жасаган ак эмгегин, ак сүтүн актоонун аракетин көрүшүп, колдорунан келген бар жакшылыгын аябай терең урмат көрсөтүп келишет. "Бейиш - эненин



Үй-бүлөсү менен

таман астында" деген улуу сөздү бек туткан уул-кыздары энесине арнаган ыр саптарын тартуулашат.

Жарык дүйнө, жашоо берип бизге сиз,
Өмүр менен жаштыкты арнап келгенсиз.
Түйшүктөнүп, санаа тартып биз үчүн,
Балдарым деп ак сүтүңүздү арнап бергенсиз.

Эмгектенип бийик ашуу, бел ашып,
Жан кейиткен азаптарга чыдадың.
Ак мээнеттен тоодой эмгек жараткан,
Таазим этет сизге уул-кыздарың, -

деген ыр саптарынан куралган жакшы сөздөрү менен бирге энесине баарынан бийик турган ден соолукту тилеп, элге сиңген мааниси терең ырды арнашат.

Айтпаңыз антип, жүрөгүм ооруйт дебеңиз,
Таянган тоом, жөлөнгөн аска элеңиз.
Бактылуу далай керемет жолдор алдыда,
Кемибей турсун, кебелбей өмүр кемебиз.



# Эркинбаева Марипа Турсалиевна

## Нурмамбет айылы

1954-жылдын 27-мартында Ысык-Ата районуна караштуу Эпкин айылында төрөлгөн. Ата-энеси совхоздун малын кайтарышып, ардактуу эс алууга чыкканга чейин үзүрлүү эмгектенишкен. 10-классты Орток орто мектебинен 1971-жылы аяктаган.

1979-жылы Фрунзе шаарындагы кыз-келиндердин педагогикалык окуу жайынын сырттан окуу бөлүмүн бүтүргөн. Институтту аяктаган жылдан тартып, Орток орто мектебинде мугалим болуп эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыккан. Беш баланын энеси.

Өмүрлүк жолдошу Тургенов Мүзүр Калинин совхозунда ар кандай жооптуу кызматтарда эмгектенген. Тракторист, айдоочу, материалдык–техникалык складдын склад башчысы, андан кийин башкы инженер болуп иштеп жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Марипа Турсалиевна 1971-жылы Красный-Восток айылынын тургуну Тургенов Мүзүр менен кол кармашып, турмуш жолун башташкан. Айылдын кадырлуу адамдары кайнатасы Тургенов Орозбай жана кайненеси Тыйын эненин колуна мектепти жаңы гана аяктаган жаш чагында келин болуп келген. Орозбай ата оор басырыктуу, акылман карыя болгон. Кайната-кайненесинин жакшы кебин угуп, акыл-насаатын угуп, тарбиясын көрүп бүгүнкү күндөгү даражага жеткенин ар убак оозунан түшүрбөй айтып келет. Ал үйгө келин эмес өз кызындай алынып, кайната-кайненесин өз ата-энесинин артык сыйлаган.

Төрт кыз, бир уулду жарыкка алып келип, аларды багып-өстүрүүдө, тарбия берүүдө да кайната-кайненесинин салымы чоң болгон. Орозбай ата 86 жашында, энеси Тыйын апа 74 жашында жарык дүйнө менен кош айтышкан.




Үй-бүлөсү менен

Кыздарынын улуусу Мадина 1972-жылы төрөлгөн. Жогорку окуу жайды аяктап, учурда банк кызматын аркалайт. Фарида 1975-жылы туулган, ал дагы жогорку окуу жайын бутуруп, сан.врач болуп эмгектенет. Уулу Сагындык 1986-жылы төрөлгөн. Жогорку Милициялык Академияны аяктап, азыркы күндө "Сагындык" дыйкан чарбасын жетектейт. Аида 1988-жылкы, жогорку окуу жайды аяктап, М. Койбагаров орто мектебинде мугалим болуп эмгектенүүдө. Кенже кызы Гулина 1995-жылы төрөлгөн, КЭУнун 3-курсунун студенти. Уулу Сагындык менен келини Диана эки баланын ата-энеси болушкан, келини да кайненесинин жолун улап мугалимдик кесиптин ээси.

Марипа Турсалиевна учурда 11 неберенин чоң эне, таенеси. Үлгүлүү эне аталып, уул-кыздарына азыр да акыл-насаатын айтып, туура жолго багыттап келет. Уул-кыздарынын баарынын жогорку билим алышына шарт түзүп, элге кызмат кылган адамдардан болушуна салымын кошкон. Эне үчүн баарынан кымбаты балдарынын, неберелеринин, элдин амандыгы, эл-жердин тынчтыгы.



# Юсупов Сардар Солварович

## Буденовка айылы

Ысык-Ата районуна караштуу Кеңеш айылында 1963-жылдын 1-июлунда туулган. 1971-жылы мектеп босогосун аттап, мектепти 1980-жылы аяктаган. Андан соң айдоочунун окуусун бүтүрүп чыккан. Атасы Юсупов Солвар дыйканчылык жана чарбачылык менен алектенген карапайым адам болгон. Уул–кыздарына жакшы тарбия берип, эмгекчилдикке үйрөткөн. Апасы Муратова Ганима балдарына мээримин төгүп, аларды боорукер кылып тарбиялаган. Сүйүктүү ата-эненин эки эркек, беш кызы болгон. Балдардын ортончусу Сардар өтө дилгир, эмгекти сүйгөн, өз күчү менен көп нерселерге жетише алган тырышчаак бала болуп тарбияланган. Тестиер курагын басып өтүп 1981-жылдан 1983-жылга чейин Белоруссия Республикасында аскердик кызматын өтөгөн. Өзүнүн эмгек жолун Ысык-Ата районунун ПМКсынан баштаган. 1984-жылы Васипова Салтанат Джумалиевнага баш кошуп, турмуш жолун бирге улашкан. Ошол күндөн ушул күнгө чейин ынтымактуу, бактылуу үй-бүлө катарын толуктап, бактылуу жашоо улап келишет. Экөө эки уулдун ата-энеси болушту. Улуу баласы Юсупов Мавлюд «Яшар» фирмасында юрист болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү, бир жарым жаштагы Самир аттуу уулдун атасы. Кийинки уулу Камран Бишкек шаарындагы политехникалык жогорку окуу жайынан окуп кондитер-технолог адистигин алып чыгып, азыркы учурда «Дордойдо» жеке ишкерлик менен алектенип келет.

Сардар Солварович өзүнүн жашооосунда дыйканчылык жана мал чарбачылык менен күн өткөрүп, бир кыйла ийгиликтерге жетишкен. Мээримдүү жана боорукерлик мамилесинин негизинде аз



Үй-бүлөсү менен

камсыз болгон үй бүлө-лөргө жакындан жардам көрсөтүүдө. Бардык бир туугандары Буденовка айылында отурукташып, иштеп жашап турушат. Бир тууган эжеси Надя кереметтүү Ысык-Көл облусунда жашап жатат. Бир тууганадары менен дайыма тыгыз мамиледе болушуп, ынтымакта кеңешип турушат.

Азыркы күндө эки уул, бир неберенин сүйүктүү атасы.



Ата-энеси жана бир туугандары менен



# Якубов Акматали Якубович

## Ысык-Ата райондук Социалдык фонддун башчысы

1954-жылы Өзгөн районунун Жалпак-Таш айылында төрөлгөн. 1961-жылы мектеп босогосун аттап, 1971-жылы Коммунизм орто мектебин аяктаган.

Якубов Акматали алгачкы эмгек жолун 1971-жылы Өзгөн районунун Куршаб совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1973-1975-жылдары Советтик Армиянын катарында аскердик кызматын өтөгөн. 1976-1978-жылдары керектөөчү кооперация системасындагы дүкөндүн башчысы болуп иштеген. 1978-жылдын ноябрь айынан 1981-жылдын июль айына чейин Бишкек шаарындагы прибор куруучу заводунда кескич болуп эмгектенген. 1981-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин экономика факультетине тапшырып, 1986-жылы ийгиликтүү аяктап чыккан. Окууну аяктаган соң 1986-жылдан 1991-жылга чейин "Ошоблснаб" бирикмесинде жетектөөчү инженер, өндүрүш-техникалык жана пландоо экономикалык бөлүмдөрүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1991-2000-жылдары Ош облустук жана Ош шаардык мамлекеттик администрацияларында бөлүм башчылык кызматты аркалаган.

2000-жылы Социалдык фонддун Ош шаардык бөлүмүнүн башчылыгына дайындалып, ал жерде 2004-жылдын июль айына чейин үзүрлүү эмгектенген соң, Социалдык фонддун Ысык-Ата райондук бөлүмүнүн башчылыгына которулган.

Акматали Якубович эмгек жолунда өзүн билимдүү адис, мыкты уюштуруучу жана тажрыйбалуу жетекчи катары көрсөтүп келет. Ал Ош шаардык жана облустук мамлекеттик администрацияларында эмгектенген жылдары шаардын жана облустун социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча концептуалдык документтердин иштелип чыгышына активдүү катышуу менен бирге экономика жана каржы маселелери боюнча аналитикалык материалдардын даярдалышын жетектеген.



Эмгек жамааты менен

Учурда Ысык-Ата райондук социалдык фондунун жетекчилик кызматын аркалоодо жогорку адискөйлүк менен ишти уюштуруп, жакшы жетишкендиктерди багынтууларына жол ачып келүүдө. Иштеген жеринде жогорку кадыр-баркка ээ болгон мыкты жетекчи. Анын жетекчилиги астында пенсиялардын төлөнүшүнө болгон текшерүү жогорку деңгээлге чыгып, райондун атуулдарын персонификациялык эсеп системасына киргизүү маселеси толук чечилген. Пенсия алган атуулдар жетекчиликтин ишине ыраазы. Ал ишиндеги зор жетишкендиктери аркасында 2002-жылы "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун мыктысы" наамына ээ болгон.

Акматали Якубович үй-бүлөнүн кадырлуу ээси, жубайына мыкты жар, уул-кыздарына камкор ата. Эки уул, төрт кыздын атасы. Кыздары Назик, Назира, Эльнура жогорку окуу жайларынан билим алышып, турмуштан орун таап, үй-бүлө күтүп, ата-энесине небере тартуулаган мезгилдери. Уулу Эсен жогорку окуу жайында билим алуу менен бирге бизнес чөйрөсүндө өз алдынча эмгектенип келе жатат. Кенже уулу Бекмырза менен Нурзат мектеп окуучулары. Ата катары балдарына ар дайым жакшы кеңешин берип, алардын адамгерчиликтүү, ар-намыстуу, эл-жерди сүйгөн адамдардан болуп чыгышына аракет жумшап, жакшы тилекте болуп келет.


НАЦИОНАЛЬНЫЙ ТУРОПЕРАТОР
AVIATOUR
COMPANY
➢ АВИАБИЛЕТЫ ПО ВСЕМ НАПРАВЛЕНИЯМ
➢ ГОРЯЩИЕ ТУРЫ
➢ ШОП ТУРЫ
➢ ЛЕЧЕБНЫЕ ТУРЫ
➢ ВИЗОВЫЕ УСЛУГИ
➢ СТРАХОВЫЕ УСЛУГИ
г.Бишкек, ул. Абдрахманова,166
e-mail: aviatour_company@mail.ru
+996(550)375752
+996(703)935222
+996(557)935225
+996(312)935222
+996(312)935225
+996(312)890825


PR TIMES АГЕНТТИГИ
ДАРЕГИ:
Кант шаары,
Базарный көчөсү, 13.
БАЙЛАНЫШ ТЕЛЕФОНДОРУ:
0554 16-01-09
0707 16-04-10

# «PR TIMES» АГЕНТТИГИН ЭМГЕК ЖАМААТЫ



**БАЙМА СУТЕНОВА -**
**башкы редактор**



**БАКАЙ МАЛТАЕВ –**
**директор**



**АБЛАЕВА КАБИРА**
**менеджер**



**КӨЧКӨНБАЕВА АЙЗАДА**
**редактор**

# КИТЕПТИН ЧЫГЫШЫНА КӨМӨК КӨРСӨТКӨНДӨР:



**ЭСТЕБЕСОВА ДАМИРА -**
**корректор**



**МУРАТАЛИЕВА ГҮЛНАРА -**
**верстальщик**



**САГЫНБЕКОВА**
**ЖЫЛДЫЗ**



**КАПТАГАЕВА**
**КАНЫШАЙ**

# КИТЕПТИН ЧЫГЫШЫНА КӨМӨК КӨРСӨТКӨНДӨР:



АЛЧЫНБАЕВ ТАЛАНТ



САДЫРОВА ЭЛМИРА



АБДЫРАКМАНОВА
АТЫРГҮЛ



КОШАЛИЕВА
УПАБУБУ

# КИТЕПТИН ЧЫГЫШЫНА КӨМӨК КӨРСӨТКӨНДӨР:



ИСАЕВА ЗАФИДА



САРТБАЕВА ДИНАРА



ШАКИБЕКОВА
ЖЕРИМБҮБҮ



ИСМАИЛОВА
ГҮЛНАРА



МУРАТКАНОВА
МАКСАТ

## МАЗМУНУ

Абдиев Бекбай....................................................4
Абдыбекова Акжолтой..........................................6
Абдыкулова Зуура...................................................8
Абдылдаева Бурулча...........................................14
Аблаева Кабира Асакеевна.................................18
Абласов Совет Абласович...................................22
Абалбекова Райкүл Салмоорбековна................24
Абылкасымова Батма..........................................26
Адамкулова (Арыкбаева) Нуржамал
Джумадиловна....................................28
Айдарбеков Станислав Абдыкулович..............32
Айтиева Сатыгүл...................................................34
Айткулова Калира Каракеевна...........................38
Айтпаева Токтокан..............................................40
Айылчиев Шаршен...............................................48
Айылчиев Сүйөркул Шаршенович....................52
Алиев Бекзада Забидович...................................56
Алыбаева Биян......................................................60
Алыбаева Чачыкей...............................................68
Алымбекова Фатима............................................70
Алымкулов Дүйшөнбек Качкынович...............74
Алымкулова Нурулкан Асанбаевна..................76
Амазбекова Айнагуль Калысовна......................78
Аманкулова Гүлүм Барыновна..........................80
Андабекова Алмагүл...........................................84
Андашев Турдубек Темиркулович...................88
Аралбаева Алтынкыз Рысбековна......................94
Аргынбаев Керимкул...........................................98
Асаналиева Ырыскүл.........................................102
Асанбеков Ташмат Кадырович.........................104
Ашырбекова Жумабүбү Насирдиновна..........106
Байсов Таштанбек...............................................108
Бакеев Зарлык (Картаңбай)...............................116
Бакирова Жумабүбү Муслимовна....................120
Бектурганов Бектурсун......................................122
Бектурова Сонунбүбү Абдыкалыковна..........124
Бикбулатов Риф Галемович..............................126
Бөрүбаева Дилбар Мырзабаевна.....................128
Бубанова Бурулкан Исмановна........................130
Дандыбаева Сатина............................................132
Дарыгулова Бадыл Жусуп кызы......................136
Дөлөталиева Күлайым.......................................138
Дурсунов Атамша Латифович.........................144

Жапаров Байсал........................................................146
Жумабеков Турдубек...............................................148
Жумабекова Атыркүл..............................................150
Жумалиев Асантай..................................................154
Жумалиев Калыбек Жумалиевич............................156
Жумашова Айжаркын Бакировна...........................160
Иманкулов Эмилбек.................................................162
Иманкулова Кулушкан.............................................166
Иманкулова Нурида Эмилбековна..........................168
Исаева Гүлмира Исаевна.........................................170
Исакова Нурила Эсеновна.......................................172
Исмаилов Чыныбек Казакович...............................174
Исмаилова Гульнара Шериковна............................176
Каджиева Тамила Сергеевна...................................178
Калмырзаева Дарымкүл..........................................182
Камызбаева Магрипа................................................184
Каптагаева Канышай Сагыновна............................186
Карагулов Джекшеналы Асанбаевич......................188
Карымбаев Канатбек................................................192
Касымалиев Жунуш.................................................196
Касымалиев Ильяс Жунушович...............................202
Касымбекова Сурмакан Караевна...........................206
Качкынбаев Акылбек...............................................208
Коджакматов Календер Калыевич..........................210
Кожокматова Сайрагүл............................................214
Коробаева Чолпон Жумабековна.............................216
Кошалиева Упабүбү Мукановна..............................218
Көчөралиева Сүйүмкан Абышовна..........................220
Курманкулова Назира...............................................224
Курумшиева Сайда...................................................228
Кыдырма уулу Алтымыш.........................................230
Мадыраимов Шамалтай...........................................234
Мамбеталиев Руслан.................................................238
Мамбетова Керил.......................................................242
Молдобаева Атыйкан (Асылкан)
Алтымбай кызы.................244
Молдокулова Жеңишбүбү Меделовна....................248
Молдокулова Мээрбүбү............................................250
Мукаева Роза Мукаевна............................................256
Осокеев Салмоорбек Есенбаевич.............................258
Оторова Нуркуль Масеит кызы...............................262
Өмүров Намир Бексултанович.................................264
Парманасова Синакуль Турсуновна........................268
Рыскулова Какиш.......................................................276
Сабыралиева Назгүл...................................................278

Сагынбеков Насирдин Каныметович..............280
Сагынбекова Жылдыз Эрмековна...................286
Садыралиева Бүбүажар....................................290
Садырова Эльмира Садыровна........................292
Саккараева Сүйүнбүбү Султангазиевна.........296
Саралаев Осой..................................................298
Сартбаева Динара Джумакадыровна..............300
Сасыкулова Саадат..........................................304
Саякова Сыякан................................................308
Сейитгазиева Замира Көкүмбаевна..................310
Содобаев Фронтбек...........................................314
Солпиева Айгүл Калыковна............................316
Сыдыкова Бурулча Айдаркуловна...................318
Тагаев Куттубек Тагаевич................................320
Темиралиева Күлипа........................................324
Темирбекова Сайра..........................................326
Тиленбаева Гүлжан..........................................330
Тобокелова Анара Жумалиевна.......................336
Тойтоева Буруш Сыдыгалиевна.......................340
Токошева Сайрагүл Кеңешбековна.................346
Токтоболотова Районбүбү (Рая) ......................348
Турдубеков Жумадил Сабырбекович..............352
Турсалиев Табалды..........................................356
Тыныстанов Жумабек Исмаилович.................358
Тыныстанов Рыспек Исмаилович....................360
Узакбаев Садырбек Макешович......................362
Усупбаева Алима Исакуновна.........................364
Усупов Авас ....................................................370
Чимчикова Уларбүбү Джусуповна..................372
Чокоев Адамалы...............................................376
Чокоева Мөөркан..............................................378
Чокоева Нуржамал Калыевна..........................380
Шаботоева Гулас..............................................382
Шакибекова Жеримбүбү..................................386
Шаршенов Нурдин...........................................388
Шермалиева Асылбүбү....................................390
Эркинбаева Марипа Турсалиевна....................394
Юсупов Сардар Солварович............................396
Якубов Акматали Якубович.............................398
Реклама.............................................................400
«PR TIMES» АГЕНТТИГИН ЭМГЕК ЖАМААТЫ..................401
КИТЕПТИН ЧЫГЫШЫНА КӨМӨК КӨРСӨТКӨНДӨР:........402

**«PR TIMES» АГЕНТТИГИ**

Редактор *А.Көчкөнбаева*

Дизайнери *Е.Бобрышева*

Техн.редактору *Б.Малтаев*

Корректору *Д.Б.Эстебесова*

Компьютердик калыпка салган
*Г.А.Мураталиева*

Басууга 03.11.14. кол коюлду. Форматы 60х84$^1/_{16}$.
Көлөмү 25,5 ф.б.т. Нускасы 300.



# Бакай Шалтаев
## "PR times агенттигинин" директору

*1976-жылы 19-октябрда Ысык-Ата (Кант) районунун Узун-Кыр айыл округуна караштуу Төмөнкү-Норус айылында туулган. 2005-жылдан бери аталган агенттикти жетектеп келет. Бул жылдар аралыгында агенттик тарабынан "Инсандар таржымалы" биографиялык эскерүүлөр жыйнагынын жети чыгарылышы, "Мекен милдети" биографиялык маалыматтык жыйнагынын төрт чыгарылышы, "Өрнөктүү өмүр" (Анаркүл Түкүева), "Сарай айыл өкмөтү", "Ак-Чий айыл өкмөтү", "Энелер - турмуш тиреги" (Ат-Башы айымдары), (Ысык-Ата районунун айымдары) биографиялык маалыматтык жыйнагы аттуу китептер жарыкка чыккан.*